кырг
71
кырг
171

ТАШ МИЯШЕВ



# ОШТУН ТУЗУ

Ош — 2002

С кырг.
М 71



Формуляр книги

| | |
|---|---|
| С кырг | 461939 |
| М 71 | Мияшев Т. |
| | ... тузу |

ТАШ МИЯШЕВ

# ОШТУН ТУЗУ

**(Даректүү адабий көркөм китеп)**

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №. 461939

Ош — 2002

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ББК 84 Ки 7-4
М-71

Оштун тузу. Даректүү адабий көркөм китеп. Т. Мияшев. Ош-2002. 208 б.

ISBN -9967-20-941-0

Таш Мияшевдин «Оштун тузу» деп аталган бул даректүү адабий көркөм китебине канаттуу мезгилдин күүсүнө айкалышкан курч проблемаларды көтөргөн ой толгоолору, социалдык-экономикалык, маданий-этикалык жагдайларды өз көз карашы менен баамдап, көрүп-билип көркөмдөп жазган публицистикалары кирген. Анан автор Президент А.Акаев, Ош губернатору Н. Касиевдердин жүргүзгөн саясаттары, ишмердүүлүктөрү тууралуу да өз ойлорун айткан.

Китептин экинчи бөлүгүнөн окурмандар жазуучулар, журналисттер, эмгек Баатырлары жөнүндөгү эскерүүлөрүн, Октябрь революциясы алып келген эркин заман үчүн күрөшкөн тарыхый инсандардын өмүр жолдоруна арналган чыгармаларын да окуй алышат.

М. 4702300100-02

ISBN -9967-20-941-0

ББК 84 Ки7-4

©Ош облустук мамлекеттик админстрациясы 2002.



«Ош шаарынын 3000 жылдык тарыхы–дүйнөлүк цивилизациянын бир канаты болгон Борбордук Азия цивилизациясынын да тарыхы. Улуу Жибек Жолунун да тарыхы десек эч бир жаңылыштык кетирбейбиз. Байыркы Оштун тарыхы–Кыргыз журтчулугунун тарыхы, биздин улуттук мамлекетибиздин тарыхы десек сөзүбүз андан бетер төп чыгат».

**Аскар Акаев**



Аскар Акаев – «Ош-3000» салтанаттуу маарекесинде губернатор Темирбек Акматалиев менен.

Октябрь 2000-ж.





# ОШТУН ТУЗУ

I

- Аскар Акаевди Оштун тузу көтөрдү.

- Ооба, баарыбыз алакан жайып ак батаа бербедик беле?

- Биздин ыйык тузубуз көтөргөн үчүн Президент болуп калбадыбы…

- Маңдайың жарык, маданиятың жогорку жигит экенсиң. Оштун тузу, ыйык, Ош пирим колдосун дегенбиз.

- Өркөнүң өсүп өлкө башкар ылайым дегенбиз…

Эсимде, Аскар Акаев Президент болуп шайланганда мен иш менен Ноокат районунда жүрүп карыялардан ушундай сөздөрдү уккан элем. Көрсө Аскар Акаевди Ноокаттык шайлоочулар СССР Жогорку Советине депутат кылып шайлашканда аны менен жүзмө-жүз келишип, ичтери жылып батаа беришкен экен.

Анан эле ошол учурдагы Кыргыз Республикасынын мурдагы легендарлуу парламенти Президенттик кандидатураларды биринин артынан экинчисин, үчүнчүсүн көрсөтүшүп, талаш-тартыш жүрүп жатканда баарыбыз телевизордун алдынан кетпей, радиону өчүрбөй кулак түрүп калганбыз. Көп кандидаттар өтпөй калышкан. Күтпөгөн жерден эле Аскар Акаевдин кандидатурасы коюлуп, ал бир добуштан шайланып кетпедиби.

Мен кийин жогорудагыдай ой-пикирлерди Оштун көп жашоочуларынан уккамын. Бир жолу Өзгөн районуна командировкага барып, Куршап элинен да куду ноокаттык карыялардын айткандарына айкаш сөздөргө күбө болгомун. Алар да Аскар Акаев 1986-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка көрсөтүлүп, эл аралап келгенде Куршап жергесинен туз-даам татып, адамдар менен коюн колтук алыша сүйлөшкөнүн, ыйманы ыссык, маанайы жарык, жөнөкөй экендигин кеп кылышкан.



**Аскар Акаев жана Накен Касиев Кара-Суу районундагы «Кайрат» фермердик дыйкан чарбасында. Июль 2001-жыл.**



**Аскар Акаев Ош облусунун Өзгөн районундагы Куршап айыл өкмөтүндөгү «Прогресс» фермердик чарбанын жетекчиси Абжалил Алиев менен. Апрель 2000-жыл.**

Ал мезгилде мен Аскар Акаевдин ысымын чанда гана угуп жүргөмүн. Элдин туз, батаа тууралуу сөздөрүнөн кийин тунгуч



Президент жөнүндө көп ой жүгүртүүчү болдум. Мурдараак Москвада сессияга ак калпакчан барганын көргөмүн. Ал турсун бир жолу республиканын кызыкчылыгы үчүн талаш-тартыш маселелерде түз, таамай сүйлөгөндөрүн да уккамын. «Эл тагдырын талашкан адилет киши экен» деп да жылуу сезимге берилгенимди кийин эстедим. Албетте анын илимпоздугу, өтө маданияттуулугу, жетекчилик катаалдыктан алда канча алыстыгы бара-бара мага ишеним туудуруп канааттанууга жана урматтоого аргасыз кыла берди.

Республикага жетекчилик кыла баштаган алгачкы жылдардан тартып Аскар Акаев Кыргызстандын түштүгүнө көп эле жолу келип кетти. Бирок, мен бир жолу да колун кысып учурашып же ал өткөргөн жыйындарга катышканым жок. Ал эми элге кайрылып сүйлөгөн сөздөрүн теле, радиодон, басма беттеринен үзбөй угуп, окуп жүрдүм. Бир жолу Таш-Көмүр шаарынын 50 жылдык маарекесиндеги сүйлөгөнүн аябай кунт коюп уктум. «Агайин туугандар, азырынча канаат кылалы, кичине сабыр кылып тургула, алдыда аткарыла турган иштер көп» деген мааниде убактылуу жокчулукка, жакырчылыкка кабатырланбай турууга, чыдамдуулукка чакырганы мага абдан эле жаккан.

Эгемендүүлүктүн жылдарынын башында айтылган бул үмүттүү сөздөр кийин жыйынтыгын берди. Акырындап болсо да турмушубуз калыбына келип, оңоло баштады. Баарынан да улуттук каада-салтыбыз, буюм-теримибиз, кийим кечебиз көбүрөөк жаңыланды. Совет доорунда унутулуп калган Нооруз майрамын майрамдоону баштадык. Майрамдык салтанаттарда боз үйлөр каз катар тигилип эркектер болсун, кыз-келиндер болсун улуттук кийимдери менен аларга катышып калышты. Президентибиз өзү башынан ак калпакты түшүрбөй кийип жүргөндүгүнөн жалпы элибиз ак калпакты кие баштады. Ак элечекчен аялзаты ажардана топ-топ болушуп аш-тойдо шаракташты. Мечиттер ачылып, медреселер көбөйдү. Эл ыйманга ыктады.

Улуттук каада-салтыбыздын жаңыланышы, улуттук кийим-кечебиздин көбөйүшү менен удаалаш эне тилибизге мамлекеттик маани берилди. Чет элдик мамлекеттер менен байланышыбыз артты. Республикабыздын борбору Бишкек шаарында көптөгөн чет өлкөлүк консулдар өздөрүнүн иштерин баштышты. Биздин республиканын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү ондогон башка



**Аскар Акаев Р. Абдыкадыров атындагы Ош филармониясынын фойесинде. Акын Таш Мияшевди «Ак калпак» жөнүндөгү ыры менен куттуктап жатат. Июнь 2001-жыл.**

мамлекеттерде иштөөгө киришишти. Өнөр жайында, айыл чарбасында жана соодада карым-катнаштардын тармактары кеңейтилди. Эгемендүүлүктүн жолуна түштүк.

Мындай жагдайларды түшүнүп жана туюп менин маанайым жарык боло берди. Президенттин балдар дүйнөсүнө көп аралашып, жетим балдар үйлөрүнө айрыкча көңүл буруп жаткандыгын көрдүм, байкадым. Анан Майрам Дүйшеновна Акаеванын башкаруусундагы эл аралык «Мээрим» фондунун иши улам ийгиликке жетишкени кубандырды. Президент менен жолугушкан, анын колунан белектерди алган балдар үйлөрүнүн, бөтөнчө жетим балдар үйлөрүнүн тарбиялануучуларынын жүздөрүнөн, бакыракай көздөрүнөн аталык камкордукка ыраазы болгондукту, бактылуулукту көрө алдым. Өзүмдүн бөбөк кезим атасыз өткөндүктөнбү, айтор, куду балдар үйүндөгү жеткинчектердин сезими мага дүрт этип пайда болуп Президентке алкыштуу ыраазылыгым күчөдү. «Туңгуч Президент атабыз» деген балдар хорун жаздым.

Желдей учса айлар жылга саналып,
Жетилебиз канаттуудай таранып.
Алдыбызда келчүү жаңы кылымга,
Аттанабыз артта калып балалык.



Кайырма:
Биз бүгүн жетиле элекпиз,
Биз эртең элге керекпиз.
Туусу астында алга басабыз,
Тунгуч Президент өз атабыз!

Мээрим төгүп дайым турат калк бизге,
Мекеним берген таалай бак бизде.
Коомубуз эркин, элибиз эркин эгемен,
Космоско учар, жылдызга учар шарт бизде.

Кайырма:
Балдар үйү серебиз,
Мээрим фонду энебиз.
Тунук ойдо жашап жатабыз,
Тунгуч Президент өз атабыз!

Өркөнү өсүп күндөн күнгө бараткан,
Өз өлкөбүз кыргыз Республикам.
Эмгегин эртең актай турган биз бир күч,
Эгемендикте эргиген учкул канатчан!

Кайырма:
Бел болобуз доорубузга,
Келечек биздин колубузда.
Биз менен бирге жашаңыз,
Биздин Президент атабыз!

## II

Албетте, ар жердин тузу ыйык. Ар элдин батаасы ыйык! Мен бул жерде Оштун тузун татып, оштуктардын батаасын алгандыгы үчүн эле Аскар Акаевич Президент болуп калды дегенден алысмын. Ошенткен менен илгертен айтылып келаткан мындай эл сөзүнө ынангым да келип кетет. Биздин бүт кыргыз элинин сыймыгы болгон тунгуч Президентибиз тууралуу ойлогонумда, анын Ош элине көп келип-кетип олуттуу маселелерди чечип бергендигин угуп, алардын көбүнө өзүм күбө болгонумдан жогорудагы айтылгандарда чындыктын үлүшү бардай сезилет.

Президентибиз тууралуу бул оюмду анын жан дили менен берилип Оштун 3000 жылдык мааркесин жогорку деңгээлде өткөргөнү, Ошко республиканын экинчи борбору деген статус

бергени же Исхак Раззаковдун сөөгүн Москвадан кыргыз жергесине алдырып келгендиги менен айкалыштыргым келбейт. Аскар Акаевдин, Төрөкул Айтматов, Жусуп Абдуракмановдор баш болушкан репрессиянын курмандыктарынын сөөкторүн Ата бейитке койдуруп алардын ысымдарын ардактагандыгы, ошондой эле республиканын түптөлүшүнө салым кошушкан мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин борборубузга атайын Аллея ачтырып алардын эстеликтерин койдургандыгы кимди ыраазы кылбайт? Ал эми Исхак Раззаковдун Ала-Арчага коюлушу, эң мыкты эстелигинин тургузулушу анын жердештери Баткен облусунун калкын гана эмес, бүт Түштүк элинин, бүт кыргыз элинин жүрөгүн жылытып, ажобузга миндеген алкыштар айтылганы төгүнбү?

Ошондуктан да өткөн Президенттик шайлоолордо Аскар Акаев үчүн чын дилден добуш берген карыя-жаштын ыйманынын ого бетер тазарганын түшүнүү керек го. «Ыйык тузубуз колдоп, кыргыз элинин бактысы үчүн кызмат кыла бер!» деп ага кимдер гана батаа беришпеди? Таластын таанымал, Ысык-Көлдүн ыймандуу, Теңир тоонун жоомарт, Түштүктүн түйшүкчүл карыялары чын ыкластан алакан жайышып алкыштарын аяшкан жок го чиркин!

«Оштун тузу зоболосун көтөргөндүгүн, Ош элинин батаасынын тийгендигин Аскар Акаев унутпаптыр» деген сөздөрдүн дагы кайталанышына 2000-жылдын 4-октябриндеги Ош шаарына республиканын экинчи борбору деген статус берүү тууралуу Президенттин Указы болбодубу. Ооба, бул байыркы шаардын Туусуна «Данакер» ордени кадалды. Шаардын 3000 жылдык маарекеси уюшкандыкта, жогорку деңгээлде салтанаттуу өттү. Эл деген эл эмеспи. Ушулардын бардыгын Президенттин Ошко айрыкча көңүл буруп жатканы деп түшүнүштү. Ошондуктан да жогорудагы ажого байланыштуу чындыкка жакын сөздөрдү айтпай кое алышпай келишүүдө.

Ош облусуна жетекчиликке кадрларды тандоодо мурда бир аз мүчүлүштүктөр кетирилсе, XX кылым менен XXI кылымдын тогошоор учурунда 2001-жылдын башталышында Накен Касиевди губернатор кылып дайындоо менен Ош элине мыкты инсанды жетекчиликке жибергендиги бизди ыраазы кылып олтурат. Сезимтал, акылы даана, адамдарга жакын, барын турган жөнөкөй бул жетекчи бат эле эл менен эриш-аркак болуп кетип ишин ишенимдүүлүктө алга жылдырды. Аскар Акаев облуска тез-



тез келип-кетип, элдин жарык маанайын өзү да көрүп, түшүнүп жатат. 2001-жыл ичинде гана Президент Ошко беш жолу келип-кетти.

Ар келген сайын мамлекеттик олуттуу маселелерди чечип берип жатканын кошумчалагым келет. Публицистикамдын баш жагында үчкай белгилеп кеткен эгемендүүлүктүн жылдарында улуттук каада-салтыбыз, тил маданиятыбыз жаңыланды. Республиканын толгон токой проблемаларынын катарында жалпы маданиятыбыздын өсүшүнө, анын ичинде адабият менен искусствонун алдыга жылышына да көп көңүл бурулуп жатат. Кийинки эле жылдардын ичинде башка тармактардагы эмгеги сиңген адамдардын катарында адабият жана искусствонун жүздөгөн өкүлдөрү бир жолу жана жыл бою берилүүчү Президенттик стипендиялардын ээлери болушту. Алардын арасында мен дагы жыл бою берилүүчү стипендияны эки жолу алдым.

Жеке мен ажонун жүргүзүп жаткан саясатын, жүрүш-турушун колдоймун. Айрыкча, анын ак калпакты башынан түшүрбөй бүткүл дүйнө элдерин кыдырып кыргыз журтчулугун таанытканын баса айткым келет. Байкоо алып көрсөм чет элдик мамлекеттердин жетекчилеринин чанда гана бирөө улуттук кийими менен жүрүшөт. Ал эми КМШ өлкөлөрүндөгү Президенттердин ичинен бир гана Аскар Акаев каерде болбосун ак калпагын түшүрбөйт. Көп учурларда «Ак калпак Акаевге жарашабы?» деген сөздөрдү угуп калганда «Сөзсүз жарашат» деп шашып айтам. Анын ак калпакчан өзүн, эл аралап жүргөнүн телевизордон же гезиттерге чыккан сүрөттөрүн көрүп калганымда ысык сезимим козголуп денеме кан дүргүп, кыялым алда кайда кетет. Ага эмне деп алкыш жаадырышымды билбей, жүрөгүмө ыр саптарын тиземин.

Ала-Тоонун үлгүсүндөй ап-аппак,
Аталар келген ардактап.
Абийир, намыс, көркүбүз,
Акаев кийген ак калпак!

Энелердин сүтүнө окшош ап-аппак,
Элибиз келген ардактап.
Эркин журт эрдик сөөлөтү,
Эр Манас кийген ак калпак!

Кыйыгы кымбат биркыттан.
Кийгендин жүзүн жаркыткан.
Акаев барып калпакчан,
Ааламга журтун тааныткан!

Кайкысы көздү талашкан,
Кайсы улут кийсе жарашкан.
Бирок да кыргыз калпагын,
Биз үчүн гана жараткан!

Төбөсү төрт кыр алкактуу,
Төбөңдө жүрсө ардактуу.
Ар дайым ыйык туталы,
Ажобуз кийген калпакты!
Аталар кийген калпакты!

III

Мен жаш курагымдан туздун оор-жеңилдиги, ачуу-таттуулугу тууралуу эл сөзүн угуп келем. Жадымда жүрөт, биздин Оштун үстү Папан айылыбызда Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Казакстандан, Ысык-Көл менен Нарындан, Талас менен Чүйдөн келишип иштешкен мугалимдер, зоотехниктер көп болучу. Айылыбыздагы жаштар согушка аттанышып, бир аз жашы өйдөлөгөндөр эмгек фронтуна кетип калышкан. Ал эми дени соо эле мугалимдер, зоотехниктер башка жактардан келишип иштеп жүрүштү. Ал катаал учурда булар эмнеликтен согушка барышпады экен деген суроо эч кимде деле туулган эмес. Тескерисинче тоо арасындагы момун эл меймандостук менен аларга үй-жай беришип, азык-оокатын бөлүшүшкөн.

Согуш аяктап ал жакка кетишкендердин аман калгандары, бири бутунан аксап балдакчан, дагы бири жеңил жараат алышып келишкендер өз кызматтарына иштей башташты. Кийин гана башка жактан келгендер акырындап районго, облуска кызматка кетип, же өз элине кайтышып аралары суюла баштаган. Ошондо карыялар «Мына, биздин тузубуз буйруп келди эле. Эми районго чоңоюп кетти, аны тузубуз көтөрдү да» же «Тузубуз урду аны, келип алып карды тойгондо чокчоңдоп көөп кетти эле, иштен алынып сотко сурак берип атыптыр, аны тузубуз урду» дегендерин көп укчумун.







**Жогоруда: «Ош–Дюбек» акционердик коомунун директору Азамат Акматжановго «Данк» медалын тапшыруу учуру.**

**Төмөндө: Аскар Акаев, Накен Касиевдер завод чыгарган тамеки пресстерин көрүп жатышат. Ноябрь 2001-жыл.**

Азырга чейин эле эл арасында «Бир күн туз таткан жериңе миң күн салам айт!», «Баланчанын шоболосун туз көтөрдү», «Түкүнчөнү туз урду», «Тузга түкүрбө» деген дагы, дагы туз тууралуу сөздөр арбын айтылып журөт. Мындай сөздөр айрыкча Орто-Азия өлкөлөрүндө жашашкан түрк тилдүүлөрдө, анан башка мусулман мамлекеттериндеги калк арасында кеңири айтылары бышык. Албетте, ар бир жердин тузу ыйык!

Оштун тузу!

Ооба, мен «Экинчи Мекке» же «Ош пирим» деп аталган ыйык жергенин тузун атайын бөлүп алып кеп козгогонумдун да жөнү бар. Ак-Буура дарыясынын баш жагында туулуп анан бойбуюм көтөрүлгөндө Ошко келип элүү жылдан ашык мезгил ушул кереметтүү Сулайман-Тоосуна суктанып жашап келип, башымдан далай окуяларды кечирдим. Ошончо жыл аралыгында Оштун тузун татып анын ыйыктыгын да туйдум. Ага мен көптөгөн далилдерди келтирсем болот.

Оштун кереметтүүлүгү тузунда гана эмес анын жаратылыш шартында, абасында, суусунда деп ойлойм. Фергана өрөөнүнүн түштүк чыгыш аймагынан деңиз деңгээлинен 700-1000 метр бийиктикте турган Кичик-Алай тоо кыркаларынын түндүк этектеринде жайгашкан бул шаардын көркүнө көрк кошкон Сулайман-Тоосу менен Ак-Буура дарыясы. Сулайман-Тоосу өрөөндөн 400-500 метрге көтөрүлүп турат. Шаар климаттык шарты боюнча Памир-Алай тоолорунун субтропикалык алкагынын түндүк чек жакасынан орун алган. Күндүн тийишинин орточо жылдык суммасы 2650 саатты же мүмкүнчүлүктүн 62 пайызын түзөт. Күн нурунун орточо суммасы июль айында 343 сатты ал эми декабрда 106 сатты камсыз кылат. Кыш мезгилинде аяздын туруктуулугу айына орточо 41 градуска жетип, жазы мээлүүн келет. Жайы салкын, күзү берекелүү. Андыктан да Ошто бышкан мөмө-жемиштер, коон-дарбыздар, жашылчалар башка жактарга салыштырмалуу даамдуу келет. Суусу, абасы адамдардын жашоосуна жагымдуу.

Мен 1948-жылы Ошко окууга келгенимден бери арасында башка жактарда иштеп, окуп жүргөн 4-5 жылдарды гана кошпогондо ушул шаарда жашап келатам. Орто мектепке ошол жылдары окуп жүргөнүмдө «Обком» деген сөздү уккан эмесмин, мүмкүн уксам да маани-маңызында баа бербесем керек. Ал эми Кадыркул Качикеев облусполкомдун төрагасы эле. Анын кызы Жамал менен бир класста окуганыма байланыштуу атасынын облусполкомдун төрагасы экенин билип, ал турсун бир жолу





Аскар Акаев айтылуу Алайда. Корул айыл өкмөтүнүн башчысы А. Осмонов, губернатор Н. Касиев, А. Акаев, губернатордун орун басары Ө. Алманбетов Алай районунун акими М. Жээнбеков. 2001-ж.



Ак алтындуу Араванда. Социалисттик эмгектин Баатыры Дилорам Рафикова, Аскар Акаев, Кыргыз эл депутаты, Мухамаджан Мамасаидов пахтазарда. 2000-ж.

бактыма туш келип төрагынын кабылдоосунда да болгомун. Ошондуктан облустун биринчи жетекчиси эле Кадыркул Качикеев деп түшүнгөмүн. Элүүнчү жылдардын башында Республикада пахтачылык боюнча министрлик уюшулуп, ага министр болуп кеткенде «Кадыркул Качикеевди Оштун тузу көтөрдү» деген сөздү укканым чындык. Ага да кийин гана маани берип жүрбөйүмбү?!

Облустук кыргыз орто мектеби деп аталган интернат тибиндеги мектепте окуп жүргөнүмдө директорубуз ысык-көлдүк Насир Орозов менен көп жолу аңгемелешкенимди унутпаймын. Ал киши да Ошко суктанып, тузу, наны тууралуу кеп салгандары эсимде. Ошол жылдары тагыраак айтсам 1950-жыл болуш керек эле облустук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп Фрунзеден Айдар Исмаилов келген. Ошол учурдагы Совет көчөсүнөн азыркы Ак-Буура ресторанынын тушундагы корпустан ага үч бөлмөлүү квартира берилген экен. Көчүп келгенге чейин шерик жашап турууга орто мектептен бир окуучуну сураса керек. Насир Орозов мени жиберди. Айдар Исмаилов ак көңүл бапырандаган киши экен. Экөөбүз квартирада жашап калдык. Ал киши эртелеп ишке, мен окууга кетем.

- Ташы иним, наавайканага барып келе койчу- деп акча берет эртең менен.- ысык нан жеп кетели.

Көп учурда ал киши командировкага кетип, кээде эки-үч күн жүрүп калат. Андай мезгилде эртелеп ысык нан жеп олтуруп тамшана сүйлөйт.

- Садагасы кетейин Оштун нанын сагынып калдым – дейт чын ыкласынан, – бу кереметтүү жердин тузу да, наны да таттуу болот экен ээ.

Мен башымды ийкеп анын дилинен сүйлөп жатканын кубаттайм. Кийин орто мектепти бүтүп иштеп кеттим тиричиликтин айынан. Мектептин директору Насир Орозов ошол кездеги Совет (азыркы Кара-Кулжа) раисполкомуна төрага болуп, Айдар Исмаилов республиканын борборуна башка кызматка көтөрүлүп кетишти. «Буларды да Оштун тузу көтөрдү» деп ошондо ойлогонумду али унутпайм.

## IV

- Оштун тузу Аскар Акаевди көтөрдү - деген сөздү башкалар кандайча туюп, кандайча кабыл алышат толук айта албайм, бирок, мен өзүм ынанам. Президентибиз Ошко ынтызарлык менен



тез-тез келип кетиши, өзүнүн резиденциясын Ошко ачышы, Сулайман-Тоосуна чыгып зиярат кылышы, сүйлөгөн сөздөрүндөгү ынанымдуу жагдайлар менин ишенимимди ого бетер бекемдейт. «Сулайман-Тоосу ыйык тоо, анан Ак-Буура дарыясы өмүр суусу деп аталат Бабур бекеринен жазган эмес. Ак- Буура суусун изилдегенде бул суу минералдык заттардан тургандыгын, анда эң керектүү микроэлементтердин бар экенин адистер аныкташкан. Ошон үчүн атайын бүт Фергана өрөөнүндө жашагандар ушул ыйык жерге келип Ак-Бууранын суусуна жуунуп, ушул суудан ичип кетишет» деген Президентибиз Ош тууралуу сүйлөгөн бир сөзүндө. «Ак-Буура суусунда алтын бар» деп элдин айтканы да төгүн эмес.

Ошту аралап айтылуу Ак-Буура агат,
Оболонгон шарлары алтынданат.
Ошко келип он кочуш суусун ичсең,
Жүрөгүндө он грамм алтын калат – деп мен да ырымда бул дарыяны салтанаттагамын.

«Ош шаарынын 3000 жылдык тарыхы—дүйнөлүк цивилизациянын бир канаты болгон Борбордук Азия цивилизациясынын да тарыхы. Улуу Жибек Жолунун да тарыхы десек эч бир жаңылыштык кетирбейбиз. Байыркы Оштун тарыхы-Кыргыз журтчулугунун тарыхы, биздин улуттук мамлекетибиздин тарыхы десек сөзүбүз андан бетер төп чыгат» деп Аскар Акаев 3000 жылдыкка даярдык көрүлүп жатканда сүйлөп, анан Оштун экономикалык кубаттуулугун көтөрмөйүнчө республикабыздын кубаттуулугун көтөрө албайбыз деп кошумчалаган.

Ооба, Аскар Акаев туура жана акылмандык, көрөгөчтүк жана камкордук менен жүргүзгөн саясатынын негизинде көп улуттуу Кыргыз Республикасынын экономикасы кубаттуулукка ээ болуп, маданияты өсүп –өнүгүп баруу жолуна түштү. Муну 2001-жылдын сентябринде эгемендүүлүгүнүн он жылдыгын белгилеген Казак республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаев өзүнүн келген меймандарды кабыл алуусунда атайын бөлүп «Достук» ордени менен сыйлап, Аскар Акаевдин Кыргыз Республикасын жетектөөдөгү ишмердүүлүгүнө токтолуп, анын адресине жылуу ой-пикирин айткандыгы да айгинелеп турат.



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.461939

# ТАРЫХ БАРАКТАРЫНАН

Ош обкомунун 1-катчылары болушкан.



С.И. Жаворонков (IV1938-ж — VI 1938ж.)



П.И.Колосов (VI 1938-ж.— II 1943-ж.)

1939–жылы Ош облусу уюшулуп, ал Кыргызстандагы эң ири жана саясий административдик борбор болуп калган. Облустун партиялык уюмдарына эң жогорку жоопкерчилик жүктөлдү. Анын борбору болгон Ош шаарынын партиялык уюму болсо башка райондорго экономикалык жана саясий жактан үлгү көрсөтүүгө тийиш эле. Ал милдет дайыма аткарылып келди. Облустун борборуна жакынкы жерлеринде жайгашкан райондордун, чарбарлардын экономикасы дүркүрөп өстү. Партиялык уюмдар ар тараптан жардам жана камкордук көрсөтүшүп, социалисттик түзүлүштүн чыңалышына уюштуруучулардан боло алышты. Облустун даңкы бара-бара бүткүл Союзга чейин угулду. Пахтачылыктан, мал чарбачылыктан гана ийгиликтерге ээ болбостон, өнөр жай азык-түлүктөрүн өндүрүүдө да зор жетишкендиктер камсыз боло берди.

Совет бийлигинин жылдарынын ичинде Кыргыз Республикасынын жетишкен грандиоздук ийгиликтерине шерденбей коё албайм. Азыркы күндүн эң бийигинде туруп алып, басып өткөн жолго кылчайып карасак мыкты жетекчилердин, эмгекчил кужурмөн адамдардын укмуштай элестери көз алдыга тартылат. Ооба, Түштүк Кыргызстандын



ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА



С.И. Зайцев III-1943-ж — VII 1944ж.



Н.Г. Нарожный (VII-1944-ж — II-1950-ж.)



А.И. Иманалиев (II-1950-ж — IX-1952-ж.)

эмгекчилери да бүткүл эл катарында даңктуу жана сыймыктуу жолду басып өттү.

Бүгүнкү Ош – гүлдөгөн Ош! Ал эми кечээги Ошчу? Мына ошол суроого жооп берелиңчи. Кыргызстан – бийик тоолордун, жашыл өрөөндөрдүн, чалкыган жайыттардын, пахта плантацияларынын, жемиш бактарынын, жүзүмдүктөрдүн жана учу-кыйырына көз жетпеген кызылча менен тамекинин өлкөсү. Ал эми Кыргызстандын Түштүгү жаратылыштын ажайып коздугуна ээ. Атактуу Алай өрөөнү, Памир жана Чаткал тоолору, Ак-Буура жана Кара-Дарыя мына ушул түштүктө. Айтылып жүргөндөй «ак алтындын» мекени да Ош. Мейкин талааларда жалаң гана пахта менен тамеки өстүрүлбөстөн өлкөнүн бардык жерлериндей түшүм берип жаткан дан эгиндердин аянты да арбын. Оштун аймагына көз жиберсеңиз ак чокулуу аскалар менен бой теңешкен мунараларды завод, фабрикалардын трубаларын көрөсүз.

Булардын бардыгын эрки күч, революцияда такшалган чыгармачыл эл, Максим Горький айткандай чоң тамга менен башталган Адамдар гана жарата алды. Кыргызстандын Ош облусунун эмгекчилери өздөрүнүн кужурмөн эмгектерин эртеңки жыргалдуу жаңы коомду куруууга жумшашты. Кайра куруунун, демократиялуулуктун, маалымдуулуктун кырдаалында акыл ойлорун жоктон барды табууга, жаңыдан дагы жаңыны жаратууга жумшагандыгы айкын. Алар өздөрүнүн улуу жана жаркыраган келечектерин түзүп жатышкандыктарын туюшат.

Бүгүнкү Ош – тарыхтын татаал да, улуу да жолун басып өткөн Ош. Эгерде кимде ким туусунда Ленин ордени жаркыраган облустун аймагын аралаган болсо сөзсүз «байыркы Ош кандай эле?» деген суроону бербей коё



Ж.Т.Тойгонбаев
(IX-1952-ж —VII 1955-ж.)



Б.П. Яковлев
(VIII-1955-ж-III-1958-ж.)



М.А.Абдыкулов
(III-1958-ж– II-1960-ж.)

албайт. Оштун тарыхы жана басып өткөн жолу узак жана татаал. Азырга чейин Ош эмнеликтен Ош деп аталып калгандыгы жоромолдоодон башка анык боло элек. Кийинки жылдардагы Сулайман-Тоосунун, Ак-Таштын, Саймалуу–Таштын, Керме–Тоонун этектериндеги археологиялык табылгалар Оштун маданияты бир кездердеги ар түрдүү улуттук майда маданияттардан куралгандыгы андан бери 3000 жыл өткөндүгүн аныктайт. Албетте буга Оштун Орто-Азиядагы Улуу Жибек жолунун тоому болгону да эсептелет. Түштүктүн эмгекчилеринин Ак-Буура, Исфайрам-Сай, Кара-Дарыя, Сох жана Исфара дарыяла-рынын жээктерине олтурукташкандыгы жана алардын тил маданиятынын, үрп-адатынын ар түрдүүлүгү да жогорудагы аныктамага байланыштуу. Эгерде Оштун айланасындагы табылгаларда бышырылган кирпичтер, кумуралар, ат жабдыктар, таш куралдар көбүрөөк табылган болсо, Сох жана Исфара багытындагы табылгалардын көбү чоподон жасалган идиштер, таш чырактар жана башка түрдүү буюмдар. Демек, Оштун жалпы эле Түштүктүн территориясындагы жашаган байыркы эл ар кайсы жактан келген басып алуучулардын кордугун көргөн, алардын маданиятынын калдыктарын өздөштүрүшкөн деп божолдошот археологдор.

Түштүктүн жаратылыш шартына токтоло турган болсок, бул байыртан бери адамдарды суктантып кызыктырган жана алардын эсине сакталып калган. Мухаммед Захреддин Бабур «Фергана аймагында абасы таза жана жагымдуу Ошко окшогон шаар жок» деп айтып кеткен. Чынында эле Оштун Түштүк-Батыш жагын Ош – Кара-Суу оазиси ээлейт. Ал пахтачылыктын жана мөмө-жемиш бактарынын аймагы болуп саналат. Ак-Буура жана Кара-Дарыя сууларынан





Т.Б. Балтагулов
(II-1960-ж —II 1962-ж.)



А.С. Сүйүмбаев
(II-1962-ж–I-1968-ж.)



С.И.Ибраимов
(I-1968-ж– IX-1978-ж.)

салаа-салаа болуп түшүп келген каналдар жана арыктар бул аймактын ажарын ачып турат. Оштун Түштүк жагында анчалык алыс эмес жерде Папан өрөөну жайгашкан. Ал Кичик Алай жана Памир тоолорунун босогосунда турат. Айтылуу Ак-Буура дарыясы мына ошол Папан өрөөнүнүн баш жагынан куралып келет. Дарыяга Кичик Алай тоолорунун эң бийик чокуларындагы мөңгүлөр ийип кошумча сууну берип турат. Ошондуктан Ак-Буура түштүктүн сугат тармактарындагы, бөтөнчө пахтачылык менен жемиш бактарынын, жүзүмдүктөрдүн каны катарында саналат.

Мына эми 2 миллиард куб метр суу сыйымдуулугу бар Папан жасалма көлү пайда болду. Бул тоо үстүндөгү толкуган көл – достуктун көлү. Андан Өзбекстандын, Тажикистандын дыйкандары пайдаланышат. Ондогон эгин, тамеки, жүзүм гектарлары сууга канат. Какыр жерлер өздөштүрүлүүдө. Ал эми Оштун Батыш жагы Араван багыты менен чектелет. Мамак-Сай, Кажыбек-Сай, Чиль-Устун, Чиль-Майрам тоо массивдери Сулайман-Тоосуна уланып келип кошулат. Бул тоолордун айланасына пахта, эгин жана башка өсүмдүктөрдө, мөмө-жемиш бактарын өстүрүүгө ыңгайлуу. Тоолор жылаңач келет. Алардын бийиктиги 400-500 метрден ашпайт. Бул жылаңач тоолор Түштүктүн аптабында ого бетер ысып айланасындагы пахтанын, башка эгиндеринин толук болумдуулукта тез бышышына шарт түзөт.

Кыргызстандын Ош облусту социалисттик курулуштун жылдарында бүтүндөй жаңы көрккө айланды. Бир нече жылдар бою жаратылыштын кээ бир көрүнүштөрүнө сыйынып келген, али эскичилик сөөгүнөн кете элек адамдардын кылык-жоруктарын айтпай кетүүгө болбойт. Анда биз бүгүнкү жаркыраган өнөр жайлуу



**Т.Х. Кошоев**
**IX-1978-ж —I-1981-ж.**



**Р.С.Кульматов**
**(I-1981-ж–IV-1990-ж.**



**Ү.С.Сыдыков**
**(V-1990-ж –IIV-1991-ж.)**

жана маданияттуу жаңы Оштун басып өткөн жолуна кайрылбаган болор элек. Кыргызстандын Түштүгү жөнүндө сөз болгондо биринчи иретте Ош шаары айтылат. Анын жөнү бар. Шаар облустун борбору. Ошту Сулайман-Тоосу менен тагдырлаш десек болот. Сулайман-Тоосу чындыгында Араван багытын көздөй созулуп кеткен Керме-Тоонун уландысы, же болбосо башталышы. Бирок мурдагы жергиликтүү динчилер бул тоону байлык табуунун аракетинде Фергана өрөөнүнүн бардык булуң-бурчтарынан сыйынууга келген адамдардан акча алышкан. Шейхтер динге ишенген адамдардын башын ого бетер айландырышып, өздөрүнүн кара курсактары үчүн бул тоону пайдаланышып келишкен. Тоонун башында кичинекей ак үй болгон. Аны «Султанмухаммедхан тургузган» деп кирип-чыккандардан акы алышкан. «Бабурдун ужураси» деп кийин айтылды. Чындыгында Бабур Ошто болгон. Ал бул тоону «Көркөм Тоо» деп атаган. Бабур Оштун ажайып кооз шаар экенин жазып кеткен. «Дарыянын эки жээгинде созулуп жаткан бактар бар. Бардык бактар дарыянын жээгинен жогору карай көтөрүлүп чыгат. Андагы гүлдөр укмуштай коoз. Ошто агып жаткан суу бар. Жазында ал укмуштай коoздукка бөлөнөт. Гүлдөр, ар түрдүү түстөгү розалар жана тюльпандар бар. Фергана аймагында абасы таза жана жагымдуу Ошко окшогон шаар жок» деген.

Ошентип Сулайман-Тоосу көркөм тоо. Ал чөккөн буурадай болуп шаар үстүндө сөөлөттөнүп жатат. Сулайман-Тоосунун түштүк тарабы көркөм шаарчага айланган. Анда орто мектептин, мектеп-интернаттын, кинотеатрдын, универмагдын жана башка маданий курулуштардын имараттары тоо аскаларына бой теңеше заңгырап турат. Ал





**М.К. Капаров**
**(IV-1991-ж –XII-1991-ж.)**



**Б.С.Сыдыков**
**(III-1992-ж–VII-1993-ж.)**

эми Түндүк-Батыш тарабы учу-кыйырына көз жетпеген пахта плантациялары. Жыл сайын ал талаалар тоодой-тоодой болгон «ак алтын» кырманын берет. Бир кездерде ыйык аталган Сулайман-Тоосунун айланасы азыр жаңы көрүнүштө.

ХХХ

...Тээ тоо чокусунан түрмөктөлгөн ак булуттар обого көтөрүлүп бара жатат. Ага назар сала тиктеп турсаң куду кыргыз пахтасына окшош. Ооба, кыргыздын пахтасы башка республикаларга караганда көлөмү жагынан аз болсо да бүткүл дүйнөгө даңкы чыккан атактуу «ак алтын» болуп келген. Түштүктүн асманы астында аптапка далысын тосуп түйшүктөнгөн дыйкандар пахтанын түшүмдүүлүгүн жыл өткөн сайын өнүктүрүш-көн.

Түштүктүн «ак алтыны», аны баккан дыйкандары жөнүндө кимдер кыялданбады? Ал акындарды, сүрөтчүлөрдү, музыканттар-ды өзүнө тартты. Алардын жаңы чыгарма-чылыгына өбөлгө, дем берди. Акындар ак пахтанын даңкын ырдап түгөтө алышпады. Чынында эле түштүктүн «ак алтыны» жөнүн-дө Темиркул Үмөталиев өзүнүн торгой таң-шык обонун өмүрү бүткөнгө чейин жаңылбай созолонтуп келбедиби. Ал комсомолдук ишин Ош аймагында баштап, Оштун тузун татып жүрүп 1933-жылы эле «Түштүгүм менин «ак алтын» деген ырын жазган.

« Түштүгүм менин «ак алтын»,
Түгөнгүс айтса санатын.
Түштүктө жүрүп жетилип,
Чалгын болгон канатым.

Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчылары-губернаторлор


А.Э.Эркебаев
VII-1993-ж–XII-1994-ж.)


Ж.Р.Рустамбеков
(XII-1994-ж–VII-1996-ж.)


А.М.Муралиев
(VIII-1996-ж–IV-1999-ж.)

Түштүгүм менин алтынсың,
Түгөнгүс кени алтындын.
Багына кирсем бир башка,
Буруксуйт жыты атырдын.

Түштүгүм сайма жибексиң,
Түштүгүм кени жибектин.
Тиричилик кызыган,
Түштүгүм жери күрөштүн.

Түштүктө суусу мүрөктүн,
Түштүктө каны жүрөктүн.
Эмгек менен эшилген,
Тарамышы билектин», – деп акын толкунданып таңшыган.

Ооба, Оштун жери – эмгектеги күрөштүн жери болду. Жеңин шымаланып түрүнгөн пахтачы калк зор жетишкендиктин ээси болуп келишти. Алсак, Түштүк Кыргызстанда 1913-жылы 283 миң центнер пахта даярдалса, 1940-жылы 950, 1950-жылы миң центнер гана пахта өндүрүлгөн. Ал эми 1966-жылы Жалал-Абад кошулуп көп улуттан турган облустун пахтачылары бир миллион 835 миң центнер же болбосо мурдагы революцияга чейинкиге караганда 6,4 эсе көп пахта даярдашкан. Жетимишинчи жылдары болсо пахтанын түшүмдүүлүгүнүн деңгээли 178 миң тоннага жеткен. Кийин ал цифра 210 миңге чейин көтөрүлгөн.

Пахтачылык жөнүндө сөз кылганыбызда биз анын кужүрмөн адамдарын биринчи кезекте көз алдыга келтиребиз. Ошто пахтанын эң сонун мастерлери өсүп чыкты. Алар өздөрүнүн тажрыйбасын, илимин жана колдо болгон мүмкүнчүлүгүн ар дайым өлкөгө керектүү болуп эсептелген пахта сырьесунун түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жумшашты. Атасы бай-манаптын колунда пахта өстүрүп жалданып келген аравандык Тойчу Кочубаев




Т.А.Акматалиев
(IV-1999-ж–XII-2000-ж.)


Н.К.Касиев
(XII-2000-жылдан тартып иштеп жатат)

ирилешкен пахтачылык чарбасынын жетекчиси болуп көп жыл эмгектенген. Маркум бир кездерде күнүмдүк оокаттын айынан бай орустун чочколорун кайтарууга мажбур болгон. Тойчу Кочубаев ар жылы гектарынан 40 центнерден түшүм өстүргөн Араван районундагы Жданов атындагы колхоздун жетекчиси, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты болуп даңктанган.

Кыргыз кыздарынын бактысы революциядан кийин гана ачылганына тарых күбө, өздөрүнүн укугуна ээ болушту. Каалаган өнөрүн тандап алышты. Ага чейин айрыкча Кыргызстандын Түштүгүндөгү кыз-келиндер өздөрүнүн турмушун тар чөйрөдө өткөрүшкөн. Калыңга сатылган. Сүйгөнүнө жете алышпаган. Эгерде «Олжабай менен Кишимжан сулууну», «Ак Саткын сулууну» жана башка чыгармаларды эске алсак, мына ошолордун күрөшүнө, сүйүүсүнө, кайгысына Түштүктөгү кыз-келиндердин сүйүүсү жана кайгысы көп учурда окшош. Биринчилерден болуп революциянын факелдерин колдоруна көтөрүшүп, жаңы турмуштун жарчылары боло алышкандарга биз Уркия Салиеванын өмүр жолун мисалга алсак жетиштүү болор.

X X X

Пахтачылык көбүнчө адамдын кол эмгегин талап кыла тургандыгы белгилүү. Дыйкандар ага өз күчүн сарпташат. Мезгил өтүп техникалар плантациялардын көркүн чыгарды. Мына ошол техникалардын көп түрлөрүн да кыз-келиндер башкарыша алгандыгы кубанычтуу. Түштүктүн пахтачыларынын арасында даңктуу кыз-келиндердин ысымдары ондоп саналат. Андайлардын бири мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районундагы Рахманжан атындагы колхоздун механик айдоочусу Саадат Ногоева болгон.

Саадат кыргыз кыздарынын ичинде биринчилерден болуп трактордун рулуна олтурган. Мына ошол кезде айыл арасында

али да болсо эски көз караш бар эле. Ар кандай айың сөздөргө, ушактарга жана шылдыңга, кытмыр күлкүгө Саадат көңүл бурган эмес. Ал өзүнүн бактысын жана келечегин эмгектен издеди. Ошондуктан эркектер менен тең тайлашып кышын-жайын техниканын тилин билүүгө аракеттенди. Ал учурда колхоз пахтачылары техникага али жарды эле. Колдо болгон трактор да өндүрүмдүү пайдаланылбай келген. Саадат чарбанын түшүнгөн адамдары менен бирдикте өзүнүн умтулган ишин алга жылдырууга аракеттенди. Ата Мекендик согуштун башталышы Түштүктүн кыз келиндеринин пахтачылыкта техниканы башкарып талыкпай иштешине аргасыз кылды. Мына ошондо Саадаттын катарына дагы бир топ кыз-келиндер тартылды. Бирок, алардын бардыгы эле колуна тийген техниканы дароо өздөштүрүп кете алышкан жок. Саадат гана өз ишинен үзүр көрүп даңктуу механик-айдоочу, СССР Жогорку Советинин депутаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры боло алган. Мына эмгектин жана күрөштүн натыйжасы! Кийин андай Саадаттар атактуу Араванда, Кара-Сууда, Сузакта өздөрүнүн пахта эккен чарбаларынын даңкы жана сыймыгы болуп чыга келишкен.

Ош облусунун басып өткөн жолуна дагы бир жолу кайрылалы. Лениндик даңгыр жол бизди келечекке умтултту. 1926-жылы 1-февралда Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитети кыргыз элинин суроосун канааттандырып, өзүнүн Президиумунда Токтом кабыл алды. Кыргыз Автономиялуу областын Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы кылып кайра түздү. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1926-жылы ноябрдагы 3-Сессиясы ал Токтомду бекитти. Ошону менен бирге сессия бул жаш республиканын чарбалык жана маданий курулушунун мындан ары өсүү жолун талкуулады. Жер-суу реформасын жүргүзүүнү, айрыкча аны республиканын Түштүгүндө тезирээк жүргүзүүнү көрсөттү. Ошентип улуттук саясат иш жүзүнө аша баштады. Жаш республикага Борбордук Аткаруу комитети тарабынан түздөн-түз жардам көрсөтүлүп турду. Кыргызстандын Түштүгүндө айыл чарбачылыгына, маданиятка жана советтик курулушка партия менен Өкмөттүн атайын кишилери жардам көрсөтүштү. 1926-жылы 22-февралда Кыргызстан ВКП /б/ Обкомунун экинчи пленуму болуп, анда партиялык уюмдарды чыңдоо жана республиканын экономикасын мындан ары жогорулатуу жөнүндө маселе каралды.



Кыргызстанда жана анын Түштүгүндө лениндик большевиктер партиясынын катары өсө баштады. 1926-жылы 1-июнда Ош округдук партиялык уюмунда коммунисттердин саны 627 кишиге эсептелди. Ош шаарынан башка азыркы Араван, Кара-Суу райондорунун коммунисттери да кошо эсептелгенде, Түштүктүн партиялык уюмдарында өнөр жайын, айыл чарбачылыгын жана мал чарбачылыгын мындан ары дүркүрөтүп өстүрүүгө карата айкын-ачык чаралар белгиленди. Ал иштерди уюштурууга биринчи иретте коммунисттер өздөрү жетекчилик кылышты. Республиканын түзүлгөн жылдарынын алгачкы мезгилдеринен тартып эле Кыргызстандын Түштүгүндө өнөр жайы өнүгө баштады. Ошто 1926-жылы кол өнөрчүлүк «Сила экономии» артели иштеп турду. 1927-жылы болсо жибек токуу фабрикасы пайдаланууга берилди. Ал кийин ВЛКСМ атындагы ири Жибек комбинаты болду.

Кыргызстандын Түштүгүндөгү Ош облусунда маданий курулуштарга бөтөнчө көңүл бурулду. Мектептерди куруу тездетилди. 1926-жылы башталгыч мектептерде 766 окуучу гана билим алууга тартылган. Биринчи жана экинчи беш жылдыктын жылдарында Ош шаарында пахта заводу, кыш заводу, известка заводу, май заводу, ошондой эле башка өнөр жай мекемелери ишке киргизилди. Совет бийлигинин алгачкы он жылдыгынын ичинде эле Кыргызстандын Түштүгүндө ишканалар көбөйүп, анын ичинде Ош шаары ири өнөр жай шаарына айланды. 1927-жылы ВКП /б/нын XV съезди болуп, ал айыл чарбачылыгын коллективдештирүү, мындан ары кулактарды тап катары жоюу жөнүндөгү тарыхый Токтомду кабыл алды. Мына ошол учурда Ош облусунун аймагында Совет бийлигине каршы бай-манаптардын жана басмачылардын күрөшү али жүрүп жаткан болучу. Жаш кыргыз республикасынын аймагындагы советтик жаңы бийликке кучагын кенен жайып, аны эл массасы арасына пропаганда жүргүзүшүп жаткан большевиктер партиясынын мүчөлөрүн, комсомолдорду колдоруна тийген жерде кыйнап, зордуктап өлтүрүшүп жаткан. Мына ошондой басмачылар менен күрөшүү ишине большевиктер партиясынын жер-жерлердеги уюмдары, анын мүчөлөрү катуу күрөш алып барышты.

Айрыкча жер, суу реформасын жүргүзүп жаткан учурларда Кыргызстандын Түштүгүндөгү Ош шаарынын партиялык уюмдары, комсомолдору, активистери зор роль ойношту. 1926-27-жылдарда Ош уездине жер, суу реформасы жүргүзүлдү. Оштун коммунистери айылдарга жана кыштактарга жөнөп кетишти.

Алар алыскы тоо этектериндеги эл жашаган жерлерге чейин жетишти. Барган жерлеринде дыйкандарга коллективизациянын, жер, суу реформасынын чоң маанисин түшүндүрүштү. Ош шаарынын Зайнабидинов, Дадабаев, Бабачалов, Юнусов, Алимов жана башка ондогон коммунисттер, партияда жок жолдоштор жер, суу реформасынын жана колхоз курулушунун чыныгы активистеринен боло алышты. Алар Ленин жөнүндө, Совет бийлиги жөнүндө карапайым элдин арасына дагы да түшүнүктүү, дагы да ишенимдүү сөздөрдү сыймыктануу менен айтып беришти. Кыргызстандын Түштүгүндө республиканын башка жерлериндей эле байлар, манаптар, кулактар, буржуазиялык улутчулдар, молдолор жана шейихтер жер, суу реформасына каршы өздөрүнүн тескери үгүттөрүн жүргүзүшө беришти. Бирок, советтик бийликтин жаңы жана тайманбас өкүлдөрү колхоздук курулушту, суу, жер реформасын ийгиликтүү алып барышты. 1928-жылы 12-сентябрда Ош шаарынын коммунистеринин чогулушу болуп өттү. Анда партиялык уюмдарды, коммунистерди жана жалпы элди лениндик жолдо, партиялык багытта иш алып барууга чакырды.

Оштук большевиктер колхоздук түзүлүштүн милдеттерин эл арасына аябай кеңири түшүндүрүштү. Алар өздөрүнүн саясий иштерин, мүмкүнчүлүктөрүн бүтүндөй мына ошол багытта пайдаланышты. 1929-жылы партиялык ячейка агиткультбригаданы уюштурду. Бул бригада жер-жерлерге барып лекция, аңгеме, концерттерди уюштурушту. Алар көбүнчө кедей-кембагалдардын арасында болушту. Оштун айланасындагы Араван, Кара-Суу, Ноокат жана башка жерлердеги айыл чарбачылыгында, мал чарбачылыгында, пахтачылыкта, тамекичиликте, жемиш бак участкаларында иштешкен адамдардын арасында агитациялык-массалык түшүндүрүү иштерин кеңири алып барышты. Кедей-кембагалдардын арасында али да болсо Совет бийлиги жөнүндө, колхоз курулуш жана жер, суу реформасы жөнүндө олку-солкулук бар болучу. Мына ошол маселени облустун партиялык уюму алдын ала туйду жана ага карата бардык мүмкүнчүлүктөрдө, такшалган активистерди жиберди.

Облустун борборунун партиялык уюмдарынын активдүү катышуусунун негизинде «Шарк», «ВКП/б/», «Правда», Ленин атындагы, Нариманов атындагы колхоздор уюштурулду. Аларга биринчи иретте бай-манаптардын колдорунда эзилип келишкен, Совет бийлигинин, Ленин деген ысымды чын жүрөктөрү менен



тосуп алышкан кембагалдар жана кедейлер өз ыктыярлары менен тартылышты.

1930-жыл. Декабрь айы. Ош шаарында колдоруна кызыл тууларды кармаган эркектер жана аялдар жүздөрү жадырап, бири-бири менен көңүлдүү сүйлөшүп жүрүштү. Араван-Буура районунун колхозчуларынын биринчи съезди мына ошентип ачылды. Съезд колхоздордун бир жылдык ишинин кандайча жүргүзүлгөндүгү жөнүндө сөз кылды. Анан, мындан ары колхоздук түзүлүштүн өркүндөп өсүшүнүн көп чараларын белгиледи. Ош шаарынын партиялык уюмдары колхоздордун уюштурулушуна жакындан жана билгичтик менен жардам көрсөткөндүгүн, натыйжада колхоз түзүлүшүнөн кийин өнөр жай, маданий мекемелери кулачын кеңири жайылгандыгын айтууга болот. Эгерде 1910-жылы Ош шаарында бардыгы миң гана жумушчу болсо, анын көпчүлүгү кол өнөрчүлүк кесибинде эле, 1940-жылы жумушчулардын саны 6 миң кишиге жеткен.

Облустун борбору барган сайын Түштүктөгү көп шаарлардын аралыгын өзүнө байланыштырды. 1929-жылы Кара-Суу-Ош темир жолу курулду. Памир жол башкармасынын, паттресттин, борбордук телеграфтын, радиоузелдин пайдаланууга берилиши өнөр жайдын жана маданияттын темпинин тезделишине көмөкчү болду. 1940-жылы мугалимдер институту, педагогикалык окуу жайы, айыл чарба техникуму, сегиз орто жана беш баштооч мектептер иштеп калган эле. Аларда он миңден ашык кишилер окушкан. Ошол жылдарда Ош шаарында С.М.Киров атындагы Өзбек драма театры ишке киришкен болучу.

Булардан башка шаарда беш кинотеатр, он китепкана, төрт клуб, маданият үйү элдердин сүйгөн жайына айланган. Шаардын мектептеринде жана башка окуу жайларында окушкан ондогон жаштар кийинки учурда өлкөбүздүн ар кайсы жерлеринде советтик көрүнүктүү окумуштуулар, маданият ишмерлери, артистер болушту. Мисалы: Ош шаарында тарбияланган 30-жылдардагы кадрлардын арасынан Лениндик сыйлыктын лауреаты, академик Хабиб Абдуллаевди, Лениндик сыйлыктын лауреаты, техникалык илимдердин кандидаты З.Т.Петренкону, жазуучулар Темиркул Үметалиевди, Ж. Шүкүровду, профессор Иззат Султановду, Социалисттик Эмгектин Баатыры Азиз Токтобаевди, Халил Мурабдазизовду, медициналык илимдердин кандидаты, хирург Юсуп Касымовду, Кыргыз ССРинин эл артистери Тажикан Хасанованы, Разияхан Моминованы жана башка толуп жаткан адамдардын ысымдарын атоого болот.

Жогоруда аты аталгандардын жана алардан башка толуп жаткан партиянын жана эмгектин ардагерлеринин көпчүлүгү Ош шаарынын партиялык уюмдарында турушкан жана колхоздук курулуш мезгилдеринде чыныгы активистерден, пропагандисттерден болушкан.

## X X X

1941-жыл. 22-июнь.

Бул дата эске түшкөндө фашисттик баскынчылардын тынч жаткан совет элине кокусунан кол салгандыгы, СССРдин батыш чек араларындагы өрттөнгөн, бомба жарган жер көз алдыңа тартыла калат. Өздөрүн «жеңилбес» деп атаган Гитлердин армиясы кан чачып, кутмандуу жерибизге басып кирип келгенде Түштүк Кыргызстандын баатыр уулдары такаат кылып тура алышкан жок. Улуу Ата Мекендик согушка биринчи күндөрдөн тартып Оштун мекемелеринен, окуу жайларынан жана өнөр жай ишканаларынан коммунисттер, комсомолецтер жана партияда жок акниет адамдар өз ыктыярлары менен жоого аттанышты. Оштогу мугалимдер институтунун директору М.М.Козловский жана окуу бөлүмүнүн башчысы Б.Б.Байбулатов жолдоштор биринчилерден болушуп фронтко жөнөп кетишти. Алардын артынан студенттер жана студенткалар согушка аттанышты. Оштон жөнөп кетишкен миңдеген жоокерлер Москва алдындагы, Ленинград курчоосундагы салгылашууларга активдүү катышышты. Алар Одессаны, Севастополду, Сталинградды жана Киевди бошотушту. Орустар, украиндыктар, белорустар, өзбектер жана казактар, ошондой эле башка советтик улуттун өкүлдөрү менен бирдикте душмандын мизин кайтарышты. Түштүктөн барган жоокерлер Белоруссияны, Украинаны, Польшаны, Чехословакияны фашисттик баскынчылардан бошотууда эрдик көрсөтүштү.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Оштон жана облустун башка райондорунан жөнөп кетишкен жоокерлердин арасында Советтер Союзунун Баатыры деген Алтын жылдыздардын кавалерлери болушкан азаматтардын атын атоого татыктуу. Ош шаарындагы Макаренко атындагы мектептин окуучусу Ташмамат Жумабаев фашисттик баскынчыларга каршы күрөштө баатырдыкты жана эр жүрөктүүлүктү көрсөтө алды. Ага



«Советтер Союзунун Баатыры» деген ардактуу наам берилди. Ал эми Сузак районундагы Октябрь селосунан согушка кеткен карапайым жигит Тукубай Тайгараев Ата Мекени үчүн душман огунан каза болду. Ал жөнөкөй гана күрөшкөн жок. Кыргыздын ата салтын жолдоп көкүрөгүндө Манас деген ураан менен жоо бетине октой тийди. Советтер Союзунун Баатыры Тукубай Тайгараевдин ысмы түбөлүккө өчпөйт. Анын атына коюлган Сузак районундагы Тайгараев атындагы айылдын кары-жашы өз уулунун даңктуу эрдигине сыймыктанышат жана аны түбөлүккө эскеришет. Мамасалы Тешебаев Днепр дарыясынын жээгинде каармандык көрсөтүп, «Советтер Союзунун Баатыры» деген наамга татыктуу болгон. Ал согуштан кайтып келип «Отуз-Адыр» совхозун уюштурууга, анын суусуз адырларын өздөштүрөөгө катышты. Фронт жылдарында Түштүк Кыргызстандан жөнөп кетишкен жоокерлердин көбү Жеңиш менен үйлөрүнө кайтып келишти. Алар кийин колхоздордо жана совхоздордо айыл чарба азык түлүгүн өндүрүүдө, мал чарбасында, мектептерде жана өнөр жай ишканаларында эмгектенишкен.

Согуш жылдарында Советтик Кыргызстандын эмгекчилери жоокерлерге ар тараптан жардам көрсөтүү менен бирге, өздөрүнүн тылдагы эмгектеринин темпин тездетишкен. Кужурмөндүүлүктө иштешип, пахта, эгин талааларында, өнөр жайда фронтко кеткендердин ордун жоктотушкан жок. Өз каражаттарынан миллиондогон акчаларды жана жоокерлерге керектүү азык-түлүктөрдү, кийимдерди топтошуп жиберип турушту. Тылдагы эмгекчилер «Советтик Кыргызстан» жана «Солнечный Киргизстан» аттуу танкалык колоннанын жана авиаэскадрильянын түзүлүшүнө миллиондогон сом акчалай каражатты беришкен. Согуштун башталган алгачкы учурларында эле Ошто генерал-майор Панфиловдун аткычтар дивизиясынын 316-бөлүгү уюштурулду. Кийин 8-гвардиялык дивизия деп аталган ал бөлүк Москва алдында баатырларча күрөш алып барып, душмандардын эң күчтүү жана коркунучтуу чабуулдарынын мизин кайтарып турушту. Оштук жаштардын бирөө фронттон мындайча кат жазган: «Саламатсыңбы, апа! Мен фронттомун, салгылашууда алдыңкы катардагы бизди апалардын сүйүүсү сактасын. Женя. 4-сентябрь 1943–ж.» («Ленинский путь» газетасынын архивинен, фонд 16, 136 – бет).

Батышта согуш жүрүп жатты. Облустун эмгекчилери душманды жеңүү үчүн каражатын, күчүн, тилегин жана мээримин аяган жок. Согуш учурунда Ош шаарына Ростовдогу мамлекеттик

университеттин окутуучулары жана студенттери, Рахманинов текстиль комбинатынын коллективи эвакуация болуп келишти. Облустун борборунун эли аларды жылуу мээрим жана достук менен тосуп алышты. Бардык жагынан туугандарча жардамдашышты.

Ош облусунун бардык жерлеринде: шаарларында жана селолорунда, айылдарында жана кыштактарында Ата Мекендик согушка кеткендерге жардам берүү, өз эмгектери менен тылды чыңоо, бир күндө эки-үчтөн норма аткарып эмгектенүү кеңири кулач жайды. Биринчи иретте партиялык уюмдар өздөрүнүн ишин ого бетер чыңдашты. Кыргызстандын түштүк шаарларында согуштук госпиталдар ачылды. 1941-жылы 9-декабрда партиянын обкомунун «Ош областындагы согуштук госпиталдарынын абалы жана иши жөнүндө» жазган докладдык катын алып көрөлү. «1941-жылдын 4-ноябрда Кара-Суу темир жол станциясына 56 жарадар жоокерлер жана командирлер келишти. 17-ноябрда дагы 150 киши келди. Бардыгы болуп госпиталда 206 жоокерлер жана командирлер дарыланып жатышат.

Ош шаарынын партиялык, чарбалык жана коомдук уюмдары жергиликтүү дем алуу Үйүн согуштук госпиталга даярдоодо зор иштерди жүргүзүштү. Госпиталга келишкен оорулар, жоокерлер жана командирлер бардык керектөөлөр жана тейлөөчү кишилер менен камсыз болунган. 5- ноябрдан 6-ноябрга ооган түнү Ош госпиталына экинчи жолу 265 оорулуу жарадар жоокерлер, командирлер, саясий кызматкерлер келишти. Аларды тосуп алуу жана тейлөө уюшкандыкта үлгүлүү өткөрүлдү. Шаардын коомчулугу аларды тейлөөгө карата жетиштүү адамдарды дайындашты. Жарадарлар жана оорулар палаткаларга бөлүштүрүлдү. Оштогу согуштук бөлүктүн бири өзүнүн жеке составынан 40 кишини санитардык тейлөөчү катарында бөлүп берди. Жарадарларды жана ооруларды санитардык тейлөөдө жайгаштыруу жана башка камкордукка алынган учурда алар тарабынан эч кандай даттануулар болбоду...

Оорулар жана жарадар жоокерлер, командирлер жана саясий кызматкерлер шаардын коомдук уюмдары жана эмгекчилери тарабынан чыныгы сүйгөндүк жана мээримдүүлүк менен курчалган... Бир гана жыйырма ири коллективден ондогон белектер келип түштү. Госпиталдарды шефке алышкан ал коллективдер тарабынан белек катарында жүз пластинка менен төрт патефон, бир гармон, эки мандалин, үч балалайка, 30 жуп галош, 12 шейшеп, 20 көйнөк, 6 кольцон, 86 бет аарчы, эки одеял, 15 жаздык кап, 21 чачык жана башка азык-түлүктөр, тамекилер, идиштер келтирилген.



17-ноябрда госпиталга дагы 82 жарадар жана оорулуу жоокерлер менен командирлер келишти. Госпиталда бардыгы 347 киши дарыланып жатат. Биринчи жолку келген жарадарлар сыяктуу эле булар да жылуу-жумшак, уюшкандык түрдө тосуп алынды. Алар тарабынан адамдардын жетишпегендиги, тейлөөнүн начардыгы, транспорт жана башка тейлөөчү группалар жөнүндө арыз даттануулар түшпөдү. Тамактандыруу, дарылоо, маданий эс алуулар жакшы уюштурулду. Медициналык жана башка тейлөөчү персоналдар менен госпитал толук камсыз кылынган. Оорулуу жана жарадар жоокерлер, командирлер менен системалуу түрдө саясий аңгемелешүүлөр, лекциялар жана алар каалаган темадагы кино, картиналар уюштурулуп жатат. Газета-журналдардан окуп берүү жана радио угуу, кечки мезгилдерде өздүк-көркөм чыгармачылык уюштурган. Дарыланып жаткан оорулуулардын жана жоокерлердин арасында партиянын 18 мүчөсү, 10 кандидаты жана комсомолдун 18 мүчөсү бар. Оорулуулардын жана жарадарлардын көңүлү көтөрүңкү. Алар дарылануга, тамактанууга жана дем алууга карата уюштурулган чаралардын бардыгынын канааттандырарлык абалда экендигин билдиришти».

Мына бул Оштогу партиялык уюмдардын жана шаардын коомчулугунун чыныгы достуктун жана бир туугандыктын кырдаалында фронттон жарадар болуп келген Советтик Кызыл Армиянын өкүлдөрүнө көрсөткөн жардамы. Оштун, Кара-Суунун, Кызыл-Кыянын жана башка шаарлардын согуштук госпиталдарына келген оорулуу жана жарадар жоокерлердин, командирлердин жана саясий кызматкерлердин абалы да жогорудагыдай эле толук камкордуктун негизинде болду. Ата Мекендик улуу согуштун жылдарында коомубузду бөлгөнгө жана жабыркануга учуратууга аракет кылган фашисттик баскынчыларды ооздуктоого, алардын максатынын таш-талканын чыгарууга согуш талааларындагы жоокерлер менен бирге Оштун эмгекчилери тылды чыңоо менен күрөш алып барышкан.

1943-жылы 2-3-марттарда партиянын Ош шаардык II конференциясы болуп өттү. Анда шаардык партиялык уюмдардын отчеттон берки мезгилдеги фронтко жардам берген чоң иштери белгиленди. Партиялык конференциянын токтомунда мындай деп айтылат: «Улуу Ата Мекендик согуштун башталганынан бери

шаардык эмгекчилердин Кызыл Армияны куралдандырууга 865800 сом акча, 136 тонна түстүү жана кара металл, 5000 даана ар түрдүү жылуу кийим-кечелер келип түштү. 1942-жылы чыгарылган заемдон 3 миллион 300 миң сомдук облигация таркатылды. 971 миң сомдук акча-буюм лотериялары таркатылды. Фронтко 32 миң 235 килограмм посылкалар жиберилди. Партиялык баштапкы уюмдардын демилгелери боюнча жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жана жарадар болуп кайткандарга жардам көрсөтүлүп жатат. Жибек токуу комбинатынын баштапкы партиялык уюмунун демилгеси боюнча инвалиддерге, эвакуацияланган граждандарга жана согушта жүргөн жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам уюштурулду. Ал фондго шаардыктар 720 миң сом акча, 2720 даана үй буюмдары: бут кийимдер, кийим-кечелер жана башка жекече пайдаланылуучу буюмдар топтоштурулду.

Ош облусунун эмгекчилери танкалык колонналарды, эскадрилияны жана согуштун самолетторду түзүүгө 40 миллион сом акча жөнөтүштү. Мындан башка 90 миң пуд азык-түлүктөр топтолду жана тапшырылды. Шаардын эмгекчилери гана Кызыл Армияны куралдандырууга 713 миң сом акча топтошту».

Андан ары шаардык партиялык конференция Ош облусунун жана шаардын партиялык уюмдардын, коммунистердин жана партияда док жолдошторудун фронтко көрсөткөн жардамдары жөнүндө кеңири сөз кылынган. 1942-жылы Ош шаарында эвакуацияланып келинген өнөр жай ишканаларынын калыбына келтирилиши жакшы жолго коюлду. Шаардагы ун тегирмени, консерва заводу, нан заводу мурдагыдан өндүрүмдүү иштөөгө өттү. Облустагы партиялык уюмдардын жетекчилиги астында колхозчулардын, жумушчулардын арасында патриоттук ан-сезим өстү. Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жаткан учурда өнөр жайларында, артелдерде жана башка ишканаларында стахановчулардын демилгеси кеңири жайылтылды. Өздөрүнүн нормаларын 3-4 эселеп аткарган стахановчулардын үлгүлөрүнө жүздөгөн кишилер тартылышты. Өзүнүн кубаттуулугу менен жер-жерлердеги өнөр жай ишканалары мурдагы жылдарга караганда айырмаланды. Эгерде согушка чейин өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн дүң жыйымы 6,7 миллион сомду түзсө, 1943-жылдын 1-январына ал 13,209 миллион сомду түздү.

Фронт мезгилде облустук партиялык уюмдар азык-түлүктөрдүн базасын кеңейтүү маселесин биринчи катарга коюшту. Мүмкүнчүлүктөрдү, өздүк ресурстарды, кошумча



продукция өндүрүүнүн жаңы булактарын ойлоп табышты. Партиялык уюмдар социалисттик менчикти көздүн карегиндей сактоо максатында кайсы бир жуликтерге, жемекейлерге, ушакчы, ачык ооздорго, жатып ичер жалкоолорго, уурулукка каршы иштерди мыкты уюштурушту.

1942-жылы 15-сентябрда обком партиянын «Облустагы ооруларга жана жарадарларга, эвакуацияланган госпиталдарга жардам берүү комитетинин иши жөнүндө» докладдык катынан төмөнкүдөй үзүндү келтирели: «Кийинки убактарда комитет эвакуацияланган госпиталдардын абалын жакшыртты жана кээ бир толук даяр эмес жайлардын иштелип бүтпөгөн жумуштарын алдыдагы 3-5 күндүн ичинде аткарууну чечти. Ош шаарында мурдагы мугалимдер институтунда 400 койкалык жай даярдады. Кызыл-Кыя шаарында тоо техникумунун эки зданиясына беш жүз койкалык госпитал уюштурулду. Ага мурдагы ФЗОнун жатаканасы да пайдаланылды. Кара-Суу поселогундагы орто мектептин имаратына 200 койкалуу орун даярдалды.

Кызыл-Кия шаарындагы эвакогоспиталда 13-сентябрга карата 100 жыгач тапчанкалары жетишпейт эле. Аларды кыска мөөнөттүн ичинде даярдоо чечилди. Ошондой эле Ош жана Кара-Суу эвакогоспиталдарын койкалар менен жабдуу маселеси белгиленди. Комитет системалуу түрдө эвакогоспиталдардан дарыланып айыгып чыгышкан ооруларды, жарадарларды жана башка республикалардан, облустардан, мисалы: Өзбекстандан дарыланып келген жарадарларды ишке орноштуруу жагына көп көңүл бурулуп жатат. 1942-жылы гана толук эмес фактыларга караганда Ош шаарында дарыланып айыккан оорулар жана жарадарлардан 110 киши ишке орноштурулган.

Ош облустук жана шаардык Кызыл Крест комитети ооруларды жана жарадарларды тейлөөнү шефке алышкан. Мисалы, Кызыл Крест коому оорулуу жана жарадар аялдар үчүн Ош шаарынын эмгекчилеринен аялдардын 87 даана көйнөктөрүн, ич кийимдерин, байпактарын жана башка толуп жаткан буюмдарын топтошкон. Кызыл Крест коому мындан башка госпиталда жаткандар үчүн адабий китептерди, газета-журналдарды алып келип беришти. Ош районундагы Кызыл Крест коому бир центнер жүзүм жана көп сандаган коон, дарбызды госпиталдагыларга белек катары алып келишти».Архивдик фонд №2,опись №7.

XXX

Фашисттик баскынчылар жеңилди. Бүткүл совет элинин катарында Кыргызстандын түштүгүнүн эмгекчилери бул Жеңишке өздөрүнүн салымын кошушканы менен сыймыктанышты. Эгерде Ош облусунун жана анын борбору болуп эсептелген Ош шаарынын партиялык уюмдары, комсомолдук уюмдары жана жалпы эмгекчилери согуш мезгилинде жүргүзүшкөн активдүү иштерин санап олтурсак кагаз да, убакыт да жетпес эле.

Жеңиш күнү жергебизге нурун чачкандан кийин республика, анын ичинде Ош аймагы гүлдөп өсүү жолуна түштү. Согуштан кийинки жылдардагы жетишкен ийгиликтери үчүн облуска Ленин ордени ыйгарылды. Ошентип ордендүү облустун басып өткөн тарыхый жолуна дагы бир көз чаптырып көрөлүчү. 1913-жылы Петербургдан чыгуучу «Сибирский торгово-промышленный вестник» деген газета минтип жазган экен:

«Соода өнөр жай мекемелери: аптека, эки мончо, үч бакелейлик жана гастрономдук магазин, эки галлентерейлик палатка, кыш заводу, ун тегирмени, пиво кайнатуучу завод». Мына бул Ош шаарындагы 1913-жылдагы курулуштардын саны эле. Ал эми азырчы? Ар жылы миллиондогон сомдук продукция өндүрүлүп, миллиондогон тонналаган дан, көмүр, металл, нефть, пахта, тамеки жана башка продукциялар өлкөгө тапшырылып турулат.

Ош менен Жалал-Абад бирге облус болуп турган алтымышынчы, жетимишинчи жылдардагы бүткөрүлгөн шаарлардагы курулуштарды айтпаганда да Орто Азиядагы гана эмес, мурдагы Советтер Союзундагы ири ГЭСтерден болгон Нарын каскаддарын эле алалычы: же болбосо, Төрт-Күл, Папан суу сактагычтары, Оштогу пахтадан кездеме токуу комбинаты, жибек комбинаты, насос заводучу? Мына булардын бардыгы согуштан кийинки тынчтык жылдардын ичинде өсүп-өнүктү. Албетте алар тынчтык үчүн, адамзаттын жаркыраган келечеги үчүн кызмат кылып жатат.

1891-жылы революцияга чейинки шаарлардын бири болгон Фергана шаарынын губернатору падышага минтип жазган эле: «1891-жылы Ош шаарында мамлекеттин эсебинен айланасы курчалган жергиликтүү Лазеретка, Ош түрмөсү жана уездик башкарма тургузулду» Мына ошол учурдагы курулуштун абалы. Ал эми жетимишинчи жылдарда Ош облусунда турак жай курулушунун жалпы аянты жылына 80-90 миң чарчы метрге



жеткен. Ош шаарында болсо, бир эле жылдын ичинде 17 миң чарчы метр турак жай курулуштары курулган.

Кыргызстандагы маданияты өнүгүп жаткан шаарлардын бири облустун борбору Ош экендиги баарыга белгилүү. Айрыкча эгемендүүлүктүн жылдары ичинде курулуштар, турак жайлар, завод жана фабрикалардын имараттары жыл сайын кеңири кулач жайды. Курулуштарга эстетика кийрилди. Эгер мындан бир нече жыл мурда фабрикаларда жана заводдордо жумушчулардын, инженер-техникалык кызматкерлердин иш орундары жөнүндө аз ойлонулган болсо, азыр биринчи иретте мына ошол маселеге көбүрөөк көңүл бурулуп жатат. Чындыгында адамдардын кайсы гана жумушта болбосун, иш орундары эстетикалык табитине ылайык болбосо, алардын өндүрүмдүү иштеши кыйын. Ошондуктан бардык жерлерде: өнөр жай ишкана-ларында, турак жай курулуштарында, мектептерде, маданий үйлөрдө, театрларда жана кино театрларда, китепканаларында жана окуу залдарында эстетиканы терең кийирүүгө маани берилген.

Ош шаарындагы ВЛКСМ атындагы жибек комбинатынын коллективи мындан аз жыл мурда комбинаттагы боёо-бөлүү өндүрүшүнүн проектисин жана курулушун тездетүүнү сурашкан болучу. Ташкенттеги долбоорлоо институту бул тапшырманы орундатып берди. Андан кийин шаарда өнөр жай ишканалары менен шаардын ортосундагы жылуулук трассасы ишке ашты. Ошондой эле шаардын суу провод тармактарынын чеги кеңейип жатат. Троллейбус линиялары пайдаланууга берилди. 1989-жылдын май айында облустук китепкананын заңгыраган чоң имараты пайда болду. Ал Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 125 жылдыгына байланыштуу акындын ысмына коюлган.

Эгемендүүлүктүн өткөн он жылынын ичинде Кыргыз Республикасынын жетекчилиги айыл өкмөттөрүнүн аймагындагы калк жашаган пункттары турмуш денгээлди жакшыртууну алдыга койгон. Натыйжада Араван районундагы Алля Анаров Араван айылдарынын калкы, Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа, Ноокат районундагы Т.Зулпуев атындагы, А.Мирмахмудов атындагы айылдардын көркү шаардан айырмасы аз эле. Алардын көпчүлүгүндө табигый газ тармактары, суу проводдору бар, маданий жайлары көп. Айылдык Дворецтер, клубдар иштейт. Көчөлөрүндө жана үйлөрүндө ак жарыктар шоола чачып турат. Жеңил автомашинасыз, телефонсуз, телевизорсуз үй-бүлөнү издеп табуу кыйын.

Мына бүгүн Кыргыз Республикасында Ош-Бишкек автомобиль магистралынын курулушу аяктоонун алдында турат. Алдыда Анжиян – Ош - Торугарт - Кытай темир жолунун курулушу ишин баштайт. Келечекте Улуу Жибек жолунун жаңыдан калыптануу, коншулаш өлкөлөр гана эмес дүйнөлүк ири мамлекеттер менен катнаш түзүлүп экономикалык достук байланыштардын өөрчүшү күтүлүүдө. Кыргыздын пахтасы, тамекиси, жүнү, жибеги, сурьмасы чет мамлекеттерди да кызыктырып жаткандыгы белгилүү. Бул продукциялардын бардыгы Ош облусунда бар. Андыктан да өркөнү өскөн аймака айлануу ыраак эмес.

Ордоңо кут коно берсин Ош – пирим!





Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор
Накеп Касиев

# ООМАТ КЕЛДИ

Ат жөнүндө сөз кылардан мурда облустук мамлекеттик администрациясынын «Салтанаттарды жана маракелик иш-чараларды өткөрүүнү тартипке салуу жөнүндөгү» Токтомуна азыраак токтолууну туура таптым. Эки кылым тогошоор мезгилинде облусубузга эгемен элибиздин көрүнүктүү бир атуулу жетекчи болуп келди. Калыстык менен баамдап туйганыбызга караганда губернатордук креслого олтургандан баштап эле ал

сергектик жана көрөгөчтүк менен өз ишин баштады. Район, шаарлардын жетекчилери менен али толук таанышып бүтө электе кагаз жүзүндөгү маалыматтарга алаксыбай баарын өз көзү менен көрүп, ынанып иш алып барууну чечти.

Алдын –ала кабарлабай эле салтанатсыз, шаан-шөкөтсүз жер-жерлерге бара жатып туш келген короо-жайларга кирип, карапайым элдин турмуш-тиричилиги менен өзү таанышып, алардын акыбалдарын өздөрүнөн укту. Баарына тез жетишти. Кыска, так сүйлөп, убакытты кымбат баалап тез эле, башкача айтканда бир айга жетип, жетпей облустун жалпы абалын тааный алды. Ошондуктан да быйылкы жылды облуста «жакырчылыкты жоюунун жылы» деп жарыялады. Анан эле жогорудагы токтомду кабыл алды.

Токтом тууралуу элде ар кандай күбүр-шыбыр болуп жатат. «Жаңы губернатор салт-санаабызды такыр жоюп коюптур. Эми той, мааракe өткөрө албайт экенбиз» дегендер бар. Жок, андай эмес. Мораторий жарыяланып, такыр болтурбай коюу эмес, минимумга кыскартуу маселеси, жакырдык өкүм сүрүп жатканда алабармандык, ысырапкерчилик кылбай, өз мартабасын көтөрүү үчүн ыксыз чыгымдарды жумшоого жол бербөө, сарамжалдуу-лукка, шаан-шөкөткө экиленбөөгө, акыл-эске чакырып жатат.

Мына ушул жагдайды элдин терең катмарына жеткирүү милдети акимдерге, айыл өкмөт башчыларына, биз ардагерлерге, айыл аксакалдарына, башка бардык жетекчилерге тиешелүү, Токтомдун маани-маңызын жеткирүү, адамдарды ынандыруу маселеси алдыбызда турат. Айылдагы жакырчылыкта жашаган адамдар көп убакта гезит алышпайт. Улам-улам, кээде суткалап электр өчүп турганына байланыштуу телевизорду толук көрө алышпайт. «Электр точкаларын башкаргандар энергияны үнөмдөсө сыйлык алышат экен» деген кабарды көп айтышат. Мунун чындыгы болсо бир ууч электриктердин кызыкчылыгы үчүн калайык- калкты кыйнагандын жөнү кандай? Ошондуктан Токтом тууралуу ооз жүзүндө түшүндүрүү зарылдын зарылы болуп турат.

Жакында облуста айыл чарбасы багытында болуп өткөн семинарда губернатор Накен Касиев – «Ар бир үй-бүлөнүн экономикасын көтөрбөй туруп биз эч качан кубаттуу мамлекет боло албайбыз. Өткөн он жылдык муну таасын айтып турат»- деди. Бул адилеттүү айтылган таамай сөз.

Мен айыл жерине көп барам. Шаарда жүрүп да айылдан келген тааныштарымдан ал-акыбалды сурап турам. Жылдан-



жылга жакырчылык азаюунун ордуна көп жерлерде арбып жатат. Бир айылда жүз үйлүү жашаса анын теңинен көбү жакырчылыкта күн өткөрүшөт. Калган теңинин да баары бардөөлөт эмес. Орто тиричиликтери бар. Ошол эле учурда бизнесмен, бай, фермерлер, дыйкан чарбаларын башкаргандар жашашат. Ак эмгеги, өз аракети менен байыган адамдарга алкыштан башка айткың келбейт.

Ал эми жакырчылык тууралуу ой жүгүртсөм мындай; ошол бир эле айылда, ал турсун коңшу жашашкан үй-бүлөлөрдөгү ишке жарамдуу адам күчтөрү бирдейлерде эки башка көрүнүш. Бири бай да, экинчиси жакыр. Себеби эмнеде? Менин жеке оюмча иштин көзүн билбегендик, өтө эле жалкоолук, кур намыска жетеленип кеткендик го. Буга бир топ мисалдарды келтиргим келет.

«Ат-адамдын канаты», «Аттан кийин жат» деген эл сөзү бекеринен чыккан эместир. Ата-бабаларыбыз ат жалын тартып минип келген. Минер аттарын арыктатпай, жүдөтпөй багышкан. Ат адамдарга абийир-намыс алып берген. Байлыгына ортоктош болгон. Ат менен жортуулга чыгып, жоону жеңишкен. Мен айтпай эле алар түшүнүктүү. Азыркы күндө да ат керекпи? Албетте, керек. Тилекке каршы кур намыска берилип кетип аттан колун үзө албагандар бар. «Улак чыкса баралбай калат экенсиң, теңтуштардын катарынан чыгып калат экенсиң» деген шылтоону көп угам.

Ошондой кур намыска чыдабаган менин бир таанышым өткөн жылы музоолуу уюн, эки коюн сатып ат алып алчактап калганын билем. Улакка чабылып жүргөн ат экен. Бир жолу көргөнүмдө ээрден түшпөй атынын жалын тарап үзөңгүсүн чирене тээп, улак чаап жүргөнүн сыймыктана кеп кылды. Чын дилимден куттуктап койдум. Быйыл кышта айылга барып калып, жөө өтүп баратып ошол таанышымдын жол боюндагы үйүнө туш келип, бастырмада турган баягы атты көрдүм. Арыктап жүдөп, акурун жыттап турган ат акырын баш көтөрдү. Көздөрү жалжылдап ыйлагансып көрүндү. Аңгыча үйдөн чыга калган аял мени менен учурашты. Ал-жайын сурадым.

- Э, аке жакырчылык муунтуп атат-деди аял кабагын ачпай. Анан ал балдарынын кийими жок, окууга толук катыша албай жатканын, үч айдан бери кумшекер көрө электигин, эптеп кара нан менен оокат өткөрүп атканын айтып бүжүрөдү. Уюн, коюн сатып ат алганын биле турганымды, быйыл чөп, жем жок кыш башталарда эле атты сат десе көнбөй койгонун, ошол көчөдөгү



**Дүйнөлүк Ага-Хан фондусунун төрагасы, принц Карим Ага-Хан менен жолугушуу.**

**Бишкек, Октябрь, 2001-ж.**

коңшу жигит ушундай улакчы атын 20000 сомго сатып, «Москвич» машина алып, азыр кире кылып күнүнө 250-300 сомдон таап, турмушун дурустап оңдоп алганын кошумчалады.

- Өзү кайда?-дедим.

- Кайда болчу эле? – деп аялы көз жашын сүрттү - кечээ арпана улак чабышкан. Анан улакка союлган улактын этин жешип арак ичиптир. Башын көтөрө албай жатат, бейдаба тууганыңыз. Аттын да, балдарынын да убалына калды. Же элдин атындай болуп бул ат кош тартып, чийне сүйрөсөчү. Үркүнчөөк. Ушул сегиз сотых огородубузду солярка сатып алып, акы төлөп тракторго айдатабыз…

Сураштырсам атын өзү жакшылап карабайт экен. Көбүнчө аялы от салып, аялы сугарып жүргөнүн айтышты. Айылда андай көр намыстар көптүгүн билдим. Азыр бир машина чөптүн баасы 3000 сомдон кем эмес. Жүгөрүнүн бир килограммы 4,5-5 сомдон. Улакчы ат орто эсеп менен күнүнө 6-8 килограммдан жем жеш керек. Өткөн жылы чөп да, эгин да болбой калганы айылдыктардын колун ого бетер жукартты. Күнүнө 5



килограммдан жем жегенде (биз жүгөрүнүн баасын алдык, арпа базарда жок) бир айда улакчы ат 150 килограмм жем жейт. Бир машина чөп деле ошончо убакытка жетет. Эсептеп көрсөк бир эле улакка чабылган ат айына 4-5 миң сомдук сарпты талап кылып олтурат. Ал эми ошол эле улак чапкандардын көбү 400-600 сомдон пенсия алышат. Же такыр иштиз.

Жардылык кайдан келип чыгып атат? Бул айылдагы бир гана маселе. Эгерде жогорудагы аял айткандай, улакчы атты сатып жеңил машина алып, ар жакка кире кылып акча тапса дурус эле турмуш болот экен. Анда балдарына кийим-кече таап, мектепке баруусун үзгүлтүккө учуратпай, оокат-тиричилигин жакшыртып, ашканына мал күтүп алса болбойт беле? Ошентип, бир –эки жылдын аралыгында жакырчылыктан аз болсо да чыгып алмак. Азыр улакка чабылуучу аттын орточосу 18—20 миң сом. Убактынча улак чаппай, кур намыстык кылбай ошончо акчага уй, кой алып (аларды багуу да оңой, уйга саман, койго аз эле чөп сарпталат) балдарына сүт, каймак ичирсе болбойбу?

Айылдан бир карыя менин жогорудагыдай оюмду муюп угуп олтуруп мындай деди: «Менин баламдын да улакка чапкан аты бар. Чөбү да, жеми да эбак түгөндү. Кемпирим экөөбүздүн пенсиябыз тиер замат жарымына ун, жарымына атка жем-чөп алабыз. Сатайын десем балам теңтуштарынын катарынан калып сомсоебу дейм. Эми жаңы губернатор аш-тойду токтотуптур. Атты сатат окшойбуз». Мен Токтомдун маанисин түшүндүрдүм. Элдин салт-санаасына эч кандай тыюу салынбагандыгын, убактынча гана жакырчылыктан чыгып алганча гана ашыкча чыгым болтурбоого, жүздөгөн мал союлуп, жүздөгөн адамдарды алаксытпоо тууралуу түшүнүк бердим. Олтургандардын көбү ынанып калышты.

Арпана улактын мааниси мындай. Аты барлар он-он беш, кээде жыйырма болобу акча топтошуп серке, улак же эчки сатып алышып көкбөрү тартышат. Кээде биринин чекеси көгөрүп, биринин колу кайрылып тарашат да, акча төлөгөндөр ийленген этти бышырышып анан аракка акча жыйышат. Анан жогорудагы менин тууганыма окшоп эртеси башы ооруп калат. Атын болсо, аялы карайт. Чыныгы улакчы киши атын антип бакпайт. Атынын кирпигине кир жугузбайт, белгилүү убакта жем, чөп берет. Сугарат. Айткандарым ынанымдуу болуш үчүн бир мисалды келтирип кетейин. Кара-Суу районунун Лангар айылында Ажиматов Арипжан деген улакчы бар эле. Анын атасы да улакчы болгонун билем. Арипжандын темир көк улакчы атынын да

көкбөрүдө соорун коюлган жерге кантип жетип, токулуу атты утуп алганын өз көзүм менен көргөмүн. Темир көк жалына көкбөрүгө чабылган торпок түшөрү менен, канаттуудай учуп бир дагы атты куйрук улай жакындатпай озуп кеткен.

Ал канча жолу автомашина, төө, ат, кой утуп алганын көпчүлүк билишет. Ал өзүн да багып, ээсин да байыткан. Өткөн жылдын башында казакстандык улакчылар атайын келишип жаңы КАМАЗ машинасына алмаштырууну суранышканда бербей койгонун уккамын. Аз өтпөй башка бир үркүнчөөк атын мине коюп жыгылып, Арипжан каза болду. Ошондо темир көк ат үч күн бою көзүнөн жаш куюлуп жем, чөп жебей турганын лангарлыктар сөз кылып жүрүшөт. Албетте, аттын баары андай болбойт. Арипжан ал аты менен Казакстан, Өзбекстан аймактарына барып чоң маарекелерде, чоң соорундарга ээ болуп жүрчү. Андай соорунуна машина же башка кымбат нерсе коюлган тойлор чанда гана болот эмеспи. Арпана улак үчүн же кийимге же оокатка жетпей туруп, атка умтулгандарга кейиштүү кеп айткандан башка арга жок.

Республикабыздын жер-жерлеринде кайрымдуулук, ашар маселелери арбып баратканы кубанычтуу. Таласта, Нарында, башка көп жерлерде бизнесмен атуулдар жарды жашагандарга экономикалык жактан жардам көрсөтүшүп, көпүрө курушуп, жол салышып, мечиттерди бүтүрүп берип жатышат. Биздин облуста да жүздөгөн андай атуулдарыбыз бар. Алар өз райондорундагы, өз айылындагы жарды жашагандарга мүмкүнчүлүгү болушунча жардамдашып, бүтпөгөн иштерди бүтүрүп берүүгө көмөктөшсө деген тилекти айткым келет. Жеке баюуну, өтө эле өзүмчүлдүктү таштасак, жакыр үй-бүлөлөргө да сүрөөнчүлүк кылсак. Ал эми бүт жигерин коюп, аруу тилеги менен баарыбыздын ооматыбыз үчүн кам көрүп жаткан губернаторубуз Касиев Накен Касиевичтин баштаган ишине колдоо көрсөтүү биздин парзыбыз болуш керек.



# ЖҮЗҮ ЖАРЫК ЖҮЗ КҮН

Ош эли XX кылымдын акыркы күндөрүндө көптөн бери эңсеген «Ош—3000» улуу маарекесин салтанаттуу өткөрүп андан кийин эле жооптуу да, ардактуу да болгон Президенттик шайлоону ынтымактыктын, Президентке берилгендиктин жана анын жүргүзгөн саясатына ынангандыктын кырдаалында өткөрүшүп ооматы келип, маанайы жаркын болуп XXI кылымды тосуп алган учурда Касиев Накен Касиевичтин губернатор болуп ке-лишин жакшы ой тилекте тосуп алышты.

Ооба, Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин 2000-жылдын 31-декабрындагы Накен Касиев жөнүндөгү Указын жана облКеңештин депутаттарынын заседаниесиндеги Премьер-министр Курманбек Бакиевдин сунушун Оштук депутаттар бир добуштан колдошту. Накен Касиев облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын креслосуна олтурган күндөн тартып өз ишин аппараттын кызматкерлери менен таанышуудан баштады. «Биз Президентибиздин саясатын элге түз жеткирип реформалардын иш жүзүнө ашырылышын бекем колдоп, ар тараптан ак эмгектенүү менен аракет жасашыбыз керек» деп айтты ал кызматкерлерге.

Ошол эле учурда губернатор өткөн жылдардагы жасалган жакшы иштердин чыпчыргасын коротпой сактап калуу зарыл экендигине токтолду.

Мындан ары той, маарекелерди өткөрүп ыксыз чыгымдар кетирип, көптөгөн элди алагды кылган ар кандай шаан-шөкөттөрдү чектөөгө, бөгөт коюуга, облустун экономикасын көтөрүүнүн жолдорун издөөгө карата өз ой-пикирин, сунушун жана талабын айтты.

Албетте, алгачкы эле күндөрү губернатордун иш-аракеттери элге жете койгон жок. Андыктан ар кандай имиштер, ой жоруулар болуп жатты. Айрыкча, республикалык басылмаларда жаңы дайындалган министрлер, губернаторлор тууралуу ой жоруулар болду: «Аалам» гезити өзүнүн 2001-жылдын 10-январдагы санын-да «Ким кайда көтөрүлдү» деген теманын алдында Н. Танаев,



**Премьер -министр Курманбек Бакиев Оңго.**
**Солдон оңго: Ош шаарынын мэри Ж. Сатыбалдиев, облус губернатору Н. Касиев, Премьер министр К.Бакиев, Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары М. Сиражидинов.**

Э.Топоев, К. Жумалиев тууралуу ар кандай божомолдорун айтып келип минтип жазды: «Андан ары кызыгы дарыгер Накен Касиевдин Ошко губернатор болгону. Туура, экс-мамкатчынын шайлоодогу «заслугасы» акталышы керек, бирок килейген областы дарыгерге ишенип берүү менен айыл чарбалуу областы талкалап албайбызбы?»

Ансыз да имиш-имиштерге кулагын түрө салып жүргөн кайсы бир адамдарга кошул-ташыл болуп күмөн саноо, ишенбөөчүлүк туудурду. Такыр саясатка аралашпай өз тиричилигим менен алек болуп жүргөн мени да ойго салды. Андыктан да губернатордун ар бир күнүнүн кандай өткөнүн, жетекчилик ишин кандай алып барып жатканын, район-шаарларда болуп эл менен бетме-бет сүйлөшкөнүнө чейин билип турууга кызыктым. Басма сөздөр, теле, радио аркылуу, кабылдамасында болгон адамдар аркылуу маалымат алып турдум.

Губернатор биринчи күндөн тартып ишин сергектик менен баштады. Баарына тез жетишти. Дем алышы жок ургаал иштеди. Кайсы жерде болбосун кыска, так сүйлөдү. Адамдарды уга билди. Тааный билди. Чоң- кичине дебей бардык ишти бирдей жагдайда карады. Ар бир күндүн минутасына чейин пайдаланды.



Губернатордук ишине киришкенге он күн толбой туруп облустагы журналистер менен жолугушту. Анын сүйлөгөн кыска сөзүнөн эле биринчи ишмердүүлүгүнүн күнүнөн тартып жергиликтүү телени көрүп, радиону угуп, газеталарды үзбөй окуп турууга убакыт тапканы билинди. Губернатор облустук басылмаларда теле-радиодо оппозициялык маанайды кармагандардын жоктугу жагымдуу көрүнүш экендигин баса белгиледи.

Накен Касиев райондордон, шаарлардан, мекеме-уюмдардан түшкөн кагаз жүзүндөгү маалыматтарды өз көзү менен тактап көрүүгө кызыкты. Кагаз маалыматтарына ишенип же аларга алагды болууну туура көрбөдү. Кара-Суу районунда болгон иш сапарында үстүртөн гана көрүп коюунун ордуна ар бир ишкана, фермер, айыл өкмөтү менен өзү таанышып, аердеги адамдардын өздөрүнөн ал-абалын угуп билди. «Шарк» айыл өкмөтүндөгү үй-бүлөлүк дарыгерлер 4 врач, 9 медсестранын өздөрү менен кезигип аңгемелешти. Ошердеги техсервисте, «Чолпонай», «Бекбоо» фермердик чарбаларда Отуз-Адырдагы «Ийгилик» фермердик чарбада, «Ош-Дюбек» акционердик коомунда, «Савай» айыл өкмөтүндө болуп шарт абалдары менен жеринен таанышты.

Губернатордук иш күнүнүн 20 сына чейин эле көптөгөн демилгелери эл оозунда айтыла баштады. Баарынан да губернатордун айыл кыштактарга барганда туш келген короо жайга кирип ал үй-бүлөнүн турмуш абалын сурап, жашоо шартын өз көзү менен көргөндүгү даңазаланды. Эл деген эл эмеспи. Көбү бир кездерде Султан Ибраимов ушинтип элдин мүдөөсүн канааттандырганын, ал кишидеги жөнөкөйлүк, адамдарга жакындык Накен Касиевде бар экенин сөз кыла башташты. Ал турсун көп карыялар «бул жетекчи бизге оомат алып келчүү жетекчи экен» дешип карт жүрөктөрүн элжиретишти.

Жаңы губернатордун жагымдуу бул иштери чагылгындай эле тез тарады окшойт. Республикалык газеталарда мурдагы күмөн саноосун токтотушуп, башка мааниде жаза башташты. Эми «Аалам» 2001-жылдын 17—23-январдагы санына минтип жазууга аргасыз болду: «Ошко губернатор болуп турган Накен Касиев ишти кызуу баштады. Күнү-түнү тыным албай чоң областын район, айылдарын кыдырып таанышып жүргөн кези. Накен Касиев үчүн чындыгында Ош областы илгертен тааныш, учурунда көп жыл ден-соолук тармагында иштеп кеткен.

Губернатордун өзгөчө: «Ашыкча той-топур өткөзүп, болбогон шылтоо менен карапайым элди кыйнаганды токтотолу. Андан көрө өндүрүштү иштетип, айыл чарбасын көтөрөлү.

Тойлош качпайт. Ишти жолго коёлу» деген демилгеси элге майдай жагып, «Айтпасаң коё кал, Ак сөз го…» дедиртип шыпшынтып турган кези»

Ага удаалаш «Асабанын» 2001-жылдын 22-январын-дагы санында: «Жаңы дайындалган губернатырлар барары менен эл кыдыра баштады. Накен Касиев манчыркама манап мырзаларга окшобой күн мурдатан даярлап коймо «үлгүлүү» үйлөргө кирбей өзү каалаган үйлөргө кирип чыныгы турмуш менен таанышып, ыксыз тойлорду токтотуу жөнүндөгү токтомго кол койду» деп жазды.

Мындай губернатордун баштаган ишине тан берүү, күмөн санаган ой жоруулардан кайтуу көп адамдарда да болду. Иш күнүнүн тогузунчу, тактап айтканда 9-январь күнү «Салтанаттарды жана маарекелик иш-чараларды тартипке салуу жөнүндөгү» Токтомго кол коюп, арадан он күнгө жетпей анын аткарылышынын жүрүшүн талап кылган жолдомо катын райшаар мамадминистрацияла-рынын башчыларына, райшаар Кеңештердин төрагаларына, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилерине жолдоду. Анда Токтомдун ишке ашышына карата көрсөтмө берилди, жетекчилердин жеке жоопкерчиликтери талап кылынды.

Менин жазуучулук өмүрүм жетекчилике же башка бир чиновниктерге кошомат кылуудан, жасакерленбеген калыпта чыгармачылык кудуретиме ылайык өтүп келе жатат. Чындыкты айтпай коё албаган пейилим картайганга чейин өзгөрбөдү. Шаарга аким болуп келери менен «Акыл айтпайм, акылдашсак дейм» деген теманын алдында Ош шаарынын жаңы акими Ж. Сатыбалдиевге Ачык кат жаздым. Анда мен шаардагы көптөгөн проблемаларды козгоп, аларды аткарууда жаңы акимдин алдында олуттуу жоопкерчиликтин тургандыгын, ал эми аларды жөнгө салууда жаш жетекчинин тажрыйбасы жетиштүү экенин каалоо иретинде айтканмын . Ачык кат губернатордун күнүнүн 24 үндө газетага чыкты.

Арадан үч күн өткөндөн кийин,27-январда губернатор мени кабылдоосуна чакырды. Эмне маселе боюнча чакыртылганыма ой жүгүртпөй коё албадым. Накен Касиевди сыртынан жакшы билем. 70-жылдардын башында Ошто иштеген. Башкы башкармачылыктын 4-ооруканасында жатканымда ал киши ошерде врач эле. Бирок, жакындан сырдашып, аңгемелешкен эмесмин.



Губернатордук бул кабинетке мен көп жолу киргемин. Анын төрүндөгү креслодо олтурган жетекчилердин көбүнүн көз карашын баамдай алгамын. Арийне, ар бир жетекчинин өз иш стили, адамга кылган өз мамилеси, көз карашы, пейили болот эмеспи. Кабылдамада олтурганда ар убак мурда көрүп-билген жетекчи инсандардын элеси көз алдынан зуу этип өтүп, жаңыдан учураша турган жетекчи бүдөмүк ойлорго чулгайт го.

Накен Касиев менен жолугушуу сылык сыпаа болду. Анын кабыл алуудагы кыска жана нуска сөзү кичи пейилдүүлүгү, адамды өзүнө тартып, жетекчилик сүрү жоктугу, жумшак пейили, ошол эле учурда башка нерселерге алаксыбай иш боюнча даана сөздөрү жүрөгүмө жылуулук куйду. Жогорудагы шаар акимине жолдогон Ачык катты окуганын айтты. Кыска сүйлөшүүлөр болгон. Ушул азгана убакытта ички сезимдерим дүүлүгүп, боюм балкып, маанайым жарыганын сезбей калдым. Качан, каерде ушундай бир абалга туш болдум эле? Кайсы жетекчинин кабылдоосунда ушинтип дүйнөм кеңип асманым чайыттай ачык болгон? Ал ойлор мени мындан отуз жыл мурдакы курагыма, ошол курагымдын сыймыктуу бир күндөрүнө жетелеп кетти. Ооба, ушул эле кабинетте ушул эле креслодо Султан Ибраимовдун маңдайында олтурганымды көңүлгө келтирдим. Жогорудакы карыядан уккан «бул жетекчи бизге оомат алып келчүү жетекчи экен» дегени кулагыма кайта-кайта жаңырып келе берди.

Мен Накен Касиев айтылган ой-пикир максаттуу болсо сөзсүз колдоого аларын түшүндүм. Ички ой-сезими таза, пейили кенен экендигин туя алдым. Жеке адамдын да, бүткүл элдин да мүдөөсүн орундатууга даяр экенине көзүм жетти. Ишке тактыгы, кемчилдике тынчсыздангандыгы, эртеңкиге ишеними жүзүнөн да, сөзүнөн да байкалып жатты. Кабинеттен оюм байып, көңүл кушум көтөрүлүп, жеке өзүмдүн эмес элдин ажары ачыларына кубанып бараттым. Жарым саатка жетпеген убакытта мен ушунчалык жаркын маанайга ээ болдум. Ал эми бул кабинетке күн сайын канчалаган адамдар киришет. Алардын баары мага окшоп ыраазы болуп өмүрү да көңүлү да жашарып чыгышса облустубузда канчалаган жаркын маанайлуу адамдар жашап калат?

— Ассалому алейкум, Ташыке — деген үн менин кыялымды бузду. Маңдайымда келаткан адабиятчы иним Жээналы Шериевди байкабай калган экенмин.

— И, Ташыке! Маанайыңыз жарык, өңү, башыңыз тамылжып калыптыр да — деди Ж. Шериев.

— Жакшы адамдын жарыгы тийди окшойт — дедим туюк эле.

Ал дагы адабиятчы катары, профессор катары губернатор тууралуу өз ойлорун айтты. Калк Ассамблеясынын облустук бөлүмүнүн төрагасы катары көп жыйындарга катышкандыгын, Накен Касиевдин аерлердеги сүйлөгөн сөздөрүндөгү өзгөчөлүктөрдү, коллегия өткөрүүдөгү жоопкерчиликти талап кылуучулугу тууралуу тамшанып, ыраазы болуп кеп салды.

— Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын этикасынын негиздери жөнүндөгү жободо айтылган сылык-сыпаа, сабырдуу, принциптүү болууга маселенин түпкү өзөгүн терең билүүгө умтулууга, сүйлөшүп жаткан адамды уга жана анын позициясын кабыл ала билүүгө, ошондой эле чечимдерди калыс жана жүйөлүү кабыл алууга тийиш деген касиеттер Накен Касиевде бар экен—дедим.

-Жазуучулук баамыңыз күчтүү да деди Ж. Шериев, - ар бир эле киши биринчи жолукканда буларды байкай албайт.

Экөөбүз көңүлдүү коштоштук.

Губернатордун иш күнү улана берди. Күн сайын жолугушуулар, чыгып сүйлөөлөр болуп жатты. Кыргызстан калк Ассамблеясынын Оштогу бөлүмүнүн өкүлдөрүн кабыл алып эркин дидарлашуусу, улуттук-маданий борборлордун жетекчилерине кайрылуусу, айыл чарбасы, үрөнчүлүк боюнча семинарга катышуусу, Ош шаарынын мекеме-ишканаларын кыдырып чыгуусу,бюджет маселесин караган облустук Кеңештин заседаниесинде чыгып сүйлөөсү, Өзгөн жана Кара-Кулжа райондорун кыдырышы губернатордун иш күндөрүнүн жемиштүү болгонун далилдейт.

Губернатордун иштеген жүз күнүнүн он күнү облустун тарыхында кала турган өзгөчө күн болду десем жаңылышпасмын. Россия Федерациясына иш сапары менен барып Ош—Ярославль облустарынын кызматташтыгына жол ачып, достук тыгыз байланышты түзүүдө Накен Касиев билгичтик жана көрөгөчтүк менен иштеди. Россиянын бул өнөр жайлуу облусуна баруу менен губернатор андагы «Белорусь» тракторунун моторун чыгаруучу заводдо, сигарет чыгаруучу, жип ийрүүчү, бир катар ири жана орто өнөр жай ишканаларында болду.

Облустагы жылына 23,5 миллиард даана сигарет чыгаруучу «Балканские звезды» сигарет фабрикасында болуп анын иши менен таанышып чыкты. Алар жылына Кыргызстандан 2 миң



тоннанын тегерегинде тамеки сырьесун сатып алат экен. Ал жалпы керектөөнүн 10 гана пайызын түзөт. Кыргызстандан тамеки сырьесун сатып алуунун көлөмүн эки эсеге көбөйтүүгө каалоолору бар экенин билип кайтты губернатор.

Жаш улгайган мезгилде кадаланып калем кармап облустун губернаторунун жүз күндүк ишин иликтеп жазуу мага керек беле? Же ким бирөөлөр азил-чындап айткандай арзыбаган калем акы үчүнбү? Жок, замандаш! Мен Оштун атуулумун. Кыргыз журтчулугунун атуулумун. Улуу Ата мекендик согуштун оор жылдарында али кабыргам ката электе мектепти таштап колхоздо иштеп, 1948-жылы Ошко окууга келгемин. Ал кезде «обком», «облусполком» деген сөздөрдүн маанисин түшүнө берчүү эмесмин. Ошол кезде Кадыркул Качикеевдин ысмын угуп өзүн да көргөнүм бар. Облусполкомдун төрагасы экен кийин билсем. Ошол киши бүт Ошту бийлегендей көрүнчүү. Кийин мен онунчу класста окуп жүргөн мезгилде ал киши Кыргыз ССРинин пахтачылык боюнча министри болуп кетти.

Арасында 4—5 жылдар гана танапис болбосо ошол жылдардан ушул күнгө чейин Ошто жашайм. Ошко келген көптөгөн жетекчилерди билем.

Албетте алардын бардыгы менен эле жүзмө-жүз сүйлөшкөн эмесмин. Бирок алардын Ошто кантип иштеп, кантип кайсы кызматтарга көтөрүлгөнүн айта алам. 50-жылдардын башында обкомдун биринчи катчылыгына Нарожный, Яковлев деген келип кайда кеткенин билбей калдым. Кийинки Т. Балтагулов, М. Абдыкулов, А. Сүйүмбаев, С.Ибаримов, Р. Кулматов, Т. Кошоев, М. Капаров, Б. Сыдыков, А. Эркебаев, Ж. Рустенбеков, А. Муралиев, Т. Акматалиевдер облустун жетекчилигинен түз эле республикалык кызматтарга көтөрүлүп кетишти. Ал жетекчилерди Оштун эли, Оштун тузу көтөрдү деп айта алам.

Керемettүү Ош өзүнүн тунук Ак-Буурасы, сөөлөттүү ыйык Сулайман-Тоосу менен гана кооз эмес, карапайым адамдары, ак жүрөк дыйкандары, келечекке умтулган жаштары менен даңктуу. Өнөр жайдын жана айыл чарбачылыгынын тармагы өнүккөн Фергана өрөөнүндөгү бирден бир салабаттуу аймак. Андыктан да Ошко келген жетекчи сыймыктанбай, жоопкерчилигин сезбей да коё албайт. «Ош жергеси дайыма өзүнүн мөмө-жемиш бактары, уч-кыйырсыз токойлору, тоолордун жана талаалардын кооздугу менен даңкталып келген. Үйлөрдүн бет жактарын жүзүмдүн туптунук шиңгилдери кооздоп турат, ал эми алмалар жана өрүктөр, гиластар жана кайноолулур, алмуруттар жана

шабдоолулар, анжирлер жана анарлар жанаша өскөн. Мына ушунун баарын мен укпастан эле билемин. Жаштык кезимде мага ушул берешен жерде бир нече жыл бою жашоого жана иштөөгө туура келген, мындагы адамдарды, уникалдуу токой массивдерин айтпаганда ар бир дарака этияттык менен мамиле жасашкандыгын, өздөрүнүн турак-жайларынын айланасын жашыл дарактар менен коздоого умтулушкандыктарын ушул убака чейин эсимде сактап жүрөмүн» дейт Накен Касиев өзүнүн «Жашыл көчөттөрдү. сактоо жана көбөйтүү керек» деген көрктөндүрүүнүн эки айлыгын жарыялоо тууралуу облустун элине кайрылуусунда.

Бул элдин мүдөөсүнө шайкеш келип, басма сөзгө жарыялануу менен жер-жерлерде колдоого алынган Кайрылуу губернатордун иш күнү элүүдөн ашып калган учур болучу.

Алтымыш күн артта калып март айынын башталышы губернаторду тынчсыздандырган олуттуу маселелерди чечүүгө аракеттенүү менен келди. Жетимишинчи күнгө кадам таштаар менен кезектеги облустук коллегия өткөрүп, башкы маселе катары жазгы талаа жумуштарын баштоо жана ийгиликтүү өткөрүү, коомдук тартипти сактоо боюнча кеңири машставда сөз болду. Коллегияны алып барган Накен Касиев облуста жазга даярдык көрүү иштери бир аз дурус экендигин белгиледи. Алдыда сугат системаларын кароодон өткөрүү, оңдоп-түзөө, күздүк эгиндерди убагында азыктандыруу, жазгы себүү жумуштарына даярдык, үрөн, урук, күйүүчү май жана майлоочу материалдар жана минералдык жер семирткичтер менен камсыз кылуу сыяктуу маселелерди чечүү турганын баса белгиледи.
Коллегияда коомдук тартипти сактоого да олутту көңүл бурулду. Кыргыз республикасынын ички иштер Министринин биринчи орун басары, генерал С. Дубанев, Кыргызстан мусулмандарынын муфтийи Кимсанбай ажы Абдыракмановдордун катышуусунда облустагы кылмыштуулуктун арбып баратканы, айрыкча. «Хизбут-тахрир» партиясы өзгөчө жан талашуу менен подпольеге кетип, ишин улантып жаткан аны менен күрөшүү чаралары белгиленди.

«Кылымдардан бери эле аялдарга тынчтыктын улуу миссиясы жүктөлүп, билимди алып жүрүүчү, үйүбүздүн куттуу очогун сактоочу болуп келе жатышат. Бүгүн облусубуздун коомдук турмушунда аялдар залкар күчкө ээ» деп белгиледи губернатор Аялдардын 8-март—Эл аралык майрамына карата «Жаңылануунун ачкычтары—жаркын аялдардын колунда» деген куттуктоосунда.





**Кара-Кулжа районунда.**

**Экинчи катарда: Кара-Кулжа районунун акими Рустам Анарботоев, ОшПЭСтин гендиректору, Кыргыз Эл депутаты Мухамед Алыкулов, облустун губернатору Накен Касиев, АО ОшТелекомунун директору Мырзабек Ботбаев, өзгөчө кырдаалдар Министринин орун басары Болот Айдаралиев. Биринчи катардагы отурган оңдон экинчи облустук маданият департаментинин башчысы Исрадин Аманбаев.**

**2001-ж.**

Март жаздын айы. Жер-Эне балкып булактарына суу ийитип, талааларга көктөмүн жайып, байчечекейин бажырайтып, адамдардын жарпын жазган мээлүүн да, ачык да күндөрү менен элдин көңүл кушун чабыттатып көккө учурду. Бул күндөрдө облусубуздун губернатору да маанайы жарык, көңүлү ачык кырдаалда элдин камылгасын көрүп жатты. Өзгөн районунда болгон учурунда да сел коркунучун жоюу чараларын алдыга койду. Кара-Дарыя, жазы Куршап, Зергер дарыяларында сел кырсыктарынын алдын-алуу тууралуу маселелерди чечишти.

Облустук Бириккен клиникалык ооруканасында облустук саламаттыкты сактоо кеңешинин кеңейтилген жыйынын өткөрдү. Медициналык тармактарды финансылоодон тартып саламаттыкты сактоонун абалы күндөн күнгө оорлоп, облуста учуктун, туберкулездун, наркоманиянын, ар кандай башка жугуштуу оорулардын, венерологиялык илдеттердин жайылып

кетип калайык калкка коркунуч туудуруп жатканын өкүнүү менен белгиледи губернатор. Аларды жоюу мүмкүнчүлүгү бар экенин, андыктан да тез арада иш чаралар иштелип чыгып абалды оңдоп жакшыртуу боюнча тапшырмаларды берди.

Облуста көрктөндүрүүнүн эки айлыгын өткөрүү жана Ош шаарын тазалап тартипке келтирүү максатындагы 2001-жылдын 17-мартындагы Ишембилик, 21-марттагы Нооруз майрамдары өткөрүлгөн күндөрү да губернатордун иш күндөрүнүн жемиштүү жана өзгөчө эсте каларлык күндөрү болуп калды. Накен Касиев Ишембиликте шаарды бүт кыдырып жүрдү. Нооруз күнү майрамды уюшкандыкка жана тартип менен өткөрүүгө жетишти. Губернатордун сүйлөгөн кыска сөзүнөн эле элдин духу көтөрүлүп, жаз күнүнүн жаркырап турганына адамдардын да жүздөрү жаркырап, маанайлары ачылып кеткенсиди.

Ал өзүнүн иш күнүнүн 90-күнгө таяна берген учурунда дагы бир жемиштүү жана өтө пайдалуу иш жасады. Ал коңшулаш Анжиян облусуна иш сапары менен барып, мурдакы достук салтыбызды дагы да чыңдап келди. Анжияндык жетекчилер менен жылуу-жумшак пикир алышты. Жайлоолорду, жайыттарды биргелешип пайдалануу маселелерин чечишти. Жол катнаштарындагы айрым бир тоскоолдуктарды, кээ бир посторду жоюу тууралуу макулдашылды. Ошондой эле пахтачылыгы өнүккөн методун анжияндыктардын пленка алдында чигит эгүү методдорун Ош облусунда да колдонуунун жолун ачып келди губернатор. Быйыл Кара-Суу районунун Нариман айыл өкмөтүндөгү Кыргыз эл депутаты Эркинбай Кочкоров башкарган «Хасил» айыл чарба кооперативиндеги 600 гектар аянттын 500 гектарына пленка алдында чигит эгилмек болду. Анжияндыктар макулдашкандан кийин арадан аз убакыт өтүп эле чарбага 15 тонна пленка беришти. Бул тажрыйба жакшы натыйжа берсе, келечекте облуста пленка алдына чигит эгүүгө дээрлик чарбалар өтмөкчү. Бул Ош облусунун тоо этектерине эгилген пахтанын, түшүмдүлүгүн көтөрүүнүн бирден бир жолу болуп саналат.

Накен Касиев губернатодук жүз иш күнүнүн акыркы күндөрүн жыш толгон пайдалуу жолугушуулар менен өткөрүп келүүдө. Ал Ош аэропортунда болуп анын коллективи менен кенен кесири аңгемелешип, учурдагы жүргүзүп жатышкан иштери жана алдыдагы пландары менен таанышып чыкты. Күн сайын өнөр жай жана айыл чарба маселелерин камтыган жыйынтыктарга катышышып жатат. Облустук басмакананын,



облустук гезиттердин муктаждыктарын чечүү боюнча чараларды көрүүдө.

10-апрельде Накен Касиевдин губернатордук ишин баштаганына 100 күн толду. Ооба, жүзү жарык 100 күн өттү. Бул убакыттагы губернатордун аткарган иштерин санап бүтүү да кыйын. Мен негизги аткарылган иштер боюнча гана кагазга түшүрдүм. Менин байкашымча Республиканын борборуна ар кандай жыйындарга барганда да дароо эле Ошко кайтып ишин улантууга шашылат экен. Муну мен да эл да анын облустун көптөгөн маселелерин чечүүгө, элдин мүдөөсүн аткарууга кылган жигердүү далалаты деп туюуга болот.

Эл арасында жагымдуу жакшы ой-тилектер, каалоолор айтылып жатат. Адамдарга жакындыгы, чоңбу, кичинеби бардык ишке кунт коюп, аны туура дыкаттык менен чече алгандыгы кеп болууда. «Оштун тузу колдосун бул жетекчини. Кичи пейил, жөнөкөй жетекчибиздин жүзү жарык турбайбы, эми ишибиз алга кетет» дегендер көп болуп жатат.

Алдыда 100 күндөр али көп. Ылайым эле Накен Касиевдин ар бир иш күнүнүн жүзү жарык болсун деген тилекти айтмакчымын.

Апрель, 2001-ж.



**Дем алыш күнү. Накен Касиев жубайы Марипа менен Сулайман-Тоосунун этегинде.**

# ДӨӨЛӨТКӨ ШЕРИКТЕШ ЖЫЛ

## I


Кереметтүү Оштун сөөлөтү да, дөөлөтү да болуп кербезденген Сулайман-Тоо алда кайдан көгүлтүр тартып көрүнүп, айтылуу Ак-Буура күмүштөнүп ак шары заман күүсүн улап агып жатат. Орто Азиядагы Улуу жибек жолунун тоому болгон байыркы бул шаар 3000 жылдык даңктуу тарыхый жолу менен дүйнөгө таанымалдыгын дагы бир жолу эске салгым келет. Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш жагынан Кичик-Алай тоо кыркаларынын этегинен орун алган, климаттык шарты дан эгиндерин өстүрүүгө, мөмө-жемиштин кайсы түрү болбосун тамыр жайып мөмөлөгөн, малга жайлуу бул аймактын меймандос, кең пейил, март, карапайым калкы тууралуу айтылып келаткан аңыз кандайдыр бир жомок эмес чындык экенин туюп-таануунун өзү улуу иш эмеспи!

Ошондуктан да ким болбосун, мейли ал жетекчиби, аз күнгө келген мейманбы, окутуучу же студентпи, айтор, кыргыз, өзбек улуту басымдуулук кылган көп улуттун өкүлдөрү жашап, эмгектенген Ош облусунун элинин ой-тилеги, максат-мүдөөсү, ыйман-ырыскысы менен жуурулушуп кете алдыбы? Оштун тузунун оор-жеңилдигин салмактап, ачуу-таттуулугун даамдап ылгай алдыбы? Дыйкандык-багбандык, усталык-зергерлик, сыпайылык-сылыктык, улуулук-намыстуулук касиеттери менен ширелишип кете алдыбы? Албетте, мына ушуларды жүрөгү менен туйган, акыл-баамы жигери менен сезген, анан жан дүйнөсүн балкыта эл ишине берилген, жоопкерчиликти мойнуна алган инсандар оңдоп, жүздөп саналат.

Мен өмүрүмдүн 74 жылынын 53 жылын Ош шаарында жашап өткөрүүү менен жогорудагы көптөгөн суроолордун тегерегиндеги жагдайларды башымдан өткөрдүм. Мыкты жетекчилердин, мыкты атуулдардын жемиштүү иштеринин күбөсү болдум. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки жакырчылык өкүм сүрүп, чарбаларды калыбына келтирүү учурунда 1948-жылы шаарга







**2001-жыл, 9-май – Жеңиш майрамы.**

**Жогоруда: Ош шаар Кеңешинин төрагасы К. Азимов, облКеңештин төрагасы А.Исабаев, губернатор Н.Касиев, шаар мэринин биринчи орун басары М.Сиражидинов, губернатордун орун басарлары Р.Жолдошев, Ө.Алманбетов.**

**Төмөндө: Алдыңкы катарда. Облмамадминистрациясынын аппарат жетекчиси Д.Бердиев, Ош шаарынын мэри Ж.Сатыбалдиев, облКеңештин төрагасы А.Исабаев,губернатор Н.Касиев, облсоцфонддун жетекчиси И.Масаитов.**

окууга келип, анда облуста ким жетекчи, ал кандай иштеп жатат, ал тууралуу түшүнүгүм болгон эмес. Элүүнчү жылдардын аягында гана облустук басма сөз тармагында иштеп жүргөнүмдө «обком», «Облисполком» дегенди даана билип, анда иштеген жетекчилердин кимдигин таанып, кантип иштегендерин элден угуп, айрым учурларда өзүм аралашып көрүп калгамын.

Ош обкомуна биринчи катчы болушуп ондогон кишилер келип кетишти. Алардын ар бири өз иш стили менен эл кызматын аткара алышты. Аткарган мамлекеттик жооптуу иштери бирдей багытта болсо да жекече өздүк мүнөздөрү, ички жана сырткы жүрүш-туруштары маданияттары бирдей болгон жок. Кээ бирөөлөрү ураалап үстүртөдөн иштешти. Партиялык чакырык, опузалоо, коркутуу-үркүтүү, сүрмөлүк менен кызмат абалынан пайдаланып чиновниктик кылып жумушун алып барса, айрымдары акыл-баам парсаты менен элдин жашоо турмушун терең үйрөнүп, түрдүү улуттардын катмарынын психологиясына жуурулушуп, жаманына да жакшысына да тегиз, бирдей мамиле кылып, сылык-сыпаалыгын, айкөл акылын, дилин, күч-кубатын сарптап иштешти.

Андай жетекчини эл унутпады. Учурунда урматташты. Акылына, айтканына ынанышты. Шыктанган, аны колдогон кырдаалда эмгек кылышты. Башка кызматка кетип калса аны сагынышты. Артынан алкыштарын жаадырышты. Алардын бири – кыргыз элине бир жаралып келген улуу инсан Султан Ибраимов болчу. Ал инсан жетекчи болуп келген учурда да эл арасында жакыр жашагандар болгон, ар убакта боло берет тура. Облуска келген ар бир жетекчи жакырчылык менен ар кандай жол менен күрөшүштү.

Султан Ибраимовдун жетекчилик мезгилинде мен облустук телерадиодо жетекчи болуп иштегениме байланыштуу көп учурларда ал урматтуу адам менен жер-жерлерге кыдырып барып жүрдүм. Бүткүл эл үчүн да, жалгыз киши үчүн да камкордугун сезгемин. Кайсы ишти болбосун, өз көзү менен көрүп чыгып, анан чара көрчү. Элге жакын, жөнөкөй, ак пейил, боорукер болгондуктан адамдар арыз-муңун жакын бир адамына айткандай тартынбай бүт ички сырын, мүдөөсүн билдиришер эле. Эл жашаган айыл-кыштакты аралаганда үйлөргө кирип, жашоо турмуштарын көрүп, сураштырып, муктажтыктарын көңүлүнө туюп алчу.

Ал кишинин аброюн Оштун эли, Оштун тузу көтөрдү. Ошто он жыл иштеп анан Республикага жетекчиликке кетти. Эл кол



чапкылап чын дилден кубанышты. Анан каргашалуу кесепет болду. Оштун эли көз жашын көлдө-түп, каңырыгын түтөтүп кайгырышты. Ак-Буура аза күткөнсүп күңгүрөнүп акты. Кербезденген тахти Сулайман бул мүшкүлдү көтөрө албагандай салмактанып турду. Атаганат дечи... Кайгыруу, көз жаш убагында токтогону менен ал улуу инсандын ысмы түбөлүккө элдин жүрөгүндө калды.

Андан кийин да облуска көптөгөн жетекчилер келди. Эл алардын ар биринен Султан Ибраимовдун айкөлдүгүн, элге жакындыгын, камкордугун, адамгерчилигин, ишке талап коюучулугун, дагы, дагыларын көргүсү келди. Ошондой жетекчи менен иштөөнү сагынышты. Облустун жетекчисинин иш стилинен, жүрүш-турушунан, кызматтагы ордунан ал улуу инсандын элесин көрүүнү эңсешти. Тилекке каршы ага окшогондор, анын жолун жолдогондор жолуга койбоду.

Мен бул жерде Султан Ибраимовдон мурун да, кийин да облуска жетекчи болуп келип-кеткендердин биринин да ишмердүүлүгүнө, жеке керт башына шек келтирүүдөн ой чабым алысмын. Ар бири өзүнүн билимине, тажрыйбасына таянат, кудурети барынча элге кызмат кылып, облустун ишин алга



**Накен Касиев бош убактысында спортто жана чөп чабыкта.**

жылдырып кетишти. Жөн гана жазуучулук баамым менен элден угуп, өзүм туюп ынанган, анан жыйынтык чыгарып ишенгенимди көңүлдөн чыгаргым келип жатпайбы. Жылдын башында эле республикалык басма сөздөргө жарыяланган «Ошко оомат дагы келди» деген публицистикамда учкай айтылган болсо эми толугураак токтолуп, азыркы иштеп жаткан губернаторубуз Накен Касиев жөнүндө көз карашымды башка бироолорго таңуулабай, апыртбай, жасакерленбей (антүүгө жаш курагым да жол бербейт) өзүм көрүп-билип, туйган чындыкты сүрөттөп бергим келет.

Эски доор жаңы доор менен тогошуп 20-кылым 21-кылымга алмашты. Доор алмашкан учурга туш келген пенделер эми жаңы кылымда өмүр сапарларын улантууга ишенишип, өздөрүнүн бактаалайына шүгүрчүлүк келтиришип калышты. Жараткандан жакшылык, токчулук, мамыр-жумур тынчтык, ыйман тилешти. Ошентип, 2001-жылдын алгачкы күндөрү башталды. Бул мезгилге жаңы конушка көчүү, жаңы кызматтын креслосуна олтуруу да туура келди. Биздин Ош облусуна да жаңы жетекчи келди. Көпчүлүккө салт болуп калгандай жаңы губернатор тууралуу ачык айтуулар, күбүр-шыбырлар башталбай койгон жок. Баарынан да республикалык кээ бир басылмалар «бир дарыгерди чоң облуска жетекчи кылып койду, кантер экен эми?» деген күмөн саноолорун тартынбай басышты.

Андыктан да кызыгуулар туулду. Жаңы губернатордун кимдигин, кандай жетекчилигин көрүнөө да, көмүскө да таразалагандар көп болду. Алардын арасында мен да бар элем. Бара-бара ишенимдүү да, жылуу-жумшак да сөздөрдү уга баштагамын.

- Кечээ жаңы жетекчинин кабыл алуусунда болдум. Ой-тообо десе, жаным жыргап, көңүлүм көтөрүлүп чыкпадымбы. Ыймандуу, сылык сөздөрү, акыл менен баамдаганы сезилип, сүрү жок, жөнөкөйлүгү убагында мен урматтаган, сыйлаган бир адамга окшоп, анын кимдигин кыялымда кыйлага чейин табалбай адегенде алдастай түштүм. Анан каерде олтурганымды эстеп, ушул эле кабинетте, ушул эле креслодо мандай-тескей олтуруп, куду азыркыдай камкор мамилени жадыма салып ыраматылык Султан Ибраимовду көргөндөй болбодумбу! Биринчи жолу сүйлөшсөм да, он жыл бирге сырдаш кишимдей айтарымды айтып, дээримди деп анын адамгерчилигине ыраазы болуп, карт жүрөгүм жумшарып чыктым. Сыртынан окшош болбосо да ички дүйнөсү ошонукундай таза, өзү сергек экен. Облустун элинин



бактысына туш келген бул жетекчиден жакшылык эле күтүп калдым-деди бир жолу мурдагы партиялык, советтик кызматкер, азыркы ардактуу ардагер кубанганынката албай.

Кийин андай сөздөр көп угула баштады. Айрыкча, келген күнүнөн тартып эле эл аралап, атайын акимдер көргөзмөгө даярдап койгон үлгүлүү үйлөргө эмес, туш келген үй-бүлөлөрдүн короосуна кирип барып мал-жайын, бак-эгинин өз көзү менен көрүп , кантип жашап жаткандарын үй ээлеринен сурап билип жүргөнү айтыла баштады. Бат эле бардык райондорду кыдырууга жетишкенин басма сөздөн окуп, теледен көрүп жүрдүм. Алыскы Чоң-Алай, Алай-Куу элинен да кабар алып, облуста калктын кандай жашаганына көзү жетип, ишеними арткандан кийин гана иш чараларды иштеп чыгууга киришти.

Облуста кедейчилик кендирин кескен үй-бүлөлөр арбын бар экендигине, кыргыздын салт-санаасын бузуп, куру намыска берилип, бири экинчисине атаандашып, көп киши чакырып той берүү, ар кандай салтанаттарды өткөрүү, анын натыйжасында ашыкча ыгым-чыгым, ысырапкерчилик болуп жатканын, мындай абал менен жакырчылыкты жоюу кыйын болорун түйдү, түшүндү. Губернатордук креслого олтурганына бир ай толуп-толбой эки Токтом–ар кандай аш, той, салтанаттарга убактынча мароторий жариялап, анан 2001-жылды облуста «Калктын турмуш деңгээлин көтөрүү жылы» деп жарыялады.

Жыл башында эле бир жыйында сүйлөгөн сөзүндө «жалпы экономикабыздын кубаттуулугу ар бир үй-бүлөнүн экономикалык кубаттуулугунан гана куралат. Ар бир үй-бүлөнүн экономикасын көтөрбөй туруп биз эч качан кубаттуу мамлекет боло албайбыз» деген Президентибиз Аскар Акаевдин сөзүн мисал келтирип, ага өзү кошумчалап, жакырчылыкты жоюунун жолдорун баса белгиледи.

Жакырчылыкты жоюу боюнча Токтомдон келип чыккан иш-чараларды жүргүзүү үчүн губернатор өзү баш болгон атайын облустук комиссия түзүлүп, анын ар жердеги жумушчу топтору иштей баштады. Алар Токтомду кеңири түшүндүрүү менен бирге бардык жерде үй-бүлөлөрдүн пенсия, пособие алуу, дарылануу, башка социалдык муктаждыктарды жеринде чечүүнү колго алышты. Элдин жакыр катмарын аныктоо үчүн социалдык паспорттоштурууну жүргүзүштү.

Паспорттоштурууда облуста 43481 үй-бүлө, андагы 229450 адам колдоого муктаж экендиги аныкталды. Алардын ичинен 2978 үй-бүлөдө эмгекке жарамсыз, жалгыз бой, өтө карыган

адамдар бар экендигин, 11687 үй-бүлө эң жакыр, 28816 үй-бүлө малы, канаттуулары жок, жер участкалырысыз кедей турмуштагылар деп табылды. Ошону менен бирге облустун көптөгөн элдүү пункттарында таза суунун жетишсиздиги, медициналык тейлөөнүн начардыгы, мончолордун жоктугу аныкталды.

Токтомду түшүндүрүүнүн алгачкы этаптарында же март айларында эле көчмө семинарлар өткөрүлө баштады. Андайлар Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа, Өзгөн районундагы Жазы, Кара-Суу районундагы Шарк, Алай районундагы Коңур-Дөбө, Ноокат районундагы Мирмахмудов, Араван районундагы Алля Анаров, Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл өкмөттөрүндө, Өзгөн шаарында жана Ош шаарынын Туран кичи райондорунда өткөрүлдү. Ал эми май айында андай семинар-кеңешме Президентибиз Аскар Акаевдин катышуусунда Алай районундагы Корул айыл өкмөтүндө ийгиликтүү болуп өттү. Анын ишине облустардын губернаторлору, райшаар мамадминистрациялардын башчылары, айыл өкмөт башчылары, көптөгөн адистер, кызматкерлер катышышты. Бул республикалык семинар-кеңешмеде жакырчылыкты жоюунун негизги багыттары талкууланды.

Мындай республикалык семинар-кеңешме Араван, Ноокат райондорунда да болуп, облустагы бул үч жолку кеңешмеге 2,5 миң адам катышты. Булардан башка облуста он айдын ичинде 34 жолу семинар-кеңешме жакырчылыкты жоюуга арналып өткөрүлдү. Бул мезгилдин ичинде 20 миң адам укук маселеси боюнча түшүнүк алышты. 178 адам эмгек пенсиясын,1029 кишиге мамлекеттик пособие, 6603 адамды милдеттүү камсыздандыруу маселеси чечилип, 2081 киши ишке орноштурулуп, 2615 адам коомдук акы төлөнүүчү иш орундарына жайгаштырылды.

Район,шаар мамлекеттик администрация башчылары, айыл өкмөт башчылары Токтомдогу программалык иштерди аткарууда уюштуруучулук камкордуктарын көрсөтө алышты. Жаз алды менен жакырчылыкты жоюунун так пайын түзүүгө киришти. Жакыр үй-бүлөлөрдүн огороддорун, үлүш жерлерин айдап алууга үрөндөн, техникадан аларга сарпталуучу күйүүчү жана майлоочу майдан жардам көрсөтүштү. Мындай материалдык жардамды 2442 үй-бүлө алды. 2978 жалгыз бой адамдар дыйкан чарбаларына фермердик чарбаларга бекитилип берилди.

26 селолук элдик пункттарда социалдык-инфраструктура жакшырды. Мамлекеттик камкордукка жана облустун



губернаторунун демилгесин туура түшүнгөн көптөгөн айыл эли өздөрү кайрат байлашып, билектерин түрүнүшүп, жакырчылыкты жоюп, турмуштарын жакшыртууга киришишти. Көп жерлерде ашар ыкмасы менен маданий курулуштар, мектептер, суу түтүктөрү курула баштады. Өткөн он айдын ичинде гана 123,7 миллион сомдук 823 объект курулуп бүттү жана ремонттолду.

2001-жылдын 1-ноябрындагы Ошто болуп өткөн илимий-практикалык Конференциянын рамкасында семинарга Президенттик администрациянын жетекчиси А. Карыпкулов баш болгон алты облустун губернатору катышты. Айрым министрликтин өкүлдөрү жана район, шаарлардын мамлекеттик администрация башчылары. айыл өкмөт башчылары, чогулган бул республикалык семинардын катышуучулары Араван районунда болушуп, Араван жана Алля Анаров айыл өкмөттөрүндө жашаган жакыр үй-бүлөлөргө социалдык коргоо башкармасы жана айыл өкмөтү тарабынан кандайча колдоо көрсөтүлгөн тажрыйбалар менен таанышып чыгышты. Алсак,үй-бүлөдөгү адамдардын кирешеси жыл башында орточо эсеп менен 59,9 сом болсо, ноябрь айынын башталышында ал 200 сомго жеткен.

Жакырчылыкты жоюу жылы деп аталган 2001-жыл да аяктап келатат. Облустук мамлекеттик администрация башчысы-губернатор өзү баш болуп түзүлгөн комиссиясынын составы жакырчылыкты жоюуда олуттуу иштерди алып барышты. Азыр жылдын жыйынтыгы чыгарылып жатат. Облустук социалдык коргоо башкармасынын маалыматы боюнча 13208 үй-бүлө жакырчылыктан биротоло чыгышты. 130 миң үй-бүлө паспорттоштурулду. Колдоону талап кылган 42 миң үй-бүлөгө материалдык жардам көрсөтүлдү. 106 селолук элдүү пункттарда, 21 айыл өкмөттөрүндө жакырчылыкты жоюу боюнча иш-чаралар жемиштүү жүргүзүлдү. Демек, бул облуста жакырчылык жаа бою алыстады дегендикке жатат.

## III

Жакында губернатордун бир күндүк ишинин күбөсү болдум. Быйылкы кеч күз келип кышка орун берер маалда аба ырайынын ачык болуп, жаркырап күн тийип турганы адамдардын да маанайын жарытып, көңүлүн көтөрүп турду. Ушундай шарттан пайдаланып облустун дыйкандары 67 мин гектар жерди айдашып, анын 64 миң гектарына күздүк эгин сээп коюшту. Бул эртеңки камылга да. Ал эми быйыл болсо эгиндин 299 миң тонна

дүн жыйымы, анын ичинен 244,5 миң тонна буудай алынды. Бул өткөн жылга салыштырганда 23, 6 миң тоннага көп. Картошкадан былтыркыга караганда гектарынан 10 центнерден ашыкча алынды же түшүмдүүлүк бир гектардан 144,6 центнерденди түздү. Башка техникалык өсүмдүктөрдөн, жашылча-бакчалардан алынган түшүм да канааттандыраарлык болду. Мунун өзү жакырчылыктан барчылыкка, бадөөлөт жашоого өтүүгө өбөлгө экендиги талашсыз.

Ноябрдын асманы ачык күндөрүнүн биринде Накен Касиев менен бирге сапарга аттанып, Оштун үстү Папанда болдук. Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Адам Закиров, ОшМУнун профессору, адабиятчы, менин жердешим Жээналы Шериев менен бирге алыскы тоо арасындагы Кожо-Келен элдүү пунктуна чейин жол уладык. Султан Ибраимов атындагы Папан суу сактагычын бойлоп бараттык. Мен жыл башында кабыл алуусунда болгон учурумда ал улуу инсандын көп касиеттери бар экендигин олтуруп –турушунан акылман –сергектикти, адамдарга мамилесиндеги жумшак-жөнөкөйлүктү, баамчыл-боору-керликти баамдагамын. Бүгүн губернатор ал улуу инсандын бир убакта баскан жолун улап, ал өңдүү элдин камын ойлоп баратканын оюма алып, канааттана өзүм туулган өрөөндү теңге бөлүп агып аткан Ак-Бууранын эпкининен терең дем алдым. Жолдо Бөрү участкасына жеткенибизде жол боюндагы бир короо жайга кирип, ал үйдүн турмуш абалы менен таанышты. Канча малы, даны бар экендигин, кышкы камылгасын, балдарынын мектепке канчасы барарын, кийим-кечеси жетиштүүбү, муктаждыктары эмнеден, дагы көп суроолор менен кайрылды. Картайган үй ээлери губернаторду таанышып, камкордук кылганына ыраазы болушту. Губернатор айыл өкмөтүндөгү клубдун, китепкананын, ооруканanын, орто мектептин абалдары менен таанышып чыкты. Айрыкча отуз орундуу ооруканадагы оор абалга чындап кейиди.

Бирок, канчалык кейисе да же башкы врачка же айыл өкмөт башчысына ачууланып үнүн көтөрө сүйлөгөн жок, сабырдуулук, токтоолук менен гана акыл-насаат айтып, көрсөтмөлөрүн берди.

Андан ары Кожо-Келен элдүү пунктуна бардык. Ал жакта көмүр чыга турган үч жерде карьер ачышып, жергиликтүү атуулдар чакан ишканаларын иштетип жатышыптыр. Бул жерден баалуу көмүр облустун борборунан 100 чакырымдай алыстыкка карабай карьерлерден ташылып кетип жатат. Ал эми ишканаларда иштегендер болсо өз үлүшүндөгү көмүрдү же тандап





**Кара-Суу району. Райондун акими Адам Закиров. Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысы Мавлюда Жумабаева. Губернатордун орун басары Расул Жолдошев, Губернатор Накен Касиев.**

**2001-ж.**

чогулткандарын эшик алдыларына үйүп коюшуп акчага да, данга, жем тоютка да алмашышат экен. Аны угуп-көрүп губернатор аябай ыраазы болуп «турмушуңар оңолуп жаткан турбайбы, бул көмүр силердин ырыскыңарга шериктеш болгон экен» деп жүзү жадырап, көңүлү көтөрүлүп чындап кубанды. Элдин турмушунун жакшылыгына канааттанды. Анын ачуулангандагы токтоолугу да, кубангандагы жүзүнүн жадырашы да Султан Ибраимовичке окшоп кетти. Мен жетекчинин ал мүнөзүн жалгыз туюп, жалгыз ичим жылып эл ырыскысына, эл бактысына, ортоктош губернатор менен бирге Ошто жашап жүргөнүмө сыймыктандым.

- Президентибиз Аскар Акаев биздин облуска бир жылда 5 жолу келип кетти. Ажобуздун ар бир келиши элибиздин ооматы. Демек, бизге 2001-жылы 5 жолу оомат келди – дейт Кара-Суулук ардагер дыйкан Алтын жылдыз ээси Тургун Машрапова – ар бир келген сайын биздин райондун аймагында да болбой койбойт. Биз, дыйкандар Президенттин жүргүзүп жаткан саясатын колдойбуз, анын алдыга койгон милдеттерин шыктануу менен аткарууга дилгирбиз.

Чындыгында облустун дыйкандары 2001-жылы айыл чарбачылыгында зор жетишкендиктерди жаратышты. Айыл чарбасынын дүң продукциясы 7,3 миллиард сомго жетип, өсүш темпи 10 пайызды түздү. Эми алдыда олуттуу бир маселе – айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагын тездетип өнүктүрүү маселеси турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин тийиштүү Указдарын жана Өкмөтүнүн Токтомдорун орундатуу максатында облуста тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү боюнча белгилүү иштер жүргүзүлүп жатат. Натыйжада 1999-жылдагы 1 миллиард 85,7 миллион сомдун ордуна 2000-жылы 1 миллиард 251,2 миллион сомдук продукция чыгарылып, индикативдик пландын аткарылышы 124,9 пайызга жана өсүү темпи 15,3 пайызга камсыз болгон.

Кабыл алынган чаралардын натыйжасында үстүбүздөгү жылдын 10 айында облустун кайра иштетүү өнөр жайы тарабынан 1 миллиард 74,9 миллион сомдук продукция өндүрүлдү же бул индикативдик планга карата 102,1 пайызды түзөт, өсүү темпи өткөн жылдын тийиштүү мезгилинин деңгээлине карата 103,5 пайызга жетти.

Көрсөтүлгөн тармактын индикативдик планын жана өсүү темпин Араван, Өзгөн райондору жана Ош шаары ийгиликтүү камсыз кылууда. Мисалы, үстүбүздөгү жылдын 10 айында Араван району тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жай продукциясын чыгаруунун өсүү темпин 24,2 пайызга көбөйттү, ал эми Ош шаары бул көрсөткүчтү 108,9 пайызга жеткирди.

Акыркы жылдарда Ноокат районундагы «Баргы» жоопкерчилиги чектелген коому, Өзгөн районундагы «Кара-Шоро», Кара-Суу районундагы «Ош-Дюбек», «Ак-Алтын» акционердик коомдору, Араван районунда «Ак-була», «Тепе-Коргон биримдиги» жоопкерчилиги чектелген коому, Ош шаарындагы «Ошмолзавод» жана «Дан-Азык» Акционердик коомдорунун ишканалары продукция өндүрүүнүн туруктуу көрсөткүчтөрүн камсыз кылып жатат.

Бирок, облуста көрсөтүлгөн тармакта өндүрүлгөн жана кайра иштетилген айыл чарба продукцияларын сатуу боюнча проблемалар али бар. Мисалы, пахта жана тамеки сырьелору акыркы жылдары төмөнкү баада же өз убагында сатылбай жатат. Албетте, бул жагдайдын убактылуу экенин дыйкандар түшүнүшөт.



Ушул жана башка проблемаларды чечүү, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын мындан ары өнүктүрүү максатында Ош облустук мамлекеттик администрация атайын Токтом кабыл алып, 2002-жылды ушул тармакты өнүктүрүүнүн жылы деп жарыялоо максатында алдын ала келерки жылга конкреттүү иш чараларды иштеп чыкты.

Тулпардай туйлаган канаттуу күндөр зуулап өтүп жатат. Облустун калкы жакырчылыктын жаа бою алыстагандыгын күбөсү болушуп, келерки жылдын камылгасынынын үстүндө иштеп жана жашап жатышат. «Жакшы адамдын жакшылыгын айт жүзү жадырасын. Жаман адамдын жамандыгын айт, ичи калтырасын» дегендей облустун жетекчиси Накен Касиев тууралуу эл оозунда жакшы сөз болуп жатат. Кыргызстандагы эң чоң облустун оор жүгүн көтөрүп, эл тагдыры үчүн күн-түндөп түйшүк тарткан бул жетекчиге жакшы сөз жарыгын чача берсин!

Ал эми облустун эли үчүн 2001-жыл дөөлөткө шериктеш жыл болду.

КОНФУЦИЙ: «Эгемендүү мамлекетте жарды жашоо–уят».

# ТАГДЫРЫҢ ТАШТАН БЕЛЕ?
## (Классташыма)

I

Жакында ооруканадан чыксам үйүмө бир чакыруу кагазы келип калды. Бир кездердеги классташым экен. Ооба, сен мага жолуккан сайын "классташым"деп жүрбөйсүңбү, кумурсканын изиндей майда почеркинди мен дароо эле тааныдым. Бирок, атыңды айтпай "тукунчөнүн аялы көз жумду, анын тажиясына келиңиз" деп башка бир кол коюлган чакыруу катыңды алдым. Тилекке каршы тажияга жете албай биринчи пайшамбалигине жетип бардым. Айылдын четиндеги төш таянган тамындан эки атчан киши чыга берип ары бурулуп кетишти. Анын бири сени менен бир кезде мектепте бирге иштеген мугалим экенин тааныдым. Камчысын сереелөп атынан ооп жанындагы киши менен кажы-кужу болуп баратат. Ичинде бирдеке бар окшойт деп ойлоп, анан батаага ичип алып келбесе керек деп өз оюмду кайра тез унутууга аракет кылдым.

Машинаны алысыраака токтотуп салт боюнча эшик алдында келгенде "аяшым, аяшым-ой" деп үн чыгардым. Бирок, үй жактан добуш угулбады. Сен верендада экенсиң. Мойнуңан кучактап көңүл айттым. Бышактап ыйламыш болдуң. Оозуңан алиги касиети жоктун жыты бурулдап турду. Баягы ойлогонум деле туура экен. Мен тааныган мугалим чай ичирди кылып кеткени анык болду.

Ичкери үйдө апасын жоктогон кыздардын ыйы угулуп жатты. Адегенде верендада эле олтуруп куран окудук. Көңүл айтып кайгырганымды билдирдим. Ичиндеги арам тамакты билдиргиң келбедиби, айтор, башыңды жерден көтөрбөй кайгырган немече үнсүз олтурдуң. Кыздардын ыйы сээлдегенде ичкери кирип кайталап куран окудук. Төрт кыз, бир уулуң бар экенин билчүүмүн. Уулуң көрүнбөйт. Кыздарың да мени таанып-



таанып калышса керек. Куран окулгандан кийин эле сыртка жыла чыгышып кыздар чыйрак кыймылдашып ошерге дасторкон жайышты.

Үйдүн ичи жупуну. Төркү дубалдагы кош текчесинде жууркан-төшөктөр жыйылып турат. Бир жагында жергиликтүү усталар эптеп-септеп жасаган шифанер. Кош терезенин ортосундагы кууш текчеде эски-уску китеп-журнал, дептерлер иретсиз жатат. Анын үстү жагында төрт бурчтуу рамкага салынган фотолор. Алардын арасында экөөбүз жанаша түшкөн орто мектепте окуп жүргөндөгү фото сүрөт. Аягында "1949-жыл, Ош" деген жазуусу бар ал сүрөттө сен түлкү тебетейчен, кара пальточон, мен болсо башымда допу, үстүмдө куфайке, эки тизесине төгөрөк жамачы салынган шымчан экенмин. Сенин сол колуң менин оң мүрүмдө, менин оң колум сенин сол мүрүңө артылып турат. Ошентпей эле эки алаканым менен эки тиземдеги жамачыларды басып турсам деле болмок экен. Колдорубуздун бири-бирибизге артылып тургандыгы ошол кездеги классташтык ынтымак сезимибизди билдирип турат. Менин эки тизесинде жамачысы бар шымым, сенин кийген кийимин, мүрүмө артылып турган сол колуңдун билегиндеги саат гана экөөбүздүн кимдигибизди айырмалап айгинелеп тургансыйт.

Дасторкон жыйылып акыркы куран окулгандан кийин ала барган конвертти чөнтөгүңө салып ордуман туруп баратып экөөбүздүн сүрөтүбүзгө дагы бир үңүлүп эшике кадам таштадым. Кош айтышып машинага олтуруп жолго чыктым. Көчүп-конуп жүрүп ал сүрөтүбүз кайда калганын да билбейм, эсимден чыгып кеткен экен. Эми, ал сүрөт мени алда кайда жетелеп кыялдантып баратты...

II

Менин жадымда жүргөн толгон-токой ой-кыялдардын ичинде «Мен жашоого келип, Ата-Журтума эмне пайда келтирдим? Элиме эмне бердим да, элимден эмне алдым?» деген суроолор бар. Өмүрдүн жетимиш төртүнчү ашуусунда туруп алып ким да болсо артына кылчая карап, жогорудакы мыйзам ченемдүү суроону өзүнө өзү берерине ишенемин. Атанын кадырын билдимби? Эненин ак сүтүн актадымбы? Киндик кан тамган Эне-Жердин кереметтүүлүгүн туя алдымбы? «А» тамгасын алгачкы тааныткан агайыма сый-сыпат көрсөттүмбү? Убагында бекер билим берген мугалимдердин, өз учурунда ооруп каласам жан-дили менен үстүмө үйрүлүп түшкөн ак халатчан врачтардын эмгегин эсиме

сактай алдымбы? «Туулган жердин турпагы алтын» деген сөзгө маани бердимби? Ысык-суугума ортоктош, уул-кыз сүйдүргөн жарыма урмат көрсөтүп келатамбы?

Дагы, дагы суроо белгиси коюлган ойлордон башым тумандап да кетет. Мындай чак-челекей суроолорго жооп издей берем. Ооба, эки кылымда жашап келем. XX кылымдын 73 жылын жашап мына эми XXI кылымдын экинчи жылына жашоого өттүм. Бул менин курагымдагы ар бир инсандын кубанычы да сыймыгы да болору чындык. Айтмакчы, Сенин да сыймыгың класссташым!

Машина сенин айылыңды аралап өтүп менин айылыма кирип келди. Куду ушул эки айылдын ортосунда жол үстүндө жапыс жер там биздин башталгыч мектебибиз болучу. Сен экөөбүз ошол жалгыз терезесинин жарымына гезит жабыштырылган мектепте үчүнчү класста классташ болгонбуз. Менин атам төрт жашка чыга бергенимде өлүп, жесир апам турмуштун айынан ары-бери жетелеп жүрүп тогуз жашка барганымда гана биринчи класска олтургамын. Сен менден бир гана жаш кичүүсүң.

Сен аталуу элең. Атаң мен таанybаган бирок, анча-мынча атын угуп жүргөн эл башкарган бадөөлөт кишилигин кийин билгемин. Мектеп менен сенин үйүңдүн аралыгы канча экенин билбейм, сени кимдир бирөөлөр кышкысын атка учкаштырып келип, кайра учкаштырып алып кетип жүрдү. Үчүнчү классты бүткөнүбүздөн кийин суук кабар уктук. «СССРга Германия кол салыптыр, согуш башталыптыр» деген каңшаар абадай тез тарап адамдардын үрөйүн учурганы эсимде.

Төртүнчү класста окуп калдык. Экөөбүз бир партада олтурчуубуз. Сен мектепке куйрук-жалы сеңселген тору кашка жабагы минип келип жүрдүң. Арык боюндагы талга аса байлап коюп сабак бүткөндө тайыңа минип, өтүгүңдүн кончундагы элик сап камчыңды алып соору сылай чаап коюп жөнөп кетчүүсүң. Окуучулар баарыбыз жүрүшү жакшы атыңа да, кийими бүтүн өзүңө да суктана карачуубуз. Айылда эркектер улам суюлуп Батышка фронтко жөнөп кетип жатышты. Эми колхоз ишинде көбүнчө аялдар калышты. Жазга маал кош айдоо башталганда класстагы бою узун окуучу мен болгондуктан саржин (ала жыгач) тартканга мени табелчи кылып колхозго алып кетишти. Апам окусун деп ыйлап-сыктаса согуш бүткөндөн кийин окуп алат дешип коюшту. Ал кыйынчылык учурда башка арга жок эле да.

Ошентип 4-классты жарымдай окуган боюмча согуштан кийин Ошко сегизинчи класска келдим. Жети жылдыкты бүттү



деген күбөлүктү эптеп таап берип апам айылда иним экөө калышты. 9-класста экөөбүз кайрадан классташ болуп калдык. Он жылдыкты бүткөндөн кийин турмуштун айынан, каражаттын жоктугунан иштеп калдым. Сен болсо жогорку окуу жайына кирем деп Фрунзе шаарына жөнөп кеттиң.

## III

Эми ойлосом согуш маалында тылдагы эл да эбегейсиз эрдиктерди жасаган экен. Анча-мынча карыялар баш болгон аялдар, жаш улан-кыздар бүтүндөй колхоз ишин моюндарына алышып, "Фронтко жардам!" деген ураандын алдында күндү күн, түндү түн дебей талаада болушкан. Бардык эле жерде ачарчылык өкүм сүрүп 5-6 айлап нанды унутканбыз. "Нан" десе бөбөктөр ыйлайт дешип апаларыбыз "айланайын, ай төгөрөкө качан жетер экенбиз" дешип тергеп айтып да жүрүштү. Кабыргабыз ката электе тылдын жоокери болуп эмгек кылдык. Кары да, жаш да "согуш басылса баары болот" деген үмүт менен канаат, сабыр кылышып чыдашкан. Ошондогу оор күндөргө чыдаган жаштар менен азыркы барчылыкта жашап жатышкан жаштарды салыштырып көрөм. Канаат кылуу, чыдамкайлык азыр жок. Бир күн ачкалыка туруштук бере алышпайт. Ылайым эле ачка болушпаса экен!

Ошондо сен, класссташым, атаңдын доорунда согуштун азабын да анчалык тартканың жок. Согуштан кийин Ошто окуп жүргөнүбүздө да кийимиң бүтүн, кардың ток эле. Мен биринчи жолу "25" сомдук жашыл, "30" сомдук кызыл акчаны сенин чөнтөгүңөн көргөмүн. Биз тишибиздин кирин соруп сабак окуп жатканда сен эч- текеден камың жок үргүлөп уктап же шаар аралап басып кетер элең...

Кийин биз Ошто окуп жатканда атаң айылдык магазинде иштеп калды. Сулайман-Тоосунун этегиндеги райПОдон товар, азык-түлүктөрдү атка, эшеке жүктөп алып кетчүү. Ал учурда эл бардык нерсеге чукак эле. Атаң ар жолу келгенде мектептин директорунун үйүнө келип спирт, кант сыяктуу нерселерден таштап кеткенин көрчүмүн, кээде өзүң айтып берчүүсүң. Ошентип башыңа болбосо да чөнтөгүңдө бар экен эптеп-септеп аттестатка ээ болгонсуң.

Сенин Фрунзе шаарында эки ай жүрүп окууга өтпөй келгениңди мен кечигип уктум. Ар кайсы жерде иштеп жүрүп

айыл жактан да бейкабар болчумун. Турмуш мени куп эле калчады. Он жылдык билимим менен мектепте, раисполкомдо, облусполкомдо иштедим. Турмуштан өз жолумду табуум керек эле. Жашымда эңсеген ишчи кызматкер боло албадым. Менин ышкым башка жака жетеледи. Акыры басма сөз тармагында иштөө менин көңүл кушумду көтөрүп учкул кыялдарга жетелей берди. Кагаз менен калемди пир тутуп кадалана бердим. Ак машина минсем, Ак үйлөрдө жүрсөм деген чиновниктике кызыккан кыял-оюм бара-бара чыгармачылык ышкыга жеңиле берди.

Согуш жылдарында мугалимдер жетишпей жетинчи классты бүтүп эле ирдүүрөктөрү кайра өзү окуган жети жылдык мектепке директор болуп иштеп калышпады беле. Сенин аталаш агаң да ошондой жаны тирик киши болчу. Ал директор болуп деле узак иштеген эмес. Ошентсе да абийири бар жан эле. Ошол агаң сени жети жылдык мектепке мугалим кылып иштетип коюптур. Ал турсун ошол кездеги Ош пединиститутуна сырттан окууга киргизгенге да жардам кылыптыр. Анын баарын кийин уккамын.

60-жылдардын башы эле. Эмгек отпускасын алып айылга баргамын. Силердин айыл жактан бирөөгө кезигип сураштырсам атаңдын каза болгонуна төрт-беш жыл болуптур. Өзүң мугалим болуп иштеп атыптырсың. Бир жагынан атаңдын каза болгонун укпаганыма, эми бата кылсам болбостугуна, экинчи жагынан Сенин кандай абалда иштеп, жашап жатканыңа күбө болгум келип мектепке издеп бардым.

Мектептин коридоруна кирдим. Класстарда сабак жүрүп жатат. «Завуч» деген жазуусу бар эшикти ачсам жаш келин ордунан тура калып «келиңиз, аке» деп изат көрсөтүп орундука олтуруумду өтүндү. Мени тааныйт окшойт. Мен сени сурадым. «Төртүнчү класста эле азыр чакырам» деп элпек кыймылдап жөнөп калды. Артынан коридорго чыктым. Бир класстын эшигин ачып туруп калды. Балдардын «дубал, дубал» деген үндөрү кулагыма жетти. Завуч келин уялыңкы колдорун ушалап «эми, аке өзүңүз түшүнөсүз да айлыгыбыз аз, бала-чака багууга жетишпейт да, аке…» деди. Мен башымды ийкемиш болуп эмне айтаарын түшүнө албай туруп калдым. «Эми, ушундай да аке, каран калсын турмуш кыстаса эмне кылат? Үч мугалим биригишип бир үйдүн пакса дубалын баалашып алышкан эле, ошояка кетишкен экен, балдарга тапшырма берип коюшуп…» дегенче жер карады. Кайсы жактан экенин сурап алып ошояка бет алдым.



Ал учур партиялык идеология күч алып турган, редакцияда иштеп жүрүп мугалимдердин этикасы тууралуу көп эле жазгамын. Мектептерден түшкөн арыз каттарды текшерип көп эле жер-жерлерге баргамын. Бирок, мугалимдердин мандикерликте иштеп, болгондо да сабак жүрүп жатканда класстагы окуучуларга тапшырма берип коюп өздөрү пакса дубал урушкан фактыга дуушар боло элек элем. «Кантип эле?» деген суроого жооп табалбай арылап бастым.

Сен үч катары бүтүп калган пакса дубалга минип алып жерден ийлеп алып берген ылайды пакса дубал кылып уруп атасың. Жыланаяк буттарыңды эшек минип баратканcып тебендетип коёсуң. Акырын басып бараткан мени байкоого албадыңар. Жаңы урулган эки метрче пакса дубалдын үстүндө бөтөлкө турганын көзүм чалды. Мен жете бергенде кимдир бирөө алып койгонсуду.

— Ассалоому алейким, ишиңер илгери болсун! — дедим. Сен тааныш үндөн чочугансып артыңа жалт бир карап алдың да эмне кыларыңды билбей кайсалактай түштүң. Аркы эки мугалим дубалдан башын чыгарышып ырсая күлүп мени менен саламдашышты. Сен дубалдын ич жагына түштүң. Күбүр-шыбырыңар күңүрт угулуп турду. Мен дубалды айлана барып ич жагына кирдим.

— Класcташым турбайсыңбы, кел, кел-деп ылай колуңду аарчымыш этип учураштың. Берки экөө да кол алышты.

— Уста турбайсыңбы, класcташым-дедим пакса дубалды айландыра карап ыңгайсыз боло түшкөнүңдү байкап, - эр жигитке элүү өнөр аз дептир, муну үйрөнүп алганың жакшы болгон экен.

— Ээ, класcташыңыздын колунан көп иш келет-деди арык чырай чекесинде тырышы көп мугалим мандайкы калай тиштерин кашкайта.

— Биз Сиздин жазгандарды окуп жүрөбүз-деп тамекисин бурулдата тартты мурутчан мугалим туюк эле. Жарымы бүткөн төрт дубалдын ичинде олтуруп ал-аквал сураштык. Баягы мен көргөн бөтөлкөнү эми эле бошотушса керек аз өтпөй мени менен жайнаңдашып сүйлөшө баштaшты. Сөз арасында мектепте мугалимдердин көптүгүн, жогорку маалыматтууларга саат көп бөлүнүп орто маалыматтууларга саат аздыгын, андыктан да айлык акы үй-бүлө багууга жетишпегендигин, айлалары кетип минтип пакса дубал уруп жатышканын ортого салышты.

— Канча балалуу болдуң класcташым? –деп Сен сурап калдың. Эки балам бардыгын айттым.

— А Сиздин классташыңыз төрттү туудуруп койду-деп мурутчан мугалим ырсая күлдү.

— Мен артта калган турбаймынбы-деп мен да күлүп койдум.

— Анан… Анан шаарда жүрүп карам шорбо ичкендер менен тоодо жүргөндөрдүн айырмасы болот да – деп арык мугалим тишин кашкайтты. Класташым төрттүн атасы болуп калганына чын эле сыймыктанып олтурдубу, билбейм, көп сөзгө аралашпады.

Кайтарымда классташымдын атасын эске салып кабар укпай калганымы билдирдим. Ал менин шаардагы үй дарегимди, телефонумду алып калды.

## IV

Кийинки жылы Оштон жолуктук. Адегенде телефондо сүйлөшүп анан үйгө келдик. Колдон келген сыйды көрсөтүп өткөн-кеткенден кеп салып көпкө бирге болдук. Төртүнчү кабаттагы үйдүн балконуна чыгып алып башың айлангандай ар тарапка көз салып экөөбүз бир кезде окуган мектеп тарапка суктана карап жаштыгыбызды эске салдык. Аяшыңдын колунан чай ичип, баягында дубал уруп жатканда үйгө чакырганыңда барбай койгонумду эскерттиң. Ооба, шаарга кайтышым керек эле.

— Эми классташым жардам бербесең болбойт-дедиң арака кичине кызый түшкөндө.

— Колумдан келсе берейин-дедим.

— Алиги шиш тумшук жаш мугалим бар баланча деген ошону тааныйсыңбы?

— Таанйым.

Ооба, сен баарын тааныйсың да. Алар да таанышат. Ошол шиш тумшук "Курстук ишти жазбапсыз" деп эле кыйнап атат. Айылда аны жазышка да чолом тийбеген эле. Ошону бир сүйлөшүп берсең.

— Сүйлөшүп көрөйүн, бирок, ылаажы жок болуп калса таарынуу жок-деп эскерттим. Сен ыраазы болгондой мүлүндөп олтурдуң. Кийимдериң жупуну, сакалың өскөн экен. "Мугалимдик кебетеси жок го классташыңын" деп аялым күңк этти. Мен эртеси эле шиш тумшук мугалимге жолугуп Сенин абалыңды түшүндүрдүм. "Мейли, Сиздин классташыңыз экен бир эбин табайын" деп башын кашылады. Анан тартмасынан бир курстук ишти алып чыгып биринчи бетиндеги сырттан окуучунун аты-жөнүнүн ордуна Сенин аты-жөнүңдү, дарегиңди жазып "муну эми



машинкага бастырып бериң" деди. Анын айтканын кылып Сени таап колуңа бердим. Сен курстук иш жазуу түйшүгүнөн кутулуп калдың.

Андан кийин мен Москвага М. Горький атындагы Адабият институнун Жогорку Адабият курсуна кетип арадан бир топ жыл өткөндө гана кокусунан кезигип калдык. Эки жылдык Жогорку курсту бүтүп келип иштеп атканыма бир жылдай болуп калган. Кайсы бир майрамда шаардык ипподромго ат оюнун көргөнү баргамын. Кире бериштен эле милиция формасын кийген Сени жолуктуруп калдым. Сен оң колуңдун учун чекеңе коюп честь берип элпек учураштың.

— Эй, Сен эмне? Милиционер болуп кеттиңби? — дедим башка сөз оозума кирбей.

— Мугалимдиктен жарыбадым-дедиң.

— Бул кызмат жарый турган бекен?

— Түзүк эле. Азырынча бала-чаканы багып атам-дедиң.

Биз үчөө элек. Трибунага тыгылышпайлы деп анын бир жагындагы көрүнөө көк майданга олтурдук. Оюн башталды. Бир маалда бирөө чакан коробканы көтөрүп келип ортобузга койду.

— Классташыңыз берип жиберди-деди ал кайтып баратып. Берки эки журналист Сени менен учурашканымды көргөн.

— Баягы милиционер досуңузбу? Класташым деди беле? – деди бирөө. Башымды ийкедим.

— Бомба болуп жүрбөсүн этияттап ач-деп экинчи журналист тамашага чалды. Коробкада бир бөтөлкө арак, алма, булочка бар экен. Үчөөбүз аракты бөлүп ичип оюнду көңүлдүү көрдүк.

## V

Эки жылга жетип жетпей милиционердик кызматтан кол жууганыңды уктум. Кийинчерээк баягы атаңдын иниси совхоздун бөлүм башчысы болуп калып Сени бөлүмдүн складына ишке койгонун айтышты. Дагы арадан жылдар өттү. Мен пенсияга чыгууга камынып жатканымда редакцияга келдиң.

Сураштырсам бир жарым жылча иштеп туруп тууганың менен келише албай склад башчылыктан бошоп кеткениңди айтып, төрт жылдан бери бекер жүргөнүңдү билдирдиң. Анан мага бир катты сунуп «Ушуну гезитке чыгарып бер, класстaшым» деп өтүндүң.

Катты окусам өзүңдүн аталаш агаңдын бөлүм башчысы болуп турганда эки кабат үй курганын, совхоз тараганда бөлүмдөгү малды бөлүп жеп жок кылганын, жетинчи классты бүтүп эле

кайра ошол мектепке директор болуп иштеп, аерден жеп-ичкенин дагы бир топ фактыларды келтирип жазган экенсиң.

— Ал сени колдоп ата ордуна ата болуп жүрбөдү беле? Мугалимдике да, милиционердике да иштетип, анан өзүнө склад башчысы кылып жүрбөдү беле? Бир өрөөндөн болсок тууганы Сен жазсаң, жердеши мен гезитке чыгарсам жарашпас иш болот го-десем катыңды менден алып таарынган бойдон чыгып кеттиң. Кийин республикалык бир гезиттен окуп калдым. Ошол осол иш Сени туугандарыңан четтетип койду. Кийин ошол агаң каза болгондо Сен өкүрүп барсаң балдары жакаңан кармап короодон ары чыгарып тажияга катыштырбай койгонун элден уккамын.

Ошентип, классташым же бир кызматты кармап анын үзүрүн көрүп, элге-журтка да бир пайдалуу иш кылганыңды билбейм. Ай далыңды кубандырып жаңы кийим кийгениңди да көзүм чалбады. Кайсыл учурда болбосун «жок», «жетишпейт» деген сөзүңдөн башка канаат кылып, сабыр кылып ток пейил жүргөнүңдү көрө албадым. Кимдир бирөөнүн ажатын ачып, кимдир бирөөгө жакшылык кылганды эч ким айта элек.

Бая үйүңө батага барып байкаштырсам чаркарыңдын ичине кирип чыккан жандыктын же бодо малдын изи көрүнбөйт. Босогосуна чейин чөп басып турат.

Өзүң жалгыз верендада олтурасың. Салт боюнча пайшамбиликте жакын тууган-уруктар, конушу-колондор Сени менен кошо туруш керек эле. Жалгыз уулуңдун аялы менен кошо Россияда соода-сатык кылып жүргөнүн, былтыр бир жолу келип кеткенин, мына эми апасы көз жумса адреси жоктугун өзүң айтып бердиң. Элге, туугандарга көрмөйүл болуп калганың ушул окшойт. Сен үчүн бул жакшыбы, жаманбы айта албайм. Бир кызың күйөөсүнөн ажырашып келгенин, эми апасынын ордуна үй тиричилигин ошол кыз өткөрүп турарын кеп салдың. Ал кыздын эртеңки бактысын оозуңа албадың. Жашың жетимиштен ашса да арактан кол үзө албай келатканыңдын өзү жакырчылык, кембагалдык сени айланчыктап калганы болуп жүрбөсүн, классташым!

Же тагдырың таштан бүткөн беле?



# ЖАПАЛАК ЖАТПАСОВ

## I

Мен өзү жаш чагыман эле кыялкечмин. Киндик кан тамган, топурагынан жуурулушуп жаралган туулган жерим, алакандай Ата-журтума тез-тез барып турам. Бийик тоолорду тепчип өткөн жолдо баратып кыялданбай коё албайм. Бул тоолорду элибиздин дөөлөтү, жерибиздин сөөлөтү үчүн жаратып койгон бекен? «Тоосуз мен сагырмын» деп бир акын туура ырдаган белем? Тоодон алыстаган сайын көңүлүм коңултак тартып, желбегей чапан жамынып алгандай туштарабым шамалдап кеткенсийт. Тоо койну мээрим, жылуулуулук тартуулап, бешике бөлөп мемириген балалык ууз сезимимди козгойт.

Тоонун аска, чокуларына карай берем. Асман мелжийт. Атайын демилге көтөрүп эл аралык тоо жылы деп 2002-жылдын аталышына себепкер болгон Аскар Акаевге ыраазы болом. Ала-Тоону айландыра тиктеп жүрөгүмө ыр саптары тизилет.

О, менин аталарым, бабаларым,
Отонго шаар ордуна тоо курганбы?
Анпесе аска таштан кынаштырып,
Асманда Айга, Күнгө жол курганбы?

Болбосо жоодон элин коргогонбу,
Борчуктуу таштан чебин айландырып?
Убайсыз өмүр сүрсүн деди бекен,
Урпактар келечеке сайран куруп.

Анткенде кайдан тапты ушунчалык,
Ак чулу залкар таштан асылдарды?
Алп балка тийген кезде учкундары,
Асманга жылдыз болуп чачылганбы?

Айкөл эр Манас тоого көтөрүлүп,
Алыска турнабайын салды бекен?
Учкан таш Аккуланын туягынан,
Урчуктуу зоока болуп калды бекен?

Анан ошол тоо койнундагы айылды аралап кирип көркөмдүкө сукганам. Ооба, адамдар өз эмгектери менен заңгыраган имарат-жайларды тургузушуп, айланасына бак-дарактарды олтургузушуп табийгатты ого бетер көрктүү, ого бетер ажардуу көрсөтүп коюшпадыбы? Жашоонун жолун билген жакшы чарбачыл, эмгекчил, дыйкан аталарыбыздын салтын улашкан үй-бүлө ээлеринин көптүгүнө кубанам, сыймыктанам.

Ошол туулган жер тарапка ары, бери өткөнүмдө Ак-Буура дарыясынын жээгиндеги бир бак-чарбактуу короо жайга кирбей өтө албайм.Аерде менин эң жакшы көргөн теңтушум, турмушу бадөөлөт Жапалак Жатпасов жашайт.

II

«Дарак-мөмөсү менен, адам-эмгеги менен барктуу» дегендей мен барктап-урматтаган теңтушум бешене тери менен түмөн түйшүгү менен даңктуу да, барктуу да жашап келатат. Анын бай, март, меймандос пейили мага жагат. Ар ким ошол адамдай жашаса деп тилеймин. Ар кимдин короосунда малы, огородунда мөмөлүү багы, кампасында даны болсо деп тилеймин. Тилекке каршы андайлар арабызда сейрек. Мен бул макаланы жазар алдында эле Жапалак Жатпасов теңтушума жолугуп келдим.

Эртелеп барганым менен ал үйүндө жок экен. Адатындай таңга маал жандыктарын айдап чыгып кетиптир.

— Жапалак Жатпасовуңуз жөн жата беле-деди байбичеси Толгонай учурашып ал-жай сурашкандан кийин өрүк түбүндөгү чарпаяга олтуруумду өтүнүп, — эбак эле койлорун айдап талаага чыгып кеткен. Көрүп келгендирсиз жакын ортодо мал оттой турган деле жер калбады. Ар ким ар кайсы жерди ээлешип жөргөмүштүн торундай кылып тосуп алышты. Заманыбыз ушинтип, турмуш талап кылып атпайбы. Баары эле жакшы жашоого умтулушат да. Анан эмне кылышсын? Карылардын пенсиясы жетишпейт, жаштарыбыз жумушу жок көчөдө колоктоп басып жүрүшөт…

— Ырас, ырас…

— Азыр келип калар… Таңкы салкында койлорун оттотуп алат күнүгө… Мен чай коёюн…



Үстү ак тунике менен жабылган бул көркөм имараттын бир бөлмөсүндө жык жыйма китеп-журналдар бар. Калган бөлмөлөрү жасалгалуу. Үйдү да, тиги чакан ашкана имаратты да өз колу менен курган. Ары жакта ак кирпичтен курулган мончосу бар. Гаражинде «Нива» маркасындагы ак машина турат. Каз катар эгилген теректер короо жайын курчап турат. Эшик алдагы үч түп кандек өрүктүн биринин көлөкөсүндөгү чарпаяда мен олтурам. Алмалары быйыл да былтыркыдай жакшы мөмө байлаптыр. «Жанатан» сортундагы кызыл кочкул алмалар шагын ийип турган маалда бул короонун көркү ого бетер ачылат.

Короого кире бериш дарбазаны улай ичкери караган бастырмада койлору, дагы бир жагында үй байлачуу жер, арырраакта зым тор менен тосулган тооккана… Деги жашоого керектүү бардык зарылчылыктар бар. Имараттын эшик-терезелери сырдалган, дубалдары акталган. Буюм-теримдери ирреттүү жатат. Тазалык, сулуулук короого түнөп чыккандай. Эшик алдындагы гүлдөр жытын аңкытып дарыянын эпкинине кошулуп ого бетер жагымдуу бой сергитет, көңүл куштун канатын күүлөтөт.

Дасторконго дандырга бышкан нан менен кошо, каймак, сары май, айран кошо келди.Шириндиктин, жер жемиштин түрлөрү жайнады. Барчылыкка не жетсин? Балпайган Толгонай байбиченин мындай марттыгын көп эле көргөмүн. Беш уулдун энеси. Баарын окутуп үйлөп-жайлап коюшкан. Өздөрү менен өздөрү. Кенже уулу менен гана турушат. Анысынын «Волга» автомашинасы бар.

— Жамгырбегим аялын, уулун алып кайын журтуна кетти эле-дейт Толгонай мага чай сунуп, — келин жок чай демдегенче жүдөп да кетпедимби?

Карыганда казан-аяктан чыгып калат экенсиң…

Ысык чайды ууртап ысык сезимдерим козголот. Бул балпайган байбиче ушул үйдүн ырыскысы, байлыгы, куту деп ойлойм. Бир кездерде Жапалак Жатпасов менен жарыша иш кылчуу. Ушул имаратты өз колдору менен тургузушканын билем. Ошол чакта бир келсем ылай чылап уютуп калыпка кирпич куюп жатыптыр. Жапалак Жатпасов болсо жыгач таарып усталыгын улантып бир жагында. Анда уулдары жаш эле. Дубалды өздөрү тургузушуп, туникесин жабууга гана уста салышкан. Азыркы бадөөлөт турмуштарына ошондо так пай түзүп алышканын көңүлүмө келтирип ыраазы болуп олтурдум.

III

— А ким экен десем сен белен Чоңсары-деп учурашты койлорун бастырмага имерип койгон Жапалак Жатпасов –кел, кел шаардык. Аман-эсенсиңерби? Байбичеңди ала келбейсиңби? Менин козумун этин жалгыз жегени келдиңби?

— Козу жегени башка келебиз. Бул жолу да шашылыш…

—И шашылыш дечи… Партократтыгың дагы эле кала элекпи? Ал кезде иштен кечигем, бюрого түшөм дечүү элең… Эмичи? Пенсияда да колуң бошобойбу?

— Пенисияга чыкканда эле жыргап жата берем дечүмүн… Дагы иш табылып жатат. Тынчым жок.

— Эмне?– Облуста жакырчылыкты жоюу кыймылы башталыптыр. Токтомду окудум. Өзүң да гезитке жаздың. Эми үгүт жүргүзгөнү келдиңби?

Же жакыр жаштарга жардам бересиңби?

— Сага окшоп бай болбосом…

— Мен байлыкты кантип тапканымды өзүң билесиң го. Жарым саат тынч жатпай, көргөн күнүм иш, талаа, мал артынан жүрүп…

— Ырас, ырас…

— Деги мен облустун жаңы губернаторуна ыраазы болуп жүрөм. Касиев дейби? Өзүн көрө элекмин. Келген күндөн эле эл деп, тартип-таалим деп атат. Анан жанагы опур-топур аш-тойду кыскартып ысырапкечиликти чектегенин айтсаң.

Эми жетекчинин ошондой жигерин жумшап атканын түшүнсөк экен. Мына Президентибиз жерге ээ кылды. Аны кантип иштетип атабыз? Быйыл ошол жакырчылыкты жоюу чаранын жүрүп жатканын угуп үч үй-бүлөнүн үлүш жерин бекер айдатып бердим, үч жүз кило буудай уругун алышты. Экөө жакшы иштешти эле үч тоннадан буудай алышты. Бирөө жалкоолук кылып дары-дармек чачпай, отобой, малдан корубай койду эле бир тоннага жетпеген түшүм алды. «Тилин билсең тилдей жерден жылдык өнүм аласың» деген кеп бар…

— Үрөндү да күйүүчү майды да бекер бердиңерби?

— Анан процент ала белек? Сүткордук кылмак белек? Өзүбүздүн айылдаштар болсо. Трактор өзүбүздүкү эмеспи? Баары эле бекер болду.

— Чал экөөбүзгө калганы деле жетишет-деп Толгонай кепке аралашты.

— Ыракмат, жакшы кылган экенсиңер…



— Эми эл тегиз жашаса, оокат тирикчилиги жетиштүү болсо дейбиз да. Анын үстүнө бүт Республика жакырчылыктан элди кантип чыгаруунун жолун издеп атышса…

— Өткөн жылы көпүрө куруп атат деди эле?

— Ооба, өйүз-бүйүзгө өтчүү көпүрө эскирип трактор, машиналар өталбай калышты. Меккеге барып келиң деп балдарым чогулушуп ынандырышты эле. Бир күнү мечитке намаз жумага бир илимдүү каары келип маселе айтып калды. Анын «эгер өз каржысы менен Меккеге барып келсе Ажылыгы кабыл алынат. Анан ошол бешене тери менен тапканын колунда жок бей-бечараларга берип, мечит, көпүрө курууга сарптаса да Меккеге баргандан артык» деди. Келип эле байбичеме, балдарыма айттым. «Илгери чоң атабыз Меккеге жөө барып келген экен.Азыр самолетто зуу деп барып келгенге мойнум жар бербей турат. Андан көрө жакыр жашагандарга жардам берейли, тиги көпүрөнү оңдойлу» десем макул болушту. Эми өз айлыбызга бир мечит куруп, жети жылдык мектептин кошумча курулушу бар экен ошону да бүтүрүп берейин деп атам…

— Жакшы экен Жапалак Жатпасов!

— Жакшы экенби? Жашымдан жаным тынбай Ай жарыкта чалгы чаптым. Ушул короо жайды байбичем экөөбүз өзүбүз өз колубуз менен тургуздук. Бак өстүрүп, мал бактым. Жаның тынып жатып бир эс алганыңды көрбөдүк деп силер өз атымды өзгөртүп Жапалак Жатпасов койдуңар, ошентип тапкан байлыгым кайдан алынды? Жерден. Эмгектен… Эми улгайганда кеңири жеп ичип анан элге-журтка жардамдашып жатам…

IV

…Элүүнчү жылдарда айылыбызда он жылдык мектеп жок болгондуктан бирибиз Ошто, экинчибиз Ноокатта, дагы бирөөбүз Кара-Суудагы орто мектептерге кетип, жайкы каникулда айылга келип колхоз ишине ата-энелерибизге кол кабыштык кылып жардамдашар элек. Баарыбыз эле иш дегенде ичкен ашыбызды жерге коё коюп чуркачуу эмеспиз. Бир гана Жапаш (толук аты Жапарбек) жаны тынбай иштечү. Атасы согуштан кайтпай калган. Апасы «Жалгызым, Жапашым» деп безилдеп канатына калкалап жүрүп эр жеткиргенин көп айтчу.

Мына ошол Жапаш ары айылдаш, ары теңтуш болуп ысык-суугубуз бирге эле. Жапалдашынан келген жумуру билек, куш мурун Жапаш өтө эле иштерман чыкты. Кайсы жумушту болсо да майын чыгыра иштечү. Жыгач усталык да кылчу. Апасынын отун-

суусун камдап, баарын иреттеп жаны тынчып жатчу эмес. Биз кээде иштен кайтып келип чогулуп бозо ичип же оюн-тамаша курсак ал чөп, саман ташып, отун алып, апасынын огородун сугарып үйүндө аз турчу. Жай жатып бизчилеп дем алчу эмес.

Бири-бирибизди тамашалап ат коюп терген калчуубуз. Мени «чоң сары» дешип коюшчу. Дагы бирөөнү «чунак» дечү. Кулактары кичине эле. Ошентип тамашалашып олтуруп бир жолу кимдир бирөө Жапашка «Эй, сен Жапалак Жатпасов болуп кеттиң го» деди. Бул жаңы ысым эле. Ошондуктан дароо бири-бирибизди карап баш ийкедик.

Туура айтылды. Көргөн күнүң эле талаа, иш . Же үйүңө жатпайсың… Сени издесек таппайбыз.

— Анан эмне кылайын? Жашоо тиричилик керекпи? Атам жок болсо… Анан эмгексиз эчтеке болбойт. Байлык да, бакыт да…

- Чын, Жапалак Жатпасов…

Жапаш ага териккен да жок. Биз Жапалак Жатпасов деген сөздү мурда укпаганбыз. Анын мааниси эмне? Кайдан, кантип айтылып калды? Ага анча эле кызыкпадык. Теңтушубузга жакшы ат табылганына ыраазы болгонсуп, анын мүнөзүнө куп жарашып калгансып тарап кеттик. Ошол бойдон биз үчүн «Жапаш» деген ысым унутулду. Өзү да бир жолу мурдун тырыштырып койбоду. Элге бат эле тарап кетти…

Кийин онунчу классты бүтүрүп айылга келип каржы тапкандар жогорку окуу жайларына кетишти. Биз Жапалак Жатпасов экөөбүз колхоздо иштеп калдык. Окууга барууга кийимибиз да каражатыбыз да жок эле. Бир жолу ал мага бир кыздын катын көрсөттү. Он жылдыкта бирге окушкан экен. Эки куплет ыры эсимде калган.

Жапалдаш бойлуу Жапашым,
Жазсаңчы көңүл капасын.
Алдыңан тосуп мен чыксам,
Артыңа эмне качасың?

Орто бир бойлуу Жапашым,
Оюмдан кетпей жатасың.
Ойнойлу десем болбостон,
Оолактап эмне качасың?



Ал азыркы байбичеси Толгонай болчу. Экөө бат эле баш кошушкан.

Бүгүнкү бадөөлөт, эмгегинен баар тапкан, эл-журттун кадыр-баркына эгедер болгон Жапалак Жатпасов фермер, ишкер десе ишкер. Анын 200 кой, 20 уй, 15 жылкысы бар. Ун чыгаруучу тегирмени, май сыгып чыгаруучу цехи иштейт. Беш уулунун үчөө фермердик чарбасын, тегирмен, цехтерин башкарат. Чоң уулу окумуштуу болуп кетти. Өзүнүн жеке огородунан башка эки гектар жерди арендага алып кенже уулу экөөлөп мөмөлүү бак, келечекте курулуш материалы боло турган теректерди өстүрүп жатышат.

Ал өкмөттөн кредит алып иштетүүнү айылда биринчи болуп баштаган. Азыр жүгүртүп турган акча каражаты банкта сакталат. Мен кетүүгө камындым. Жапалак Жатпасов кайра келип конок болуумду суранып ордунан кошо турду. Менин колтугуман жеңил жөлөп чарпаядан түшүрүп:

— Адатынча китепканага бир баш багып кетерсиң – деди. Биз китептер текчелеринде жык-жыйма бөлмөгө кирдик. Бул жерде -- толгон токой китептер бар.

-Чоң сарым – деп сөзүн жай баштады ал, - мына өзүң менден жакшы билесиң биз азыр жаңыча формада жашап жатабыз. Эгемендүүлүк, эркиндик, теңдик, демократия, базар экономикасы эмнелерди берди? Жаңыча жашоону. Ооба, турмуштун жаңы формасына өттүк. Кредит. Ишкер. Фермер. ж. б. кайталап айтсам болот. Түндө М. Горькийдин томдугун барактап чыктым. Мына бул жерине кулак төшөчү: «…Мен бардык адамдарды-эмгектин жана чыгармачылыктын баатырларын, жаңыны, турмуштун эркин формасын түзүүчү адамдарды көрүүнү каалаймын жана көргүм келет» дептир. Бул улуу жазуучуң ошол учурда эле бизди көрүүнү эңсеген турбайбы.

Мына бул бетинде болсо уулуна жазган каты бар экен: «Уулум, ден-соолугуңду этият кыл. Сабырдуу бол. Мен өмүрүмдө далай кыйынчылыктарды башымдан кечирбедимби! Мына ошонун бардыгын тең сабырдуулук менен гана жеңе алдым…» дептир. Ушуларды окуп алып бир кездерде байбичемдин айткандары эсиме түшөт. «Имаратыбыз качан бүтөт, үй эмерек, килем-кечек ала алабызбы? Биз да элге окшоп байыйбызбы?» дей берчү. Сабыр кылалы баары болот дечүүмүн. Ар нерсеге сабыр-канаат кылган жакшы. Мына жакырчылык да бир күндө жоюлбайт. Акырындап… сабыр кылып эле тим жатпастан

эмгектенүү керек. Жерди сүйүп, жерди иштетип Президентибиздин ишенимин акташыбыз керек.

V

Ар убак Жапалак Жатпасовдун турмушуна суктанып да, ыраазы болуп да келатам. Курулай эле жер чапкылап эмгектенип күч коротпостон көзүн билип иштегенине өзү жогоруда айткандай «тилин билсең тилдей жерден жылдык өнүм аласың». Анан колу иштен бошобой жүрүп кайсы убакта китеп окуп, гезит-журнал карап чыгат? Китепканасында баары бар. Республикалык, облустук гезиттер ирети менен жыйылып турат. Саясатты да, динди да кошо ала жүрүп коюн-койчу калыстыка, адамгерчилике, жоомарттыка жык толгонун байкайм.
Айылда, менин гана айылымда эмес бардык жерде Жапалак Жатпасовдой турмуштун жаңы формасын туура түшүнгөн адамдар көп болсо деп тилек кыламын. Анын жөнөкөйлүгү, кур намыска берилбегени, байлыгына чиренбегени башкаларга үлгү болсо экен дейм. Өзүнүн ата-энеси койгон атын өзгөртүп Жапалак Жатпасов болуп кеткенин да этибарга албайт. Бул ысымдын тескери, намыс кыла турган жагы деле жок болсо керек.

Анткен менен айрым кур намыска берилген, акыл-эси тайызыраак кээ бирөөлөр ата-энеси ак тилек менен тилеп сурап тапкан баласына угумсуз эле ат коюшуп, элдин көзүнөн, сугунан сактанышып «Бокубай», «Тезекбай» «Сасыкул», «Шалтакбай» деп койсо кийин намыз кылымыш болушуп аттарын өзгөртүшүп, паспортторун ондотушуп жүрүшпөйбү? Ата-эне койгон ысымда эмне күнөө? Андайлардын көбүн билем. Аты өзгөрсө да заты өзгөрбөй эптеп жан сактап согончогун сүйрөгөндөр бар.

Атына карабай эле Ата-Журттун атуулу болушуп жүргөндөр азбы? «Курмушуевич», «Шалтакович», «Тезекбаевич» деген жетекчилер, депутаттар толуп атпайбы?! Менин теңтушум Жапалак Жатпасов да ошолордун бири.



# НАН КАДЫРЫ

I



Меймандостуктун, мартабалуулуктун, адамгерчиликтин жана токчулуктун булагы болгон данды–нанды өндүрүүдө өлкөбүздөгү миңдеген-миңдеген дыйкандардын кошкон салымы эң ардактуу да, эң сыймыктуу да. Кайсы гана жерде болбосун дыйкандар жаратылыштын ар кандай шарттарында, анын катаал сыноолорунда чыдамкайлыкты, туруктуулукту жана чыгармачылыкты көрсөтүү менен эмгектенишкендиктери баарыбызга маалим. Совет бийлиги жылдарында дан жана нан өндүрүү күрөшүндө көп улуттуу элдин нравалык калыптануусу жана социалдык мүнөздөрүнүн өнүгүп өзгөрүүсү ынангандык түрдө ишке ашканы анык.

Жер шарынын бардык булуң-бурчактарында нан жөнүндө сөз болгондо, анын ыйыктыгы, баалуулугу, анын адам өмүрүнө байланыштуулугу тууралу токтоосуз жана сыймыктануу менен айтылат. Кайсы гана региондо болбосун нанды жаратуучулар биринчи кезекте дыйкандар болушат. Ооба, СССР маалында, бүткүл дүйнөгө даңкы чыккан академик Т. Мальцев мындай дейт: «Талааларды бөлүнгөн шахмат тахтасына окшоштуруп көз алдыбызга келтиреличи? Тактанын бир жагында Адам, экинчи жагында Табият маңдай-тескей олтурушат. Бул шахмат оюнун ак фигуралар менен ар дайыма баштап берүү Табиятка буюрган.

Ошентип, жүрүштө жаз, саратан, жамгырдуу жана аяздуу күндөрдүн кайсынысында баштаса да анын эрки. Мындай Табияттын катаал жүрүштөрүнө карама-каршы чыгуу үчүн Адам

башын катырып күчүн, эркин, акылын, мүмкүнчүлүгүн бүтүндөй жумшап жол табууга аракеттенет. Анын ыктыярында бардык дүйнөлүк шахматчыларда болгондой эле түрдүү-түмөн жолдор болот. Бирок, Адам ошол түрдүү-түмөн жолдордун эң туурасын таап жүрүш жасайт да табияттын катаал жүрүштөрүнө жооп берет. Мына, талааларда эгин майсалары көйкөлүп пайда болду. Дандын жаралышы башталды. Эми адамдын түйшүгү да артат. Анткени, Табият кайсы учурда болбосун күтүлбөгөн жерден жүрүш жасап коюшу мүмкүн».

Даңктуу дыйкандын айткандарында жана бул салыштырууларында не деген залкар ойлор жатат? Байыртан бери эле Адам менен Табият күрөшүп келүүдө. Экөө бири-бирине карама-каршы туруу менен күч сынашат. Адамдар акыл-күч эрк жумшап, дан өндүрүп, нан жаратып келишкен. Дасторконго коюлуп буруксуган жыты ичтейди ачкан ысык нанды жаратуу канчалык эмгекти, чыгармачылык күчтү, кужүрмөн аракеттерди, кымбат убакытты, чыдамкайлык жана сабырдуулук эркти талап кыла тургандыгына кайта-кайта көз жиберип, кайта-кайта ой учугун жалгаштырсак, анын кадырын ошончолук терең билер элек.

Ар убак басма сөздөрдө нан тууралуу жазылып келет. Телерадио берүүлөрдө айтылат. Кайсы шаарда, же селодо кайсы гана ресторанга же ашканага кирбеңиз бет маңдайыңызда «Нанды ыйык туткула!», «Нанды коромжуга учуратпагыла», «Нандын ар бир ушагын азиз туткула» деген жазуулар даана көрүнүп турат. Эми, ошол жазуу-чакырыктарга кандайча көнүл бурулат? Көп эле адамдар, айрыкча жаштар ага анчалык деле маани бербегени байкалат. Айрым бир учурларда тамактанып болгондон кийин нандын калган кесиндилерине же сындырымдарына колун аарчып же мурутун жанып текеберденип чиренип курсагын сылап туруп кеткен уландарды көрүүгө болот. Андай учурларда аргасыздан нан кадырын билбеген андайларга бир эки ооз сөз айткың келет. Андай текеберленген адамдарга кечээки эле биздин аталардын басып өткөн жолун – Ата Мекендик улуу согуштун жылдарын эске салгыбыз келет.

Ооба, Ленинград курчоодо тургандагы нандын кадыры тууралуу Россиянын Орёл шаарындагы эл депутаттарынын Совет райондук аткаруу комитетинин депутаты, монтаждоочу В. Савельев «Правдага» өзүнүн Фроловка деревнясындагы дыйкандардын нанга болгон урмат-сыйын минтип жазат: «Нан дыйкандардын сүйүүсү жана сыймыгы. Кайсы гана учурда



болбосун менин жердештеримдин, селолук дыйкандардын ой-мүдөөсү нанда. Фронт маалында душмандын жамгырдай жааган огу алдында да алар нан үчүн күрөшүшкөн, эгин чаап, кырман жанчышкан».

Ал эми журналист Виктор Галантер «Неделя» жумалыгына өзүнүн тааныштарынан нандын калдыктарын кайда таштоосу жөнүндө сураштырып көргөндө алардын көбү мусор ящиктерине таштай тургандыгын айтышкандыгын кейиштүү чагылдырат. Ошентип, журналист өзүнүн «Бир кесим кара нандын тагдыры» деген макаласында адамдардын нанга кылган мамилесин жана бүгүнкү кайсы бир жерлерде обо-дөбө болуп катып жаткан нандын кесимдеринин тагдыры тууралуу ой бөлүшөт.

Ал өзүнүн макаласында Вологда областындагы «Присухонский» совхозунун атайын пункт уюштуруп, ага эмгекчилердин тапшырган катып калган бир килограмм наны үчүн 17 тыйындан төлөп, аны тоют же тамак-аш продуктасы катары пайдаланганда 20 тыйындан өткөргөндүгүн айтат. Бир күндө ал совхоз 200 килограммга чейин каткан нандарды кабыл алат. Ушундай жолдор менен чарба жылына 4210 сом киреше таба тургандыгын баса белгилеп кеткен.

Ал эми мен жашаган Ош шаарынын калкынын саны 2000-жылдын 1-январында 236,2 миңден эбак ашып калды. Шаарда бир нан заводу жана ондогон жеке менчик, мамлекеттик, кооперативдик навайканалар иштейт. Бирок, каткан жана таштанды нандарды пайдалануу маселеси али күнгө чейин чечиле элек. Мындан үч-төрт жыл мурда тамак-аш соода уюму тарабынан «Текстильщик» комбинатынын аймагындагы бир магазинге каткан жана таштанды нандарды кабыл алуу уюштургандыгы айтылган эле. Тилекке каршы ал магазинге артыкбаш нан калдыктарын алып келгендер болбоду көрүнөт жабылып калганын уктук.

Дагы бир ой, нандын калдыгынын көп калып калышы анын сапаттуу баштырылышына байланыштуу экендигин белгилеп кетким келет. Байыртадан бери нан бышыруучулар ардак-урматка ээ болушуп, алардын даңкы кылымдардан кылымдарга уланып келе жатат. «Советская торговля» газетасынын бир санында нан тууралуу мындайча маалымат бар. Цюриктеги музейде баа жеткис экспонат-ташка айланган нан сакталып турат. Ал мындан 6 миң жыл мурда бышырылган. Нью-Йорктогу музейдеги нанга 3400 жыл болгон.

Нан бышыруучулар тирүүсүндө даңктуу, өлгөндөн кийин түбөлүккө жашайт. Байыркы нан бышыруучуга тургузулган эстелик Рим шаарында сакталып калган. Мындан 2 миң жыл мурда Эврисак деген нан бышырган адам болгон. Анын замандаштары ага бийиктиги 30 метр монумент тургузушкан.



**Ак буудайды аралап. Ош губернатору Накен Касиев Кара-Суу районундагы "Шарк" айыл өкмөтүнүн эгин талаасында.**

Россияда 1626-жылдан тартып нанды жакшы бышырбаса атайын Указ менен штраф төлөгөн. Петр-I 1725-жылдын 14-январдагы Указы менен нанды чалаже кам бышырса нан менен соода жүргүзгөндөрдү жана нан бышыруучуларды кайыш кур менен сабаткан.

Ошентип, нан бышыруучулардын кесиби боюнча башка кесиптерге караганда өлбөс-өчпөс баалуу, ардактуу кесип экендиги тарыхта калып келе жатат. Чынында эле жакшы бышырылган нан болсо анын калдыгы калбаса керек. Кайсы бир учурларда биздин заводдорубуздагы, навайканаларыбыздагы нан бышыруучу кесипте иштеген адамдар нанга кайдыгерлик менен мамиле кылышат. Аны күйгүзүп, же камырга ар нерселерди аралаштырып бышырышат. Андай учурда нан бышыруучулар өздөрүнүн колдорунан жаралып жаткан бир букенке же төгөрөк



бир жапкан нандын артында мотурайган бөбөктөн тартып токсон жаштын кырына барган карыяларга чейин күтүп тургандыгын сезишпейт. Ойлонушпайт.

Мындан бир канча жыл мурда Ош шаарындагы нан заводунда бир окуя болуп өткөн. Ошол кездеги ноябрдын аяздуу түнкү сменаны Толкун Козубекованын бригадасы кабыл алган. Ал эртең менен Токтокан Салиеванын бригадасына сменаны тапшырды да жумуш убактысын бүтүрүп үйүнө кайтып кеткен. Эртең мененки бышырылган нандарды жөнөтүү учурунда укмуштай бир бөлкө нандын арасында жүргөнүн көргөн адам кейибей кое албаган. Нанга камыштын кесиндилери, резинанын бөлүктөрү, майда таштар биригип кошулуп калган.

Ош шаардык ички иштер башкармасынын №2-участогунун кызматкерлери адам колунан бышырылган бул «укмуш» нанды заводдун директоруна көрсөтүүгө аргасыз болушкан. Ошол эле күнү нанды бышыргандар кайрадан чакырылышып атайын текшерүү жүргүзүлдү. Ар бир сменада 17-18 адам иштечүү. Текшерүүдө камыр жууручулар, нан салгычтар, керектүү буюмдарды коюучу жерлер, антисанитардык абалда болуп чыкты. Нан бышырышкан кыздардын халаттары кир, чачтары, тырмактары өскөн, идиштер эреже боюнча тазаланып, майланып турулбаган. Нан бышыруучулар жана аларга көмөктөшкөн адамдар кирип чыгышкан учурларда өздөрүн таза кармашпаган.

Бул тууралуу атайын жыйын өткөрүлдү. Баягы бөлкө стол үстүнө коюлуп чогулуштун катышуучуларына көрсөтүлдү. Нанды көргөн адам баш чайкабай кое алган жок. К. Садыкова, С. Дадабаева деген заводдун улгайган аялдары трибунага чыгышып нан жөнүндө анын кадыр-урматы жөнүндө сөз козгошту. Ошол эле учурда алар Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде нанга зарыгышып, ачкачылыктын көп азаптарын тарткандыктарын айтышты, нанды гана эмес бир бүдүр данды да көрүүгө зарыгышкан. Эгин эккен адырларды кыдырып кар кете электе жылаң аяк, жылаң баш боюнча кар алдын чукулап буудайдын саректерин таап алышып, аны дароо алакандарына салып ушалап чийки боюнча жегендиктерин айтышты. Ал кезди эске салышып жатып көздөрүнөн жаштарын чуурутушту. Залда олтурушкандардын көбү аларга кошулушуп ыйлашты. Нан бышыруучу жаштардын кайдыгерлигине жана нанды ыйык тутпагандыгына наараздыктар билдирилди. Ооба, бизде али да болсо көп нан бышыруучулар өздөрүнүн бул ардактуу кесиптерине кайдыгерлик менен карашат. Нанды ыйык тута

билишпейт. Камырды чала боюнча бышырышат же ыпыр-сыпыр аралашып кеткендигин көрмөксөн болушат. Алар шаарда же айылда миңдеген бөбөктөр, улгайган адамдар нанды күтүп турушгандыгын санааларына алышпайт. Андыктан дүкөндөргө чыгарылган нандардын арасынан ар дайым кыл кыбырлар, чөпчарлар чыгып калат. Же нандын ортосунда бышпаган камыр, түрмөктөлгөн ун бар болот. Биз нандын сапаты жөнүндө ар дайым сөз кылабыз. Эмгекчилердин өкүлдөрү радиого, телекөрсөтүүгө, басма сөздөргө нандын сапаты жөнүндө атайын каттар менен кайрылышат. Ошого карабастан нан бышыруучу дээрлик көп жайларда дагы эле болсо анын технологиясын толук бойдон өздөштүрбөй же өздөштүрүүгө кайдыгерлик менен мамиле жасап эптеп сатып акча табууга кызыгышат.

Андайлар нанды ыйык тутуу парзын сакташпайт. Ыймандуулуктан оолак калышат.

## II

Дан үчүн болгон күрөш мурда да, азыр да улантылууда. Казаксандын мейкин талааларында, Өзбекстандын Мырза-Чөлүндө, Кыргызстандын тоолук мейкиндиктеринде жана Чүй өрөөнүндө дан эгиндеринин молчулугу үчүн күрөш жүрүп жаткандарына бүгүн баарыбыз күбөбүз. Кийинки эле жылдарда Түштүк Кыргызстандын Арка, Тээ-Моюн, Бүргөндү өрөөндөрү өздөштүрүлгөн. Алардын эсебинен эгин аянттары кеңейтилди. Какыр жерлерге суу чыгарылып жатат. Төрт-Күл, Базар-Коргон жасалма суу сактагычтары, Папан суу сактагычы ишке киргенине бир топ болуп калды. Булар- дан маселесин чечүүнүн бирден бир булагы болуп эсептелет. Ош облусунда 2001-жылы 299 миң тонна дүң жыйымы алынып анын 244,5 миң тоннасы буудайды түздү. Бул өткөн жылдагыдан 23,6 миң тоннага көп.

Адамзаттын жашоосундагы бул байлыктар, биринчи кезекте нандын көп болушу достуктун чыңдалышына, жолдоштуктун бекемделишине, бир туугандыктын баш кошушуна өбөлгө түзүүдө. Ошону менен бирге адамдардын эмгекке жана билимге болгон социалдык активдүүлүгү, тынчыкта узак өмүр сүрүү багытындагы медициналык жардамдын артуусуна бирден-бир негизи болуп кайрадан эле нан эсептелет.

Биздин мамлекетибизде, анын ичинде облусубузда жашаган ар бир гражданин нан кадырын баалай билет. Ага таазим кылат, аны ар дайым жогору баалайт. Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде, адамдар үчүн башка оордуктарды айтпаганда да



Ленинградды коргоодогу кыйынчылыктардан нан проблемасы эң жогорку баскычка көтөрүлгөнүн Кыргыз калкы унутпайт. Курчоодо турган шаар үстүндө күн-түн дебей душмандын самалету учуп, андагы жашаган адамдар оор абалда турган ар бир кишиге нанды бөлүштүрүү, айрыкча ооруканалардагы, мектептердеги адамдарга бөлүштүрүү жоопту иш болгон. Блокадада калган бул шаарга Кыргыз делегациясы азык-түлүктөр жүктөлгөн коллонаны бомба астында калса да жеткиришкен.

Өткөн жылы Куйбышев шаарындагы №42-Куйбышев атындагы орто мектептин 10-классынын окуучулары «Нан жана мен» деген темада сочинение жазышканын гезиттен окудум.

Мына ошондо окуучу Андрей Бедников сочинениесин мындайча баштайт: «Ата Мекендик согуш убагында менин чоң энемдин кызы Тома (таяжем) бакчага баруучу эле. Балдар бакчасында нан дурус эле берилген. Ал эми эч жерде иштебеген чоң энеме нан өтө аз бөлүштүрүлчү. Тома кичинекей болсо да аны түшүнгөн. Ал өзү жегенден ашкан нанды оромолчосуна түйүп алып апасына алып келүүчү. Азыр нанды кадырлоо, сактоо жөнүндө көп лозунгалар бар. «Нанды ченеп ал, нан – баалуу, аны ушатпа» деген сөздөр көп жерлерде жазылып турат. Булардан башка жаңы чакырыктын кереги да жок. Ошолорду аткарса эле эң сонун болмок».

Ал эми Владимир Рязанов: «800 граммдык ак нандын баасы 20 тыйын гана экендигин жакшы билем. Бул албетте нандын жаралганына чейинки эмгекти баалоого тете эмес. Кээ бир адамдар биздин ушул арзан наныбызды кадырлоону унутуп калышат. Менин чоң атам кыштакта жашайт. Азыркы токчулук убакта да ал столго олтуруп тамактануунун алдында нанды колуна алат да өбөт» деп сочинение жазган.

Чынында эле нанды жаратуу оңой-олтоң эместигин дагы бир жолу айтып кеткибиз келет. Дыйкандар адегенде жерди айдашат, аны агротехникалык деңгээл талап кылганча даярдап анан үрөн себишет, ал үрөн жер бетине көк майса болуп өнүп чыгат, ага техникалар аркылуу семирткичтер чачылат, сугарылат, отоо чөптөрдүн арылтылат. Малдардын тебелеп-тепсешинен кайтарышат. Жайдын акырында эгин бышып жетилет. Мына ошондо комбайндар, автомашиналар эгинди чаап-жыйноого жапырт чыгышат. Механизаторлор менен дыйкандар бул кампаниянын ар бир саатын кымбат баалап эмгектенишет. Алынган түшүм азыркы замандын техникалары менен жабдылган элеваторлорго жеткирилет. Ал жерде автоматтар, механизимдер

менен иштетилип олтуруп эгин 12 кабаттуу үйдүн бийиктигине барабар келген жогоруга көтөрүлөт да андан кайтып сепараторлор, метал калбырлар, электер аркылуу төмөн түшөт. Анан фильтирленет. Ошентип, талаадагы кырмандардан ташылып келген дан элеваторлордун өзүндө тазаланып бүткөнчө эле 8 чакырым аралыктагы жолду басып өтөт. Ошондон кийин гана ун тегирменине жөнөтүлөт.

Нандын кымбатта турарынын бир мисалын мына ушуну менен белгилөөгө болот. Элибизде эң ардактуу меймандардын алдынан нан менен тузду көтөрүп чыгып тосуп алуу салты байыртан бери жүрүп келе жатат. Дасторкондун айланасына чогуу олтурушкан адамдар ынтымакташат, бир туугандыкка баш кошушат. Ар кандай маселелерди чечишет. Жакшылык жөнүндө макулдашылат. Бул дагы нандын касиети болуп эсептелет. Алыскы сапарга чыкканда, мисалы, альпинисттер, жол жүрүүчүлөр, мал багуучулар өздөрүнүн рюкзактарына же куржундарына нанды ала жүрүшөт. Нан адамга бир жагынан азык болсо, экинчи жагынан медет, кубат болот.

Ошондуктан, нан – ырыскы! Нан – азиз!

## III

Биз, Кыргызстан жазуучулар Союзунун алдындагы адабиятты пропагандалоо бюросу аркылуу мурдагы жылдары эл аралап көп чыгып жүргөнбүз. Кайсы гана жерде болбосун жолугушууга чыгаар алдында алдыбызга нан коюп сыйлашат, урматташат. Адабият элдин руханий азыгы экендиги адамдардын ынтызарлыгынан, берген суроолорунан байкалат. Нан жөнүндө ырларга тамшанышат, ойго батышат. «Поэзия да адамзат үчүн нан. Ошондуктан аны адам канчалык керектесе биз үчүн ыр сабындай эле дандын ар бир сареги ошончолук кымбат» деп айткан акын Сергей Островой. Дыйкан, анын эмгеги жөнүндө сөз кылып келип өзүнүн бир ырында Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев мындай дейт:

Жазсам деймин газетага бир катар,  
Данды жазбай, жазат элем эмнени?  
Дан деген – нан,  
Нандан улуу эмне бар,  
Нан адамдын маңдай тери, эмгеги.

Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуев өзүнүн «Нан» деген ырында дүкөн толо нан тургандыгын, ар түрдүү формадагы ал



нанды ак халатчан дүкөнчү кечке тынбай сатканын, бирок, ошол нанды кээ бирөөлөр кадырлабай, урматтабай ыргытканын, ар жерге таштаганын кейиштүү айтып келип мындай дейт:

Кээ бирөөлөр тое жешип ак нанын,  
Таштандыга таштайт экен ашканын.  
Көрүп калсам чочуп кетем селт этип,  
Көчөлөрдө нан тепселип жатканын.

Бир жолу биз, жазуучулар тобу Ош облусунун Кара-Кулжа районунун «Кара-Кулжа» совхозунда болуп калдык. Чоң клубунда ак сакалы жайкалган карыялар, мугалимдер, мотурайган окуучулар жана эмгекчилердин өкүлдөрү бизди тосуп алышты. Москвалык акын маркум Владимир Шленский трибунага чыгып өзүнүн «Бир кесим кара нан» деген ырын окуп берди. Анын мазмуну мындайча эле. Автор Ленинграддагы Пскаров көрүстөнүнө барганда ал жерге эл туш-туштан агылып келип жаткан, алардын көпчүлүгү колдоруна жаңы гүлдөрдү, гүлдестелерди ала келишип эстеликтер алдына биринин артынан бири коюп жатышты. Мына ошол учурда элдин арасында кош балдагын таянган Ата Мекендик согуштун майыбы келип эстеликтерге тунжурап бир оокумга карап турду да анан койнунан ак чүпүрөккө оролгон бир кесим кара нанды алып чыгып, эстеликке баш ийип алдына коюлган көптөгөн гүлдөрдүн катарына кош колдоп аёлоп койду. Өзү болсо баягы эле тунжураган калыбында кош балдагын таяна башын шылкыйта күңгүрөнүп турду. Анын кыймыл аракетин карап турган ленинграддык ак чач эне буркурап боздоп ыйлап жиберди...

Бул ыр окулуп жатканда залда олтургандар тып-тынч болушуп тунжурап калышкан. Качан гана дүркүрөп алакандар чабылганда залдын орто ченинде олтурган ак сакалчан карыя кол чапкан жок. Ал жанындагы жаш жигиттен бир нерселерди сурап түшүнүк алды окшойт. Кол чабуулар сээлдегенден кийин гана ал ордунан тура калып трибунаны карап: «Токчулукта жашагыла балдарым, согуш болбосун, омийийн» деп алаканын жая бата кылып жиберди. Кийин биз карыянын 90 жаштан ашып калганын билдик. Ал согуш убагында тылдын жоокери болуп, фронттогуларга дан жиберген, нан жиберген. Өзү ачка калып жокчулуктун түйшүгүн башынан өткөргөн. Нандын кадырын башкалардан эң терең билген ал Абдырайым аттуу карыянын батасынан кийин кыялданып дагы бир жолу нан жөнүндө, дан жөнүндө ойлонууга аргасыз болгомун.



Хакас элинин белгилүү жазуучу акыны Михайил Килчичаков «Литературная газетага» берген өзүнүн бир эскерүүсүндө мындай деп жазат: «Мен согуштан бир тууган эжемкине кайтып келдим. Анын жалгыз 3 жашар уулу башы чоң, мойну ичке болуп абдан арыктап калган экен. Мен госпиталдан ашырып ала келген бир сындырым кара нанды жана бир тоголок кантты стол үстүнө койдум. Бирок, бала кант менен нанга назар салбай эле мештин чогуна көмүлгөн картошкаларды жутуна тиктей берди. Ошондо эжем «Ага анчалык таң калба иним, байкуш нанды да, кантты да таанybай, билбей өсүп жатат» деп өксүп ыйлады. Мен эжемдин эч качан анчалык өксүк ыйын уга элек болчумун».

Ооба, фронт жылдарында көптөгөн балдар нандын атын унутушуп, анын түсүнүн кандай экенин да тааныбай калышкан. Бүгүн жаштарга ал жөнүндө айтсаң жомок катары сезишет. Айрымдары гана айтканыңды көңүл коюп угуп кыялданышса, айрым бирөөлөрдүн кулагынын сыртында калып кол шилтеп басып кетишет. Ошондуктанбы, көп жерлерде нан ысырапка учурайт, анын кор тутулушуна көңүл бурулбайт.

Бишкек шаарынын жашоочусу Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери В. Захаров шаардагы нан дүкөнүнөн бир окуяны



көргөндүгүнө аябай өкүнгүндүгүн билдирип төмөнкүчө жазат: «Москва көчөсүндөгү нан сатылуучу дүкөндөн көптөгөн адамдар чыгып жатышты. Алардын арасында өспүрүм жигит менен бир кыз да кошо чыгышты. Аба ырайы бузулуп, жамгыр жаап, жол бети чөөт-чөлмөк болуп жаткан эле. Өспүрүм бир буханка нанды колтуктап келе жатып жолго түшүрүп, ала коюунун ордуна аны куду футболдун тобун тепкендей бутун ойноктотуп тээп барып жолдун четине сүрүп чыгарып койду. Мен ачуумдун келгенине чыдабай ага кайрылып: «Кана, жигит нанды жерден ал!» деп өкүмдүү унчуктум. Бирок ал менден ийменип же уялып калуунун ордуна «Сага эмне жок абышка, өз жолуңду ула. Болбосочу!»–деп көздөрүн чакырайтып, муштумун түйүп умтула берди да кайра эки жагын карап коюп ары басып кетти».

Согуштун ардагери жазган бул окуя ар бир адамдын зээнин кейитпей койбойт. Чындыгында көп өспүрүмдөр нандын кадырын билишпейт. Карыялардын айткан акыл-насааттарын кулактарынын сыртында калтырышат. Нан жөнүндө жазылган лозунгаларга, ураандарга кайдыгерлик менен мамиле кылышат. Басма сөздөргө жарыяланып жаткан нан биздин айтып бүткүс байлыгыбыз, өмүрүбүздүн азыгы экендиги жөнүндөгү рекламаларды көз жаздымында калтырышат.

Бүгүн башыбыздан жокчулукту өткөргөн, согуштун оорчулугун тарткан биз нанды алгачкы таанный баштаган бөбөктөрдөн тартып баарына үгүт-насаат иштин жүргүзүүгө милдеттүүбүз. Боз торгой кой үстүндө жумурткалаган ушул мезгилде жер-жерлерде аш берүүлөр, кече өткөрүүлөр болуп атат. Ошол эле айыл-кыштактарда, шаарларда жакыр жашашкан үй-бүлөлөр арбын. Жогорудакыдай аш-тойго катышкан ардагерлер, айыл аксакалдары, активдер, мугалимдер нандын ысырап болуп каптарга, ящиктерге тирелип жатканын көрүшүп, ага күбө болуп турушса да, актуалдуу кеңештерин өз учурунда айтышпаганы өкүнүчтүү.

Байыртадан эле ата-бабаларыбыз нан жөнүндө, анын ыйыктыгы, тууралуу жомокторду, легендаларды, уламыштарды айтып келишкен. Мына ошолордун бирин мисалга келтирели. Илгери бир адам өтө байып кетиптир. Ал өз байлыгын канчалык чачып-төксө да чети оюлбаптыр. Ошондо ал киши бир акылман адамга жолугуп калат да түгөнгүс байлыгы жөнүндө кеп салып калат. Мындан ары байлыгын азайтуунун жолун сураса акылман анын сөздөрүн муюп угат да мындай дейт:

- Эгерде менин койгон шартыма макул болсоңуз анан мен сизге акыл-насаат айтып беремин. Же байлыгыңызды түгөнбөс сыры жөнүндө баян этемин.

Ал киши акылмандын айтканына макул боло тургандыгын билдирет.

- Анда, – дейт акылман, – Сиз айылыңызга кайтып бара бериңиз. Мен айткан күнү кайра келиңиз. Бирок, үйүңүздөн төөгө минип чыгыңыз да мага келгенге чейин анын үстүндө нан жеп олтуруңуз.

Ошентип, ал бадөөлөт киши үйүнө кайтып кетет. Белгиленген күнү төө минет да анын үстүндө нан жегенче жолго чыгат. Жолдо келе жатып, колунан нандын бир ушагы жерге түшүп кетет. Аны үч күнү, үч түнү бою издеп таба албайт да ошол ушак түшкөн жерге айландырып коргон уруп анан жолун улайт.

- Сиз эмне үчүн мен айткан күнү жетип келбедиңиз? – деп сурайт акылман. Анда баягы киши жолдо келе жатып төөнүн үстүнөн нандын ушагы жерге түшүп калып, аны издеп таба албай айланасына коргон уруп жүрүп кечигип калгандыгын билдирет.

- Эмесе, сиздин байлыгыңыз эч качан кемибейт. Дагы өркүндөй берет. Нандын ушагын ушунчалык азиз көргөн сизге байлык өзүнүн-өзү үйүлө берет – деген экен акылман.

Бул жомоктун чындыгы же төгүндүгү жөнүндө сөз кылып, ага ишенүү ишенбөө тууралуу айткыбыз келбейт. Бир гана нанды ыйык тутуу, анын кадырын билүү илгертен бери уланып келе жаткандыгын далилдегибиз келет. «Нандын бир кесиминде дыйкандын гана эмес, анда шахтердун, куруучунун, малчынын жана коомчулуктун кошкон баалуу салымы бар» – деген мурдагы даңктуу дыйкан Александр Васильевич Гиталов. Ал 2 миң калкы бар шаардын чыгымын эсептеп чыгып төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган: «Эң эле аз деген ар бир үйдө 100 граммдан нан ысырапка учурса бул шаар боюнча 6 миң тоннаны түзөт. же болбосо күн сайын эгин талаасынын 20 центнерден түшүм берген 3 гектар аянттын түшүмүн албай калуу менен барабар». Чынында эле ар бир үйдө нандын коромжу болбоосу үчүн күрөш жүрүү бул дыйкандын, механизаторлордун, сугатчынын, нан бышыруучунун эмгегин баалоо экендигин унутууга болбойт.

1941-1945-жылдарда болсо фронтту нан менен камсыз кылуу, тылдагы үзүл-кезил жетишпестикти болтурбоо проблемасы биринчи орунга көтөрүлгөн. Бүгүн нан тууралуу башка проблема пайда болду. Нандын кадырын туюуну, аны урматтоону, бир нандын кандайча жараларын жаштарга ынынарлык түшүндүрүү



проблемасы – бүткүл адамзаттын өмүр азыгы, ырыскысы болгон нанды азиз тутуу проблемасы турат.

Мен нан жөнүндө публицистикамды өзүмдүн «Нан кадырын туюу» деген ырым менен жыйынтыктагым келди.

Эй, жигит кекирейбей бери кара,
Текебердик кылбагын заманага.
Эрдикке жарагансып эл көзүнчө,
Эмнеге нанды ыргыттың тиштеп чала?

Ыйык нан, ырыскы нан, нан токчулук,
Ыр болбойт, жашоо болбойт нан жок туруп.
Андыктан адыр, түзгө эгин айдап
Аталар терин төккөн мончок кылып.

Чанууга нанды кантип дитиң барды?
Биз бир кез көрбөй калып бүтүн нанды.
Томсоруп ачкалыктан өзөк талып,
Тоолорду кыдырганбыз издеп алгы.

Өлкөбүз ал кезекте алсыраган,
Өңүрүн душман буту тепсеп алган.
Аталар жоону беттеп батыш жакта,
Айылдан дан сураган, дан сураган.

Биз анда жергебизге жеңиш тилеп,
Жоону кууп аталар тез келишсин деп.
Фронтко дан жөнөтүп, нан жөнөтүп,
Тартканбыз ачкалыктан кейишти көп.

Ким нанды тапса анын баркын билер,
Дыйкандай азиз баалап, ыйык сүйөр.
Ушагы нандын түшсө ат үстүнөн,
Үч күндөп издешиптир илгеркилер.

Ал нандын улуулардан улуулугу,
Ал нандын ыйыктыгын туура туюу.
Ушагын урматтаган таштабастан,
Ал адам тойгонуна тообо кылуу.

Ким бирөө текебердик кылса нанга,
Кылганы текебердик заманына.
Кадырын билбейт анда дыйкандардын,
Кадырын билбейт эне, атанын да.

Эй, жигит нанды ыргытпа тиштеп чала,
Нан өмүр жарыктыкта жашаганга.
Дыйкандай азиз туткун аппак нанды,
Токчулук, өмүр берген сага, мага.



## ДЫЙКАНДАР ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

### 1



Көрдүң беле дыйкан баккан пахтаны?
Ал түшүмдүн аппагынын аппагы.
Бункерлерден булут болуп чубалып,
Пункттарды, кырмандарды каптады.

Жедиң беле дыйкан тапкан ак нанды?
Ал нандардын аппагынын аппагы?
Дандырлардан булоолонуп үзүлүп,
Дасторконун айыл үйдүн каптады.

Жаңы кылымдын бүгүнкү бийигинен туруп дыйкандын ак пахта, кызыл буудай толгон кутмандуу кырманына, ак нанга бай айылына көз жибергенче чылымымды кана соруп көкүрөгүм сыймыкка жып-жык толот. Талааларга ойчул карап отузунчу кылымга кыялданам. Мына ошол мелмилдеген түздөр, талаалар дыйкандын да жүзүн жарык кылып, эмгегин текке кетирбей мол түшүм берип, көңүлүн көтөрүп келатпайбы. Дыйкан абалтан эле жер менен киндиктеш, ортоктош. Бир кездерде дыйкан аталардан өз эмгегинин курулай кеткенине өкүнгөнүн, жерге жетинбей өксүгөнүн, бай-манаптарга кыжыры кайнаганын эстебей коё албайт. Ооба, анда дыйкандын куралы, кудурети алсыз эле. Анан да көп учурларда аз гана жери түшүмсүз болду, табийгаттын татаалдыгы адамга баш ийбеди, адамды жеңди. Ошондо да адам – дыйкан жеңилип гана жөн-жай олтуруп же өкүнүп кол куушуруп калган жок. Ал жаңыны ойлоп. жаратылыштын катаал учурларына күрөштүн ыгын, жолун табууга баш катырды. Ошентип, узак жол басып келди.

Бүгүнкү дыйкан илим менен тажрыйбага таянган, техниканын жаңы түрлөрүн өздөштүргөн дыйкан.

Жаратылыштын ар кандай катаалдыгына каршы жөн гана чыкпастан, илимдин негизинде өткөн тажрыйбаларга таянып чыгып олтурат. Колунда жаңы техника бар. Эркин эмгек эркин ойлоочулук бар. Ошондуктан табийгат дыйканга баш ийип, берекесин төгүп берип жатат. Албетте, адамдын Ай, жылдызды жакындаткан куралындай эле дыйкандын биз сөз кылып жаткан куралдары мындан ары да өркүндөп, жаңылануууга тийиш. Азыр болсо дыйкандын ички дүйнөсү бүтүндөй жаңырып, ой-кыялы өркүндөп, Жер энеге, келечекке көз карашы, мамилеси өзгөрдү. Талааларда түшүмдүн тагдырын жыл сайын оңойлото чечүү маселеренине баш катырышып жатышат.

Баягы жылы Ташкент шаарында болуп өткөн Орто Азия республикаларынын пахтачы дыйкандардын чарбалык чогулушунда коңшулаш өлкөлөрдө бул баалуу сырьенун мааниси тууралуу кең-кесири сөз болду. Өзбек Республикасынын мурдагы жетекчилеринин пахтачылыктагы көз боемочулук, кошуп жазуу менен курулай даңкка умтулуулары айыпталды. Бул республиканын пахтачы-дыйкандарынын адал эмгегинин үзүрү көрүлбөй, ал абалын күчтүү энергияны талап кылган асыл өсүмдүк «ак алтын» баркы төмөндөп кеткени айтылды. Муну Кыргызстандык пахтачы-дыйкандар терең түшүнүү менен кабыл алышты жана пахтачылыкта андай терс көрүнүштөрдү болтурбоону чечишти.

## 2

Ошол учурдагы беш жылдыктын чечүүчү жылы кыргыз пахтачылары үчүн эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөрдүн жылы катарында күтүлдү. Же журналистердин айтканындай рекорддук түшүм жылына айланууга тийиш эле. Андыктан Орто Азия республикаларынын Ташкенттеги кеңешмесинин жыйынтыгы боюнча пахтачылыкка жаңыча мамиле кылуу талап кылынды. «Кыргыз пахтасы» деп аталуу менен даңкы чыккан бул өсүмдүктү эккен региондор Памир тоо этектеринен, Көк-Арт жана Керме-Тоо бөксөлөрүнөн орун алган. Пахта өсүмдүгү болсо күн ысыгын, ошондой эле сууну көп талап кыла турган техникалык сырье. Тоо этектери болгондуктан кыргыз пахтачылары көп учурларда жаратылыштын ар кандай кырсыктарына дуушар болушат. Айрыкча жаз мезгилдеринде бул аймактарда мөндүр агымдары өтөт. Алар эми жетилип келе жаткан гозолорду сабап гана кетпестен, сел жүргүзүп айдоо аянттарды каптап жууп кетет. Мындай учурда дыйкандар чигитти кайрадан эгүүгө туура келет. Экинчи жолку эгилген аянт мурдагы аянттарга караганда эки эсе



түйшүктү, камкордукту талап кылат. Гозолор кечигип жетилет. Мында да дыйкан күчү сарпталат. Ал түн уйкусун, күндүз тынчын кетирип өжөрдүк менен күрөшкө чыгат. Дыйкан деги ашыкпаган сабырдуу, бардыгына канаат кылып, бардыгына түткөн адам экен го чиркин!

«Ак алтын» деп ардакталып бекеринен айтылбаган пахта өсүмдүгүнүн түйшүгү жылдын төрт мезгилинде тең бирдей болот. Жаз кылтаяры менен пахта аянттарын айдоо, малалоо, арык-шактарын казуу жумуштары башталат. Дыйкан адам ошол чигит эгилгенден тартып катар аралыктарын иштөөнү өткөрөт, сугарат. Пахта гүлдөгөн мезгил өзүнчө бир кубаныч куят дыйкандардын жүрөгүнө. Анан аз мезгилден кийин косектерден ап-аппак болуп булалар бажырая ачылат. Болумдуу косектер жетилген сайын чарт-чурт барсая көөп ак була чанактардан төгүлөт. Пахтазарды карап турган дыйкан да тиштерин булалардай кашкайта күлүп үзүр алат.

Пахта чанактарынын ачылуу мезгили пахтачы үчүн өзүнчө бир майрам! Бул учур адатта сентябрь айынын башталышы болот.

Сентябрь түшүм айы түштүгүмдө,
Бул айда була ачылат чанактардан.
Жарп жазчу мезгил болот күз күнүндө,
Жалбырак түшкөн менен дарактардан.

Дыйкандар балдарына ак жака мектеп формаларын кийгизишип ак букет гүлдөрү менен жаңы окуу жылынын ачылыш салтанатына катышат да, ошондон ары пахта талааларына бет алышат. Пахта терими башталa элек. Бирок, кечээ эле өздөрү бир түбүнө миң жолу айланып бапестеп өстүргөн гозолордун косектери кантип ачылганын көргүсү келишет. Анда жалбырактар арасынан кашкайып турган нукура ак булалар пахтакер ээсин таанып жаткандай, жандуу сыяктанып талаа кубулат. Ошол замат катардан «чырт-чурт» деген күңүрт шыбыр угулат. Аны дасыккан пахтакер гана угат, туя алат. Ал талаа күлкүсү, пахтакер күлкүсү. Ошондо пахтакер дагы бир жолу бажырайып адил күлөт дейсиз, анын күлкүсү да бажырайып турган булалардын күлкүсүнөн кем калбайт. Чынында эле сентябрь айынын күндүзгү же түнкү мамыр-жумур мезгилинде пахтазарды аралай басып же шакта тунжурап азга турсаңыз, гозолор арасынан кандайдыр чырт-чурт шоокум жагымдуу чыкканын сезе аласыз.

-Тыңшасаңыз пахталар күлүп жатат,- деди эле бир жаш дыйкан, экөөбүз кыштак четинде Ай жарыгына күбөктөнгөн

талааны карап турганыбызда.- Укпай жатам дейсизби, эгерде сиз пахтаны чындап сүйүп, кадырлап түмөн түйшүгүн тартканыңызда азыр менчилеп угар элеңиз. Билесизби? Биз пахтачылар талаадан үйүбүзгө келип, калсак да ар бир чай ууртаган сайын кылт-кылт этип «ак алтын» эсибизге түшүп, «жакшы суу ичти бекен?» же « жамгыр жабыркатты бекен?» деп ойлоп олтурабыз. Талааны жарым саат таштап кетүүнү кыйбайбыз. Талаа станымаданий үйүбүз. Эмгегибизди жана эркибизди бүтүндөй талаага багыттаганбыз. Антпесек, мол түшүм кайдан өссүн? Антпесек, ардак-урмат кайдан бизге келсин?

Мен анын айткандарына ынандым. Ал дыйкан. Кесиби пахтакер. Демек, өз кесибин өзгөчө сүйөт. Аны абийири менен ардактайт. Ар кандай эле кесипти же ишти сүйүүнү, аны барктап, урматтап жүрүүнү пахтакер дыйкандардан үйрөнсөк жаман болбос эле. Терең ойлоп олтурсаң пахтачы дыйкан өзүнчө бир алп акын сыяктанат. Ооба, жазга маал тегизделген аянттары тетраддын барактарындай мелтиреп бош жатат. Анан тегизделип, малаланып ага чигит эгилгенде түз же кайчылаш сызыктардай агаттар алда кайдан көрүнөт. Аз күн өтүп каз-катар тизилген гозолор пайда болуп алар ыр сабындай ирettүү чубалышат. Арасын тегиздеп, отоп, суу коюп жүргөн дыйкан ыр саптарын тандап, уйкаштыктарын кайталап карап түзөп жаткансыйт. Күздө болсо ак буласы өлкөгө тартуулап өзү эмгек жемишин эл тандоосуна койгонсуйт. Ошондуктанбы, айтор дыйкан жылдын төрт мезгилинде түйшүк тартса да камыкпайт, чаалыкпайт. Кайрадан чыйралып, жакшы чыгарма жазган акындардай нары сергек, нары шайдоот болуп калат.

Жазда келсең түштүккө, өрүк гүлдөйт,
А тиги талаа көктүн танабындай.
Тегиздеп чигит эккен карталары,
Түз сызык дептердин ак барагындай.

Алп дыйкан кыялданат шакта туруп,
Алтынын күздө тоого салыштырып.
Аптапты тоотпой ал түйшүктөнөт,
Агатка алыш суусун жарыштырып.

Күн өтөт.. Гозо чыгып бажырайт,
А дыйкан күчүн үрөп, терин төгөт.
Агатта тизилишкен көк гозолор,
Акындын сан куплет ыры өңдөнөт.



Алп дыйкан күндөп-түндөп тыным албайт,
Алп урган талант менен акын сымак,
Гозолор көйкөлүшсө жетине албай,
Көңүлүн сүрөп эмгек ыры чыгат.

Мезгилди ылгабай кел түштүгүмө,
Дыйкандар поэзия жаратышат.
Жер жытын, суунун шарын, күн аптабын,
Ыр кылып адамдарга таратышат.

## 3

Жогоруда биз кыргыз пахтачылары бир кездерде зор ийгиликтерди жаратты деп айттык. Ооба, ар кандай аба ырайында жетимишинчи жылдардын катаал шарттарында жыл сайын өлкөгө 219 миң тоннадан ашык пахта берүү - бул мурда болуп көрбөгөн жаңылык эле. Ар кандай жер шарты дегенибиз түштүктө пахта өсүмдүгү негизинен беш зонага эгилет. Айрыкча пахтачылыкка ыңгайлууу болгон Араван – Төө-Моюн жана Базар-Коргон, Шамалды-Сай массивдери. Бул жерлерге эки ири Араван жана Ленин (Ноокен) райондору жайгашкан. Ноокендин территориясы Көп-Сөөк, Арстанбап тоолорун этектеп күнгөй бет келет да пахта бат жетилет. Ал эми Араванда жер түз. Ортолукта Чилмайрам тоосу бар. Аны Чилистан же бир бөлүгүн Кекилик – Учар, Мангыт тоолору деп да коюшат. Бул жыланач тоолор күнгө аябай ысыйт да ал түндүн бир оокумуна чейин муздабайт. Мындай ысык мээлүн келип гозо өсүмдүгүнө жагат жана анын бат жетилишине алып келет. Кара-Суу, Отуз-Адыр массивдеринин шарты бир кыйла татаал. Бул аймакта деңиз деңгээлинен 900-1300 метр бийиктикте турган аянт жерлерге пахта өстүрүшөт. Жайкы мезгилдерде жаан-чачын көп болуп атактуу Ош-Хорог автотрассасын бойлоп Машрап-Сайдан сел жүрөт да пахта эгилген Мады, Отуз-Адыр багытындагы жерлерге зыянын тийгизет.

Бул жер шартын зоналарга бөлүп жаткандыгыбыздын жөнү эмнеде? Мына ушундай татаал шарттарда тагыраак айтсак Фергана өрөөнүнүн тоолуу багытындагы жерлерди өздөштүргөн кыргыз пахтачылары түшүмдүүлүктү жогорулатууда аябаган зор эмгек кылышат. Же дагы бир мисалды алып көрөлү. Көк-Арт тоолорунун этегинде Кара-Дарыя массивине эгилген Сузак районунун пахтасы сезондо 5 жолу сугарууну гана талап кылса,

Үч-Коргон-Кадамжай багытындагы таштуу жерлердин пахтасы 9-11 жолудан сугарылат. Дагы бир мисал, Лейлек районунда жаңыдан өздөштүрүлүп жаткан Арка өрөөнүнө сууну насос менен алып чыгышат. А гозо белгилүү өлчөмдөгү жылуулукту, ошондой эле сууну жана азыкты талап кылат. Кыргыз пахтачылары жердин ушул өзгөчөлүгүнө карата өз иштерин жөнгө салышкан.

**4**

«Мен пахтанын арасында туулуп, пахтанын арасында чоңойгонмун» деп кээ бирөөнүн сөзүн угуп каласын. Бул чындык. Түштүктүн чарбаларынын көбү пахта эгип келген. Ал эми пахтазар куду кыштактардан, поселоктордон башталат. Энелер бешиктеги балдарын пахтанын шагында олтуруп эмизишкен учурлар көп болгон. Тоо гүлдөрү жөнүндө али түшүнүгү жок жеткинчектер адегенде эле пахта гүлүн көрүшөт. Ошол себептенби, айтор түштүктө кары-жашы дебей бул баалуу өсүмдүктү ушунчалык сүйөт, анын ар кандай оор жумушуна да түнкү түйшүгүнө да кайыл болуп иштешет. Учурунда бардыгы пахта жөнүндө ойлонушкан. Анын келечектеги түшүмү тууралуу, асыл сапаты тууралуу кыялданышкан. Ушул оюмду такташ үчүн далилдүү сөз айткым келди. Оштук акын Кармышак Ташбаев бир жолу «Жер шары ак пахтадан бир чоң жоолук салынса» деген жаңы ырын окуп берди. Мен пахта, пахтачы, дыйкандар жөнүндө көп эле ырды окудум эле. Бирок бул акын мени ойлондуруп койду.

Пахта жөнүндө ушундай таттуу ойлор менен жүргөндө эмгек ветераны, пенсионер маркум Асранкулов Бөрүбай аке жолугуп калды. Жолугушуубуз ыңгайлуу жер болгондуктан жана мүмкүнчүлүктүн бардыгынан жай олтуруп калдык. Мен ага Ташбаев акындын пахта жөнүндөгү ырын окуп бердим.

- Дурус экен, - деди Бөрүбай аке, - пахта бул биздин байлыгыбыз гана эмес, ар-намысыбыз. Ким пахта жөнүндө кыялданбайт? Ким анын проблемалары жөнүндө ойлонбойт?

- Проблемалары?

- Ооба, иним! Пахтаны түшүмүн жогорулатуу проблемасы бар эле мурда. Жылына 220 миң тоннага жеткирдик. Эми облусубузда пахтачылык бир топ кыскарды. Дагы эле болсо ошол аз аянттын түшүмдүүлүгүн да, сорттуулугун да жакшыртуу проблемасы турат.

Ал менин жүзүмө тигилип калды. Мен анын мага дагы бир нерсе жөнүндө айтсамбы, айтпасамбы деген оюна түшүндүм.

- Мен бир техника ойлоп жатам - деди ал аңгыча.



Муну мен күткөн эмес элем. Бул киши инженер болбосо. Уста да эмес. Бар болгону чарбаларда жетекчи болуп көп иштеген. Анан райкомдун секретары, обкомдун кызматкери болгон. Билими өзү айткан «совпартшкол» эле. Азыр пенсионер. Анан кантип жаңы техника – машинаны ойлоп чыгара коет? Кайдыгер эле айтып койду окшойт.



**Пахтачылардын Оштогу республикалык Кеңешмесинде. Алдыңкы катарда солдон оңго Социалисттик Эмгектин Баатырлары – Кара-Суу районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун раиси Топчубай Юпусов, Базар-Коргон районундагы Фрунзе атындагы колхоздун раиси Өлмөскан Атабекова алдыңкы пахтачылардын арасында. (80-жылдар).**

- Сен ишенбей турасың иним, - деди ал сөзүн улап, - мен тоо этегиндеги зоналарда пахтаны тез бышыра турган, мындайча айтканда косектерди тез жетилте турган техника ойлоп таптым. Гозолордун түбүнө кошумча жылуулук берүү керек.

Ушул учурда дагы бир таанышыбыз кошулуп калып биздин аңгемебизди бузду. Коштошуп кетүүгө туура келди. Кечээ эле пахта жөнүндөгү акындын ыры тынчсыздандырса, бүгүн

Асранкуловдун «Жаңы техникасы» жөнүндө кыялдана баштадым. Ал коштошордо «сен ишене бер, менин тажрыйба участогум бар» – деди. Бул жетимиш жаштын ары жагына өмүрү өйдөлөгөн куракта пахтанын проблемасын чечүүнү ойлоп баш катырып «жаңы техника» жаратканы жаткан адам жөнүндө нары таң калып, нары ага ыраазы болуп көпкө кыял сүрүп жүрдүм. Демек, пахта жалаң анын адистерин, дыйкандарын гана ойлонтпостон бүткүл элди ойлонто турган асыл зат, асыл өсүмдүк экендигине ого бетер ынандым.

5

Акыркы күндөрдүн биринде Асранкулов аксакалды атайын издеп таптым. Ал «Тажрыйба участкасынын» азырынча кайдадыр шаардан тышта экенин айтты. Анысына мейли дейли. А «гозолордун түбүнө от жагуу керек» дегени кандай? Бир гектар жерде эң кеминде 90-95 миң түп гозолор өстүрүлөт. Анын ар бир түбүнө от жакканда?… Охо,о! Отко гозолор күйүп кетпейби?

- Азырынча өзүм жеке тажрыйба жүргүзүп жатам,- деди Бөрүбай аке, - муну мен эч кимге айта элек болчумун. Жанагы сен мактаган пахта жөнүндөгү ыр, анан сенин суроолоруң себепкер болбодубу. Ар кандай эле адамдын бүт өмүрү чыгармачылыкка байланыштуу эмеспи. Биз көп учурда жазуучуларды, анан искусство адамдарын же сүрөтчүлөрдү гана чыгармачылык менен иштешет деп жүрөбөз. А менин бул ойлоп жатканым чыгарма эмеспи? Же бир тоголок чигиттен «ак алтын» өндүргөн дыйкандын иши чыгармачылыкка жатпайбы? Менимче жатат….

Бөрүбай аке кыйлага унчукпай калды. Мен андан көзүмдү албадым. Кыймылын ээрчий карай бердим.

- Сен дагы эле ишенбей турасың – деди бир маалда ал,- мейли, ал өз эркиң. Бирок, арадан мезгил өтсүн. Менин тажрыйбам да өлкөгө пайдалуу болуп калар. Мен муну сөзсүз ишке ашырам да анын жемиш беререине көзүм жетип ишенгенимде гана сунуш кылам.

- Кимге? Каерге?

- Албетте пахтачылык боюнча адистерге. Анан облустук жетекчилерге көрсөтүп, практика жүзүндө сунуш кылам.

- Ага чейин жашырат көрүнөсүз?

- Жок, жашуурун деле эмес. Адегенде «жаңы техниканы» өзүм иштетишим керек да. Качан толук пайда беререине көзүм жеткенде гана жарыя кылам.



- Ага чейинки башка бирөөлөрдүн ойлоп тапканы жарактуу болуп кетсечи?

- Андай болууга да мүмкүн. Бирок, гозолордун түбүнө «от жагууну» али менден башка эч ким ойлой элек болсо керек.

- Андан ары ал өз оюн улады.

Пахтанын жүзгө жакын жумушу бар. Анын бардыгын жеңилдетүү проблемасын чечүү зарылдыгы турат. Мына, Улуу Октябрь Революциясына чейин биздеги пахтанын түшүмүн алып көрөлү. Адеген жылдары бир гектардан 5-7 центнерден пахта алына баштады. Жетимишинчи жылдары жер 40-45 центнерден пахта бере баштады. Мурда чигитти кол менен эксе, кийин сеялканы чыгарды. Мурда кол менен жегенелесе, отосо азыр культивация иштейт. Ал эми пахта терүүчү машиналар чыкты. Демек, ушулардын бардыгын адам жаратып жатат. Мисалы, «көгүлтүр корабль» деп жүргөн машинаңарды эч кандай илимий даражасы жок эле бир өзбек жигити ойлоп тапкан дейт. Демек, тамчыдай болсо да салым кошкон боломун. Эгер оюмду ишке ашырсам…

Жаратылыш кайсы мезгилде болбосун өз өкүмүн жүргүзөт. Биздин тоолуу көп массивдерде гозолор кеч жетилип, байланган косектери түшүмгө кеч толот. Андай жерлер өлкөнүн пахта эккен республикаларынын бардыгында бар. Бирок, аптап канчалык үстүнөн тийгени менен нымдуу аянттарда жер кыртышын белгилүү даражада ысытбаган учурлар болот. Ошондуктан азыктандыруучу техникага кошумча аппарат орнотуу зарылдын зарылы. Ал аппарат аркылуу газ күйгүзүп, гозолордун түптөрүнө бир сыйра «көгүлтүр оттун ысык» табын жиберүү жагын ойлоп жүрөм. Эгерде дары чачкан эле жөнөкөй тракторлорго ушундай аппараттын кошумча орнотуп, атайын түтүкчөлөр аркылуу жөөктүн башынан аягына чейин «от жагып» гозолордун түпкү жагындагы, топуракты кошо жылытып кеткен болсо ал ысык тамырга бат жетип, косектердин болумдуу жетилишине жана бир мезгилде жапырт ачылышына алып келер эле. Анда пахтанын бүт түшүмүн машина терип, кол күчү талап кылынбайт болучу. Бул менин жаңы техникам, тажрыйбам болмок…

-Сонун экен! – дедим мен көзүмө бажырайган болумдуу косектердин тегиз ачылышын элестетип, талааларда Асранкуловдун «жаңы техникасы» иштеп жаткандай, абанын ар кандай шартына карабай гозолор тегиз өсүп, тээ кырмандарда булуттай болгон түрмөк булалар көбөйгөндөн көбөйүп, эшалондогон ал баалуу сырье өлкөнүн туш тарабын көздөй кетип

жаткансыды. Миллион станоктордон күн шооласындай төгүлүп, кыргыз ак буласынын назик жиптери сансыз ийиктерге оролуп, түрмөктөлүп жаткансыды.

- Сонун экен! – дедим баягы эле сөзүмдү кайталап өзүм сонундар дүйнөсүн аралап бараткансып. Ал жибек булалар улам чубалып олтуруп үймөлөктөлүп, тоолорго теңелип, андан өтүп булуттарга жетип анан аппак болуп Ай нуруна өрүлүп, асманды көздөй күмүштөнүп кылактап кеткенсиди. Бул кыялдан улам учкан «ак алтын» чубалмасы Ай менен жер ортосуна салынган бир назик күмүш жол болуп калгансыды. «Айга чейин жол салынса пахтадан» .... деген ой кылт эте түштү. Пахта жөнүндө оюм дагы тереңдеп аны бапестеген ак жегдечен дыйкан кылымдын бийигинде туруп алып чылымынын түтүнүн булата кана соруп, талааларга көз салып турган жаңы замандын сөзгө сараң дыйканы көз алдымда турду.

Ким биринчи пахтаны ойлоп тапты экен?
Тапкан киши сараң бекен, март бекен?

Саар чыгып кечке иштеген тынч албай,
Сараң дешет сөзгө биздин дыйкандай.

Булалары булут болуп оболоп,
Ак пахтасы кырманында тоо болот.

Айга чейин жол салынса пахтадан,
Пахтачылар бүтүрүшмөк кап качан.

6

Колунда жаңы техникасы, илимий жактан негизделген куралдары бар биздин пахтачы дыйкандарыбыздын аткарган албаң иштери ар дайым өзүнө тартып турат. Алар менен жолугушуу, сараң сүйлөгөн сөздөрүн угуу калемгер үчүн пайдалуу да жемиштүү да болору чындык эмеспи. Пахтачы дыйкандар бир эле фактыны же кылган ишин кайталап айта бербейт. Жаңы ойлорун, жаңы умтулууларын айтат. Алардын басып өткөн жолуна кыял жүгүртсөң талаа менен тутумдаш. Пахтазар – үйү-талаа-станы, алыш-башы. Кызык дыйкан баскан жол.

Дыйкан жолу!

Ал жол жаз кылтаяры менен башталат да жай аралап, күз күрөшүнө уланып анан кышкы талааларга чыйыр салып кайра башталган жерине жазга барып жалгашат. Адатта Түштүктө



Араван өрөөнүнө жаз эрте келет. Адамдар талааларга чыгышат. Арык-шактарды тартипке келтирүүдөн башташат алгачкы иштерин,

Журналистик кесип көп учурда мени да жолго чакырат. Сапарга чыккан ар бир адамдай эле дыйкандар да сапарга чыгышат. Дыйкандын жолу автомашиналар зуулаган даңгыр эмес татаал, түйшүктүү эмгек жолу. Бул жол атадан балага калып келаткан улуу да, ыйык да жол!

Мурда «дыйкандар» деп эгин эгип, кызыл кырман көтөргөн адамдарды гана айтчу экен. Кийинчерээк пахтачы дыйкандар кошулушуптур. Муну биз тарыхтан даана окудук. Жер төңкөрүшүнө алгачкы катышып, байлардын ээлеген жерлерин тартып алышып ортого берип, эгин, пахта эккенге катышкан түйшүгү көптүгүн дагы бир жолу айта кетсек окуучуларды тажатпаспыз. Ошентип, Араван жазы өзгөчө шандуу болот. Техникалар мотор күүлөп, талааларга бет алышып, алардын катарында кызыл-тазыл кийинишкен кыз-келиндер удаалаш эмгектенишет. Ошолордун арасынан Дилярам Рафикованы алыстан эле тааныйм. Ал өзүнүн шамдагай аракети, жадыраган жүзү менен таанымал. Чек-Абаддын аптабына Сырт адырынан соккон шамалга бышкан кызыл тору өңүндө ар убакта күлкү ойноп турат. Бригаданын жетекчиси өз пахтачылары, механизаторлору жөнүндө жетекчилерге маселе коюп турат. Кыргызстан КП Ош обкомунун биринчи катчысы, маркум С.И.Ибраимов 70-жылдары «Правда» газетасына жазган «Бригададагы адис» деген макаласында мындай деген болучу:

«Азыркы бригадалар өлчөмү жагынан мурдагы колхоздордон кем калышпайт. Айрым учурларда алардан чоңдук да кылышат. Бригадир азыр эреже катарында адамдардын зор колективин башкарат. Экономиканын татаал маселелерин–атап айтканда чарбалык эсептин, колхозчулардын турмушунун жана тиричилигинин маселелерин өз алдынча чечүүгө туура келип жатат. Бир сөз менен айтканда колхоздордогу өндүрүштүк участокторду башкарып жаткан кызматкерлерге мурдагыдан жогорку талаптарды турмуштун өзү коюп олтурат».

Ош облусунун пахтачылыгын өнүктүрүүдө маркум С.И.Ибраимовдун зор эмгегин сөз кылбай кетсек адилеттүүлүк болбос. Эл үчүн да, ар бир адам үчүн да камкордук көргөн ал жетекчи облустка он жолу Бүткүл союздук Кызыл Тууну алып берди. Ооба, ал киши жетектеп турганда пахтачылык өнүктү. Анын түшүмдүүлүгү 170 миң тоннадан 220 миң тоннага чейин

жетти. Дыйкандар бай, оокаттуу, маданияттуу жашоого өтүштү. Пахтачылыкта эмгекке болгон кызыгуулары артты. Кийин республиканын өкмөт башчысы болуп турганда да пахтачылар тууралуу ой бөлүшүп, камкордук көрүп, моралдык жана материалдык жардам көрсөткөнүн айтпай коe албайбыз.

Жогоруда сөз болгон Диларам Рафикова жетекчилик кылган бригада Араван районунда өзүнчө эле бир чарба, чакан колхоз болучу илгери. Бир кездерде пахтанын түшүмү өтө төмөн алынган ушул участокто кийин агротехниканын эрежелерин толук билишкен колхозчулар, жаңы техника менен куралданышкан бүгүнкү биздин дыйкандар эмгектенишип жатышат. Бүгүнкү дыйкандар деп Диларам өңдүү отуз жаш курагында Социалисттик Эмгектин Баатыры деген даңкты жеңип алган жаштарды гана айтпайбыз.

Талаалар жандуу да, шаңдуу да. Сырт адыры тараптан соккон жел Дилaрамдын саамай чачын сеңселте, анын кызыл тору жүзүн аймалайт. Биз тазаланган шак арыкты бойлоп басып бараттык. Тракторуна май куюп болгон Мадаминжон Исмаилов тиштерин кашкайта күлүп учурашты.

- Ишиң кандай механик?

- Тракторума май куюп, мотордун отун жандырып жатам,- деди майланышкан колдорун ушалап.

- Ырдап ийдин го?

- Ырды силер эле ырдап, биз иштен баш көтөрбөйт деп ойлойсуздарбы?- деди Диларам.- Биздин бүт ишибиз кыймыл – аракетибиз ыр. Ырсыз эмгек ырахатын көрүү кыйын. Силер өңдүү кыска ырдабайбыз. Биздин ырыбыз мына бүгүнкү жаз жарышынан башталып кышка чейин уланат. Узун да, уккулуктуу да ыр.

...Күн кечтегенде талаадан кайтып келаттым. Талаалар жаз жыттанат. Чек-Абаддын чер жазган шамалы серүүн тартып, жаңыдан бүчүр байлаган мырза теректер көк асманды көздөй чиренишет.

## 7

Кыргыз пахтачылары үчүн даңктуу болгон сексенинчи жылдары эмгек азаматтарынын катары ого бетер көбөйгөн эле. Тарыхта болбогондорду көз көрдү. Бир адам бир сезондо 400 тонна пахтаны машинада терет деп мурдараак бирөө айтса, эч ким ишенбес эле. Бирок, «Таш-Көмүр» совхозунан Гуламжан Набиев, СССРдин 50 жылдыгы атындагы совхоздон Абдыкаар Шадиевдер 420-430 тоннадан пахтаны «болот этектерден»



кырмандарга төгүштү. Бул жетишкендиктердин ээлери кандай адамдар болушту экен? «Эрдин даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей Гуламжан Набиев карапайым гана механизатор. Арык чырай, кара тору өңүндө чарчаңкы сыяктанган же көздөрүндө эч кандай сыр жок.

- Сиз бүгүн Ош телевидениси аркылуу өзүңүздүн жараткан ийгиликтериңиз жөнүндө айтып берет экенсиз. Ага жөнөгөнчө чакан аңгеме куралык. Эмнелер жөнүндө айтмакчысыз?

- Эмнелерди айтмак элем?- деп ал сараң сүйлөдү, - иштедик. Адегенде планды аткардык, анан милдеттенмени. Машина быйыл жакшы иштеди. Бузулган жок. Пахталар тегиз ачылды...

X X X

Сузак районундагы «Коммунизм» колхозунда беш бир тууган Сарыковдор пахтачылыкта көп жыл катары менен эмгектенишкен. Алардын экөө бригаданы башкарышып, калгандары механик-айдоочулар, трактористер болушкан. Бул эмгектен бакыт тапкан үй-бүлө жөнүндө чоң сөз кылса арзыр эле. Бирок, мүмкүнчүлүккө жараша бул кыска баянда алардын бири – СССР Жогорку Советинин депутаты болгон бригадир Сатыбалды Сарыков тууралуу гана токтомокчубуз.

Ал кишинин аңгемесин угууга окурман, Сизди да чакырамын.

- Балам, кар басылдыбы?- деп сурады көзү азиз Сарык карыя. Алаканын жая оң колун алга сунуп, кардын басылганын өзү да сезгиси келгенсип.
- Басылды ата – деди Сатыбалды Көк-Арт тоолорунун күн нуруна чагылган чокуларына кылчая тиктеп.
- Мына балам – деди карыя кичине сүйүнгөн калыбында, - мына бул мезгилди "чилде чыгып үт кирди, кысыр малга сүт кирди» дейт. Ушул кар чилденин чыгышы. Айтса калың жаaптырбы, кар?
- Түзүк эле ата. Бир жарым карыштай бар калыңдыгы.
- Бир жарым карыштайбы? Эски кар да кыйла калды бейм эле... Мунусу жакшы. Жакында жер алдынан да жылуулук келе баштайт. Баягы өзүң айткан кеч күздөгү суу жетпей айдалып калган аянттарга ушул кар керек эле. Жакшы болду. Үшүк алып калган кесектерге ным бат өтөт... Жакшы, жакшы! Эми балам мени үйгө алып кир. Жаз жыты ушул күндөн башталат – деп Сарык карыя азиз

көздөрүн кыбыңдатып артына бурулду. Сатыбалды атасын колтуктай басып верендага кирди.

- Бул биздин Созоктун жери март – деди карыя чарпаяга кынтая – быйыл да жыл жакшы! Түшүм мол болот. Күз узакка созулуп, кыш кетенчиктеп келдиби, демек, түшүмдүү жылдын белгиси. Бар эми балам, ишине бар. Абалымды сураганы келгениңе ыракмат.

Талаага барып кар алдындагы кыртышты бир аз чукуп көрчү! Топуракты үшүк алгандыр. Ошент балам..

Дыйканчылык менен өмүр сүрүп кечээ эле бели эңкейип карылыкка баш ийгенче пахта талаасында күн өткөргөн Сарык карыя уулунун эшикке чыгып бараткан дабышын тыңшап, аны көңүлүндө алкап жатты. Мына он эки жыл бою көзү азиз. Бирок жаратылыштын ар кайсы мезгилин дилинде сезип олтурат. Пахтага кайсы мезгилде суу коюп, кайсы мезгилде кандай жумушун жүргүзүүнү уулдарынын ар бирине айтат.

- Балам, азыр илимдүү агрономдор бар. Алардын көрсөтмөсү илимдин негизинде. А менин айткандарым ага кошумча, тажрыйбага байланыштуу, - дейт карыя. «Ата сөзү ардак» деп түшүнөт Сатыбалды. Ал азыр да үйдөн чыккан боюнча талааны көздөй бет алып баратат. Сузактын атасы айткан Созоктун созулуп жаткан мейкин талааларына күн нуру тийди. Плантациялардын бети күзгү сыяктанып жалт-жулт этет. Ак кар уюп жаткан туш тарап ар кандай кубулат. Сатыбалдыга тааныш талаалар. Кечээки күздө эле куду ушул жерлер адам күлкүсүнө, техниканын күркүрөгөн добушуна шаңданып турган. Мына, атасы айткан түшүмдүү жылдын алгачкы белгиси, аппак карга көзү уяла түшкөн пахтакер оңго бурула басып керзовой өтүгү менен кардыэки жака тээп жиберди да кыртышты оодарып көрдү. Муз болуп тоңуп калган кесек бир – бирине урунганда дароо быркырап майдаланып кетти.

- Үшүк алыптыр - деди Сатыбалды өзүнчө, - күзгү суу ушул аянтка жетпей калды эле. Демек нымды жакшы өткөрөт. Атамдын айтканы ушул болчу.

СССР Жогорку Советинин депутаты Сарыков Сатыбалды жылдын кайсы мезгилинде болбосун тынымсыз иш үстүндө. Эгерде ал ушул Сузакта туулуп, ушул күнгө чейин өмүр сүрүп келатканына 60 жыл болсо, анын 30 жылы жооптуу да, ардактуу да иш менен байланыштуу.

Мен Сатыбалды Сарыковдун ысымын мурда далай ирет укканмын. Бирок, ал жашап, эмгектенген «Коммунизм»



колхозунда болгон эмес элем. 1970-жылы жайдын толукшуп турган мезгилинде Өзбек адабияты менен искусствосунун Кыргызстанда он күндүгү башталды. Ош областына бөлүнгөн бригада менен бирге жүрүп мен Сузак аймагынан Сатыбалды Сарыковдун колхозунда болдум. Айланасы жүзүм жана анар багына курчалган колхоздук мейманканада олтурушкан коңшулаш Республиканын өкүлдөрүнө чарбанын жетекчиси, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Алимжан Юнусов колхоздогу ийгиликтерди, алдыңкы адамдарды кыскача айтып берди.

-Биздин пахтачылыктагы зор жетишкендиктерибизге, - деп сөзүн уланткан жетекчи, - бир тууган Сарыковдордун салымы зор.

- Агасы Усупжан колхоздун трактордук бригаданын жардамчысы-механиги, иниси Алымжан №3-бригаданын башчысы, андан кийинки иниси Талыпжан Сарыков механизатор, Сузак райкомунун бюро мүчөсү, эң кенже Салыжан да механизатор. Эми ушул Сарыковдордун үй-бүлөсүндөгүлөр бүт колхоздун пахтачылыгында эмгектенишет. 93 жаштагы Сарык карыя бир уядан барчындарын таптап туш-тушка канат күүлөнтүп учурган бүркүт сымак өз өмүрүнүн бийиктигинен балдарынын акылына акыл, демине дем кошуп олтурат. Көзү азиз бул карыянын жыйырмага жакын неберелери ак мектептерде окуп, колхоз талааларында иштеп жатышканын билемин. Чарба жетекчисинин сөзүнөн кийин ага дагы жолуктум. Депутат бригадир арызданып же жөн гана акыл сурап келген шайлоочуларды кабыл алып олтурган экен.

- О, сиз белеңиз! Келиңиз, келиңиз, - деп ал ордунан туруп мага утурлай кол сунду. – Кана буерге олтуруңуз.

- Ишиңизге тоскоол болбодумбу?
- Анчалык эмес.
- Кеч болсо да ийгиликтериңизди куттуктайм!
- Ыракмат! Бардыгын аткарган эл, ошолор куттуктоого татыктуу,
- Ар гектардан 55 центнерден пахта алынды деп уктум...

- 10 килограммданы дагы бар, - деп жылмайды Сатыбалды аке,- он килограмм дегендин өзү зор түшүм.

- Демек, 55 центнер, 10 килограммдан деңизчи.

- Ооба, эгерде ар бир чанактагы пахта 4-5 граммдан болгондо он килограмм пахтаны чогултуу үчүн канча кол эмгеги жумшалат? Ал эми ошол түшүмдү өстүрүү үчүнчү? Биз

пахтачылардын кымындай кылган ишин да баалашыбыз керек. Антпегенде биз эл кадырын билбеген болобуз, - деди Сарыков

- Ойлоно турган маселелерди айттыңыз, - дедим анын кыялданып кеткенин сезип.

- Ойлоно турган дагы бир маселе бар. Бул да чоң нерсе – деп Сатыбалды менин сөзүмдү кайталады. – Колхоздо туулуп-өскөн жаштарыбыз туш тарапка кетип жатышат. Пахтачылыкта алар аз. Бүгүнкү ийгиликтерди эртеге улантуучу жаштар иштин көзүн билген дыйкандар керек. Азыр көп үй-бүлөлөрдүн бирден же экиден кишилери шаарга кетип калышкан. Же болбосо аялы пахтада иштесе, күйөөсү шаарда. Айылдагы жер участкасы бар бүт үй-бүлөсү менен пахтачылыкта иштешкендерден кем эмес. Ошондуктан жаштар жөнүндө, аларды айылда калтыруу жөнүндө ойлонуу зарылдыгы турат.

Бригаданын талаа стандарында телевизор – телефон коюлган. Муздаткыч жай бою бардык участкаларда болгон. Бригаданын өзүнүн мүчөлөрүн тейлей турган атайын почтосу иштеген. Ал инвалид Бахридин Далимбаев. Анын сумкасы толо гезета-журналдар, кат-кабарлар.

Мен ар качан Сузак аймагын аралаганымда Сарыковдордун үй-бүлөсү тууралуу ойго батам. Кечээ эле пахтанын терими кызып жатканда Ош-Фрунзе магистралы аркылуу Базар-Коргонго өттүм. Айтылуу Сузактын талааларында эмгек кызыган. Тээтигинде «көгүлтүр корабль» термелип баратат. Береги кырманда пахта үймөгү түрмөк булуттай. Талаанын жылдыздары болушкан теримчилердин кыймылы улануууда. Алардын арасында Сарыковдор сөзсүз бар.



# БААТЫР ЭНЕ, БАЁО АЯЛ



Журналисттик кесибимди улантып Ош облустук «Ленин жолу» газетасы-нын редакциясында узак жылдар бою иштегендигиме байланыштуу дыйкан-дардын, айрыкча, пахтачы дыйкан-дардын арасында көп болуп жүрдүм. Жылдын төрт мезгилинде тең тыным албаган түйшүкчүл пахтачылардын турмушу, ой-максаттары, умтулуулары мени ар убак кызыктыруучу. Араван-дан, Ленин, Сузак, Базар-Коргон, Кара-Суудан атагы алыска угулган пахта устаттарынын ысымдарын угуп алар менен баарлашууга дайыма даяр элем.

Эсимде, жетимишинчи жылдары Араван районундагы XXII партсъезд колхозунун клубунда кыргыз пахтачыларынын республикалык кеңешмеси болду. Ошондо Өлмөскан Атабекова сөз сүйлөдү. Өңү шамал менен күн нуруна тотуккан, шыңга бойлуу, баео аял өзү башкарган чарбанын, өз районунун гана эмес, республиканын ар-намысы тууралуу кеп кылды. Ар бир сөзү маанилүү, жөнөкөй угулду мага. Баатырдык Алтын жылдызы көкүрөгүндө жаркырап турду. Бул киши тууралуу «Жылдызкан» романынан окугамын.

Ошол жылы облустук пахта сатуу боюнча планын ийгиликтүү орундатты. Облустук газетага алдыңкы пахтачыларга арналган «Жолдоштук азил» рубрикасынын алдында каалоо жазуу мага тапшырылды. Ошондо Баатыр эжеге арнап төмөндөгүдөй жазган элем:

«Жылдызкан» деген китептин ичи жык,
Өлмөскандын өмүрү менен эмгеги.
Өлкөбүзгө көп болду,
Өндүрүп пахта бергени.
Бир кезде бүт колхозду башкарды,
Өстүрдү далай жаштарды.

Ал жаштары эженин,
Жеңилин жерден, оорун колдон алды.
Биздин эже анан,
Бригадир болуп арттагы участкага барды.
Анда да иши жандуу,
Адамдары болду нандуу.
Айтор,
Өлмөскан-Жылдызкан,
Арбын чыкса экен кыргыздан!

Ыраматылык Өлмөскан эже кийинки бир жолугуушубузда ыракмат айтып колумду кыскан эле. Ал киши акылдуу да, ойчул да болучу. Айрыкча эл байлыгы болгон пахтачылыкка өмүрү биротоло арналган. Өзү жаш курагынан пахта арасынан чыкпаган, пахтаны жанындай сүйүүчү. Андыктан өмүрүнүн акырына чейин ал асыл өсүмдүктөн кол үзбөдү.

Өлмөскан Атабекова жалгыз гана өзүнүн Базар-Коргон районундагы Фрунзе атындагы колхозундагы жаштарды эмес, Ленин, кийинки Ноокен районунун жалпы жаштарын пахта сүйүүгө шыктандырды. Анткени, көп жылдар бою бул эки район биригип турган. Кечээ кийин гана Базар-Коргон району өзүнчө бөлүндү. Ошондуктанбы, ал райондордун көптөгөн жаштары Баатыр эженин ысымы менен сыймыктанышат. Азыр да анын жолун жолдоп пахтазарда түмөн түйшүк тартышат. Өлмөскан эже «16 кыз», «Ак маралдар», «Шумкарлар» аттуу жаштар бригадаларын уюштурду. Алар тууралуу төмөндө сөз козгомокчубуз.

## 1. Ай талаанын «Ак маралдары»

Алтын күз. Туш тарапты береке каптап, айыл үйлөрдөн ак нандын жыты буркурап дасторкон бетине толо үйүлсө, талаалардан дан менен «ак алтын» кызыл кырмандарды жана шыйпандарды көздөй ташылып, машина кербендери тоодой-тоодой ал байлыкты тынымсыз кабыл алуу пункттарына жеткирүүдө. Алтын күздүн ар бир келген күнүнүн эрте таңы менен кошо ойгонгон ток пейил, намысчыл дыйкандар талааларга жапырт чыгышып эмгек чабуулуна умтулушат. Мына ушул кезде Базар-Коргон районундагы Фрунзе атындагы колхоздун пахтачылары өзгөчө демилгелүүлүк менен эмгектенип жатышат. «Бардык күч-пахтага!» деген ураан колхоздун баш-аягына жайылып кеткен. Бул кыска чакырык сөз карынын да, жаштын да



жадында күнү-түнү жүрөт. Ошондуктанбы, аксакал карыя, ак чач эне баш болуп бүт ишке жарактуу жаштар талаада – пахтазарда!

Күздө мен ушул колхоздун аймагында болдум. Күн күмүштөнүп ачык асманда талааларга нур төгүп турду. Айкөл пахтазар эмгек кучагында. Тээ этектен «көгүлтүр кораблдер» чабуулга өтүштү. Кырмандагы пахтаны жүктөгөн автомашина чаң ызгыта пунктка жол тартты. Ак жегдечен кырманчы айрысына таянып коюп бир үзүм дем алганча талааларга көз чаптырат. Талаа-талаа! «Ак алтын» талаасы. Мына ушул байлыктын кени болгон талаа канча жылдан бери түшүм берип келе жатат? Адамды адам кылган асыл эмгек эмеспи. Эмгектен тер төккөн адамдар береги талаадан бакыт таап жатат. Ооба, ушул эле талааларда кажыбас кайрат кылып өз эмгегинен бакыт тапкан Өлмөскандай пахта устаттары аз бекен? Өлмөскан Атабекова көкүрөгүнө Алтын жылдыз тагынып, бүгүн чарбаны башкарып жатат. Анын артынан Асылкан Акматова баш болгон он алты кыз өсүп чыкты. Тээ-тиги жайыктагы «Ак марал» бригадасынын кыздарычы?

Карыя бир үзүм убакыт таап кыял чабыттатып кайрадан асфальт кырманда жайылып жаткан ак булаларды оодарыштыра баштады. Карыянын бактысы эмгекте. Ал бүгүн эле пахтанын маанилүүлүгүн, баалуулугунун, сөз жеткис асылдыгын баамдап олтурган жери жок. Же болбосо бүгүн эле ал райондун эмгекчилеринин, колхоз башкармасынын председателинин, Социалисттик Эмгектин Баатыры Өлмөсхан Атабекова өзү баш болуп пахта талаасына чыгып иштеп жатканын көрүп олтурган жери жок. Чынында эле биз пахта талааларында эмгектенип жатышкан эл арасынан партиянын райкомунун секретары Айкөкүл Мирзакаримованы, Өлмөскан Атабекованы көрдүк.

– Дем алыш күнүн талаада өткөрүп жатабыз. Биз өзүбүз менен элди эмгекке уюштуруп, анан өзүбүз да үлгү көрсөтүшүбүз керек, - дейт, Айкөкүл Мирзакаримова чеңгели толо ак булаларды этегине салып биз менен кол алыша.

– Студент кезинде да пахтаны көп терчү экен. Бар болгону мен 62 килограмм пахта терсем, Айкөкүл сулуу бир күндө 162 килограмм терип койду. Жаш эмеспи, - деп Өлмөскан эже жадырап-жайнап күн нуруна, талаа шамалына тотуккан жүзүн бизге бурду.

Ооба, пахта – биздин ар-намысыбыз, элибиздин байлыгы. Ошондуктан бардык жакта пахта жөнүндө сөз. Кары-жаш дебей пахтанын баркын билип, анын ар бир талын кымбат баалашып,

талааларда иштеп жатышат. Партиялык, советтик жетекчилер пахтанын бир аз кечигип бышкандыгына байланыштуу бардык чараларды иштеп чыгышууда. Жакында Базар-Коргон районунда болгон Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин жетекчилери райондун эмгекчилеринин жаңы демилгелерин угушту жана өзүнүн баалуу сунуштарын кийиришти.

Биз сөз кылып жаткан «Ак марал» аттуу кыздар бригадасында болушуп, алар кыздардын активдүүлүгүн, кайраттуулугун, бүгүнкү аткарып жаткан иштерин жактырышты. Жаш кыздардын жалындуу эмгегине баа беришти. Пахтазарда кыздар менен аңгемелешишти. Аларга жаңы-жаңы ийгиликтерди каалашты. Ошондон аз өтүп Өлмөскан Атабекова өзү уюштурган бул кыздар бригадасында белгисиз бир күч, дем пайда болгондугун байкап калды.

Жетекчилер бригадада болуп кетишкенден кийин өзү уюштурган «16 кыз» бригадасынын сиңдилери болуп эсептелегн «Ак маралдар» бригадасындагы 18 кыздын ар биринин кыймылына көз салып тунжурап карап турду ал. Ак булаларды шамдагайлык менен үзүп жаткан колдордун тездигине көз илешпейт. Атаганат, не деген ылдамдык. Чанактарынан салаа-салаа болуп төгүлүп турган сан жетпеген ак булалуу талааны аралап бараткан кыздар саамайларын серпе баштарын жогору көтөрө калышса куду эле ак маралдын өзү. Ал эми шыңк этип чыккан күлкүлөрүн тоо булагынын кыткылыктап агып жатканына салыштырса болот. Кыздардын кыймылы, күлкүлөрү өзүнчө эле бир ыргактуу, ар бир кыздын өзү ыр.

Он алты кыздын сиңдилери маралдар,
Чолпондору «ак алтындуу» талаанын.
Кайрат-күчүн дилгир жумшашат,
Даңтантууга пахта менен заманын.

«Ак маралдар» Өлмөскандын кыздары,
Ак маралдай сулуу, сүйкүм кыз баары.
«Арбын терсин булаларды» дегенсип,
Ачык күнүн арнап жатат күз дагы.

Ушул кыздар карлыгачтай зуулаган,
Пахтазарда таңдан-кечке тынбаган.
Эжесинин ар-намысын көтөрүп,
Элин болсо жүрөгүнөн сыйлаган.



Ошентип кыздардын кыймылы Өлмасханды кыялдантты. Бир убакта: «Садагаң кетейин сулууларым! Ак маралды бригадасы болуп заб эле ат коюлган тура»– деди Өлмөсхан өзүнчө шыбырап. Анан бул атты ким койду эле? Чыңгыз Айтматов. Ооба, ошол киши бир жолу ушул колхозго келип эл менен жүзмө-жүз олтуруп кетпедиби. Мына ошондо жазуучу ушул кыздар бригадасы жөнүндө, анын уюшулуп жаткандыгын билген болучу.

– Бригаданын аты «Ак марал» деп коюлса жакшы болгону турат – деген Чыңгыз Айтматов.

– «Ак маралдар» десекчи?

– Эң жакшы ат. Ошентип коё бергиле.

– Өлмөсхан эженин «Ак маралдары» болот да анда.

Мына ушундай сөздөрдөн кийин дүркүрөгөн кол чабуулар менен жазуучунун сөзү кубаттоого алынган. Ооба, Айтматовдун «Жамийласын», «Кызыл жоолук жалжалым» аттуу чыгармаларын сүйүп окушкан кыздар эми ал жазуучунун коюп берген атына сыймыктана бир бригадага баш кошушту. «Ак маралдар» аттуу бригаданын мүчөлөрүнүн колхозунда механизаторлук кесипке ээ болушту. Пахтачынын канаты болгон техниканы башкара билишкен бул кыздар чигит эгүүнү, гозолорду культивациялоону, чеканкалоону, сугарууну өздөрү гана жүргүзүшүп 50 гектар аянттагы пахтанын ар гектарынан 40 центнерден түшүм алууга убада беришкен.

Дыйкан аталардын жана апалардын салтын улашкан бул жаш кыздар бүгүн өзгөчө бир шамдагайлык менен иштеп жатышат. Бригаданы Сүйүмкан Калдарбаева башкарат. Ал СССР Жогорку Советинин депутаты, даңктуу «16 кыз» бригадасынын бригадири Асылкан Акматовадай эле жетекчиликти уюштуруучулук иши менен баштады. Ал өзү пахта жыйноочу машинаны биринчи болуп талаага чыгарды. Көшүлүп жаткан кең талаа механик кызды кучагын жайып тосуп алып, «ак алтын» байлыгын берекелүү төгүп берип жатат. Сүйүмкан бүгүн штурвалда эртеңки күнгө кыялданып ыр ырдайт. Ооба, анын обону да уккулуктуу. Анын өзү да шайыр. Ырдаган сайын жүзүнөн сулуулук тамып чыга келет. Бекеринен ал Ош телевидениесинин «Ыр кесесинин» лауреаты болгон эмес.

– Булар биздин «16 кыздын» сиңдилери, - дейт Өлмөскан Атабекова. «Ак маралдар» бригадасынын өңчөй кыздарына кайрыла, – Эми ар-намысты бекем кармоо керек. 16 кызыбыздын болсо көп жерлерге даңкы угулду. Алардын сиңдилери артта калса уят эмеспи.

– Уят өлүмдөн катуу. Биз бардыгыбыз бир кишидей болуп өз сөзүбүздө турабыз. Сизди уятка калтырбайбыз. Ошентсек биз колхозубузду, районубузду гана эмес, облусубузду уятка калтырбаган болобуз, - деди бригадир Сүйүмкан Калдарбаева. Анын сөзүн бүт кыздар колдоп кетишти. Бир азга шыйпаңга топтоло калган кыздар кайрадан талааларды көздөй жөнөштү. Алар ырдап баратышты. Кыздардын обонун «көгүлтүр кораблдердин» мотору коштоп жатты.

Жаңы жер жаштарды гана эмес, кээде тажрыйбалуу дыйкандарды да өз сынынан өткөрөт эмеспи. Бул 18 кыз быйыл 50 гектар аянттагы жаңы жерге пахта эгишти. Адегенде ар гектар аянттан 35 центнерден түшүм алууну пландаштырышкан болучу. Кийин 38 центнерден түшүм жыйноого милдеттеништи. Жазгы катаал шарттарда чигит кайрадан эгилди. Каткалаң басты. Облустук бардык пахтачыларындай эле бул «Ак маралдар» кыздар бригадасынын кыздары да аябагандай зор түйшүк тартышты. Бирок, көздөгөн максаттарынан кайтышкан жок. Кыздар жаңы демилге көрсөтүштү. Ар гектар аянттан 40 центнерден түшүм берүүнү чечишти. Мына, бүгүн бул бригаданын талааларында «көгүлтүр кораблдер» менен катарлаш теримчи кыздар эмгек менен ырды айкалыштыра таңдан-кечке тынымсыз иштеп жатышат. Ар күнү 180-200 килограммданга жеткирип пахта теришүүдө. Гүлмира Мамытова, Үрүнса Дыйканбаева, Гүлмира Мирзакаримова сыяктуу кыздар бригаданын алдыңкы мүчөлөрү болуп саналышат.

Эртелеп кыймыл башталган кутмандуу талаага өнгөн быйылкы байлык улам кырманды көздөй ташылып келүүдө. Күздүн күнү кечтеди. Адырлардан түшкөн ала көлөкө талаанын бир четин каптап келатты. Өлмөскан Атабекова шыйпаңда кечки жыйынтыкты болжолдоп турду. Таразакеч чотту чыкылдата бир күндүк иштин жыйынтыгын чыгара баштады. Ушул талаалардын көөдөнүнө чигит эгип, андан алтын өстүргөн кыздар бир аз талыкшый түшкөн бойлорун эми гана түзөп, маңдай терлерин шыпыра кечки салкында көздөрүн толтура кылкылдап батып бараткан күндүн нуруна карашат. Мына ошол учурда алардын ойноок көздөрү тоонун ак маралдарынын көздөрү сыяктуу балбылдап кетти. Махабатка, эмгек ышкысына жык толгон көкүрөктөрүн көтөрө эртеңки таң, эртеңки иш жөнүндө кылт этип ойлоно калышат.

Анан алар тээ шыйпаңда турган даңктуу пахтакер эжесине көз чаптырышат. «Эжени көрүп сиңди өсөт» деген сөз кыялдарына



келет. Ошол замат алар чарчаганын унутуп келечекке кыял жүгүртүшөт. Ооба, кыялкеч кыздар чарчоону заматта эстен чыгарышып ыр ырдашат, күздүн кечки салкынында алардын ыры пахтазар үстүндө чабыттайт.

## 2. Канат күүлө, «Карлыгач»

Түтүнүн көккө бүркkөн алп трактор жаңыдан эле гозопаялардан тазаланган аянттын бир четин айдап кирди. Ачык асман адаттан тышкары мээлүүн болуп турат. Мындай жылуулук тракторчунун көңүлдүү иштешине көмөкчү болгонсуйт. Шайдан адырлары тараптан сыдырым соккон желге жүзүн тосуп кыялданып турган Калыйпа эми гана тракторду ээрчий басты. Ал бороздуу бойлоп бир аз жогорулап барды да эңкейе берип кара\кочкул топурактан бир ченгэлдеп алды. Жер жыты! Калыйпанын көңүлү негедир көтөрүлө түштү. Ушул баба дыйкандардын салтын сактап дыйкандык эмгек менен кадыр-урматка ээ болгон жөнөкөй кыргыз кызынын азыркы минутадагы кыялы кайсы жактарга чабыттабады!

«Оо, асыл жер! Сенин улуулугуң мына ушул жытыңдабы! Адамга марттык менен байлык тартуулаганыңанбы? Менин ата бабамдын маңдай тери сага канчалык төгүлдү экен? Көгүлтүр чигитти кыртышыңа катып, мээримдүүлүк менен андан гозо өндүрүп гозолорго бутак байлатып, чанагынан нукура алтын өндүргөн марттыгыңа не жетсин!» Калыйпа ушуларды ойлоду. Ошондуктанбы ал айдоо аянттарына сүйкүмдүүлүк менен карап турду. Анын кызыл-тору жүзүн сыдырым жел сылап дыйкан кыздын ички дүйнөсүн удургутуп турду.

Дыйкан кыз. Чарбанын жетекчиси Кыдыралиев алгачкы жолу таанышканыбызда эле мына ушул дыйкан кыз жөнүндө өз оюн ортого салды.

– Өзүңүзгө белгилүү, областыбыздагы атактуу Баатыр эже Өлмөскан Атабекованын жолун жолдогон кыздардын демилгеси жылдан-жылга артып жатат. Алардын саны 300дөн ашат.

Мына ошол демилгелүү кыздардын катарына биздин депутат



**Өлмөскан Атабекованын сиңдилери алдыңкы пахтачы дыйкандардын арасында.**

бригадирибиз Калыйпа Акматкулованы да кошууга болот, - деди ал. Ооба, Калыйпа Акматкулова өткөн төрт жылдын ичинде бригадирликти да, депутаттык наказдарды да аткарып келди. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайлангандан кийин өзүнүн ишине дагы да жоопкерчилик менен крады.

Ооба, райондо гана эмес, облустун алдыңкы бригадаларынын катарына кошулган «Карлыгач» аттуу жаштардын бригадасын мына ушул дыйкан кыз башкарып келди.

Биз Калыйпанын бригадасына пахта терими башталган мезгилде, талааларда шаңдуу эмгек жүрүп жатканда келдик. Кырмандагы үйүлгөн «ак алтынды» пунктка жөнөтүп жатышкан кырманчылар өздөрүнүн бригадиринин пахтазарда жүргөндүгүн айтышты. Биз теримчилердин арасына басып бардык. Калыйпа өзү да «көгүлтүр кораблдин» штурвалында олтуруп шаңдана иштеп жүргөн экен. «Көгүлтүр кораблдин» мотор күүсүнө аралаш кыздардын күлкүсү чыгып, аны кандайдыр уккулуктуу ыр саптары коштоп жатты.

Кыздар сулуу,
Кыздар шайыр эмгекте,
Кызып иштеп маңдайынан тер кетсе,
Жүзү нурдуу
Алоолонот манаттай,
Жигиттердин жүрөктөрүн дегдете.



Ооба, бул ыр кыздардын иштеген кыймылдарына, алардын ажарданган жүздөрүнө арналган ыр эле. Аңгыча биз теримчи кыздар менен аралаша түштүк.

— Ыр менен эмгек айкалышкан жерде ийгилик да болот эмеспи. Туурабы, алтын колдуу кыздар! –деди Кадыралиев.

— Ырсыз өмүр супсак дейт агай –деп теримчи Калыякан Сүйөркулова тишин кашкайта бизге карады. Анын сөзүн Калыс Токтогулова улады.

— Илгертеден айтып келген бабалар,
ырдын баасы алтын менен барабар, -дейт эмеспи.

— Абдан жакшы. Силердин ийгилигиңердин жаралышына ырдын себеп болгондугуна ишенебиз.

Аңгыча биздин жаныбызга бригадир Калыйпа Акматкулова келип калды. Ал башкарган бригададагы 12 кыздын бардыгынын шайыр мүнөзү биздин көз алдыбызда турду. Бригадир кыз өзүнүн сүйгөн эжеси Өлмөскан Атабековадан үлгү алып, анын жолун жолдоп иштеп жатканын кайта-кайта бизге айтып сыймыктанып жатты. Ошол учурда борбордук стандан түшкү тамакка чакырды.

Бул кыздар бригадасынын мүчөлөрү өткөн жылы 80 гектар аянттагы пахтанын ар гектарынан 35,2 центнерден түшүм жыйнап алышты. Быйыл болсо мына ошол деңгээлге жетүү үчүн бардык күч-аракеттерин жумшап иштеп жатышат. Башка бригадалардай бул бригадада да түйшүк көп болду. Жаан-чачындуу күндөрдө кыздар кыйындыкты жеңип иштешти. Тажрыйба керек болду. Бригаданын жетекчиси Калыйпа Акматкулова башка тажрыйбалуу бригадалардан, пахтачы дыйкандардан, эмгек ардагерлеринен кеп кеңеш укту. Баарынан да Өлмөскан Атабекова менен болгон аңгемелешүүсү жемиш бергендигин баса айтты ал.

Ал Жалал-Абад шаарындагы СПТУну бүткөн. Мына ошол жылдары эле пахтачылыкка кунт коюп, аны асыроонун ар кандай кыйынчылыктарына көнүүгө бел байлаган. Пахтачылыкта иштеп жүрүп бул техникалык өсүмдүктү асыроодо, бригадага жетекчилик кылууда билим керек экендигин дагы терең түшүндү. Негизги милдеттердин бири–жерди агрохимиялык жол менен иштетүүнү өздөштүрүү үчүн билим керек болгондугун баамдады. Ошондуктан, ал колхоздун жетекчилерине акылдашып көрүп Фрунзе шаарындагы айыл чарба институтуна сырттан окууга өттү.

Мына, дыйкан кыз азыр республикабыздын борборундагы институтту бүтүрүп дипломго ээ. Өзүнүн бригадирлик анан

депутаттык милдетин аткаруу менен бирге сырттан окууну өздөштүрүү оңой-олтоң эместиги баарыбызга белгилүү. Бирок, бул кыздын дыйканчылыкка берилүүсүнө дагы бир себепкер, анын өмүрлүк жолдошу Тилебалды Каракозуев болуп саналат. Тилебалды агроном-энтимолог болуп иштейт. Ал дагы Анжиян шаарындагы пахтачылык институтунда сырттан окуп дипломго ээ болгон. Ошентип, айыл чарба адистигине кызыгышкан бул үй-бүлөдө элге кызмат кылуу менен бирге билим алуу максаттары да иш жүзүнө ашты.

Бригадада алдыңкы кыздардын саны арбын. Алар Калыйпа Акматкулованын ишине, окуусуна дайыма көмөк болушкандар. Бригаданын алдыңкы мүчөлөрү Мыскал Токтоназарова, Алтын Маманова, Бурулай Мисирова, Карамат Эргешова сыяктуу пахтачы кыздарын тааныштырды.

Мен бул чарбада кийинки жылдын мол түшүмү үчүн камкордук көрүп жаткан күзгү күрөштү өз көзүм менен көрдүм. Бардык жерде тракторлор мотор күүлөп кыймылга келип, тондурма айдоону жүргүзүп жаткан экен. Келерки жылдын түшүмүнүн камкордугун азыртан көрүп, жер менен тагдырлаш болуп калган сыяктанган пахтачы дыйкандар дагы эле талаада. Ооба, Калыйпа Акматкулова өз бригадасынын пахта аянттарынын терең тоңдурмаланышын күтөт. Ошондуктан ал азыр да талаада.

Талаа кызы,
талаанын ак жылдызы.
Ак эмгектен ажарланат нур жүзү.
Шаңдана бер
канат күүлөп уча бер,
«Карлыгачтын» Калыйпа аттуу нур кызы!

Калыйпа Акматкулова жакында эле өз бригадасындагы 12 кызды чогултуп алып Өлмөскан Атабекованы эскеришти. Анан алар келерки жылы кандайча эмгектенип, кандайча ийгиликке жетише тургандыгы жөнүндө аңгемелешишти. Албетте кыздардын тилеги зор. Ар бири Өлмөскан эжедей даңктуу пахтачы, чарба жетекчиси, ишмер болууну каалашат.

Эмесе, канат күүлөй бергиле, «Карлыгачтар!»

### 3. «Гүлкайыр» гүлү

Мен Махбураттын ысмын көп угуп жүрсөм да анын пахтачылык бригадасынын аймагына бара элек болчумун. Ленин районунун пахтачылары үчүн ургалдуу күрөштүн, ар намыстын



жана чымырканууунун жылы болгон, өткөндө ошол тарапка сапар тарттым.

Гозолордун илдетин жоюу кыйын болду, бирок, биз планды быйыл сөзсүз аткарабыз. Райондун жалпы эмгекчилери бардык күчтөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн жумшап жатышат. Ар бир чарбада, ар бир бригадада план толот –деди райондун жетекчиси.

- Бизге келишкен басма-сөз кызматкерлери ал гана турсун республикадан, областтан келген уполномочендер да даңктуу Өлмөскан Атабекованын жолун жолдогон Махбураттын ишин көрүп, сөзүн угууга кызыгышат. Ал эми сиз үчүн өзүбүздүн облуста иштеп туруп (ал кезде Ош, Жалал-Абад бирге эле) бул даңктуу кызыбыздын бригадасына келбегениңиз кечиримсиз. –деп райондун жетекчиси маркум Эргеш Ташматов тамашага аралаштыра мени бираз чымчып өттү, -Ал планды райондо биринчи болуп толтурган. Рапортун сиз өзүңүз газетага иштеп берсеңиз керек эле.

- Ооба, ооба… Чынында эле …

-Мен сизге ошол участка боюнча уполномочен Рахмановду кошуп беремин. Ал киши Махбуратты окуткан агайларынын бири болот. Сизге Махбурат тууралуу түшүндүрүп да берет. -деди.

Күн бешимден ооп калганда райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Козубай Рахманов экөөбүз Махбурат Абдукаимованын бригадасын көздөй бет алдык.

Туш тарап күрөш кучагында. Күчүнө эч нерсе теңкелбеген пахтачы эл талаадан байлык күрөп жаткан учуру. Бир жерде ак пахта үйүлүп, анын четинде бакжаңдаган дыйкан жүрсө, дагы бир жерде каз катар тизилишкен теримчилер колдорун автоматтай кыймылдатышып, ак булаларга фартуктарын толтурушат. Тээ картанын баш жагында келе жаткан «көгүлтүр корабль» көк деңиз үстүндө сүзүп бараткан кемедей каалгыйт. Анын штурвалындагы кызыл желекче желге желбирейт. Бешим ооп калган мезгилге карабастан талаада иштин илеби али сууй элек.

- Махбураттын бригадасына келдик, -деди Рахманов, Биз барганыбызда асфальт кырманы тасырайып бош турган экен. Бир тал була калтырбай автомашинага жүктөлүптүр. Аркы пахтазар тарапта «көгүлтүр корабль» термелип бара жатат. Анын бир тарабында өңчөй жаштар пахта терип жүрүшөт.

- Бригаданын бардык мүчөлөрү талаада экен, - деп Козубай Рахманов ары көздөй басты, мындай учурда кырманчы да, таразакеч да бекер олтура алышпайт. Пахтаны жөнөтүп коёру

менен теримге киришишет. Аңгыча шамдагай баскан кыз келди. Анын Махбурат экенин тааныдым. Кадимкидей жайдарылана биз менен кол кысыша учурашты. «Азамат экен. Атак-даңкы жөн эле чыккан эмес экен» деп ойлодум. Махбурат Абдукаимованын кыймыл аракети, шыңга бою, ал турсун сүйлөгөнү Өлмөскан Атабековага окшош экен. Мен кыялдана ага карап турдум. Махбураттан уккан сөздөр мен үчүн жаңыдай, ишенимдүүдөй сезилип жатты. Ал өзүнө таандык бардык ийгиликтерди, даңкты көтөрүп, эч убакта манчыркабай, эч убакта текеберденбей турганын байкадым. Өлмөсканга чынында окшош экен, баеолугу да бар» дедим өзүмчө. Талаа станында бардык зарыл буюмдар бар. Эс алуучу бөлмө, кыздардын тамактануучу жайы, журнал менен газеталар турчу атайын столдор. Ар бир бөлмөнүн же веренданын терезелери таза, кирип- чыккан коридордун эшиктери иреттүү. Айтор ашыкча көрүнгөн нерсе жок. Айланасы пахта талаасы уюлгуган чаңдуу жол болгондугуна карабастан бул жердеги тазалык, тыкандык алгачкы жолу келгенимде эле көзүмө түшкөн. Азыр болсо бригаданын башчысы Махбурат өзү бизди ээрчите жүрүп, талаа станындагы шарттарды көрсөттү.

-Пахтачыларды планды аткарууну, норма, иш жөнүндө гана алагды кылбастан алардан тартипти да, тазалыкты да, маданияттуу жашоону да талап кылуу керек, жакшылыкка, ак пейилдүүлүккө көндүрүү керек –деген Махбураттын сөздөрү менин эсимде мурда калып калган Өлмөскан Атабекованын бир кезде мага айткандарына айкашып турду.

Махбурат Абдукаимова менен аңгемелешүү кызыктан кызык боло берди. Кыргыздын жөнөкөй бир кызынын пахтачылыктын сырын, анда иштеген адамдардын дилин кайдан, кантип билип алгандыгына ойлонбой кое албайсың. Катарлаш, шакташ участкаларга пахта эгишкен кээ бир эр мурут азаматтар бүгүн бул кызга жетпей калып олтурушат. Алар жарышта артта калышып же пландарын толтура алышпай чогулуштарда нымшып тердешип жер карашса, Махбурат президиумга чыгып олтуруп, ал гана эмес мелдеште озуп чыккандыгы жөнүндө сөз сүйлөп, кабагы ачык, жадырап жайнайт. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына экинчи жолу шайланды. Мындан башка толуп жаткан алкыш, кагаз жүзүндөгү куттуктоолор жана Ардак грамоталар азыр Махбураттын бөлмөсүндө тизилип турат.

- Албетте, Өлмөскан эжеден көптү үйрөндүм. Ал айткандай бардык ийгиликке жеткирген эмгек, - дейт Махбурат Абдукаимова, –бирок, эмгек деп эле максатсыз жер карыштап



иштей берүү да жетишсиз. Эмгекти сүйүү менен жерди кошо сүйүү керек. бригададагы адамдарды жердин сырын билүүгө, аны иштетүүгө үйрөтүү зарыл. Коллектив канчалык ынтымактуу болсо алар жеңбей турган кыйынчылык жок. Менин бригадамда өңчөй кыздар иштешет. Алардын ар бири жылдын кайсы мезгилинде болбосун жумушка даяр турушат. Бирде буттарына керзовой өтүк, үстүлөрүнө брезент плащ кийип нөшөрлөнгөн жаан чачында талаада жүрүшсө, дагы бирде бүгүнкү мода талап кылган кийимдерди кийинишип алып шаарга барышат. Талаадан көргөндө бул кыздар эмгек азаматтары, пахтачылыктын дилгирлери экен деген ойго келишсе, шаардан көргөндөр маданият мекемелеринде иштегендер же студенткалар экен деп да ойлошот.

Асманга ай каалгып чыга берди. Анын упанын күкүмүндөй болгон нуру айлананы каптап жатты. Талаа көшүлүп дем алууга кирди. Талаанын ортосундагы аппак шыйпанды артка калтырып, биз жолго чыктык. Бир кыйла жерге келгенге чейин эле музыка кыздардын созолонгон үндөрү угулуп турду.

### X X X

Бүгүн мелтиреп жаткан түздүктөрдө кыламык да кар жок. Жаздын бир мезгилдерин элестеткен талаага көз салып бара жатып, Махбурат Абдукаимова өзүнүн ушул аймакка алгачкы жолу жеңин түрүнүп, бир жагы сыймыктанып, бир жагынан чочулап келгендигин эстеди. Ооба, ал кезде Махбурат жаш эле. Пахтачылыкка алгачкы жолу бет алып, элдин ишенимин актоого камынган мезгили болуучу.

Биринчи жолу Махбурат пахтазарга кадам таштоо менен ага романтика пайда болду. Мелтиреп жаткан түздүктөрдө пахтанын түшүмдүүлүгүнүн тоо-тоо болуп артышы, өзү сыяктуу эле жаштардын жоктон барды жараткан эмгек ийгиликтери, жетекчилердин ишенимдүү сөздөрү аны кыялдантты, таасирлентти. Махбураттын ушул оюн түшүнгөндөй пахтачылыктын устаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры Өлмөскан Атабекова бир жолу жолугушканда мындай деди:

—Сиңдим сенин келечегиң кең. Мен сенден эмгекке умтулууңу, келечекти көрө билүүнү. адамдарга болгон ишенимди, дыйкандын асыл бир касиетин сездим –деди Баатыр эже, бае мүнөзүндө. –Эми кажыбас кайрат керек, сенде максат, ойлор көп экен. Мына ошолорду ишке ашыруу чыдамкайлыкты, адамдар менен сүйлөшө билүүнү, бирөөгө жугумдуу, ишенимдүү сөз айтууну, жалпысынан эле ак ниет, ак көңүл болууну талап кылат.

Эженин бул акыл насааты жаш пахтачыга көрсөтмө болуп калды. Кийин канчалык кыйынчылык болсо да Өлмаскандын айткан сөздөрү көңүлүнө кылт дей түшчү. Колхоздо комсомолдук жаштар бригадасы уюштурулду. «Гүлкайыр» аттуу бул бригадага Махбурат Абдукаимова жетекчи болуп иштей баштады.

Махбурат Абдукаимова «Сай бою» деп аталган кыштакта туулуп өскөн. Мына ошол чоң канал сайдын жээгин бойлой кеткен пахта плантацияларынын арасындагы сокмо жолдор менен ал эчен жолу талаага каттап, ар бир кадамын шилтеген сайын пахта көңүлүнө кылт этип түшүп, жалаң гана өзүнүн бригадасынын эмес чарбанын, райондун ийгилигин ойлоп, кыялданып, сергек мүнөз менен жүргөнүн азыр эстебей коё албайт. Канаттуу мезгил улам өтүп Махбурат да тажрыйбага ээ болуп, колективдин кадыр-урматын көрө баштады. Орто бойлуу, өзүн тыкан алып жүргөн, ар убакта чындыкты жана адилеттүүлүктү сүйлөгөн Махбурат Сакалды орто мектебинде окуп жүргөндө эле пахтачылыктын сырларын өздөштүрүп, пахтачылардын арасына барып иштеп, бул техникалык баалуу өсүмдүктү сүйүп калган болуучу.

Мен колхоздун партиялык комитетинин секретары Адылбек Жунусов менен бирге жүрүп Махбураттын романтикалуу сөздөрүнө ыраазы болдум. Партиялык уюмдун секретары Махбурат Абдукаимованын мамлекеттик сыйлыктары, партия менен өкмөт эмгегин баалаган мезгилдерин айтып берди. Ооба, 1975-жылы № 292-Сакалды шайлоо округунан Махбурат Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланды.

1980-жыл Махбурат Абдукаимова үчүн бакыттын жылы эле. Ал экинчи жолу Кыргыз ССР Жогорку Совети-нин депутатыгына шайланды. Кыргыздын жөнөкөй кызы-нын бактылуулугу, анын жөнөкөй эмгегине мамлекеттик ишке кылган мамилесине жараша болду. Ал жылы Мах-бураттын дагы бир бактысы–анын үйүндө комсомолдук той өткөрүлдү. Жаш кезинен бирге окуп, техниканын тилин билип, Махбураттын пахтага болгон умтулуусун, далалатын чын жүрөгүнөн түшүнгөн механизатор Алым-жан Ильясов бул комсомолдук тойдун себепкери болуп калды. Дыйкан кыздын Сай-Боюндагы көгүлтүр дарбаза-луу имаратынын алдында жеңил автомашиналардын биринин артынан бири келе баштаган күн 1980-жылдын 5-де-кабры болуучу. Махбураттын жана Алымжандын курбу-курдаштары колхоздун жана райондун жетекчилери, катардагы пахтачы дыйкандар бул короого топтолушту.





**Ардактуу эс алууга узатуу. Өлмөскан Атабекова жана Базар-Коргон райкомунун катчысы Айкөкүл Мырзакаримова. 1980-жылдар.**

Партиянын райкомунун өкүлү комсомолдук кечени ачып, бул эки жаштын эмгек жолу, келечеги, чарбага жана районго кошкон салымы жөнүндө айтып, аларга ийгилик каалады. Колхоздун партиялык комитетинин секретары Адылбек Жунусов Махбурат Абдукамованын эмгеги жөнүндө аны тарбиялаган, жаштайынан пахтаны сүйүүгө үйрөткөн, Махбураттын апасы Тургиниса Балтабаева, чоң энеси Бүмайрам Нематова энелерге жана пахтачылыкка нускоо берген Өлмөскан Атабековаларга алкыш айтты. Комсомолдук той чыныгы салтанатка айланды.

- Бул менин романтикамдын ишке ашышына Өлмөс-кан эженин салымы зор, -дейт Махбурат Абдукаимова, -Москвага барып, сьездге улуу форумга катышып келүү мен өңдөнгөн кыргыздын жөнөкөй бир кызы үчүн чексиз таалай эмеспи! Ал эми сьезден кайтып келгенге чейин менин колхозумда жазгы талаа жумуштары башталып калат. А мен талааларды сагынам. Ооба, бул кутмандуу талаалар–ата бабалардан калган талааларда менин бактым жатат.

*Эскерүүлөр*

# ЭКИ ЧОҢ ЖАЗУУЧУНУН АЛГАЧКЫ ЧЫГАРМАЛАРЫМА БЕРГЕН БААЛАРЫ

## 1. Кубанычбек Маликовдун ырларыма ой-пикири



1954-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун съездине делегат болуп катышкам. Ал учурда Кубанычбек Маликов Союздун катчысы экен. Ошол жылдан тартып Республиканын борборуна жыл сайын кеминде үч жолудан барчуу болдук. Анда бир жылда үч-төрт жыйын болуп турар эле. Ош облусундагы адабий ийримди мен башкаргандыктан чакыруу мага келчүү.

Ар барганда 4-6 жаш жазуучулар Жалал-Абад Фрунзе поезди менен жолго чыкчуубуз.

Ошондуктанбы, айтор, Кубанычбек Маликов менен көп жолу бетме-бет келип, көп жолу телефондо сүйлөшчүүбүз.

– Сиз, баатыр ырларыңызды топтоп мага берип койбойсузбу, алым жетишинче акылымды айтайын, керегин аларсыз, керек болбосо калар – деди бир жолу кабинетинде олтуруп. Мен ырларымды топтоп жибердим. Арадан бир канча күндөр өтүп мага жоопту Ошко келе жаткан Сооронбай Жусуевден берип жибериптир.

"Урматтуу Таш Мияшев!

Сиздин жыйнак менен кенен олтуруп, шашпай таанышып чыктым. Жыйнак жөнүндө төмөнкүдөй пикирлерди ачык айта аламын:

1. Көп эле киши ыр жазат. бирок ыр жазгандын баары акын боло бербейт. Менин оюмча Сизде эң түпкүсү акындык чымын бар, Сиз кыргыз тилин жакшы билесиз. Адабий чыгармага (азырынча ырга) кадимкидей өзүңүздүн көз карашыңыз бар. Сиздин кол жазманы окуганда кол жазманын мага ушул пикирди айттырган жактары мени өтө (алдын сызган К.Маликов) кубандырды. Маселе китебиңиздин эрте же кеч чыкканында эмес, маселе Сиздеги болгон табигый мүмкүнчүлүктө.

2. Ошондой болгондон кийин Сизге, өз эмгегиңизге өтө жооптуу карап, көбүрөөк иштөөгө туура келет. Менин агалык кеңешимди уксаңыз, китепти эптеп эле бат чыгарууга тырышпаңыз. Сиз адабият ишин кесип кылып алууну ойлогондон кийин, буга билимиңиз жана акылыңыз жете турган болгондуктан, жаратылыш берген ийкемиңизди, адеп баштаганда эле туура пайдаланганыңыз туура болот.

Көп жаман китеп чыгарган бизден үлгү албаңыз (анда шарт ошондой эле, бизди кой-ай деп айткан киши жок эле да) айрым чыгармалардын көчүрмөсү болуп калбасын.

3.Кемчиликтерди талдоодон мурун ийгиликтерге токтолоюн. Сиз жибергендердин ичинен мага "ГЭСтин ээси", "Кучагында түнөйүн", "Алтын күрөк", "Сентябрь", "Көл сүрөтү", "Күлөт тура ак пахта", "Күн дөбө", "Сулуу таң", "Сапар аба", "Карасам", "Укчу сулуу", "Жаз келгенде", "Эне сөзү", "Коммунизм суусу менен сугарам" ж.б.лары негизинен жетти, окуганда жүрөккө жылуу учурады. Бирок, ошол ырларда да кыйла кемчиликтер бар. Мен кара карандаш менен учкай-учкай белги коюп кеттим. Дагы бир сыйра окуп чыксаңыз кемчиликтерин өзүңүз деле байкайсыз го деп ишенем. Менин айтканымда Сизде (Сиздин ырларда) төмөнкүдөй кемчиликтер сезилет:

а) Теманы орду менен койбоо. (Мисалы, "Күлкү берди" деген жыйнакка ат боло албайт.

б) Али жалпылоо (конкрет образдар айтуу эмес) жалпы айтуу күчтүү. Ал биздин 1930-40-жылдарга мүнөздүү. Сиздер, кийинки жаштар, биздин жаман тарбиядан качып конкреттүү ырларга өтсөңөр, мүмкүнчүлүгүңөр бардык жагынан бар.

"Жаркырап жарык чачкан,
Жаңылык жолун ачкан,
Түрдөнтүп түрдүү түстө,
Көргөндү кумарланткан" ж.б. ырлар ошол жалпы айтуу. Түрдүү түстө элес кайсы түстө экенин ачык сүрөттөп көрсөтсө гана кургак үгүт эмес поэзия болот. "Калкым сүйгөн жумушчу" деген ырыңыз да куру жалпылоонун өзү. Анда жумушчунун конкреттүү элеси көрүнбөйт.

"Бирге жүрүп, бир өткөрсөм турмушту,
Мен да аткарсам сен аткарган жумушту.
Мага кымбат сенин ар бир мүнөзүң.

Чоюн билек, таза жүрөк жумушчу"-деп жумушчунун баарын айтууга болот, бирок, бирөөнүн да элесин көрүүгө болбойт. Анткени элеси берилген эмес, жалпы сөз менен айтылган. Сиз, Таш биз жактырган ырларыңызды ушул ырларга салыштырып окусаңыз өзүңүз да айырмасын байкаар элеңиз.

в) Жомоктун таасири Сизде күчтүү. Жомок жазсаңыз да болот. Бирок, бул жазгандарыңыз жомок эмес, реалистик темадагы ырлар. Ошондуктан:

"Шаардын жылдызына таңданышат,
Көктөгү көркөмсүнгөн көп жылдыздар" деп жылдызды таңдыруу- жомоко сокcондук. Жок дегенде "тандангандай болушат" деп айтсаңыз, менин оюмча реалистик сүрөттөөнүн чегинен чыкпаган болор элеңиз деймн. Башка ырларда да жомок стили сезилет. Мен беттерине белгилеп өттүм.

г) Сизде бирде Ж. Турусбековду же А. Осмоновду тууроо ачык сезилет. Алардын жакшы чыгармаларын үйрөнүүгө болот, бирок, туроого болбойт. Бул жөнүндө Сизге Соoронбай толугураак айтар.

д) Кургак үгүт "жашасын" деп кыйкыруулар бар. Аларды белгиледим. "Правда" жөнүндөгү ырыңыз ошондой. Образ аркылуу бербестен жалпы саноо, сүйлөөгө кирип кеткенсиз.

Аякы айтайын дегеним: тил жагынан болгон кемчиликтер. Жалпы, Сиздин тилиңиз жатык жана туура болушу менен катар сөздөрдү бир кыйла тескери колдонгон жактарыңыз да бар. (Мүмкүн кайсы бир сөздөрдүн сизге мааниси бүдөмүк чыгар). Мисалдар: "Күлкү бизге жаралат" ("Мыйманчылап келиңиз") Бул жасалма сөз. Күлкү жаралат деп айтуу мүмкүн эмес. "Тоо этеги килем сымак" Туура эмес. "Киши сымак, бай сымак" деп шылдыңдап айтчуу эле. "Тоо этеги килем сыяктуу" болушу мүмкүн. "Жандын жакын кепилиндей көрүнөт"("Кат") бул таптакыр түшүнүксүз сүйлөм. "Апасынын ак эмчегин шимирет" дейсиз. Сууну шимирет ко. Эмчекти шимирип көрүңүзчү тумчугуп калышыңыз мүмкүн. Мен мындай жерлерди карандаштын учу менен белгилеп өттүм.

Ырларда уйкаш жагынан кемчиликтер бар экен. Маселен ("Жумушчунун үйү") "келгемин", "өрдөдүм", "тердедим" дерге алибетте "өнөрдүн" уйкаш эмес. Мүмкүн болушунча уйкаш жыш жана жакын болгону жакшы. Болбосо ырды кишинин баары эле жазбайбы. Анда кара сөз менен ырдын эч кандай айырмасы болбой калат да.



Бул жыйнакты кайрадан аянбай иштеп, жаңы чыгармалар менен толуктап анан бизге жиберсеңиз жакшы болор эле. Менин сунушум–мына бул бизден бараткан Соoронбай акага окутуп, ушул китеп жөнүндө толук пикирин уксаңыз, Сизге аябай чоң пайда болор эле. Менин Сизге айтарым Соoронбайдын докладын угуп, кол жазмаларды окутуп, абдан көп пайдаланып калгыла.

Мындан аркы ишиңердин ийгилигин тилейм. Агалык саламым менен Кубанычбек Маликов. 23-февраль, 1956-жыл.»

Чоң акындын ары сылык сыпаа, ары ачуу, калыстык менен берген кеңеши мага зор таасирин тийгизди. Анда, акындыктын башталышында ырды жаадырып жаза берчүү элек да. Биринчи жазылган ырларыма биринчи ой-пикир угуп көбүнө ыhandым. Кийин мурдакы ырларды кайра карап чыгып, жаңы жазыла турган ырларга жоопкерчилик менен мамиле кыла баштадым. Ошентип, К. Маликов карап чыккан ырларым негиз болуп "Туңгуч Күү" деген алгачкы ырлар жыйнагым 1966-жылы жарык көрдү.

## 2. Касымалы Жантөшевдин "Менин кымбаттуу апам" повестиме жазган ой-пикири.



"Каныбык" романын Улуу Ата мекендик согуш жылдарында 4-класста окуп жүргөнүмдө эле окуганмын. Анда биздин айыл чачкын эле. Дарыянын өйүз-бүйүзүндө 40-50 үйдөй жашагандар колмо кол талашып "Каныбекти" окушкан. Анча-мынча билими барлар согушка кетишкен. Сайдын-Оозу деген жерде төрт үйлүү бар элек. Бир күнү бир өйүздөн бир китеп алып келип мага окутту. Сандалга тегерене олтуруп алышып кара чырактын жарыгында мага кулак салып олтурушкан эле. Анда "Каныбек" деген китепти гана билип, анын автору кимдигин көңүлгө да алган же сактаган эмес экемин. Кийин анан Касымалы Жантөшевдин чыгармасы экенин түшүнүп, ал кара сөздүн чебери кандай киши болду экен деген ойдо жүргөмүн. Ошол 1954-жылы эле, жазуучулардын сөездинде аны көргөмүн.

Таанышып сүйлөшүүм кыйла кечигип же тактап айтканда 1959-жылы жазуучулардын Ошто көчмө пленуму өтүп, менин

китебим чыга электе эле союзга мүчө кылып алышып, анан кыргыз жазуучуларын үйүмө чакырып чай бергемин. Ошондо Касымалы Жантөшев, Чынгыз Айтматов да үйдөн чай ичишип тааныштыгыбыз башталган. Ошондогу Токтомдун көчүрмөсү менде сакталып жүрөт.

«№8-Токтомдон көчүрмө. Кыргызстан жазуучулар Союзунун Президиумунун заседаниеси. 8-май, 1959-жыл.

Угулду: облустук адабий бирикмелерге консультанттарды бекитүү. (Т. Абдумомунов). Токтом кылынды: облустук адабий бирикмелерге төмөнкү консултанттар бекитилсин. Ош шаарына Таш Мияшев, Пржевальск шаарына Эргешбай Узакбаев, Нарын шаарына Жалил Садыков.

Төрагалык кылуучу Кыргызстан жазуучулар Союзунун биринчи катчысы: Т. Абдумомунов».

Элүүнчү жылдардын аягында, алтымышынчы жылдардын башында Касымалы Жантөшов Ошко көп келип жүрдү. Ал кезде Киров (азыркы Бабур) атындагы өзбек драма театрында ал кишинин пьесалары коюла баштаган эле. Мен көп учурда аны менен бирге болуп, үйгө чакырып жүрдүм. Ошондо мен алгачкы жолу кара сөзгө аракет кылып, бул жанрда да өзүмдү сынагым келген. Адегенде "Менин кымбаттуу апам" деген ат менен чакан повесть жазгамын.Бир жолу повестимди окуп берүүсүн өтүнүп ал кишиге тайсалдап айттым. Дароо эле макул болуп ала кетти. Кийин ой-пикирин жазып жиберген эле:

"Таш !

Саламатсыңбы! "Менин кымбаттуу апам" деген повестиңди окуп чыктым. Мага жакты. Мен сени мындай чыгарманы кара сөз менен жазат деп ойлогон эмесмин. Сени акын–ыр жазат дечүмүн. Бул чыгармаңдын багыты, идеялык максаты мага жакты. Бирок, ар бир жакшы нерсенин дагы жакшы болушун жакшы санаалаштар каалайт эмеспи. "Көтөрүп атка салганың курсун, көттөн чымчып алганың курсун" деген илгерки жеңенин сөзүн эсиңе албай эле кой. Мейлиң, алсаң ала бер, чыгарманын кемчилигин айтууга милдеттүүмүн, Таш!

Мен катары менен эле айта берейин, керектүүсүн аларсың, кереги жогун "оозуңа" деп таштап саларсың... Акмат аялын күтүшү вокзалда жакшы, бирок үйүнө келиши, көрүшү, анын кетишин угушу начар. Батыш үйдү таштап бирөө менен кетиши оор эле эмеспи. Демек ушул жерин окуган киши көз жашсыз окубагандай кылыш керек. Акматтын Оштон кетиши жакшы эмес, частник, жеке максаты үчүн кеткенсип жаман көрүнүштө. Ата



Мекен үчүн аябай жүрүп оор жарадар болуп калган киши ушундай жеке ой ойлошу эң жаман идея жагынан чатак кылат.

Эгер макул десең: Акмат колхоз устасы болууга барса, уста болсо, биздин армия жеңиши үчүн өлөр-тирилерине карабай колхозго иштесе, элге алына баштаса, анан согушта баласы өлгөн кемпир, балдары согушта жүргөн чал бирдемесин ондотууга келип жаштарын төгүп фашистик каракчыларды каргап, биздин армиянын жеңишин тилешсе, Акматтын чарчаганын көрүп тигилер буюмду ондоп бер деп айтууга батына алышпай кетип калышса, Акмат чарчаса да тигилердин жакшы тилектеринен кубаттанып буюмду бейакы ондоп берсе...

Анан ошол кемпир "сени ойлоп тамагыман өтпөдү" деп бир пияла каймак же сүт көтөрүп келсе. Мына ушуну көргөндөр Акмат колхоз ишинен бошогон убагын пайлап, бир колуна ишин, бир колуна тамагын көтөрүп жүрүшсө... Акмат тартынбай иштеп берип турса. Анан Акматтын образы сүйкүмдүү болбойбу?

Эл арасында балее баскан согуштун кайгысы такыр эле жоктой. Бир эмес үч баласынан айрылган абышка, кемпирди билем. Алардын боздогон үнү кана? Алганынан айрылган келиндер, сүйгөнүнөн айрылган кыздардын көз жашы кана? Сыздаган кошогу кайда? Мындай эпизодду ыгы менен ар кайсы жерине жайгасса жакшы болор эле. Акмат Андрюшаны Токтого таштап белгисиз жакка кетип калганы жаман. Ал колхоз үчүн жан үрөп иштеп жүргөндө аягынын жарасы ырбап, ошондуктан бардык тапканын, ала турган эмгек акысын Токтого берип, Андрюшаны аябай табыштап Оштогу же дагы бир жердеги госпиталга кетсин. (Же Фрунзедеги госпиталга жибер Токто менен Андрей издеп баргыс).

Эмне үчүн Токтого Акмат төгүлдү? Эмне үчүн Токто Андрейди бала кылууга кучагын жайды? Экөө тымызын сүйлөштү... Акматтын жакшы көргөн, сүйгөн баласы Андрюша, тиги экөөнүн тымызын сүйлөшүшүнө данакер болбойбу. Акмат Андрейди "досум" дебесин балам десин, Токтону эже дебестен атынан эркелете айтса деле болот (Токто дегендин ордуна башка ат кой). Акмат менен Токто жоготкондорун таап бактылуу турмуш куруп, эң мээримдүү адамдардан болтуруш үчүн Андрейдин образын карасаң. Аз гана бир детал кийирсең. Маселен: Андрейдин атасы менен энеси ошол селосундагы бир артелде слесарь болушуп иштеген коммунистер болушса, а Андрей окуудан тышкары убагында ата, энесинен мастерскоюна

бара калып жүрүп слесарлык иштин бир катар ыкмаларын билип калган болсо.

Акмат менен бирге иштешип жүрүп да бир топ каныкса. Акмат госпиталга кетип калганда анча-мынча иш жасап бере коюп элден алкыш алса, анча-мынча тапкандарын адырандап сүйүнгөн бойдон Токтого алып келип берсе, балага Токтонун сүйүүсү ого бетер күчөбөйбү? Экөөнүн ортосуна (Акмат, Токто) Андрей түздөн-түз данакер болбойбу? Андрейдин образы да күчөбөйбү? Андрейден бирдемелерди үйрөнүп Темирдин образы да өспөйбү? Бош убагында Ак-Буурадан анча мынча балык кармап келе коюп бышырып жеп олтурушса жаман болобу? "Атангөначайын сарыларым жыргатпадыбы, балыктын оокаты да шумдук турбайбы" деп сокур кемпирдин абышкасы айтса жаман болобу?

Токтону буудай уурдадың деп бригадир кармашы, Токто өзү эле барып ууруну таба коюшу ишенерлик эмес, көркөмдүгү да начар. Мыктап ондош керек. Чочконун этин жегенди багып аласың деген кемпирдин эпизоду кереги жок, идея жагынан жаман. Ырас, андайлар болгон. Бирок керексиз. Ушул балээден улам Андрей качпасын. Анын образы түшүп калат. Качуунун себебин башкача ойлош зарыл.

Акмат госпиталдан 2-3 айда айыгып чыкса, ошол жердеги горкомпартиянын жардамы менен жакшы ишке (эгер № 60 завод, Фрунзе атындагы заводго) орношуп иштегенин, акчаны түзүк таап 3 балага ( между прочим кичинекей баланын кереги жок деп ойлойм) бир окшош кийим, Токтого айрыкча белек алып келсе. Андрей менен Токтону дагы терең сынаш үчүн "Андрей, сени алып кетем" десе Акмат, Токто сөзгө келалбай ыйлап гана турса. Андрей Акматты да кыйбай, Токтону да кыйбай "ата, энеми фашистер жоготкон эле, бирок, ошол атам менен энемин образын силерден таап, өлгөндөрүм тирилгендей көрүп жүрсөм бул кандай?" деп ыйласа. "Балам, сенин суроонo жакында кайра келип жооп берейин" деп Акмат жүрүп кетсе.

Согуш убагында өспүрүм балдар чоң күч берген. Ошого байланыштырып Андрей, Темир сыяктуулар колхоздун эгинин орууда, темин бастыруу да, чөп чабыгында иштегендери көрүнсө жаман болбос эле. (Ушул жумуштардын бардыгында эмес биринде гана). Андрей келген жылы ушундай болду. Кыш өттү. Окуду. Акматтан амандык сураган каттар келип турду. "Акматтан Токтого бир кат келди . Апам катты окуп ыйлады. Катты бизге окутпады. Бизди өптү. Бирок ошол күндөн тартып апам куунак боло баштады. Акматты көп эстеп айтты" десе Андрей.



Анан Акмат келди. Көрсө баягы катта Акмат Токтого баш кошуу жөнүндө жазган болот. Анан экөө жакшы санаалаштарына даам ооз тийгизишти, бата алышты. Бирде жарым унаалуулардын жардамы менен иштеген жерине Акмат Токтону балдары менен көчүрүп жөнөдү. Баягы шумшук Батыш адамдык кейпинен кетип жолукту. Батыш шумшуйүп калды. Акмат бала чакасы менен өкмөттөн алган үйүн көзүнө элестетип баратты...

Таш!

Алибетте бул айткандарым сага закон катарында эмес, ой туудуруу катарында айтып, убакыттын кымбаттыгына карабастан 5 бетке эринбей жаздым. Повестинди баштап аяк өзгөрт дегенге такыр жатпайт, кай бир ыңгайсыз жерин кыскартып, кай бир жерине ыгы менен кошсоң повесть жакшы болобу деген гана ой. Баса, Андрюшанын энесин фашистер өлтүргөнү өтө узак.

Андрей жарадар болгондо Акмат аны сактап калыш үчүн аракеттенип жатканда жарадар болсо. Ушундан улам Батыш экөөбүз асырап алалы деген ой менен Андрей экөөнүн ата жана балалык сүйүүсү катуу баш-талса... Кош! Саламым менен Ж. Касымалы. 2 -декабрь, 1963-жыл."

Жарыктык, өзү айткандай кымбат убактысын коротуп, эринбей окуп чыгып, анан талдап ой-пикирин жазганына өтө ыраазы болгомун. Кийин жолугуп колун кысып алкышымды билдиргемин. Ал кишинин көп ойлору туура болсо да баштан аяк ондой албадым, бирок бир топ эпизоддорду кайра карап чыккамын. Ал повестим "Айыккан жүрөктөр" деген тема менен жетимишинчи жылдардын башталышында адегенде "Ала Тоо" журналына, анан "Махабат менен коштошуу" китебиме басылып чыкты. Анан орус тилине "Горы на смыкают глаз" деген темада которулуп "Поклон бесс-мертию" деген китебиме кошулуп Москвадан "Советский писатель" басмасынан 1987-жылы жарык көрдү.

Ошентип, алгачкы ырлар жыйнагыма чоң акын Кубанычбек Маликов, биринчи жазылган прозалык чыгармама кара сөздүн чебери залкар жазуучу Касымалы Жантөшев чыгармачылык нускоолорун беришкен. Маркумдарды көздөрү тирүү кезинде кандай сыйласам ысымдарын да ошондой сыйлап эскерип жүрөм.

# МИДИНДИН КОЛ ТАМГАСЫ

## 1



Мидин Алыбаевдин ысмын мен кечигип уктум.

Ооба, башка акын-жазуучуларды деле кийин гана тааный баштадым. Анын өзүнчө жөнү бар. Биринчиден мектептен эрте ажырадым. Экинчеден менин туулган жерим Папан Ак-Буура дарыясынын баш жагындагы Алтын- Казык тоолорунун койнунда, Ош менен Ноокаттан алда канча ыраак эле. Тоо арасындагы чачкын айылдарда актив болуп чыга келгендер деле адабияттан алыс болушчу. Согуш алдында Папанга Рысалиев деген казак мугалим келди. Ал кишинин оозунан да адабият маселелерин уккан эмеспиз.

Папанга Ош, Ноокаттан каттоочу жолдор тоо аралап, бел ашып келчү. Кайсы жагына барсаң да жөө жолдор эле. Автомашина эмес арабаларды согуш маалында гана көрдүк. Анан барып фронтко дан ташууга келишкен он дөңгөлөктүү автомашиналар пайда болду. Алар жолдун татаалдыгына карабастан Папанга жетти. "Америкадан келиптир, Судабекир деп атайт экен" деген сөздөрдү айыл аралата айтып жүрүштү. Ал эми бизди башталгыч класстарды окутушкан Нурмат Капаров, Улукбек Тотоев, Эсен Ташиев деген агайларыбыз өздөрү ошол айыл мектебинин жетинчи классын бүтүп алышып эле кайра ошол мектепке мугалим болуп калышкан.

Төртүнчү класста окуп жатканымда менин колума бир китеп тийди. Ошол китеп менин сезимимди жаңыртты. Кандайдыр башка бир сонун дүйнөгө кирип баргандай болдум. Баары фронтко кетишип айылда эркектер аздап олтуруп акырында бириндеп гана калышты. Алар да оорулуулар, кары-картаңдар. Иштин көбү аялдар менен аскерге жашы жете элек өспүрүмдөргө



жүктөлдү. Төртүнчү класста окуп жаткан биздин да кабыргабыз ката элегине карабастан оргаал иштерге катышышыбыз керек болду. Күндүн жарымы талаада өтүп жатты. Азык-оокат мүчүлүш эле. Ошентип жүрүп катуу ооруп калдым. Апам коңшубуздун боз эшегине мингизип алып мени Аралга медпунктка алып жөнөдү. Башымды жоолук менен таңып койду. Денем салмактанып, бир жагынан ысып-күйүп эки чакырым жолду арбыткыча аябай кыйналдым. Апам жалынып-жалбарып баратты. Медпунктта үч-төрт адам бар экен. Мени бир олтургучка олтургузуп коюп апам медсестрага жалынып менин оорумду айтып жатты. Толмочунан келеген ак халат медсестра мага мурда тааныш немедей жылмая карайт. Анан башымды кармап, оозумду ачтырып көрүп колтугума градусник салып кичине олтуруп турушумду айтты.

Аркы кишилерге кыргызчаны чала сүйлөп кайсы таблетканы качан, канча ичерин айтып, анан стол үстүндөгү мага жакын турган калың китептен бир барак айрып алып дарыларды ороп бирөөнү жөнөттү. Мен китепти колума алып кармалап көрдүм. Мукабасы жок калың экен. Биринчи бетинен окуй баштадым. Латын тамгасында жазылган. Ырларды тез эле окуп кирдим. Кызыктан кызык. Куюлушкан саптар. Автандил, Тинатин, Тариэл деген мага мурда тааныш эмес, укмуштай жагымдуу, ары сыйкырдуу ысымдар. Гүланшоро... Гүланшоро... Не деген уккулуктуу!!!

-Апа!-дедим шыбырап, баш оорумду унутуп–ушул китепти мага алып берчи... Сурачы.

-Таң... Берер бекен?- деп апам күмөнсүрөдү.

-Сатып болсо да ал- дедим жалооруп.

-Эмне деген китеп?

-Билбейм... Ырлар экен...

-Сурайын.

Апам медсестранын колу бошошун күтүп, анын ар бир кыймылын ээрчий карап, кантип көңүлүн таап китепти сурашынын камын ойлонуп жаткансыды. Мен китептен башымды көтөрбөдүм. Апам да куду ушул китеп менин оорумду алмаштыра тургандай акырын алаканы менен китепти сыйпалап койду. Ангыча медсестра стол үстүндөгү китепти таппай калып, анан менин колумда экенин көрө коюп бетинен бир баракты айрып алууга умтулду.

-Маржа -деди апам медсестрага өтүнүчтүү жүз буруп,- ушуну айрыба?

-Меники иш- деди ал алаканындагы таблеткаларды көрсөтүп. Апам эмне кыларын билбей калды да дароо бет аарчысын айрып ийип жарымын сунду.

-Ушуга оро.

Ары жакта турган аял бул көрүнүшкө түшүндүбү, билбейм, жоолугунун учун жазып таблеткаларды ороп алып чыгып кетти.

-Маржа- деди апам эми жумшак сүйлөп,-ушуну меники балага бер. Ал окуйт… Жакшы китеп экен. Мен сага бир ише сары май берем.

Медсестра бир апамды, бир мени тиктеп ойлоно түштү.

-Алдабайсыңбы?-деди ал.

-Жок, айланайын Маржа, ушу балам үчүн кантип сени алдайын? Эртеге эле алып келип беремин.

-Мейли, алсын.

Медсестранын берген дары-дармектерин алып боз эшекке минип кайра жолго түштүк. Жолката эшек үстүндө окуп келдим. Кээ бир жерлерин апама да окуп берип бараттым. Сүйүү жөнүндө саптарга келгенде гана апаман айбыгып, какап, жөтөлүмүш болуп башка жактарына өтүп кетип жаттым. Мен ал китептин ким жазганын биле албадым. Чындыгында андай ой жүгүртө да алган эмес экемин. Бар болгону Гүланшоро деген укмуштай сыйкырдуу сөздөргө таң калып, Автандил, Тариэл баатырлардын кимдигине, Тинатин сулуунун, Нестан Дарежандын ажарына суктанып, уйкум качып, китептеги укмуштуу окуяларды кимге айтып, кимге мактанарымды билбей сезимим да, бүт боюм да жаңырып атты.

Оорудан бат айыктым. Кайра мектепке барганымда бул китеп жөнүндө балдарга, кыздарга алымын жетишинче жомоктодум. Сажида аттуу татар жеңебиз бизди окутуучу. Ага бул китеп жөнүндө айтсам "жакшы китеп экен" деп гана койду. Танапис убагында да, мектептен кетип баратып да балдарга бул китептегилер тууралуу айтып, алардын көптөрүнүн оозун ачырдым. Папандан али эч жака чыга элек балдардын, кыздардын арасында китеп, жазуучу, акын тууралуу түшүнүк али жок эле.

Канчалык кайталап окусам да канбадым. Улам жаңы, улам кызык боло берди. Түн кезип окудум. Мурда кара чырактын алдында көбүрөөк олтуруп калсам апам:

-Болдучу эми, балам! Чырактын майын коротпой жат-дей берчү.

Эми антпей калды. Мени менен кошо китептегилерди уккусу келип, кызыгы артты. "Окучу, аңанайын. Кандай жакшы китеп



тапкансың, а?" деп тамшанчуу болду. Мен ага чолуп-чолуп окуп же окубай туруп ооз эки түшүндүрүп берип жүрдүм. Нукура махабат, нукура ашыктык тууралуу саптарды апама окуп бере алчуу эмесмин. Ыйманым ага жол берүүчү эмес.

Төртүнчү класстан мени колхозго табелчи кылышып алып кетти. Согуш аяктагандан кийин да эки жыл колхоздо иштедим. Ал китебим колумдан түшпөдү. 1947-жылы биздин "Ак-Терек" аттуу колхозго Фрунзеде окуган бир жаш жигит зоотехник болуп келди. Аты Токтогул эле. Акыркы бир жылы малга учетчик болуп иштегениме байланыштуу Токтогул экөөбүз ынак болуп кеттик. Мен өзүмдү таң калтырган китеп жөнүндө ага да айттым. Мукабасы жок китепти ага көрсөттүм.

-А, бул "Жолборс терисин жамынган баатыр" турбайбы-деди Токтогул колуна алып,- ушундай жакшы китепти да айрыйсыңбы?

Мен ал китепти каерден, кантип алганымды айтып бердим.

-Жакшы экен-деди ал,мага жылуу жүзүн буруп,- китеп менен достошкунуң жакшы экен…

-Муну ким жазган?

-Билбейсиңби?- деди да китептин баш-аягын аңтарып,-айтса айрылып калган турбайбы. Бул грузин элинин сүйүктүү поэмасы. "Жолборс терисин кийген баатыр " деп аталат. Шота Руставели деген киши жазган. Аны кыргыз тилине Алыкул Осмонов которгон.

-Алыкул Осмонов ким?

-Акын да…

-Акын?

Менин бүдөмүктөнүп калганымды түшүндү окшойт.

-Сен эмне, жазуучу акындарды билбейсиңби?

-Жок- деп чынын айттым.

-А,а!- деди ал бир нерсеге түшүнгөндөй,- бу силердин тоо арасына алар кайдан угулсун? Анын үстүнө төртүнчү класты чала окуп эле мектептен ажырапсың…

-Алыкул Осмоновду Сиз таанайсызбы?

-Жок, ал киши оорулуу экен. Мен Мидин Алыбаевди гана тааныйм.

-Мидин Алыбаев да жазуучубу?

-Алыкулдай эле акын. Жазуучу десе да болот. Билесиңби, Алыкул экөө детдомдо бирге болушкан. Газетага ырларын бирге чыгарышкан. Мидин көбүнчө сатира жазат. Сатира дегенби, ал адамдарды күлдүрүп же күйдүрүп кое турган ырлар.

-Сиз Мидинди каяктан көргөнсүз?

-Тянь-Шандан. Жумгал деген жерден. Фрунзеде бирге окуган жолдошумдун атасы каза болгондо Жумгалга кошо бардык эле. Ошондо Мидинди көргөмүн.

-Кандай киши?

-Экөөбүздөй эле. Бирок, анын артыкчылыгы акын, жазуучу. Мисалы, экөөбүз да ыр жазсак Мидиндей акын болор элек. Же Алыкулдай.

-Ырды кантип жазат?

-Эмне десем?- деп башын кашылады,- ар ким эле жаза бербейт. Адамда талант, шык болуш керек. Чанда гана адам жазуучу болот. Алсак, кыргыздарда Аалы Токомбаев, Жоомарт Бөконбаев, Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев деген дагы башка жазуучу, акындар бар. Аларда талант бар да. Эмесе баары эле кыргыз акын болуп кетпейби. Түшүндүңбү?

-Түшүндүм-дедим. Чынында али толук түшүнүк ала элек болчумун. Мына ошондон кийин жазуучулар тууралуу көп ойлонуп, айрыкча Алыкул менен Мидиндин ысымын кайта-кайта айтып, айылдагы балдарга жомоктой бердим. Согуш басылгандан кийин да мектепке барбадым. Колхоз бошотпобу. Өзүм да кайра төртүнчү класска баруудан баш тарттым. Ошол боюнча 1947-жылы Ошко окууга келип 8-класска кирдим. Жети жылдыкты бүттү деген күбөлүктү апам бирөөдөн таап берди.

## 2

1947-жылы Оштогу айыл чарба техникумунун агроном бөлүмүнө келип кирип үч айдан кийин кайра айылга кетүүгө аргасыз болдум. Шаар турмушуна, ал учурдагы үзүл-кезилдик, кийим-кече, жатакана жагдайлары мени окууну таштоого аргасыз кылды. 1948-жылы Ошто кыргызча орто мектеп ачыларын угуп ага кайра келдим. Калинин атындагы орто мектеп өзбек тилинде экен. Анын бир классы кыргызча ачылып ага биз кабыл алындык. Кийин, жарым жылча окуп эле ал класс жоюлду. Анан биз облустук мектеп-интернатка 8-класска кабыл алындык. Мына ошол жерде биринчи жолу адабият жөнүндө маалымат ала баштадым. Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары, өздөрү тууралу кенен- кесир тааныша алдым.

Мидин Алыбаев менен Алыкул Осмоновдун чыгармаларын издеп, адабият мугалимдеринен алар тууралуу сурай берчүмүн. Анткени, көз ачып көргөн китебим "Жолборс терисин жамынган баатыр" болду. Биринчи жолу Мидин тууралуу Токтогул



зоотехниктен уктум. Грузин элинин сүйүү тууралуу поэмасы менин көкүрөгүмдү байытып, шыктын учкундарын пайда кылды. Элүүнчү жылдар кирип келди. Биздин орто мектепте класстык бөлмөлөрдүн жетишсиз болгондугуна байланыштуу биз айыл чарба техникумунун эки кабат имаратынын бош боло калган бөлмөлөрүндө окуучубуз.

Бир күнкү сабакта Жоомарттын чыгармачылыгы, өмүр жолу боюнча сабак өтүлүп, анын замандаштарынын эскерүүлөрү сөз болду. Анда китептер жетишсиз эле. Кыргыз тили жана адабияты боюнча сабак берүүчү агайыбыз (аты Самак болчу, атасынын аты эсимде жок) мени доскага чыгарды да:

—Мына бул "Жоомартка" деген ырды оку-деди эскирген жука китепти колума карматып. Мен ырды окудум. "Мияшев китепти шыр окуйт"-деп мактачуу мени балдар. Ошононбу, билбейм, айтор агайыбыз көп учурда мени доска алдына чыгарып китептен үзүндүлөр, ырлар окутчуу. Мен ырды окуй баштадым. Адегенде кимдин ыры экенин билбедим. Кийин башкы бир куплетин жаттап алып көпкө чейин айтып жүрдүм.

Таптармал өркөчтөнгөн толкун элең,
Талыкпай жарга тийип, октос берген,
Капыстан кайран толкун как жарылып,
Карматпай караан үзүп кеттиң белем.
Жаныма, жүрөгүмө баттың бекем,
Үшкүрттүң, улутунттуң кантем Жокем?

Бул Мидин Алыбаевдин Жоомарт каза болгондогу ыры экен. Мына ошондон кийин Мидинге болгон ынтызарлыгым ого бетер артты. Колума тие калганда башка ырларын да окуп жүрдүм. Бирок, Жоомартка арналган ыры мени чексиз таасирлентти.

Кыш айлары болуучу. Бир күнү айыл чарба техникумуна кирип келсем коридордогу газеталар илинчү такта-доска алдында жаштар көп экен. Умтула берип жакындасам кара сызыкчага алынган "Алыкул Осмонов" деген жазуунун алдында кетирекей мурун, көзү бакырайган адамдын сүрөтү турат. Алды жагын окуп акындын дүйнөдөн кайтканын түшүндүм. Калтыраган боюмча ошерден жыла албай калдым. Ичим туз куйгандай ачышып кетти. Сүрөтүнө кайра-кайра карадым. Ал тирүү эле мени тиктеп турат. Өлүмгө ыраа көрбөө сезими турду менде. Бирок, катаал чындыкка ынанбай кое албайсың да.

Ошол күнү мен сабакка катышканым жок. Кайра жатаканага барып кроватыма кынтая кеткен боюмча тунжурап калдым.

Мидиндин Жоомартка арналган ыры жанымда эле. Колума калем алдым да "Алыкул агама" деген ырды жазууга кириштим. Канчалык деңгээлде жазылганын билбейм айтор ыр саптары тизилди. Балдар окуудан кайтып келгенче эч жака чыкпадым. Жердешим, жакын жолдошум Жылчынбай Жусумаматов мурда областтык "Ленин жолу" газетасына макала жазып, анысы чыгып калса мага көрсөтүп калчу. Ошого ырымды көрсөттүм.

-Оо, жакшы жазыптырсың. Ой, сен акын турбайсыңбы- деди ал мени көтөрө чала мактап,-газетага бар. Сөзсүз басышат.

"Акын болуп калган турбайсыңбы" деген сөз мага өөн учурады, ошол эле мезгилде кандайдыр жылуу сезим пайда болду.

-Газетагабы?- деп ишенимсиз сурадым.

-Ооба, ал жерде Камчы Жунусов деген акын бар. Ырларды ошо киши текшерет. Алып бара бер-деп классташым мени шердентти. Эртеси сабак бүткөндөн кийин редакцияга бардым. Бир бөлмөдө төрт адам олтуруптур. Арык чырай шыңга бойлуу, маңдайы кашка адам Камчы Жунусов экен.

-Мурда ыр жазып көрдүң беле?- деди ал ырларыма бир сыйра көз жүгүркөндөн кийин. Биринчи жазганымды айттым. Меңин кол жазмама дагы бир сыйра көз чаптырды да:

-Бул ырың ыр эмес, жигит. Уйкаштыгы кана? Көркөмдүгү кана? Алыкулдун ким экендигин билесиңби? Билсең ошонун өзүнүн деңгээлинде жазылган ыр керек. Азырынча мунуң жарабайт-деп кызыл карандашты алып менин ырымдын бетине Х тамгасын сызып койду. Редакциядан тердеп-тепчип араң чыктым. Камчы Жунусовду ичимден жактырбадым. 1951-жылы облустук орто мектепти бүтүп чыгып Фрунзе шаарындагы № 5- мектепте Ленинграддагы ВУЗга даярдандык. Бир айдан ашык жүрүп Мидинди жолуктура албадым. Бир гана ошол жылы он жылдыкты бүткөн Байдылда Сарногоевди таанып калдым. Шыңга бойлуу, кызыл жүз, чачы маңдайына түшкөн жигитти "бул Байдылда деген жаш акын, Москвага окууга барат экен" деген сөздөрдү угуп, батынып сүйлөшө албай аны ээрчий баскамын.

Ленинграддагы ВУЗга бизди кабыл албады. Агартуу Министри тарабынан он бир баланы Оштогу жаңы ачылган désinstitutка кайра жиберди. Бирок, мен институтка кирбей облустук "Ленин жолу" газетасына өз кабарчы болуп иштеп калдым. Камчы Жунусов газетанын жооптуу секретары, Соронбай Жусуев каттар бөлүмүнүн башчысы экен. Мен баргандан кийин С. Жусуев бат эле Москвага окууга кетти. Камчы Жунусов мен мурда ойлогондой киши эмес экен, кичи



пейил, ак көңүл адам болуп чыкты. Ал мага Мидин Алыбаев жөнүндө көп маалыматтарды айтты. Ал турсун Мидин Ошко келип ушул тараптан сатиралык чыгармалар, фельетон жазып кеткендигин айтып берди.

Облустук газетада иштеп жүргөнүмдө Мидин Алыбаев жөнүндө көптөгөн даңазалуу имиштерди уктум. Бир жолу Оштун эски шаарындагы Навои атындагы бакка түштүм. Дем алыш күндөрү бактын ичинде улуттук күрөш оюну болуп турар эле. Ошондуктан бул жерде эл көп болучу. Мен чайханада олтурушкан жердештериме жолугуп калдым. Алардын арасында Ислам Тагаев деген райкомдо иштеген тагам да бар экен. Ал Папан өрөөнүнөн биринчи болуп Фрунзеге барып окуп келген. Совпартшколаны бүтүргөн. Калгандары да тааныштар. Бир гана толмочунан келген кара тору адамды таанproblem бадым.

-Ой, Ислам сен Мидинди көргөнсүңбү?-деп сурап калды баягы мага бейтааныш адам.

- Көргөмүн-деди Ислам Тагаев кайдыгер эле.

- Каерден?

- Каерден болчу эле Фрунзеден да…

- Жок, каерден дегеним ресторанданбы?

- Эмне, мени окубай эле ресторандарда жүрөт дейсиңби? Же мен окуп жатканда ресторанга кирип кой деп акча бердиң беле?

- Ошентпегеним чын- деди тиги айыптуудай,- каран калсын окуп жатканында жолукпай калбадыкпы?

- Жолуксаң да качат элең да. Эми райкомдо иштеп жатканда жакындашып атпайсыңбы- деди тамашага чала Маматаир Нуров. Ал райисполкомдо жоопту секретарь эле.

- Силердики туура -деди кара тору жигит,- чын эле Мидинди көрдүң беле? Аны укмуштай эле айтышат го.

- Укмуштай адам да, акын, сатирик. Анан элге жакын адам.

- Раззаковду да мат кылган дейт, туурабы?

- Кабыл алып, акыл айтып анан аягында Райкан экөөңөр ресторандан чыкпайт экенсиңер дегенде Мидин ордунан тура калып:

Жаралгамын кыргызда,
Жазыгым жок турмушта.
Айланайын министр,
Жыгылып калсам тургузба- деп чыгып кетиптир го.

- Сен куду Мидин менен бирге жүргөндөй айтып жатасың, демек, мененен көп билет экенсиң го. Анан эмне мага суроо

бересин? Ал эми Раззаковду антип айтканын мен билбейм. Эл Мидин тууралуу көп нерсени токушуп алып жүрүшөт. А мен Мидинди да Райканды да биз окуган жерге келгенде көргөмүн. Ырларынан окуп беришкен- деди Ислам Тагаев. Аңгыча күрөш башталды деп эл ордуларынан турушуп жөнөп калышты. Биз дагы аларга аралаштык.

**3**

Элүүнчү жылдардын башынан тартып менин ырларым облустук, республикалык басма сөздөргө жарыялана баштады. Ар бир ырым жарык көргөн сайын маанайым жарып, шыгыма шык кошула берди. 1954-жылы Фрунзеге биринчи жолу чакыртылып жаштардын республикалык жыйынына катыштым. Ошондо Мидин менен Райканды көрдүм. Бирок, алар менен сүйлөшө да, ал турсун кол берип учураша да албадым. 1955-жылы декабрь айында Кыргызстан жазуучулар Союзунун жаш адабиятчылардын чыгармаларына арналган III Пленуму болду. Оштон бир топ жаштар катыштык.

Пленумда жаш адабиятчылардын чыгармаларына арналган докладдарды Н. Байтемиров менен С. Фиксин жасашты. Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Смар Шимеев,, Райкан Шүкүрбеков, Мидин Алыбаевдар чыгышып жаштар тууралуу өз ойлорун ортого салышты. Мидиндин сөзү залдагыларды күлдүрдү. Сөзүнүн көбүн кыргыз сатирасынын абалына арнады. Мисалга бир нече жаштардын сатираларынын жетишкен жагын, кемчилдигин көрсөттү. Анан докладдын кайсы бир жерлерине кошулбай тургандыгын билдирди. "Доклад жаш акындардын чыгармаларына талдоо бербестен "күүнүн башы Камбаркан" сыяктуу эле марш менен өттү"- деди ал, анан сын маселесине токтолду. Ш. Үмөталиев менен К. Укаевдин чыгып сүйлөөлөрүндө сын маселелери учкай айтылгандыгын кошумчалады.

Ошол Пленумдун экинчи күнү секция иштери башталды. Менин бир топ ырларым Мидинге түшкөн экен. Эртеси поэзия боюнча секциялык иште Мидин Алыбаев жаштардын өзүнө тийген ырларына талдоо берип, кеңеш айтты. Аты-жөнү эсимде жок, бир жаш акындын ысмын атап ордунан тургузду. Мидин дайыма трубинага чыгып сүйлөгөндө да же бирөөгө кайрылып бир нерсе айтарда да оң колун кулагынын алдына коюп салааларын саал-паал кыймылдатып, жаагын тырмап жаткансып анан сөз баштай тургандыгын байкаганмын. Бу сапар да ошентти.





**Мидин Алыбаев, Таш Мияшев, Эргеш Асанов (Фрунзе.1962-ж).**

-Жигит, сенин ырларыңдын эки эле колтугу жылуу экен - деди. Башка эчтеке айтпастан экинчи жаштын чыгармачылыгына өттү. Кезек мага келди.

-Оштук жигит, сенин ырларыңды окуп чыктым. Тилиң жатык экен. Анан сүйүү жөнүндө көп жазат экенсин. "Өбөм", "жыттайм" деген сөздөрүң көп. Сүйүү жөнүндө сылык-сыпаа жазуу керек. Анткени бул ырыңды апаң окуйт, эже-карындаштарың окуйт- деди. Анан минтип кошумчалады:- Кийин мага жолуккун, сүйлөшөбүз.

Секциялык иш бүткөндөн кийин анын жанына бардым.

-Мына бул ырларың мага жакты-деди беш, алты ырымды көрсөтүп,- буларың эч жака чыга элекпи?

-Жаңы -дедим.

-Анда жүрү Смарга баралы. Айтса, сен Смар Шимеевди тааныйсыңбы?

-Сыртынан тааныйм. Бүгүн сүйлөдү го.

Мидин мени "Советтик Кыргызстан" (кийинки "Ала-Тоо") журналынын редакциясына ээрчитип барды. Смар Шимееге кирдик.

-Бул оштук жигиттин ырлары экен. Журналыңа бассаң болот - деди Мидин мени адегенде тааныштырып туруп. Смар Шимеев кичи пейилдик менен кабыл алды.

-Мидике, Сизге жакса болду, бул жаш акынга орун беребиз журналдан- деди. Ырларымды алып калды. Ошентип, тез эле 1956-жылдын январь санына менин алгачкы жолу ырларым "Ала-Тоого" басылды. Алар биринчи ырлар жыйнагыма кирген "Арча жыты", "Сүйгөнгө", "Көңүл кушу", "Уста", "Көл сүрөтү", "Тааныш кыз", "Зимге олтуруп баралы" аттуу ырларым эле. Ошентип, Мидиндин нускоосу менен журналга биринчи жолу ырларым басылган.

**4**

Папан эли 1953-жылы Кара-Суу районундагы пахта өстүргөн чарбаларга көчүрүлдү. Биздин тууган-туушкандар "Коммунизм" колхозунун Ак-Таш участкасына келишип олтуруктапты. Эми жаш-кары дебей газетага, журналга ынак болуп кетишти. Бир жолу айылга барсам колхоздо председателдин орун басары болуп иштеген агабыз Эргеш Асанов "Чалкан" журналын кармап чарпаясында олтуруптур. Журналда "Осмоналы лөөкүй" аттуу Мидиндин сатирасы бар экен.

-Бул Мидин дегениң бир укмуш неме го- деди "Чалканга" кайра көз жиберип Эргеш агабыз,- карабайсыңбы, окуп атып күлө берип ичеги-боорум эзилди. Ким өзү, бул ким?

-Жазуучу да. Акын, болгондо да сатирик акын. Ушундай Сизди күлдүргөн чыгармаларды көп жазат.

-Мен аны менен бир болгонумду, ырларымды журналга сунуш кылгындарын айтып бердим.

-Жакшы киши экен-деди Эргеш ага,- бир көрүп сүйлөшө турган экен.

Ошол жылдары Мидиндин даңкы элге аябай көп тарап кеткен болучу. "Ак-Чүч", "Бюрократ", "Советтик Кыргызстанга" басылып, "Чалкан дос", "Дүжүр бука", "Осмоналы лөөкүй", "Көлтөгүм", "Чалканга" басылып чыгып жаткан күндөр эле.

Июнь айы жакындап келаткан. Эргеш агабыз Оштон мага жолугуп отпускага чыгарын айтты. Анан ал бир нерсе эсине түшө калгансып мындай деди:

-Ушу жашка чыгып Фрунзени көрбөптүрмүн. Эмгек отпуска албайсыңбы, экөөбүз Фрунзеге барып келели? Мен ансыз эле Фрунзеге камынып жүргөмүн. Ырларымды көтөрүп алып жазуучулар союзуна, басмаларга бармакмын.



-Жакшы болот Эргеш аке-дедим,-барсак барып келели. Мен 1-иондан эмгек отпускасына чыгам. А Сизчи?

-Мен деле ошол күндөн чыга берем…

Ошентип 1956-жылдын июнь айында Эргеш акем экөөбүз Фрунзеге поезд менен жетип бардык. Бир тааныштын чакан бөлмөсүнө жайгаштык. Шаар ысык. Суусундук издеген эле адамдар.

Барган күндүн эртеси эле "Чалкан" журналы жайгашкан Союздар үйүнө барып Мидинди сураштырсам, ал киши эртеге кызматка келерин айтышты. Ошол жылы көк базарынын четине ресторан салынган болучу. Кийин ал жөнөкөй эле ашканага айланып калган. Эргеш акем экөөбүз көк базарын көздөй бараткнбыз. Күн кечтеп калган. Бет алдыбыздан эле Мидиндин караанын көрүндү.

-Мидин келатат-дедим шашып.

-Кана?-деп Эргеш акем сүйүнүп кетти,- тиги жалгыз келаткан кишиби?

-Ошол.

Аңгыча Мидин бизге жакындап калды. Салам айтканымча болбой эле:

-Оштук акын бала качан келдиң?-деди. Кол алыша учураштык. Эргеш акеге кол сунуп жатып:

-Бул агаң башкарма го ээ?-деди.

-Ооба ,-дедим. Эргеш аке Мидиндин баш-аягын карап анан мага ышаарат берди. «Жүр, чай ичели дебейсиңби»? дегенин түшүндүм.

-Мидике, бул Эргеш акем Сиз менен таанышайын дейт. Ресторанга барсак дейт. Убактыңыз барбы?

-Түштүктүн башкармасы таклип кылса убакыт табабыз да-деди Мидин куудулдана. Эргеш аке кубанып кетти. Биз бет маңдайыбыздагы эле көк базардын четиндеги ресторанга кирдик. Адамдар сейрек экен. Узун бойлуу, жашы кырктардан эбак ашып калган официант аял бизди көздөй басып келатты.

Чач агарды, чак челекей күн бүттү,
Сүйүү отуна күйбөгөн жүрөк дагы жүрөкпү?-

деп Мидин адатындай оң колунун салааларын кыбырата жаагын тырмагансып туруп,- ээ, Сакиш, отуз алтынчы жылдардагыны билесиңби?- деген сөзүн кошумчалады.

-Билбегендечи Мидике- деп официант аял жайдары саламдашты.

-Бул Эргеш аке. Түштуктүн башкармасы. Сени менен тааныштырганы алып келдим- деди Мидин.

-Жакшы болот. Башкарма менен таанышпаганда ким менен таанышам?- деди ал да жайдарылана. Эргеш аке кызарып кетти. Топусун оңдомуш болуп өзүн алаксытты. Биз тамактанып анан кечке маал Фрунзени аралай бастык.

Ошол күндөн тартып Мидин менен тез-тез жолукчу болдук. Анын иштен колу бошошун күтөбүз. Эргеш аке да Мидинге ар кандай суроолорду берип, анын айткандарына каткырып күлүп жыргап жүрдү. Бир жолу Мидин Эргеш акенин суроосу боюнча согуш убагында айылда жүргөн бир учурун кызыктуу кылып айтып берди.

- Жумгалда Чолпон деген жер бар, Эргеш аке!- деп сөзүн улантты Мидин,- ошерге барып жүрүп калдым. Апам каза болуп үйдө атам жалгыз турчу. Ал жарма жасашты жакшы билер эле. Бир таякем колхоздо зоотехник экен. "Кой, жээним бекер жүрбө. Мага фельдшер болуп иште. Тиричилик кыл" деди. Макул болуп ишке кириштим. Согуш учуру аттар көп жоор болот эле. Керээли кечке жоор жууп, дарылайм. Кыштоодо да, жайлоодо да ошентем.Жайлоодогусу бир аз тынчыраак болду. Колум бошой калганда фермада бээ сааган учурда кулун чечип, бээлерди имерип келип жардамдашам.Ферма башчынын бойго жеткен кызы бар. Кээде аны күлдүрүп, кээде кабыргасынан кармап коюп жүрчүмүн. Таякем кечке маал иш бүткөндөн кийин спирт да берчүү. Үйгө келип жатып эртелеп чаңкап калсам атаман жарма сурап иччүмүн. Бир жолу эртелеп:

-Ата, жармаңыздан бериңчи-дедим.

-Жарма жок-деди атам саал үнү каргылдана,- эмне, какжайып карыганымда деле сага жарма кайнатып берип күн өткөрөмбү? Апаң болсо о дүйнөдө. Мени келиндүү кылып жыргатат десе, дагы жарма-жарма дейт...

Чын эле ойго чумудум. Атамдын айткандары жөнү бар эле. Ошол эле күнү ферма башчысынын кызын ала качып келдим. Эртеси фермадагы үйүргө коюлган айгырды алкынта минип ферма башчысы келди. Эшик алдында аттан түшпөй каарданып кызын "чык, учкаш" деп демитип туруп алды. Атама түк ынабады. Коңшу-колоңдор да чогулушту. Аттан түшпөй койду. Ошентип турушканда эски дандырдын ордундагы чакан дөбөчөгө чыгып алып кошок кошкон аялдардай озоңдоп ыйлап да, ырдап да жибердим:



Алып келген кызымды,
Атасы алып баратат.
Ал кыз кетти кылчактап,
Чолпондун суусун үч аттап.
Алганым кетип калды деп,
Ыйламак белем бышактап.
Же өлмөк белем,
Өзүмдү өзүм бычактап.
Дагы эле жалгыз калдым
Бир үйдө,
Какжайган Алыбай чалды кучактап.

Адамдар дуу күлүп ийишти. Кайнатам да күлүп:

-Түгөнгүр десе, буга дабаа жок- деп атын моюнга бир чаап жөнөп кетти...

Эргеш аке каткырып күлдү.

-Азамат экенсиң Мидиним-деди. Дагы көп нерселер тууралуу кызык аңгемелер курган эле. Алибетте, алардын бардыгын эсте сактоо кыйын. Эргеш акенин өтүнүчү боюнча биз сүрөткө түшкөн элек. Мага тийген сүрөттүн артында анын кол тамгасы сакталып турат. "Иним Таш! Өңүбүз, жашыбыз окшош болбосо дагы талантыбызда окшоштук бар. Өс, иште! Агаң Мидин Алыбаев. Фрунзе шаары, 23. VI. 56 ж." деп жазган сүрөттүн артына.

Эргеш аке сексен курактан ашып жашады. Мен айылга барганымда Мидин тууралуу кеп салып, ал кишинин маанайын жарыткан акынды эскерчүүбүз. Ал кишиге тийген сүрөттүн артына да жазып берген эле. Бирок, Мидиндин кол тамгасы жазылган эң кымбат баалуу сүрөттү бейпарбалык кылып жоготуп койгонуна өкүнүп жүрдү. 1959-жылы Мидиндин каза болгонун укканда да аябай кейиген.

-Кайран Мидин! Карачы- деген ал улутунуп,- ал менден жаш эле. Эмдигиче жашаса дагы канчалык баалуу чыгармаларды жазар эле? Кайран Мидин!

Мидиндин биз менен түшкөн сүрөтүн ар дайым колума алып, анын артындагы кол тамгасын окуйм да, маркум Эргеш акем айткандай кайран Мидиндин элесин көз алдыма келтирем. Аны менен бирге жүрүп, алгачкы ырларыма нускоо алып, бирге сүрөткө түшкөн тагдырыма сыймыктанам!

-Ыракмат, Мидике сага! Кош бол эми түбөлүккө ! - деп шыбырайм.

# АСЫЛ КАСИЕТТЕРИ БАР ЭЛЕ



1960-жылдардын башында Ош облустук «Ленин жолу» газетасында кызматкер элем. Ошол мезгилде гезит мурдагы чыккан форматы өзгөрүлүп «Правда» газетасынын форматында чыга баштаган. Редакторубуз Мыр-залы Аматов журналистик, чыгармачылык кудурети чен-өлчөмдүү болсо да жакшы жетекчи болуучу. Таланттуу калемгерлерди колдоп жүрөр эле. Ал учурда редакцияда Тууганбай Касымалиев Ысмаил Эшмаматов өңдүү менин калемдештерим иштешчүү. Адабият жанрларын мен башкаруучумун. Ошол эле мезгилде редакциянын алдындагы адабий бирикмеге да жетекчилик кылар элем.

Жалал-Абад облусу жоюлуп, Ошко кошулганына байланыштуу, көп, мурда бизге бейтааныш журналистер Жалал-Абад облустук гезитинен «Ленин жолуга» келип иштеп калышты. Мырзалы Аматов партиянын Ош обкомунун бюро мүчөсү, кадыр-баркы жогору эле. Ал жакын арада партиянын Куршап райкомуна биринчи катчы болуп кетээрин укканбыз. Бизге келчүү редакторлордун ысымдары айтылып жүрдү. Ошолордун арасында Асылкан Бөрүбаевдин ысымы да угулган эле. Арадан көп өтпөй эле күтүүсүздөн редактор М. Аматовдун жаман жоругунун бети ачылып калып кызматтан ыргыды.

1960-жылдардын башында Асылкан Бөрүбаев бизге редактор болуп келди. «Ленин жолу» газетасынын мурдагы бир топ кызматкерлери ар кандай себептерден кетишип суюла түштүк. Ы. Эшмаматов Кара-Суу райондук гезитине, Т. Касымалиев ичкиликтин артынан түшүп Токтогулга кетишти. У.Турсункулов, У.Аккозиева, Б.Примкулов, Т.Мадраимов, Т.Кадырбаев деген журналистер калдык. А.Ажибеков, Т.Чукуев, Ш.Шатманов, С.Сатаев,Т.Жыргалбеков, Р.Абдиев, дагы бир топ журналистер Жалал-Абаддан,Фрунзеден бизге кызматка келишти.



Жергиликтүү жана башка жактан келген журналистерди башкаруу милдетин А.Бөрүбаев мойнуна алып ишти баштады. Бардык журналистер менен таанышып, кимисинин чыгармачылык кандай жөндөмү бар, газетанын ажарын ачууга кандай салымын кошо алат, адамкерчилик жүрүш-турушу, үй-бүлөсү жаатындагы абалы тууралуу көпкө чейин сарасеп салып жүргөндөй болду. Алгачкы күндөрдөн тартып газетанын сапаттуу чыгышын колуна алды. Дээрлик бардык материалдарды мүмкүнчүлүгү болушунча өзү карап анан терүүгө уруксат берип жүрдү. Бир топ журналистердин жазгандарын чиймелеп, оңдоп, айрыкча темасын тандап өзү жазып кайра иштеп, кайра машинкага бастырууну талап кыла баштады.

Мен журналистик милдетимди аткаруу менен адабиятты башкарып жүрдүм. Акырындап жаңы редактордун адабиятты түшүнө жана баалай билгенин туйдум. Бирок, көпкө чейин өзүнүн чыгарма жазып жүргөнүн билдирген жок. Мурдагындай эле газетага «Адабият бети», «Адабият бурчу» берилип турду. Чыгармачылык жигери бардыгынанбы мен даярдаган адабий материалдарды да журналистик материалдарды да жактырып, ал турсун жыйындарда «ушундай материалдарды жазбайсыңарбы» деп айрым бирөөлөргө менин жазгандарымды үлгү кылып калчуу болду.

Ошентип экөөбүздүн ортобузда чыгармачылык түшүнүк да, байланыш да түзүлдү. Бир жолу радиодон пьесадан үзүндү уктурулду, Аягында Асылкан Бөрүбаевдин ысмы айтылды. Аны мен ага айтсам:

Уктуңузбу? – деди креслосуна чалкалай кетип, – мен да чыгарма жазам. Газетанын сапаты, окумдуулугу адабий жанрга байланыштуу. Албетте, толук кандуу жакшы чыгарма болсо. Сиз жакшы чыгармаларды тандоону унутпаңыз. Анан, очерк жазууга кудуретиңиз жетет экен. Тез-тез очерк жазып туруңуз ...

Ал учурда облуста пахтачылык дүркүрөп өнүгүп бара жаткан болучу. Кыргыз пахтасынын ондогон азаматтарынын ысымдары Союзга чейин жетип калган. Аравандан Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Алля Анаров, Кара-Суудан Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Хайтакун Таширов, Сузактан Алимжан Юнусов, Базар-Коргондон Өлмаскан Атабекова, Ленинден (Ноокен) Саадат Ногоева жана башка



**Басма сөз күнүндө. Солдон оңго:**
**Облустук «Ленин жолу» гезитинин редактору Асылкан Бөрүбаев, «Ленин йули» гезитинин редактору Адылжан Абидов, Ош обкомунун 1-катчысы Ренат Сатарович Кульматов, «Ленинский путь» гезитинин редактору Николай Коханов. 1980-жылдар.**

башка пахтачылардын даңкы облуста гана эмес республикада дүңгүрөп жаткан. Мына ошол адамдар тууралуу газетага очерктерди, мыкты материалдарды жазуу керектигин Асылкан Бөрүбаев баса айтып тапшырма берчүү. Кээде өзү алар тууралуу жазчуу.

Бир жолу редактор мени чакырып тапшырма берди. А.Бөрүбаев келерки жумада Араван районунда пахтачылардын республикалык кеңешмеси боло тургандыгын, ага Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т.Усубалиев катышарын, ошол райондогу Жданов атындагы колхоздун раиси Тойчу Кочубаев жөнүндө жакшы очерк жазып келүүмдү айтты. Асылкан Бөрүбаев андай күндөрдө, майрамдарда жана даталуу күндөрдө газетаны өтө кооздоп мыкты чыгарууга жан-дилин койчу. Тойчу Кочубаев жөнөкөй киши эле. Жаш кезинде турмуштун айынан чочко бакканына чейин айтып берди, очеркимди окуп чыгып редактор ыраазы болду мага. Көрүнөө жерге сүрөтү менен бермек болуп терүүгө түшүрдү. Т Кочубаевдин сүрөтүндө Кыргыз ССР жогорку



Советинин депутаттык значогу бар эле. А. Бөрүбаев кээ бир сүрөттөрдү художникке штрих менен жасатып берүүнү жактырчуу. «Газетанын көркүн ачат» дечү.

Ошентип газетабыз жашыл боек менен басылып кеңешме өтөр күнү эртелеп чыкты. Редактор 250 нуска газетаны алып барып Президиумга 25 нускасын, калгандарын залдагы олтургучтарга илип коюубузду дайындап машинасын берди. Биз алдын ала барып Т.Жыргалбеков экөөбүз газеталарды айтылгандай кылып койдук. Эл залга дүбүрөп кире баштады. Обкомдун биринчи катчысы А.Сүйүмбаев, Т.Усубалиевдер келишип сыртта турушат. А.Бөрүбаев алар менен. Газетанын бетин ачсам эле Т.Кочубаевдин депутаттык значогу Баатырдык Алтын жылдыз болуп тартылып калыптыр.

Жүрөгүм шуу дей түштү. Т.Жыргалбековго көрсөттүм. Ал да эмне дешин билбей көзүн алайтып туруп калды. Партиялык идеология күч алып турган ал кезде партиялык газетадан кичине эле ката кетирген киши жазаланып, кээде кызматтан да кетчү. Мында күнөөм болбосо да очерктин алдында аты-жөнүм тургандыктан чочулабай койбодум.

Кеңешме башталды. Президиумда Т.Усубалиевдин жанына Т.Кочубаев олтурду. Т.Усубалиев газетаны колуна алып тияк-буягын карап анан сүрөттү көрдү окшойт Т.Кочубаевге көрсөтүп экөө күлүп калышты. Президиумда олтурган А.Бөрүбаев байкоого албады көрүнөт. Менин жүрөгүм басыла түштү. Көрсө, орус художнигибиз бар эле мас болуп олтуруп депутаттык значокту Алтын жылдыз кылып тартып коюптур.

Эки жылдан кийин Тойчу Кочубаев Социалисттик Эмгектин Баатыры болду. «Силер мени эки жыл мурда Баатыр кылгансыңар» деп айтып жүрдү Т.Кочубаев.

Партиялык газета болгондуктан партиялык турмуш бөлүмүнө жоопкерчиликти көп жүктөп, өзү баш болуп коммунисттик духтагы материалдарды даярдоого катышчу. Партиялык турмуш бөлүмүнүн башчысы дасыккан журналист Б.Примкулов бул темадагы жакшы кат-кабарларды даярдоого умтулчу. «Ар бир газетада бир мыкты материал болуу керек», «Материалды жазуудан мурда жакшы тема табуу керек» деген сөзүн ар бир чогулушта же жеке бетме-бет олтурганда айта берчү редактор. Ал «Фельетон», «Сатира», «Редакцияга кат» деген рубрикалардын дайыма болуп туруусун талап кылчу.

Газетанын сапаты үчүн эч нерсени аячуу эмес. Өз жанын да кыйнап иштечүү. Ал маалда газета жумасына 5 жолу чыкчу.

Старший дежур, кенже дежур болуп чыгарчуубуз. Басмаканада түн бою олтурчуубуз. А.Бөрүбаев өзүнө кезек келгенде кабинетинде түн бою олтуруп чыкчу. Кайра эле эртелеп ишке келчү. Ал бир чыккан газетаны өзү алдын ала көрүп, темаларын, рубликаларын көздөн өткөрбөсө жаны тынч алчу эмес. Кээ бир учурларда командировкадан же коноктон түндүн бир оокумунда кайтса да сөзсүз басмаканага кирип корректорскаяга олтуруп алып полосаларды бир сыйра карап чыкчуу. Көп учурларда көңүлүнө туура келбеген темаларды, рубрикаларды оңдоочу. Уйку сурап олтурган дежур да, корректорлор да түйшүк тартышчуу.

Жогоруда эскерткенимдей даталуу күндөргө газетаны сапаттуу чыгарууга бардык кызматкерлерди тартчуу. Мага болсо борбордо жашаган акындардын ырларынан табууну, аларды телефон менен алып, ошол күнкү номерге даярдоону тапшырчу. Бир жолу кызык болду. А.Бөрүбаевдин тапшыруусу менен кечинде үйлөрүнө телефон чалып эртеси эртелеп Т.Үмөталиев менен К.Маликовдон жаңы ырларын жазып алдым. Экөөнүн тең ыры газетага чыгып кетти. Секретарь Ф.Галямов макетин ойку-кайкы кылып түзгөндү жакшы көрчү. Т.Үмөталиевдин ыры үчүнчү бетке, К.Маликовдун ыры төртүнчү бетке чыгып кетиптир.

Аны эч ким деле этибарга алган жок. Арадан бир канча мезгил өткөндөн кийин Кубанычбек Маликов бир чакан поэмасы менен кошо төмөнкү катын жибериптир: «Таш! Бул поэманы мен силерге жолдош Мавляновдун айтуу боюнча жибердим. Кандай кылып пайдаланарыңарды билбейм.

Баягы бир сенин заказың боюнча жазганымды газетке чыгарганыңарды, мага кандай жерден орун бергениңерди көргөм.

Чынын айтсам ошол мамиленер кимди кандай бөлүп ардактаганыңар мени бир аз жийиркентип да койгон.

Эгер бул жолу да ошондой кодулап орун бере турган болсоңор бул менин силердин редакцияга акыркы кайрылышым болот. Урматтап К. Маликов». Катты мен Асылкан Бөрүбаевичке көрсөттүм.

- Ой, жарыктык десе. Булар ушундай кыйык да, ыйык да кишилер -деди Асылкан күлүп. Ошондон кийин андай адамдардын чыгармаларын берүүдө этият болуп калдык.

Асылкан Бөрүбаевич көп учурда калем акы коюлган разметка газеталарды кайра өзү карап чыкчуу. Мисалы, бир подвалга жөнөкөй эле бир макала жарыяланып ошондой эле көлөмдө



адабий жанр аңгеме, очерк же кайсы бир чыгармадан үзүндү жарыяланса бирдей өлчөмдө калем акы чийилип калчу. Андай кезде редактордук укугунан пайдаланып адабий жанрдыкын көбөйтүп койчу. Секретарь Ф.Галямовга «Фуат, Сиз мээсин сыгып чыгарган адабий жанр менен машинисткаларга диктовка кылган информациялардан алынган макаланын айырмасын билип жүрсөңүз» дечү.

Республиканын борборунан келишкен улуу, кичүү жазуучулар, журналистер Асылкан Бөрүбаевге жолукпай кетишчүү эмес. Көбүнө урмат-сый көрсөтчү. Кайсы бирлери кайтып кетеринде жол киреси калбай калганын айтышчу. Андай учурда мени өзүнө чакырып ырларын же аңгемелерин алып калып калем акысын алдын-ала койдуруп каражат камдап берчү.

Чыгармаларын мен кийин газетага жарыялап алган калем акысын койдуруп, төлөтүп коер элем. Бир жагынан кимге болсо да колдоо көрсөтүүгө даяр, экинчиден боорукер жагы бар эле. Ошол эле учурда талап коюучулукту бекем туткан принциптүү, чынчыл инсан эле.

Ошко жазуучу, акындар көп келчү. Эсимде, Темиркул Үмөталиев баш болгон жазуучулардын тобу келип калды.

-Сиздин үйгө меймандайлы – деди Асылкан Бөрүбаевич, – башка учурда алар менен сүйлөшүүгө убакыт жок. Дасторкон үстүндө олтуруп аңгемелешип чер жазалы.

- Мен өзүм эле аларды чакырганы жаттым эле – дедим – Сизди кошо.

- Коюңуз. Сиздин деле бала-чакаңыз бар. Чыгымын бир көтөрөлү.

Туугандарыңыз жакын эмеспи. Машинаны алың да кой таап келиң – деп машинасын берди. Темиркул Үмөталиев, Абдырасул Токтомушев, Сергей Фиксин, Олжобай Орозбаевдер менен түн жарымы болгонче бирге олтурдук. Асылкан Бөрүбаевди баары жакшы билишет экен. Кийин бир жолу Чолпонбек Базарбаев менен Айсулуу Токомбаева келгенде:

- Эми биздикинде конок бололу – деп Асылкан Бөрүбаев өзүнүн үйүнө мени чакырды. Ошентип карым-катнашыбыз арта берди. Мен болсо анын партиялык кызматта күндөп-түндөп жүрүп чыгармачылык ишине чолосу тийбей жатканына өкүнүү менен кыял жүгүртчүмүн.

Акындардын арасынан Сүйүнбай Эралиев жөнүндө көп кеп айтар эле. Аны менен бирге окугандыгын, кийин да достошуп жүргөндүгүн үзбөй айтчуу. Сөзүнүн арасында партиялык

кызматкер болуп кетпей эле биротоло адабияттын артынан түшпөй калганына да өкүнгөндөй маанини камтып кетер эле.

Асылкан Бөрүбаев «Ленин жолу» газетасына 1961-жылы редактор болуп келип, 1963-жылы партиянын Ош обкомунун айыл чарбачылыгы боюнча катчысы болуп иштеди. Обкомдун бюро мүчөсү жана катчы катары ургаал иштеди. Ошондо да убакыт таап, облустук газетадан кол үзбөй биз менен тыгыз байланышта болду. Өзү барган жактарга кабарчыларды кошо ала бырып же ар кандай материалдарды берип турду. 1965 –жылы республикалык «Советтик Кыргызстан» /азыркы «Кыргыз Туусу»/ газетасынын редакторунун орун басары болуп иштеп туруп 1970-жылы кайрадан экинчи ирет «Ленин жолуга» редактор болуп Ошко келди.

Экинчи жолу ал киши редактор болуп Ошко келгенде мен «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын Түштүк Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп иштейт болчумун. Андан кийин 1971-жылы облустук теле радио комитетине жетекчи болуп барып 1976-жылдын 1- апрелинде кайрадан облустук гезитке кызматка келдим. 1987-жылы кайрадан «Кыргызстан маданиятына» өз кабарчы болуп которулдум. Кийин да мага учкан уя болуп калган редакциядан кол үзгөнүм жок. А. Бөрүбаев менен чыгармачылык байланышта ынтымак жүрдүм.

Акыркы жолу ал кишини ооруканадан көрдүм. Редакторум да калемдешим да катары сыйлап анын абалын сураганы барсам тез эле арыктап кеткенин айтып, кабагын ачпады. Аны-муну айтып көңүлүн көтөрүүгө аракеттендим. Кийин Таласка алып кетишиптир. Мен башка жакта элем. Самолетко чыгарда «Садагасы кетейин Ош, кайра сенин тузуңду татаар бекенмин»?- деп муңканып айтты дешти бирге болгондор.

Каза болгондо оштук журналисттердин тобу Таласка барышып топурак салып келишти. Адамдык, жетекчилик асыл касиеттери көп Асылкан Бөрүбаевдин курбусу Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев өзүнүн эскерүүсүндө минтип жазат: «Асылкан Бөрүбаев адамдардын, мезгилдин жан сырын түшүнө билген өтө баамчыл, токтоо, бир сырдуу, ырыс көтөрө билген жана окуп жүргөн кезинде эле биз алдын ала болжогондой интеллегенттүү адам болчуу». Анан төрт сап арнайт:

Акты жылдар, өттү баштан далайлар,
Кайдасыңар бизди окуткан агайлар?
Кайдасыңар бирге окуган курбулар,
Ал кездеги жашыл жылдар, ак айлар?



Анан акын азыркы спикер, академик Алтай Асылкановичтей уулду тарбиялаганын эскертет. Ооба, Асылкан Бөрүбаевдин оозунан Алтай уулу тууралуу мен да көп уккамын. Ал жогорку окуу жайында окуп жаткан баласы тууралуу өтө сыймыктануу менен сөз кылчуу.

Ош облустук газетага эки жолу редактор болуп келип баш-аягы 18 жыл иштеп, журналистик мыкты касиеттерин көрсөткөн. Көбүбүз ал инсандан үлгү алдык. Ондогон жаш журналистерди тарбиялады. Облустук газета Москвадагы Бүткүл союздук көргөзмөгө катышып; Алтын медалга татыктуу болду. Көп жылдар бою Создук, республикалык конкурстардын жеңүүчүсү болуп, коллективдин арасынан журналистик сыйлыктарга ээ болгондор арбын болгонбуз.

Эр эмгеги элде калат эмеспи. Ошондуктан көп журналисттер Асылкан Бөрүбаевдин эмгегин унутушпайт. Анын жашаган үйүнө мемориялдык доска орнотулуп, көчөгө ысмы берилди. А.Бөрүбаев атындагы журналистик сыйлык бар.

Мен «Султан Ибраимов Ошто» деген эскерме китеп даярдап жатып ал улуу инсан менен бирге иштешкен кызматкерлерге, бүгүнкү ардагерлерге кайрылганымда бирөө: «мени ал киши кызматтан бошоткон, ал жөнүндө жазбайм» деп тескери басып кетти. Мен ал адам сөрөйгө барганыма өтө өкүндүм. Кызматта ишке алуу, иштен бошотуу, айтышуу, капалануу, өйдө-ылдый тартышуу болот эмеспи. Андайды кек тутпай, көзү өтүп кеткен инсан жөнүндө артынан жакшы кеп айтып коюу тирүүлөрдүн парзы эмеспи. Асылкан Бөрүбаевич менен деле иш боюнча далай тартышуулар болгон. Бирок, ал адамдын бүтүндөй адамдык касиетин, асыл иштерин, талантын кантип айтпай кое алабыз? Оштун журналистери үчүн кылган кызматын кантип унута алабыз?

Маркум Асылкан Бөрүбаевичтин көптөгөн ырлары артында калыптыр. Алардын алты сабы мындай экен:

Эмгекте, чабуулда да, сүйүүдө да,
Өлкөмдүн кубат берген демин сезем.
Уулумдун жытындай мекен жыты,
Өзүңдөн күч, дем алып жашап келем.
Айланайын жытыңдан мекен жыты,
Өлгөндө да көрүмө ала кетем.

Ооба, ал дүйнөдө ала кеткен Мекен жытында 18 жыл тузун таткан Ош жергесинин да жыты бар чыгар.

# ЖАКШЫНЫН ЖАРЫГЫ



«Жакшы адамдын жарыгы болот» деген нускалуу сөздү жаш кезимде карыялардан көп уксам да анын маани-маңызына анчалык баа берчү эмесмин. Кийин, кийин турмуштун казанында кайнап, тагдырдын таразасына түшүп, адамдардын арасында көп болуп, жакшысынан айрылып, жаманына тушташып калганымда гана ал сөздү жадымда кайталап жүрдүм. Пендең түшкүр сыртынан караганда баары эле бирдей көрүнгөнү менен ички дүйнөсү качан гана башыңа жакшылык, жамандык кандай дос, кандай тууган жана кас экенин ылгай билет турбайсыңбы?!

Мен жетимиштин белинен ашкан өмүрүмдө жакшы адамдарды көп эле көрдүм. Алар жөнүндө ар убак сөз кылып келе жатам. Кыргыздагы «Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде» деген сөздү дайыма эсиме алып жүрөм. Кайсы бир учурларда жакшы деген адамыңдын ички дүйнөсү тар, ниети кара болуп калат. Же көзү өтүп кеткен адамдардын артынан сөз кылууга туура келет. Кам сүт эмген пендебиз да, кээ бирөөлөрдү андай, мындай деп калчоого алган учурлар да болот. Ошентсе да ар кимдин жакшы жагын дайыма айтууга милдеттүү экенибизди унутпайлы.

Ошол мен жашымда уккан «Жакшы адамдын жарыгы болот, ал кимдир бирөөлөргө тиет» деген сөздүн терең маанисин түшүнгөн сайын көрүп-билген, бирге иштешкен адамдар жөнүндө көп ойлоочу болдум. Ырас, кайсы бир «ичи ала» кишилердин ысымы эстен да тез эле чыгып унутулуп калат. Жакшы адамдарды эске салчуу, ысымын кайталачуу нерсе артында калтырган



эмгектери, туяктары, басып өткөн жолундагы калтырган изи, мейли ал кумурсканын изиндей болсо да өзүнүн накта изи!

Мындан беш-алты жыл мурда Баткен районуна барып калдым. Акимчиликте кабылдамада олтуруп кирип-чыгышкан бейтааныш да, тааныш да адамдар менен учурашып жаттым. Ошончо адамдардын арасынан орто бойлуу, арык чырай бир жигиттин жүзү жылуу көрүнүп, баскан турганы качандыр мен сыйлаган кимдир бирөөгө окшошуп жатты. Мен бул жигитти кайдан көрдүм эле? Жүзүндө жарыгы бар экен? Көз карашы, сүйлөгөнү мага жакын бир инсанга окшойт?. Улам тиктеген сайын ичим жылып баратат. Асыл бир затымды жоготуп, аны кайра табылды деген кабар уккандай эле жүрөгүм элжиреп кетип жатты.

- Бул жигит ким? – деп жанымдагы таанышымдан сурадым.

- Подполковник – деди ал кайдигер.

- Чинин эмес, аты-жөнүн сурап атам – дедим анын жообуна ыраазы болбой. Анан ал тааныштырды.

- Расул Раимбердиев. Биздин раймилициянын начальниги.

- Каерден болот?

- Оштун Төлөйкөнүнөн…

Ошол замат ордуман туруп барып ага дагы колумду сундум.

- Учурашканбыз агай – деди Раимбердиев ордунан элпек тура калып.

- Сени менен дагы учурашканы жатам – дедим колун кое бербей, - Сен Раимберди Маметовдун баласы эмессиңби?

- Ооба, баласымын. Сиз кимсиз? – деп мага жылуу көз карашын бурду.

Мен аты-жөнүмдү айттым. Мени сыртыман тааныйт экен.

- Мен атаң менен бирге иштегенмин. Жакшы киши эле. Атаңды көргөндөй болуп жатпаймынбы – деп кубанганымды жашыра албадым.

Ошол минутадан тартып анча-мынча облустук гезитке барганымда өткөн-кеткендерди сөз кыла калганда эсиме түшчү. Раимберди, кесиби боюнча гезит чыгаруучу кичи пейил, жөнөкөй, боорукер адам жадымдан кетпей койду. Атаганат, бир кем дүйнө! Баласынын ушунтип жетекчи болуп иштеп калганын көрсө болбой беле? Курагы менден үч гана жаш улуу болучу. Баео көз карашы, элпек кыймылы, жанга жагымдуу сөзү бар анын карапайымдыгы башка пенделерден чанда гана жолугат.

Мен гезитти кеч таанып, кеч окудум. Улуу Ата мекендик согуш маалында табелчи болуп жүрүп колхоз кеңсесине келгенимде текчелерде гезиттер жатчу. Аны кармалап сүрөттөрүн

гана көрчүмүн. Сталиндин сүрөтү көп чыкчуу. Анан танкалар, жоокерлер, самолеттер болчу. Гезитти окуган эмесмин. 1948-жылы Папандан Ошко окууга келип кирип, 1949-жылдан тартып облустук «Ленин жолу» гезитин окуй баштаганмын. Анан ага макала жаза коюп да жүрдүм. Ошентип, гезиттин редакциясына тез-тез каттап калдым. Ошол кезде редакция шаардагы азыркы «Спорт» ашканасынын мандайындагы тери венералогиялык диспансер жайгашкан чакан имаратта болучу. Ал жерде орус тилиндеги «Ленинский путь» гезити да бар болучу. Биз айыл чарба техникумунун бош класстарына келип окучуубуз. Редакция ал жерге жакын болгондуктан убакыт болгондо эле барып калчуумун.

1951-жылга чейин кабарчылык жагынан дурус эле таанылып калгамын. Аттестатты колума алып айылда турмуштун айынан апама каралашып, башка окууга барбай калдым. Облустук гезиттин редактору Чекир Базаров, жооптуу катчысы Камчы Жунусов, бөлүм башчылары Соорoнбай Жусуев, Узак Турсункуловдор менен жакшы тааныш болуп, кеп-кеңештерин угуп жүргөмүн. Баарынан да ак жүздүү арык чырай, кичи пейил, жумшак сүйлөгөн Раимберди Маметов менен жакын болуп калгамын. Ал көбүнчө басмаканада болор эле. Кээде басмакананын боегу жугуп калган колу-бетин бир аз аарчып коюп жүрө берчүү. Пиян базарда чайхана бар эле. Көбүнчө ошерден жолукчубуз. Азыркы Ош Кыргыз драма театрынын арт жагындагы жол четинде басмакананын имараты турчуу. Раимберди аке ошерге бурулуп кетчүү.

Гезиттин редактору Чекир Базаровго мени Соорoнбай Жусуев ээрчитип кирди. Ал кишинин согушта сол колун мүрүсүнөн ок жулуп кеткен болучу. Костюмунун сол жак жеңин чөнтөгүнө салып коюп жүрчү. Көздөрү көгүш, каштары калың, мурду кыска киши креслодо олтурган калыбында бизге колун сунду.

- Тааныйм – деди мени Жусуев айтканда – эмне жогорку окууга барбадың?

Турмуш абалды түшүндүрдүм.

- Облустук гезиттин кызматкерлери болуу жооптуу иш – деди Базаров, - командировкага барасың. Райкомдордун чогулуштарына катышасың. Сен макала жазышың керек. Ушулар колуңан келеби?



- Колунан келет. Ыр да жазып жүрөт – деп Жусуев мен үчүн жооп берип койду. Телефонду алып Раимберди Маметовду чакырды.

- Сен жакшы журналист болом десең ишти басмаканадан башта.

- Гезиттен ката кетирбес үчүн жазууларды муунга бөлүп шашылбай окуш керек – деди Базаров, - азыр гезит чыгаруучу (выпускающий) Маметов келет. Ал отпуска сурап аткан. Сен ошонун ордуна иштеп көнүгүп тур. Калганын Маметов үйрөтөт…

1951-жылдын октябрь айынын 12си күнү мен өз кабарчы болуп кызматка алынып, Маметов отпускага чыгып, ал келгенче ордуна иштемек болдум. Кызматка алынганыма менден бетер Раимберди аке сүйүндү. Ал басмаканага ээрчитип барып өзүнүн иши менен тааныштырды. Тамга терүүчү цехке алып кирип эмне иш кыларымды, ким полосаларды версткалайт, ким каталарын оңдойт тааныштырып чыкты. Анан өзү олтурчу жайга алып барып көрсөттү. Корректорлордун бөлмөсүндө бир эскилиги жеткен диван бар экен.

- Ушерге уктайсың – деди адатынча баео күлүп.

Ал учурда гезит түнү бою чыгуучу. Ар бир полоса даяр болгондо редакторго жеткирип турарымды айтты. Редакциянын имаратынын бир капталындагы корпуста Базаровдун үйү бар эле. Ар бир полосаны түндүн кайсы мезгили болбосун Базаровдун үйүнө алып барып, форточкасынан таштап коюумду түшүндүрдү. Редактор окуп анан өзүнүн оңдоолору тууралуу телефондо айтарын бышыктады. Ошонтип Раимберди акенин айтканындай бир ай иштедим. Чынында журналистин көп жагдайлары басмаканадагы гезит чыгаруучунун ишине байланыштуу экенин түшүндүм. Кийин ушул гезиттин өзүндө отуз жылга жакын иштеп, Раимберди акенин айткандары пайда бергенин даана туйдум.

Жакшы адам жанында болсо жашоон да көңүлдүү, ишиң да ырбаж таап турары чындык эмеспи. Кийин редакциянын белдүү кызматкерлеринин бири болуп, чоң ишенимдин ээси катары иштеп жүрдүм. Өзүм адабиятка эрте аралашып, анан редакцияда адабий ийримди башкарып, келген чыгармаларды карап, алардын жарактууларын гезитке бастырып турдум. 1959-жыл болуш керек эле. Бир күнү Рамберди аке жаныма келип олтуруп адатынча жылуу-жумшак сүйлөдү.

- Ушул ырларды карап көрчү. Менин иним болот эле. Айыл чарба институтунда студент- деди. Карасам автору «Жолон Мамытов» деп турат.

- Бир тууганым дейсиз, Мамытов го – дедим. Ал үстүңкү тиштерин кашкайта күлүп:
- Документибиз ушунтип жазылып калган. Жолон бир тууган иним – деп бышыктады. Мен ырларды дароо эле карап, ал учурда редактор болуп калган Мырзалы Аматовго көрсөттүм. Жакшы ырлар экенин айттым. Редактор мага ишенчүү. Окубай эле кол коюп берди. Гезитке бат эле чыгып кетти. Раимберди аке кудуңдап сүйүнүп, ырлары чыккан гезитти почтадан инисине салып жибергенин айтып келди бир күнү.

Дээрлик өмүрүн облустук гезитте өткөрүп, акыркы жылдары гезиттин жооптуу катчысынын орун басары болуп иштеп туруп 44 жаш курагында 1970-жылы ооруга чалдыгып каза болду. Якут жеңебиз жети баласы менен жесир калды. Бирок, жеңебиз атасыз калган беш уул, эки кызын медер тутуп, алардын келечегинен үмүт үзбөй жашады. Колунан келишинче тарбиялады. Окуудан кемсинтпеди.

Мына, бүгүн Раимбердиевдер өсүп-өнүгүп турмуштан өз жолдорун табышкан. Тун уулу Ракманберди гана арада жок. Андан кийинки Расул полковник наамга жетишти. Азыр Бишкекте. Ички иштер Министрлигинде чоң бөлүмдүн начальнигинин биринчи орун басары. Равшан облустук балдар ооруканасынын хирург врачы, Рустам Расул агасынын жолун жолдоп майор, Өзгөн РОВДысынын начальнигинин орун басары, Гүлсара кызы медсестра, Бүбүсараси мугалим, кенже уулу Рашид мамлекеттик банкта инкассатор.

Уул-кыздарынан 22 небере төрөлдү. Кана эми Раимберди аке тирүү болсо неберелерин эркелетип төбөсү көккө жетпейт беле? Атаганат, дегенден башка арга жок. Жеке менин оюмча жакшы адамдын жарыгы бардыка тең тийет го. Раимберди акенин жарыгы уулдарына, кыздарына жана неберлерине тийип турса керек. Алибетте, мага да!

Ардактуу эс алууда жүрүп азыр да «Ош жаңырыгы» гезитинин редакциясынын босогосун аттаганымда же басмаканага кирип калганымда Раимберди Маметовдун элеси көз алдыма келе калат. Анын жарыгы менин жүзүмдү да жарыткансыйт….



# ЧЫНЧЫЛ, ЧЫГААН ЖАН ЭЛЕ…



Айтылуу Ак-Буура дарыясынын жээгинде пайда болгон бир чырпык суунун даркан эпкининен, жер Эненин жылуу деминен, бир тууган элдин ысык мээриминен жетилип олтуруп залкар чоң чынар терекке айланганына көп болуп калган эле. Ал Олокон тоолоруна бой теңеп өсүп, бутактары жетилип, алар өздөрү да шактап, бүрдөп, гүлдөп кеткен болучу. Ал чынар терек адегенде өзү өскөн аймакка көрк кошуп, жарашык берип көп жылга көйкөлүп туруп анан бара-бара кыл учу алда кайда көрүнүп алыска-алыска жеткен. Ошол жетилүү, ошол көркү апакай түсү менен кимге болсо да жигердүү көрүнүп, кимди болсо да тамшандырып XX кылымдан XXI кылымга термеле өтүп даркан калыбын бузбаган…

Ал чынар теректин көлөкөсүнө, салкынына тартылган, анын жап-жашыл, тап-таза агыш алоосуна миң сандаган муундар суктанып, ага сыймыктанып айланасынан чыга албай жүрүшүп анан бой керишип, ой толтурушуп туш-туштарга канат күүлөшкөн... Тоо чокуларынан кийин эле кыл учуна чачыраган кутман Күндүн нурун эл-жерине жеткирүүгө, жайылтууга ашыккан, марттык кылган, өзүнүн бутак, шактарына чаң жугузбай алтынданып турган эле…

Куттуу жердин, кутман элдин ошол чынары кулап түштү.

Долуланган добулу жок, боздогон бороону жок, түбүнө ара тийбей, балта чабылбай кулап түштү. Атаганат, күтүүсүз, мезгилсиз кулап түштү. Тамырларын тереңине матырып турган жер да, жанынан күркүрөп агып турган Ак-Буура да, эртели-кеч көркүнө суктана көңүлү тоюп көз чаптырган тууган эл да билбей калды. Ошентти… Ал чынар терек капысынан капилетке кабылды…

…Мен өзүмдүн жердешим, калемдешим, эң жакын көргөн адамым Жээнали Шериевди ак чынарга тенейт элем. Ал ак эмгектенип, ак сүйлөп, ак жашаган жан эле. Акыйкаттыкты, чынчылдыкты аздектеген, үй-бүлөсүнө да, адамдарга да баарынан Ата журтуна ак кызмат кылган ак жүрөк инсан эле. Сергек - сезимталдыгы, байкоо-баамы, таанып-билүү кудурети өзгөчө болчу. Заманга, турмуш агымына, учурдук маселелерге өзүнчө баа берип, өзүнчө ой жүгүртчүү. Кайсы бир оор учурларда, мүшкүлгө дуушар болгондо да сабырдуулук, токтоолук кылып акыл-эстүүлүк менен үшарлигин жоготчу эмес. Кур пейил күткөн, куулук-шумдукка жакын, жалган сүйлөгөндөр менен келише албай бетине кемчилдигин айтып же бушайман болор эле. Калыстыгы кара кылды как жарган жан эле. Баарынан да чынчылдыгы мени ыраазы кылчуу.

Маданияттуулукту, сыпайкерчиликти, жөнөкөйлүктү андан артык билгендер аз десем жаңылышпасмын. Ким менен болсо да «мырза» деп сый менен учурашып, кимге болсо да жакшылыгын аябай келгенин менден башка да көптөгөн адамдар кеп кылып келишкен. Мындан ары да кеп кылышып эскеришерине шек санабайм. Иштеген ишин, олтурган креслосун сыйлаган,анан коллективин сыйлаган жан болучу. Кыргызстан калк Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы болуп иштеп туруп кызматкерлери менен кандай сый-урматта жүргөнүн анын орун басары Пулат Сабиров:» Күн сайын эртелеп, "Саламатсыңбы баланча мырза, түкүнчө мырза», деп баарыбыздын ал акыбалыбызды сураштырып, анан кызматына киришчүү» деп эскерет. Ар бир жетекчи эле ошенте бербейт. Машинасынан түшүп түз басып кабинетине кирип алып анан чакыртып, саламдашат же обочодон башын ийкеп, кол учун берип коюп тим болот. Жетекчинин улуулук касиеттеринин бири өз коллективинин ар бир мүчөсүн улутуна, жынысына карабай камкордук менен урматтоо экенин жадыбыздан чыгарып койгонубуз өкүнүчтүү.

Адабиятты, адабият жаратуучу калемгерлерди сыйлоо менен чыгармаларды талдай да, баалай да билген окуучу окумуштуу катары эбактан бери элге таанылган Жээналы Шериев Папанда айылдык жети жылдыкты бүтүргөндөн кийин эле 1949-жылы Ош педагогика окуу жайына келип кирген Окуу жайын бүтүп Ноокат районундагы Тельман атындагы жети жылдык мектепте эки жыл иштеп 1954-59-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунан билим алган. 1960-жылы эле кайра ошол



институтка азыркы Университетке мугалим болуп эмгек жолун уланткан. Мугалим профкомдун төрагасы, доцент жана кафедра башчысы илимий иштер боюнча проректор болуп келип, 1991-жылдан өмүрүнүн акырына чейин кафедранын профессору болуп эмгектенди.

Жогорку окуу жайында мугалим болуп иштей баштаган 60-жылдарда анын адабиятка жазуучуларга болгон ынтызарлыгы артып, чыгармаларга өзүнчө ой айтууга, өзүнчө баа берүүгө киришкен эле. Ж.Шериевдин жазуучу Мамасали Абдыкеримовдун романына карата «Жашагым келет жөнүндө» деген алгачкы рецензиясын мага алып келип облустук «Ленин жолу» гезитинен орун алгандыгы али эсимде. Кийинчерээк «Поэзия күүнү турмуштан алат», «Турмушка элдин көзү менен караган акын», «Ч.Айтматовдун чыгармаларында фольклордук салт жөнүндө» деген ой пикирлери гезиттерге жана «Ала-Тоо» журналына басылып чыгып турган. Жээнали экөөбүздүн үй бүлөлүк калемдештик, тилектештик байланышыбыз да ошол жылдардан тартып чыңалганын айтпай кое албайм. Бизди байланыштырган ал ары назик, ары ыйык жипти шум ажал гана үзүп кетпедиби. 1995-1999-жылдары Кыргызстан эркин жазуучулар союзунун Ош облустук бөлүмүн башкарып турганымда 1996-жылы аны Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчөлүгүнө кабыл алып күбөлүгүн өзүм тапшырган элем…

Жарыктыкка жашоого келген ар бир пенде бул дүйнөдөн өтөөрү шексиз. Ал артында кандай из калтырды. Атанын ысмын булгабай, эне берген ак сүтүн актадыбы? Эл-жерге эмне берди, эл-жерден эмнени алды? Шум жана таш боор ажалга туш болгончо тирүүлүктүн улуу жолуна калтырган изи менимче бул уул-кыздары, небере-чеберелери биринчи кезекте аталса, экинчи кандай эмгек калтырды артындагылар айтып жүрөөр. Экинчисин алганыбызда Жээнали Шериев адабиятка өзүнүн өчпөс изин калтырып кетти.

Ал жогорку окуу жайынан канат күүлөп чыккан жүздөгөн жаштарга билим тарбия, үлгү-нуска берди. Адам өмүрүнүн азыгы болуп көккө канат күүлөткөн адабиятты алардын жүрөгүнөн нур кылып куйүп кетти. «Кыргыз поэзиясындагы чеберчилик», «Адабий терминдердин кыскача түшүндүрмө сөздүгү», «Сооронбай Жусуев китепте», «Адабият таанытуучу» жана башка ондон ашык адабий, сын, окуу китептерин калтырды. 2000-жылы «Байыркы адабият тарыхы» аттуу көркөм китеби жарык көрүп ал республикалык Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыкка

татыктуу болуп, ал сыйлык Ош облустук мамлекеттик администрациясында тапшырылгандан бир күн өтүп ажал алып кетпедиби кайран инсанды…

Ооба, 2001-жылдын 31-декабрь күнү күндүзгү саат 12де губернатордун колунан сыйлыкты алып, лауреаттык белги болгон кызыл тасма тагынып жадырап-жайнап отурган. Өзү менен кошо бул сыйлыкка татыктуу болушкан жазуучу акындар Кармышак Ташбаев, Абдыганы Абдугафуровдор менен 31-декабрда кечки саат төрттөрдө бирге отуруп чай ичишип, анан жаңы-жылды тосууга баарыбыз шашып үйлөрүбүзгө тарап кеткенбиз. 2-январь күнү кызматына келип адатындай кызматкерлеринин ал-акыбалдарын сурап түштө бирге тамактанып, анан үйүнө кетип, эки күн мурда биз менен коштошкон кечки саат төрттө ажалга дуушар болуптур.

—Күтүлбөгөн шумдуктуу бул суук кабар жеткенде ишенбедик. Бирок, чындык чыркырап туруп алды. Айла таппай асман жер айлангандай көңүл аңтар-теңтер болду. Менин кулагыма ак чынардын күп деп жыгылган дабышы, Ак-Буранын шолоктоп ыйлап жатканы угулгансыды. Папан койну ээндеп калгансыды. Кечээ эле басып өткөн Оштун көчөлөрүнүн боюндагы талтеректер аза күтүп баштарын жерге ийип калгансыды. Ниети калыс, жүрөгү таза, боорукер адамдар «Атаганат, ай» дешип өкүнүп жатышкансыды. Ал элге-журтка бере турган эмгектерин, максаттарын, пландарын аягына чыгара аткара албай шум ажалга туш болду. Ал жубайынын жүрөгүндөгү махабатты, койнундагы жылуулукту, уул-кыздарынын, неберелеринин жүздөрүнө төгүлүп туруучу мээримин ала кетти. Туугандарына, айылына, Ата-Журтуна болгон сүйүүсүн ала кетти.

Ал жакшы тааныган жамы журтту, калемдеш бизди кайгыртып, бозортуп кетти… Топук кыла турган бир нерсе ал жакында илимдин доктору деген даражага ээ боло турган уулу Абдыганы Жээналиевич Шериев атасынын бүтпөй калган ишин улантат деген ишенимдебиз.

Эмне кыла алмакпыз? «Түбөлүккө кош, жаткан жериң жаннатта болсун, топурагың торко болсун!» деп жай башында айтылчуу жат болуп калган сөздү сага акыркы ирет жолдоп куран окудук…

Тирүү калгандардын айтары ушул, колунан келгени ушул гана тура.

Түбөлүккө кош, Жеке!

Январь 2002-ж.



# КҮРӨШ КҮНДӨРҮНӨН

## I. Кызыл топу



Боз адырлардын арасында Кансык кыштагында күн нуру менен кошо жарышып бир атчан киши шашып-бушуп кирип келатты. Айыл арасы эртең мененки башталган көнүмүш тиричиликтин кучагында эле. Кыштактын бодо малдарын, жандыктарын короолордон чыгарып жайытка айдап бараткан бир топ балдар жолдон чыга беришип аттын туягынан удургуган чаңга аралашып, ооздорун ачып тиктешип туруп калышкан. Булактан бакандап суу алып келаткан кыз – келиндер да атчанды ээрчий бири-бирине суроолуу тиктешкен бойдон келатышты. Айыл үстүндөгү дөбөдө олтурушкан карыялар атчан кишинин өздөрүн көздөй бура тартканынан улам кандайдыр шашылыш жаңы кабар күтүштү. Атчан аларга жете келип:

- Басмачылар … Сайдар жүзбашы – деди ат жалында эңкейип, Кызыл Топуну издеп жүрүшөт… Мен Исфарага кеттим…

Ал башка сөзгө келбей атын, онду-солду чапкылап кокту ылдый зымырады. Аздан кийин басмачылардын кордугунан жүрөк заада болгон айыл адамдары дүрбөлөңгө түшүп калышты. Кемпирлер келиндерин, бойго жеткен кыздарын жашырып, жигиттер адыр ашып качып кетип жатышты. Анан кантишсин, көп энелер эми гана көзгө көрүнүп бой түзөп, жигиттерге

алдыртан карай баштаган кыздарын же эң жакшы көргөн, али башынан үлпүлдөк жоолугун алып кайын атасынын жүзүн көрө элек келиндерин басмачылардын атынын жалында кетип, өздөрү чыркырап жер муштап олтуруп калышкан эмес беле? Далай жигиттерди көгөнгө байлап койдой мууздабадыбы, бу басмачы деген мыкаачылар. Бүт айыл элинин үрөйү учту бул жолу да.

Сайдар жүзбашы жигиттердин эң алдында ак жал атты ойноктотуп алыстан көрүндү. Анын эни бир карыш келген күмүш кемеринин тогоосу жакындаган сайын күнгө жарк-журк этет. Бир жагында маузеринин жыгач кабы, бир жагында кылыч шыңгырайт. Аты таскактаган сайын жашыл нооту чепкенинин этеги эки жака жайыла делбеңдеп, дөбөдөн ылдый чаап келатканда көрүнүшү кандайдыр күмүш жогдор, ала канат алпкаракушту элестетер эле. Кечээки эле өздөрүнө тааныш, а бара-бара түсүн буруп кутургандай кан ичкич болуп аео сезимин жоготуп бараткан Сайдардын бүгүн дагы эмне жорук баштарын күтүп дөбөдөгү карыялар анын карааны көрүнгөндө эле кол куушуруп отурган жерлеринен тура калышкан. Алар жүзбашынын «Кызыл Топуну» эмне үчүн издеп келатканын да билишет. Жаңы замандын адилеттиги жүрөктөрүн эми гана жылытып, азыр эле ошол жөнүндө сөз козгоп, Совет бийлигине кызмат кылып жаткан балдарына ак жол тилеп олтурушкан карыялар аргасыздан Сайдардын алдына баш ийишти.

- Келиң, азизим!
- Кызматыңыздабыз, улугум!
- Аттан конуңуз!

Карыялар каз-катар тура өтүнүп жатышты. Жол жүргөн аттар азоолонуп ойноктоп жерге турбайт. А Сайдардын ак жалы балыктай туйлап оозугун кемирип, күндү чапчып алчудай кош аяктап асманга секирет. Же салам айтпай, же алик албай кубарып, көздөрүнө кан толуп турган Сайдардын алдында карыялар эмне кыларын билишпей ого бетер бужүрөшө түшүштү. Ат үстүндөгү жашыл бейкасамчан жигиттер чук этпей жүзбашынын оозун тиктеп, аркандай буйрукка даяр турушат. Алар ошого көнүшкөн. Эгер жүзбашы кичине эле ишарат кылса болду калганын кандайча аткарууну өздөрү түшүнүшөт. Бөрк ал десе, баш алышат…

- Мага кызыл топу керек… Уктуңарбы, мага ошол каапырдын боору менен өтү керек… Азыр таап бергиле… Болбосо ….

- Ал бу жерде жок улугум… Кеткенине көп болуп калбадыбы?



- Каерге кеткен? Айткыла, жердин жети кабат түбүнө кетсе да табам…

Сайдардын ачуу үнү тургандардын жүрөктөрүн муздата коюп, айыл үстүнөн кайып өтүп кетти. Эшигинен баш багып турган кемпирлер да дароо үйлөрүнө кире качышты.

- Көп болду, биз аны көрбөйбүз…
- Аны мага таап бересиңер… Болбосо…

Баятан бери четтеп унчукпай турган арыкчырай карыя таягына сүйөнгөн калыбында жүзбашыга эми тике карады.

- Сайдар байбатча, кызыл топу сизге не кунах кылды? Бу баарыбыз бир жерлик, суубуз бир, отунубуз бир го … Анын боору менен өтү сизге мынчалык зарыл боп калды?
- Бас жаагыңды… Ал каапыр! Биздин динибизге туура келбеген иш кылып жатат. Орустарга кошулуп кетти… Айылды бузду… Элди бузду…
- Орустар теңчиликти айтып, эли-ю, юртка эркиндик алып келар эканку…
- Бас жаагыңды, эшек!
- Баш кесмек бар, тил кесмак йок, дептир улугум!
- Эй, азизим менен жаакташкан! – Сайдардын жанындагы аты жер чапчып турган бейкасамчан кылычын сууруп умтула бергенде Сайдар «токто!» деген ишаарат берип, билегине булдурсун камчы илинген оң колун саал көтөрүп койду.
- Жаллатиңизди тим коюң… Сизге кызыл топунун боору менен өтү керек болсо, жаллатиңизге меники керакдир…
- Бас жаагыңды…
- А сиз битта кызыл топунун боору менен өтүнү алсаңыз, оннуга миңга кызыл топу даяр болот… Шунака заман келияпти…

Муну уккандан кийин Сайдардын көздөрүнө заар толо түштү. Ал маузерин шарт сууруп алып, ойноктоткон атынын башын бура тартып туруп жанагы карыянын көкүрөгүн тарс атты. Карыянын таяк кармаган оң колу көкүрөгүнөн баса анан капталынан кулап түштү. Таягы дөбө ылдый сойлоп кетти.

- Кызыл топуну таап бересиңер. Болбосо, кансыктыктар катындарыңарды, кыздарыңарды тул кылып, өзүңөрдү атып салам… Үйүңөрдү өрттөйм… Уктуңарбы, куду мынабу эшектин өлүмүндө өлөсүңөр… Мага кызыл топу керек – деди да жигиттеринин алдында адырды көздөй ат тизгинин чойду.

Сайдар жүзбашы кызыл топунун бул айылда экенин, ал Исфара шаарында жүргөнүн жакшы билет. Ошентсе да кансыктардын ар биринен кызыл топу үчүн өч алууга даяр эле.

Айылды чаап кетүүдөн чочулады. Анткени ар кайсы жерде басмачылардын кылычынын мизи майтарылып, ындындары өчүп, кирерге жер таппай жатышканын билет. Көбү тоого өрдөп качып кеткен. Сайдардын белдүү корбашылары да аздаган. Эгер эби келсе кызыл топуну чеңгелине мыжыгып койсо, калгандары ага беттей албасы анык деп үмүттөнгөн. Ал өзүн үркүткөн көрүнүштөрдүн себепчиси кызыл топу деп билген. Жанакы тилин тартпаган күнөөсүз карыяны атып таштап, элге сес көрсөтүп кетип, анан дагы бир кайрылып келмек болгон. Ошентип, кордукка чыдабаган айылдан өзүнө жардамчы чыгып, жаңы замандан баш тартар бекен деп үмүттөнгөн. Болбосо, кызыл топу сөзсүз бетме-бет келерине, андай болгондо өзүнүн ойрону чыгарына ишенген. Ал ээрчите келген үркөрдөй бейкасамчан, атка бышык, кылыч чабууга шамдагай, кармашууга күрөз жигиттерин медер туткан…

Сайдардын кабарын Айтпай Исфарада жүрүп укту. Жаш Совет бийлигинин айыл-кыштактардагы коркунучтуу душманы болгон басмачылар менен күрөшүү ошол мезгилде Кыргызстандын көп жерлеринде жүрүп жаткан эле. Басмачылар жан талашып, кандай гана болбосун жаңы замандын өкүлдөрүн куугунтукка алып, кармаган жеринде аларды малдай мууздап же кыйнап өлтүрүшүп, өздөрүнүн бул иштери менен элдин жүрөгүн алып, аларды Совет бийлигине каршы коюу максатында эле. Баткен өрөөнүндөгү Бужум кыштагынан Сайдар жүзбашы, Самаркандектен Бегмат амин эки баласы Пайзилда жана Турсумамат, күйөө баласы Арзибек уурулар басмачылардын жетекчилери катары эсептелишкен.

Айтпай булардын баарын көз алдынан бир сыйра өткөрдү да кызыл ленталуу жана кызыл жылдыздуу шөкүлөсүн колуна алып:

- Да, кызыл топу жөн гана кол куушуруп кылычыңа мойнун тосуп бербес, жүзү кара жүзбашы – деди өзүнчө.

Сайдар жүзбашы революциянын жалыны Туркстанга жете келип, ал улам кедей-кембагалдардын сезимин ойготуп жатканын даана түшүндү. Ошондуктан да алгачкы учурларда Совет бийлигинин келишин кытмыр оюн тышка чыгарбай тишинин кашкасын көрсөтүп күлүмүш болуп тосуп алган. «Азырынча ошентиш керек»-деп ойлогон. Кийинчерээк өзүнүн мурдагы кең асманы тарып бараткатканын түшүндү. Күн санап айыл-кыштактардан комсомолдор, активдер көбөйүп, алар эл арасында жаңыча үгүт-насаат иштерин таратышты. Колхоз курулушу, байлардын жери кедейлерге өтөт деген мурда Сайдардын түшүнө



таптакыр кирбеген сөздөр жайылды. Ага кедей –кембагалдар кол чаап жатышты. Муну Сайдар көрө албады. Ичи түтпөдү.

Кансык кыштагынан Коконго барып мектеп-интернатта окуп, Кызыл топу кийин келген Умар уулу Айтпай Совет бийлигин кош колдоп тосуп алып, анан жаштарды өзүнүн айланасына топтоп алды. Ага Самаркандектик Тагай уулу Алжапар, Сулайман уулу Мамат, Кансык кыштагынан Рахмат уулу Капар, тегирмен Башы айылынан Ташкул уулу Нурмат деген жаштар шакирт болуп чыга келишти. Алар өздөрүнүн айылында гана эмес башка жерлерге барышып Совет өкмөтүнүн саясатын таратышты. Ондогон жаштар комсомолго өтүшүп, а көптөрү ыктыярдуу кызыл атчандардын сабына тизилишти.

Умар уулу Айтпай кызыл топу Баткенге алгачкы большевиктик ячейканы түздү. Шөкүлөчөн жүрүп «Кызыл топу» аталды. Бул көрүнүш Сайдар жүзбашы менен Бегмат аминге, алардын таламдаштарына жакпады. Жер-жерлерде күндөп, түндөп мал каттоо, жерди өлчөө жүрүп жатты. Байлардын колунда эзилген, өйдө карап баш көтөрбөй мүңкүрөгөн кедей эркек-аял жаңы турмуш курушуп, жадырап күлө баштады. Көп жаш кыз-келиндер баштарынан паранжыларын алып ыргытышып, айылды аралай чаап комсомолдук саясий, үгүт иштерди жүргүзүштү. Мындай «бейбаштыктарга» туруштук бере алышпады Сайдар менен Бегмат өңдүүлөр. Алар эми өздөрүнө ынанган жигиттерди топтошуп куралданышып жаңы өкмөткө каршы күрөшкө чыкмак болушту. Жогорудагы жаңылыктарды таратуучулардын башчылары болушкан большевиктердин, комсомолдордун тымызын жазасын берүү үчүн ант ичишти…

Бирок, алар адилеттиктин бир кубаттуу албан жалыны тоо-талааны каптап келатканын, ага алар эми туруштук бералбай тургандыктарын туюшпады. Ошон үчүн Бужумга келаткан кызыл атчандарга бетме-бет чыгышып, алдын тороп айылга жолотпой коюну ойлошту. Атышуу кечке чейин басылган жок. Сайдар ойлогондой болбоду. Кыжыры кайнап эми өзү баштап чабуулга чыкмак болуп, жигиттерине кайрылды:

- Кызылдар атка бош окшойт. Ооп-төгүлүп жүрүшөт. Ар бириңер эңип алып көкбөрү кылып ойногула! А кызыл топуну өзүмө койгула. Каңа эмесе оомийин-деди алаканын жая бата берип, ат үстүндө бата кылып, анан алаканынын отуна түкүрүп кылычын мыкчый кармап башынан өйдө сереөлөдү. Бирок, алар кечигип калышкан эле. Туура жактан ураалаган кызыл атчандар качырып чукулунан чыга келишти. Маңдайдан баш көтөртпөй

коргошун ок жаап турду. Басмачылар качар жагын билалышпай ар бири ар кайсы жака чилдей тарады. Иңир кирип калган маалда Сайдарга ок жаңылды. Ал Бегмат аминдин алдында ууртунан шүүшүн кан куюлуп, киркиреп акыркы сөзүн сүйлөөгө чамасы араң келди.

- Аттиң,... Кыз-ыл то-п-у ка-а-пыр-ды… Эми ме-нин кунум үч-үн… Өз ко-лу-ң ме-н-ен му-узда…

Бегмат амин баш ийкеди. Анын көздөрүнө жаш аралаш кан толуп турган эле. Ал Сайдар жүзбашынын башы шылк эте түшкөндө, өз колу менен жөлөп коюп анан тал түбүндөгү караандарды көздөй басты. Ал жерде уулу Турсуматтын өлүгү жаткан болчу. Баласын кучактай жыгылып боздоп ийди.

Айыл кыштактарда жаңы турмуш өз кучагын улам кенен жайып келе берди. Умар уулу Айтпай жетекчилик кылган большевиктик ячейканын иши жанданды. Эл арасында жашырынып жүргөн Бегмат амин Сайдар менен уулу Турсуматтын куну үчүн кызыл топудан өч алууга камынды. Ал тымызын байланышып олтуруп жаңы заманга олку-солку болуп жүргөн Кансык кыштагындагы Султанмурат миң башыны колго алды. Анын уулу Сайдураим да ичке тартылды.

Айтпайдын көп күндөрү Исфарада же башка айылдарда уюштуруу иштерин жүргүзүү менен өтүп, айлына сейрек келүүчү. Эгер келсе да бир нече комсомолдор, активдер же болбосо кызыл атчандар менен келип бир түнөп, кайра кетер эле. Бегмат Султанмураттан кабар күтүп күн санап даярданып жүрдү. Алар Айтпайдын үйгө жалгыз келишин, аны шоокумсуз күм-жам кылууну аңдышты.

Бегматтар күткөн айсыз караңгы түн да кирди. Ал күнү Айтпай өз коргонуна кечке маал жалгыз келип түшкөн. Айсыз түн. Айлана жымжырт. Далайдан бери кылоосу түшүп кында турган болот канжарлар шапа-шупа колго алынып кончко тыгылды. Түн жарым оогондо дарбазанын акырын ачыла түшкөнүнөн Ачакан чочуп ойгонду. Бул түндүн каргашалуу болорун кайдан билсин? Эми гана түшүнду.

- Туруңуз келип калышты!-деди Ачакан.

Бирок, ошол замат анын оозу карылуу кол менен басылып үнү жап болду. Куралын алууга үлгүрө албаган Айтпай эшикти көздөй атып чыгып кетти. Бирок, коргондун ар кайсы бурчунда турган белгисиз караандар аны узата койбоду.



- Токтогула, мен өзүм биринчи- деди Бегмат коргондун ички бурчунда Айтпайды туткундап тургандарга жете келип, -оозун баспагыла!

Ал Айтпайды жүрөгүнүн тушуна канжарын кадап туруп:

- Кана, кызыл топу! Биздин колго да түштүңбү? Эми каныңды мен ууртайм… Мына, бул Турсумат үчүн! Мына, бул Сайдар үчүн! – деп канжарды эки жолу матырып алды. Айтпай жаралуу бүркүттөй бир талпынып алып, жан талпазда кандуу колдордон бошонуп коргондун кырына асылды. Бирок, беркилер караңгылыкта сырдуу жарк-журк эткен канжар, бычактарын Айтпайдын денесине матырып-матырып жатышты. Жети жерине болот миздүү канжарлар матырылган дене канга боелгон ак көйнөктүн ичинде коргондун бурчунда сулк жатты…

Ачакандын сол билегине сайылган канжар чыкпай калды. Анын ачуу чаңырыгы коргондун сыртына жетпеди. Ал аттардын дүбүртүнүн узап баратканын гана туйду. Билегиндеги сайылган канжарды сууруп алууга дарманы келбеди. Эшикти көздөй умтулду. Чыгыш жак улам жарышып келатты. Ал коргондун бурчунан ак көйнөгү канга боелуп жаткан күйөөсү кызыл топунун денесин көрдү.

- Ай, ау!

- Ачакан бир оокумда эсине келип көзүн ачып коргон толгон кызыл топучандарды көрдү. Алар көп эле. Колдору байланган басмачыларды каардуу тиктеди. Күн нуру бүт ааламды каптап келатты…

## 2. Айтмарек корбашынын ажалы



Сарбан Жаанбаев

Бүгүнкү эгемен доорубуздун так пайын коюшкан адамдардын ысымдарын атоо биз үчүн зор сыймык экендиги талашсыз. Чачтарын ак басып, сакал-муруттарын кыроо аралаган «ак сакал» деген сөзгө татыктуу болгон ардагерлерибиздин басып өткөн жолдору татаал да, кайчылаш да, анан ал даңктуу жол эмеспи! Өмүр өрүшүндөгү алардын ар бири доорубуздун үзүрүнө кешиктеш.

Мына ошондой адамдардын бири Сарбан Жаанбаев эле. Ал айтылуу Алайдын Согонду кыштагында кедей-

дин үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Жети жашына чейин ата-эненин колунда болуп, анан кара жумушка тартылган. Атасы караманча кедей болгондуктан байлардын колунда иштеген. Сарбан да жашынан атасына жардамдаш болду. Он жети жашка чыкканда ал Гүлчө селосундагы дыйкан жаштар мектебине кабыл алынды. Ал 1923-жылдар эле.

Мектепте окуу менен Сарбандын жигери жаңыланды. Жаңы замандын маани-маңызын түшүндү. Эркин жана теңчилик турмуштун келерине ишенди. Өзү менен бирге окушкан жаштардын катарында Совет бийлигинин душмандары менен күрөшүүгө, кеңеш өкмөтүнүн эмне экендигин ар бир кедейге, олку-солку болушкан жаштарга терең жеткирүүгө кан-жаны менен кызмат кылууга өзүн даярдады. Аскалары асман тиреген кыргыз тоолорунун чокуларына тийген күндүн нуру ага куду эркиндиктин нуру сыяктуу көрүндү.

Жаштар менен кошо ал айыл аралап чыкты. Ал учурда үгүт жүргүзүүчү топтор иштей баштаган. Мына ошолор менен бирге Сарбан өз айылы Согондуга барды. Карапайым туугандарына, өзү катарлуу жаштарга жаңы замандын келишин, революциянын мазмунун жарыя кылды. Басмачылар өчүгүп чыгып жаткан учур болучу. Алар Совет бийлиги жөнүндө жакшы кабар айткан кимди болсо да аяшпай турган. Адамдарды койдой мууздап мыкаачылык кылышкан. Ошого карабастан качып, жашырынып жүрүшүп жаштар үгүт иштерин үзгүлтүккө учуратышпады. Барган сайын байлардын үйрөйлөрү учуп, алдан тайышып баш көтөрүшкөн кедей-кембагалдарга батына албай да жатышты. Мунун өзү алардын доорунун оомады кеткендигине далил болучу.

Артель куруу, жер реформасын жүргүзүү мезгилдери күч алды. Ага карама-каршы чыгышкан басмачылар, аларга көмөктөш болгон байлар жан талашыша активдерди куугунтукташып, туш келген үйлөрдү өрттөшүп кетишип, бири-бирине куралышып күч топтошуп, тоо-ташты мекендеше баштады. Ошол кезде «Батрачком» уюму түзүлдү. Тарыхчы кыштагында Сарбан да кедейлер комитетинин секретары болуп шайланды.

Ар кайсы айылдардын жаштары комсомолго өтүүгө тизилишип келе баштады. Мындай кырдаалда Сарбан өз тилектештерин комсомолдун катарында болууга үндөдү. 1929-1930-жылдарда Оштогу мугалимдер курсунда окуду. Ал учур Сарбан үчүн жетилүүнүн, такшалуунун учуру болду. Анын



көкүрөгүндөгү кемчилдиги толуп, аң-сезиминдеги бүдөмүктүк эми айкындалды. Мугалимдик курсту бүткөндөн кийин өз айылы Согондуга мектеп ачууга жиберилди. Алгачкы мектепти ачуу оңой болбоду. Тоо койнун мекендеген басмачылар ал кабарды укканда тиштерин кычыратышты. Ошондой болсо да жергиликтүү кедейлердин арасынан чыгышкан активдер, комсомолдор, большевиктер тике турушуп мектепти ачышты. Кедей балдары алгачкы тамгаларды үйрөнүүгө тартылышты. Артельдерди таратууга, мектепти жабууга, мал-мүлктү талоого карата курал күчтөрүн топтошкон басмачыларга каршы турууга чек ара аскерлерине жергиликтүү комсомолдор кошулушуп колдоруна курал алышты. Ошол эле отузунчу жылы Сарбан Гүлчө селосуна чакыртылды.

Март айы эле. Сарбан Гүлчөдөгү чек арачылардын жашыруун жыйынына келип кызыл аскерлер менен биринчи жолу бетме-бет олтуруп, басмачылардын мизин кайтаруу боюнча планды биринчи жолу талкулоого катышты. Кызыл отряддын башчысы Калпашников, чек аралык оперативдүү кызматкерлер Романов, Гаевский, Горьковский менен таанышышты. Алардын берген кеңешин укту. Бекем эрктерин, күрөшчүл мүнөздөрүн түшүнүп, өзүн алардын катарына теңелүүгө даярдады. Ошол эле жыйында комсомолдук ячейка түзүлдү. Анан басмачылар басып алган мүлктөрү, курал-жарактары менен чек араны бузуп өтүп Кашкарга, Ооганга өтүп кетүү камылгасын көрүшүп жатышкандыгы тууралуу маалыматтары алынып, аларды колго түшүрүү боюнча пландар талкууланды.

Алай зоонасы боюнча комсомолдук ячейканын жетекчилигине Сарбан Жаанбаев, Гүлчө зонасы боюнча Көкө Аматов, Совет зонасына Модун Акимкуловдор шайланышты. Алар ыктыярдуу кызыл отряддарды түзүштү. Куралданышты. Такшалуудан өтүштү. Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Бүлөлү, Үч-Дөбө айылдарынан ыктыярдуу кызыл отрядка жаштар көп келишип катарларын толукташты. Алар Асан Касеев, Маса Казакбаев, Нурали Момуев, Разбай Мамытов, Молдали Итигулов жана башкалар эле. Сарбан Жаанбаевдин ортядына 17 жаштар тартылышты.

Ал учурда басмачылар да жөн жатышпаган. Ыктыярдуу кызыл отряддардын тажрыйбасыздыгынан пайдаланышып алар 1930-жылдын 22-майында Ады менен Мамыр басмачынын бандалары Гүлчөгө жашырынып өтүп алышып чек арачыларга капыстан кол салышты. Алдын-ала даярданышкан басмачылар

раисполкомдун төрагасы Искендер менен милициянын начальниги Забурманды өлтүрүп, магазинди талап кетишти. Бул кайгылуу кабар өкүндүрбөй койгон жок. Сарбан Жаанбаевдин отряды азалуу митинге катышышты. Эми мындан да сак болууга камынышты. Эртеси, 23-майда Оштон жете келген аскерлерге Сарбандын отряды кошулду. Алар Бүлөлү тоолорунун койнун көздөп бет алышты. Капчыгай оозунан эле басмачылар менен атышуу башталды. Отряддын мүчөсү Көкө Аматов окко учту.

Кийик от жыттанган, чер-карагайлуу, булактары шылдырашып мукам үн салган ажайып сулуу Бүлөлү жаңырган окко, ызы-чуу кыйкырыкка тунуп жатты. Анын ажайып сулуулугун сезбеген канкор басмачылар жашыл арчаларын кыйышып от жагышып, кайберендерин атышып, куштарын үйүр алдыра койбой үркүтүшүп, тулаң-чөбүн тебелешти. Адам канына тумчуктурушту.

Капчыгайдан түндөп чыга калышып тынчтык бербей айылды талоонго алышкан. Алардын башчысы Ады колго түшүш керек эле. Бирок, кантип? Ушул маселе чек арачылардын башын айландырды. Акыры бир жол табылгандай болду. «Жарашалы» деген шылтоо кылынып Сатар Рыспаев аларга жиберилди. Бирок, Ады эч кандай шартка макул болбоду. Шылдыңдап, коркутуп Сатарды жолго салды. Экинчи жолкусунда Сарбан менен Султан Матмусаев жөнөтүлдү.

- ГПУңар эми силерди жибердиби?-деди Ады канталаган көздөрүн чакырайтып. – Сарбансыңбы? И, баатырлар айткылачы? Кызылдарыңар эмне демекчи?

- Күнөөсүз кан төкпөйлү дешет - деди Сарбан, - элге кошулуп тынч жашайлы. Жаңы өкмөткө кошулууңузду сурашат. Жарашайлы дешет.

- Жаңы өкмөтүңүздөрбү? Жарашалы дешеби? Ох-хоо ГПУңарды билесиңби? Билем силерди кызылдар – деп ал ордунан тура калып тиштерин кычыратты.

- Жарашсаңыз…

- Тарт тилиңди Сарбан! Болбосочу… Мени далыман таптап кое бекен ГПУңар? Сен Сарбанды билем, баргынын балдары. Кадырбек агаңар баш болуп орустарга кызмат кылып жатасыңар… Алар силерге ишенет… Кадырбегиңди баш кылып бүт баргыларды кырамын. Уругуңарды курутамын… Орустарыңдын таманын бул ыйык жерге тийгизбеймин… Билдиңби? Укттуңбу? Азыр экөөңдү тең атып салайынбы? Тургула ордуңардан! Сарбан менен Султан ордуларынан турушту.

- Талпагыңарды ташка жаям! –деп кыйкырды ал аска-зоону жаңырта,-уктуңарбы?

Ал маузерин тиги экөөнүн ооздоруна алмак-салмак такап жинденди. Алар укчукпады. Жан соогалашпады.

- Жок, жоок-деди кайра демин басып, маузерин колуна салаңдата кармап,-азырынча атпайм. Анда ГПУңарга менин айткандарымды ким жеткирет? Кадырбекке ким айтат? Баргыла да менин кимдигимди түшүндүргүлө . Көрдүңөрбү мына бу азаматтарымды? Булар силердин ажалыңар. Туурабы?

Ады жылга ичиндеги, күнгөй, тескейди бугуп жатышкан бандаларына кайрылды.

- Эң туура, бегим…

- Биз алардын ажалыбыз…

- Динсиздерди талкалайбыз…

Жылга ичи ызы-чууга тунду.

-Көрдүңөрбү, комсомолдор! -деди Ады табалаган түрдө, эми жолуңарга түшкүлө. Ажалыңар менин колумда. Андан эч жака качып кете албайсыңар…

Тирүү жан коркунучтан алыс эмес да. Сарбан да, Султан да тирүү калганына сүйүнүштү. Бирок, ичтеринде кек кайнады. Муздак тер баскан денелери кыйлага жазылбады. Бүлөлүнүн ажайып коoздугу аларга күңүрт гана көрүндү. Түн кезишип Гүлчөгө жетишти.

- Түшүнүктүү -деди Маргаес алардын сөзүн угуп,-эмесе силер барып эс алгыла. Эми чабуулга өтүүнүн планын иштөө керек.

Июнь айынын аяк чени. Алай тоолору жашыл жамынып, жайыттар, жайлоолор гүл буруксуган кез. Өтөктө уйлар өргүсө, күнгөй тескейде кой-эчки, жыбытта жылкылар, майпаң баскан төөлөр андыздуу адырларда. Жаратылыш өз бетиндеги айыгышкан күрөшкө, төгүлгөн канга, тарткан онтоого карабастан күндөн-күнгө ажары ачылып, көк дукабасын улам кеңири жаап келаткан мезгил. Ан-2 аэропланынын күркүрөгөн дабышынын чыгышы менен басмачылар көккө карашып ооздорунан келмелери түштү. ГПУга кабар берген Парманас Сулайманов басмачылардын капчыгайдын каеринде экендигин кабарлаганы картага белгилеп берген болучу. Мурда жеткирилген атчан отряддар Бүлөлүнүн оозуна кире келишти. Аэропландан ташталган бомбаларга удаалаш аскерлер чуу коюшуп кирип барышканда алдастаган басмачылар аттарына мине качышып тоо

өрдөштү. Чак-челекей түшүштү. Ураалаган аскерлер көптөгөн бандаларды окко учурушту. Бир гана Ады чек арадан өтүп Кытай тарапка качып кетти. Анын жер шартын жакшы билгендиги, жан-жөкөрлөрүнүн жана өзүнүн атынын күлүктүгү утукка ээ кылды…

Сарбан такшала берди.Чек арачылар да, ГПУнун кызматкерлери да ага ишеним көрсөтүштү. 1931-жылы Өзгөндөн чыккан Кайып түрк да даңазалуу басмачы болду. Алай, Ош, Кызыл-Кыя, Ноокат, Үч-Коргон тараптарга талоончулук кылган ал. Ошол эле жылдын аяк ченинде Алайкуудан чыккан Айтмерек басмачы Баткен багытына өтө чаап, 1932-жылдын май айында кайра Алайга келди. Анда байларды кулакка тартуу башталган болучу. Айтмеректин дарегин билишкен байлар аны жашыруун сыйлашып, арыз-даттарын айтышты.

- Согондудан үч каман чыгышты-деди байлардын бири, Айтмарекке,-большевикпиз, комсомолбуз, активбиз дешип бизди басмырлашып жатат. Малыбызды, жерибизди алып коюшту. Орустарга берилип кетишти. Эми айланайын жолборсум өзүңдүн келгениң жакшы болбодубу. Сенин гана тишиң өтөт аларга. Бизге жардам кыл…

- Айткылачы, алар кимдер? –деди Айтмерек да муштумун түйүп. Раисполкомдун төрагасы Урайым Абдылдаевдин, милициянын начальниги Парманас Сулаймановдун, айыл Советинин төрагасы Алакоз Максүтовдун ысымдарын айтышты.

- Дагы бир торопою бар камандардын,-деди экинчи бай,-ал мугалим да, комсомолдук ячейканын секретары, ыктыярдуу кызыл отряддын жетекчиси да Сарбан Жаанбай уулу. Баарыбызды тизмелеп, малыбызды, мүлкүбүздү билген ошол жуварымбек. Ошону да кошо жок кылып бер, жолборсум…

Айтмарек байларга убада берип, эми аны аткарууга камынды. 1932-жылдын 5-майында анын бандалары Согонду айылына түндөп келишти. Дүрбөлөңдү алдын- ала сезишкен Сарбан менен Урайым Абдуллаев экөө бекиништи. Парманас Сулайманов жайлоо Совети менен жүргөн эле. Максүтов Алакөздү колго түшүрүштү. Сарбан менен Урайым түндөп Гүлчөгө кабар беришти. Чек ара комендатурасынын кызматкери Горьковский баштаган отряд Согондуга жете келишип, качып кеткен Айтмеректин артынан кууп жөнөштү. Кара-Кулжа тараптагы Акбогуз капчыгайында Айтмеректин артынан кууп жетишти. Ошерде айыгышкан атышуулар болду. Уу-чууда алдыда баратышкан Сагындык, Мисиракун, Чудунбай деген жигиттер басмачылрдын колунан ажал табышты. Жумаш, Сыдык деген



жигиттер жарадар болушту. Басмачылар тарабынан да көп жоготуулар болду. Айтмерек Кытай багытына качып өтүп кеткени билинди.



**Новосибирск. Партиялык Аскердик Академиялык курста. Солдон оңго: Сарбан Жаанбаевдин уулу Кара-Суу райкомунун экинчи катчысы, азыркы Ош ветлабораториясынын башчысы Мурат Сарбапов, Ош обкомунун инструктору, азыркы Кара-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, тарых илиминин доктору, профессор Балтагул Нурунбетов. Июль 1983-жыл.**

Бирок, Айтмерек Кытайга жетип-жетпей артына кайтып Алайкууга өтүп, 1932-жылдын ноябрь айында Эркечтам заставанын начальниги Бесценаны, анын орун басары Максүтовду жана эки солдатты атып өлтүрдү. Бул кабарды уккан чек арачылар, ыктыярдуу отряд кыжырданган түрдө кармашууга камынышты. Айтмеректи жок кылуу үчүн Горьковой, Романов, Гаевский, Полотовдор баштаган жана Сарбан Жаанбаевдин отряддары жолго чыгышты. 1933-жылдын 27-мартында «Кой-Таш» деген жерде жаткан Айтмеректин бандаларынын үстүнөн чыгышты. Алдын- ала белгиленген план боюнча Сарбан баштаган бир топ аскерлер Айтмерекке жакын өңүт алышты. Кызыл ракета атылар замат Айтмерекке ок чыгаруу керек эле.

Ошондой болду. Шекшип калган Айтмерек атына минип үлгөрү электе Сарбандын алгачкы аткан огу Айтмеректин көкүрөгүнө кадалды. Ооба, Сарбан гана анын ажалы болду. Бандалары тоз-тополоң түшүшкөнү менен үч саатка чейин ок атышып турушту. Анан тирүү калгандары, курал-жарактары колго түшүрүлдү.

Ошентип Сарбан Жаанбаев чоң күрөштү башынан өткөрдү. 1935-жылга чейин Үч-Дөбө айылында мугалим, анан 1937-жылы Кыргыз Наркоземдин бөлүштүрүүсү менен Алай-Гүлчө районуна башкы зоотехник болуп келди. 1939-жылы партиянын катарына кабыл алынды. Кайсы гана жерде болбосун чыныгы интернационалист катарында кызмат кылды.

1986-жылдын 6-ноябрында партиянын Алай райкому менен эл депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитети, Кызыл-Коргон селолук Советинин ветерандар Советинин төрагасы Сарбан Жаанбаевдин 80 жылдык юбилейин өткөрүштү. Анын 5 уулу, 3 кызы, отуздан ашык неберелери бар. Беш баласы жогорку маалыматтуу, бирөө медициналык илимдеринин кандидаты. Төрт небереси жогорку окуу жайларын бүтүрүшкөн.

Ардагер Сарбан Жаанбаев өзү түзүшкөн доордун үзүрүн көрүүгө дагы акылуу эле. Бирок, ал 1989-жылы о дүйнөгө аттанды. Анын күрөштө чыныккан өмүрү алайлык жаштарга гана эмес, көптөгөн кыргыз жаштарына үлгү! Анын атына коюлган Кызыл-Коргондогу орто мектептин окуучулары ысымына таазим кылышат!

## 3. Байдамталдагы «Шайтан көпүрө»



1927-жыл. Марттын экинчи жарымы…

Комсомолдун Ноокат райондук комитетинин секретары Жусубалиевдин кабинетинде төрт киши түн оогонго чейин олтурушту. Алардын колунда Кичик-Алай капчыгайындагы айыл кыштактардын жайгашкан жерлери жана ага баруучу жолдордун картасы бар эле. Бир канча саат талаш-тартыштан кийин эл каттоо маселесин уюштуруу иши менен кошо ыктыярдуу отрядка ат тандоо үчүн комсомолдун инструктору Бадиров, милициянын кызматкери Осмонов жана ветеринардык эки врач кошулушуп атайын бригада жолго чыкмак болду.



- Айтмарек басмачынын Кум-Белди ашып качып кеткенин баарыңар билесиңер, - деди Жусубалиев сөзүн жыйынтыктап – анын басмачыларынын бир бөлүгү Алай жакта, ал эми экинчи бөлүгү Кичик-Алайда жүрөт деген маалымат бар. Мына, бул катардагы бир нече «шайтан көпүрөлөрдүн» эң коркунучтуусу Байдамталда. Жакында ал көпүрөдөн биздин жардамчыбыз, Совет бийлигин Папан өрөөнүндө пропогандалагандардын бири Ажибекти кармап алып койдой мууздашты. Колуңарда курал бар. Аттарыңар тандалган. Басмачылардын колуна жөн гана түшүп бербестен кармашып, алардын сазайын кошо бергиле.

Эртеси Ноокаттан он алты аттуу киши Кичик-Алайды көздөй жолго чыгышты. Бул алыскы жана опурталдуу сапарга кеминде эки-үч түнөп ат чалдырып баруу керек эле. Ошондуктан биринчи күнү Чычкан-Колдо жатып калууга туура келди. Абыттын айылы болгондуктан ал меймандарга мындан ары бара турган жердин, жолдун шартын айтып, анан ырдап берип отуруп таң ата уйкуга киришкен эле. Абыт эртең менен чочуп ойгонуп атасына түшүн айтмакчы болду. Бирок, кайра ойлонду. Мүмкүн атасы жамандыка жоруп жибербей коюуга же кабатыр болууга тийиш эле. Ошондуктан унчукпаган боюнча аттанды. Жолдо баратып өзүнүн бирге окуган жана бирге иштеген курбусу Акишев Үсөнканга айтты.

- О, койчу - деди Үсөнкан, - түшүңдө сегиз карышкыр таласа, өңүңдө деле талайт беле? Түшкө да ишенесиңби! Андан көрө ырдачы.

Абыт унчукпады. Ак-Буура дарыясынын агымына каршы кеткен капчыгай ичиндеги жалгыз аяк жол менен улам жогорулап олтурушту. Кээ бир жерлерде кар уюп жатса, кээ бир жерлерде такыр кар жок. Тоо арасындагы ээн жолдо анча-мынча гана киши жолугат. Алардын ар биринен:

-Жол тынчпы? Айыл тынчпы? Басмачылардан дарек барбы? – деп сурашат.

Ошентип, капчыгайдын узак жолунда баратышты. Үйдөй-үйдөй болгон бодур таштардын, жол таманына жакын үңкүрлөрдүн ичинен кимдир бирөөлөр чыга кала тургандай айлана сүрдүү. Кээ бир жерлерде үстү жактан аскалар салаңдап аттуу адамдын төбөсү тийгидей. Андай жерлерден ээр үстүндө ат жалына өбөктөп өтүүгө туура келет. Милициянын кызматкери

жана беш атар мылтыгы бар атчандар алды жакта. Абыт менен Үсөнкан артта баратышкан. Бир оокумда:

-Абыт карачы тиги, кекиликтерди? Кана, тоолук экендигиңди бир көрсөтчү. Ме, мен атты кармап турайын –деп колундагы чып этмейин Абытка сунду. Үстү жакта борчук ташта кекилик конуп турган эле. Аны көрүп Абыт да кумардана түштү. Аттан ыргып түшүп жогору карай өңүп жөнөдү. Арадан кыйла убакыт өткөндөн кийин кызыл-ала моюн кекиликти көтөрүп келди.

-О, мерген турбайсыңбы? Олжолуу кайтыпсың го – деди Үсөнкан кекиликти атынын канжыгасына байлап, кана, чу дедик. Алдыңкылардан кыйла артта калдык окшойт.

Алар аттарын темине шашып баратышты.

-Байдамталга жакындадыкпы? –деди Үсөнкан.

-Тиги тумшукту имериле бергенибизде көрүнөт.

-Жетип калган турбайбызбы анда...

Алар ушинтип кобурашып баратып туш-туштан чыга калышкан басмачыларды байкоого алышпады.

-Токтогула!

-Былк этсеңер көзгө атам...

Шапа-шуп жетип келген басмачылар экөөнү тең аттан оодара тартышты.

-Кайыш тонду мен алам – дешип Абыттын кайыш тонун талашып, адегенде өз ара ыркы бузулуп да кетти басмачылардын. Акыры албеттүү кара киши сыйрып алып кийди да.

-Ме сага – деп өзүнүн таар чепкенин ат кармап турган бирөөгө ыргытты. Абыт менен Үсөнкандын колдорун артына карыштыра байлашып, үндөшпөй эле көздөрү алаңдаган экөөнү жайдак атка учкаштырышты. Кууш капчыгайга жете барышып дарыя жээгине токтошту да ошерге от жагышты. Капкагы жок кара чөгүнгө чай кайнатышып Абыт аткан кекиликти чала-була куйкалышып бөлүшүп жешти. Экөөнүн куржунунан табылган ак кантты касыратып жеп жаткан кайыш тончон бир маалда колдору байланып турган экөөнө жакын келип:

-Кант гана жейсиңер, а комсомолдор! Ошол кант жеген тишиңерди азыр чагып таштайынбы? –деп зызырынды.

-Тишин чагып эмне каласың? Союп таштайбыз –деди бири.

-Корбашы келсин! Ошонун буйругун кылабыз да – деп бирөө кылычын чакыр ташка кайрап олтурду.



Абыттын денеси суукту сезбей калды. Үсөнкан болсо эки көзүн жумуп оозун билинер-билинбес кыбыратат. Кудайлап жатабы же коркконунанбы белгисиз.

-Эми, мени өлтүрүшөт... Сен тирүү каласың –деди көзүн саал гана ачып Үсөнкан өздөрүнчө бака-шака түшкөн басмачыларга жал-жал карап, -сен папандык эмессиңби? А мен болсо Чүйдөн Канттанмын... Мени буларың тааныпбайт...

-Ушуларың мени таанып аяп коет дейсиңби? –деди Абыт суз гана.

-Жана бирөө Абыт деди го. Сени таанышат экен го...

- Ошол мени атаган неме тишин кычыратып жатпайбы? Менин кулактарга каршы экенимди билбейт дейсиңби?

- Корбашы кечикти. Аны утурлап бара берели. Кана, аттангыла! А тиги комсомолдорду атка мингизип буту-колун чырмагыла – деди кайыш тончон басмачы. Экөөнү тору атка кайра мингизип буту-колдорун таңышты да, бири жетелеп бири айдап жолго чыгышты. «Шайтан көпүрө» солкулдап ортосу өркөчтөнгөн дарыяга тийгени-тийгени турат. Ал жерден көбү аттарын жетелеп өтүштү. Капчыгайга түн кире баштады.

- Корбашылар жогору жакта экен да.. Биздикилерди кууп жетишти бекен? Же аларды да бизге окшотуп колго түшүрүп алышып кыйнап жатабы? –деди Абыт.

- Аларда беш атар бар го. Атышып, кармашышкандыр –деп Үсөнкан шыбырады, -мүмкүн алдыбыздан чыга калышса бизди бошотуп алышар беле?

- Алар Кичик-Алайга өтүп кетиши керек... Болбосо эмгиче кабар болот эле. Эми бизди корбашысы эмне кордукка буйрук кылар экен?

- Кордосо го мейли эптеп чыдайбыз. Мууздап койбогой эле.

Аттарын ылдамдата башташты басмачылар. Жетектеги тору ат да жортту. Бирок, өйдө-ылдыйда тартынып алдыңкы басмачыны кыйнады. Түзгө түшө бергенде ал алдындагыларга кыйкырды.

- Токтогула!

Аттарын ойноктотуп токтой калышты алдыңкылары.

- Ат жетекке баспай жатат. Буларды ушинтип сүдүрөп жүрөбүзбү?

- Чын эле... Тиги чалдыбарга алып барып союп таштагыла!

- Корбашыга эмне дейбиз?

- Буларга окшогон канчасын сойдук? Корбашы унчукпады го.

- Койгулачы, жаш балдар экен. Ушуларды союп эмне кыласыңар? – деди бирөө. Абыт менен Үсөнкан бул үндү уккандан кийин ыйлап ийишти.

Алып баргыла чалдыбарга – деген өкүм үн угулду, - ыйлашып коёт дагы. Жаш дейсиң. Эгер сен булардын колуна түшкөнүңдө териңди тескери сыйрыйт эле эмдигиче. Бул кызылдарда ыйман да жок, боорукерлик да жок…

Абыттар минген атты чалдыбарды көздөй жетелешти.

- Силердин Ажыбек кызылыңарды куду ушерде сойгонбуз – деди аттан түшүрүп жатып жалаңдаган жаш басмачы.

- Айланайындар, жаш элек – деди Үсөнкан – чын элеби? Соёсуңарбы?

Экөөнү чалдыбарга кийирди. Тоо чокусунда жаңы тууган ай ороктой ийрейип турду. Ак-Буура күү-шаа.

- Акалар мен бир ырдап калайын өлөр алдында – деди Абыт калтыраган үнүн араң чыгарып.

- Эй, ырдап берейин дешет? – деп кыйкырды кылычын кынынан эбак сууруп алган басмачы.

- Кичине коё турчу – деди сырттан бирөө.

- Бери алып чык.

- Аларды кошоктогон боюнча чалдыбардын сыртына алып чыкты.

- Ашыгылыктан ырдайсыңбы? – деди аттуу тургандардын бири.

- Ооба, ака.

- Ырдап көрчү эмесе.

Абыт чөкө түшүп отура калып өзүнүн «Алтыным» деген ырын ырдай баштады. Адегенде акырын баштап анан үнүн улам көтөрө эргиди. Бир жагы корккондугунанбы, бир жагы ырдасам өлүмдөн каламбы деп сүйүнгөнүнөнбү, үнү бийик чыкты. Дарыянын күүсү кошул-ташыл болуп тоо ичи жаңырып жатты. Ого бетер жагымдуу угулду ыр.

Он сегизде жашы алтын,
Осмо койгон кашы алтын
Оромол салган башы алтын
Оозун ачып сүйлөсө,
Отуз эки тиши алтын.
Оймолоп кылган иши алтын…

Ат үстүндөгү басмачылар үн катпай магдырап калышты.



- Жакшы ырдайт экен, комсомол. Муну корбашыга алып баралы… Ал киши ырды жакшы көрөт эмеспи – деди бирөө – атка мингизгиле.

Аларды кайрадан атка мингизишип алып жөнөштү.

- Садага кетейин дос! Ырыңын касиети бизди өлүмдөн алып калды. Эми корбашынын алдында жаныңын барынча ырдай гөр – деп шыбырап саал кубанып калгансыды Үсөнкан.

Караңгыда бир жерден жылтылдап от көрүндү. Алдыда чаап кеткен эки аттуудан кабар келди. Демек, корбашы Жолондун айлында экен, ал жерге барып Абыттарды чаркардын ортосундагы түркүккө таңып коюшту. Жакын жердеги үйдөн уу-дуу чыгат. Ары-бери чуркаган караандар. Аттардын дүбүртү. Мылтыкчан басмачылар улам-улам келишип тигилердин колдорун байлаган жиптерди карап кетишет. Келгендеринен сурашат.

- Бизди өлтүрөсүңбү?

- Корбашы билет.

- Корбашыңар ким?

- Аты кызылдарга айтылбайт.

Ал кетет. Абыт менен Үсөнкан кайраттанышат.

- Эмнеге минтебиз? – деди Абыт – өлтүрсө өлтүрөөр… Буларды сөгүү керек. Эртең корбашысына алып кирсе айтар сөзүмдү айтам.

- Кой досум. Анда мүрт кетебиз. Андан көрө эптеп булардын колунан бошонуп алып анан күрөшөлү…

- Кана, кантип бошонобуз? Колдорубуз байланып турса…

- Көкүрөгүңдөгү жипке оозуң жетеби?

- Жетер-жетпес.

- Кана, кыймылдачы… И, дагы… Акырындап ушинте берсең жетет. Меники да аз калды. Тишибиз менен кырча-кырча тиштей берсек акыры кыркып аларбыз…

Алар кыл арканды акырындап тиштеп кырчып жатышты. Басмачылар келгенде уктамыш болуп солуп калышат. Түн жарым чендө Үсөнкан арканды тиши менен кыркып бүттү. Бирок, кыл арканга тиштеринин эттери, эрди жооруду. Абыттыкы да андан кем калган жок. Ал экөө акырын бошонуп алышып эми келе турган басмачыны күтүштү. Бир оокумда эшик ачылды. Бирөө келип түркүктөгү таңылуу тургандардын колдорун энкейип карайын дегенде оозун шап баса калышты. Тигинин оозуна чүпүрөк тыгып буту-колун байлашты. Абыт анын бейкасамын

кийип алды. Эми кайда баруу керек? Качып кетүүгө мүмкүнчүлүк барбы?

- Эми аттарды таап албасак алыс баралбайбыз. Отрядга кабар берүүбүз керек – деди Абыт.

- Сен куду басмачынын өзү болуп калдың... Эшиктен бир кабар алсаң кантет? – деп шыбырады Үсөнкан.

Бул туура масилет эле. Абыт мылтыгын көтөрүп акырын эшикке чыкты. Аркы үйдүн алдында бирөө олтургансыйт. Ар жерде каралган ташпы, үйбү билинбейт. Абыт жай ылдый басты. Аттардын күрсүлдөтүп чөп жеп жатканы жакындан угулду. Жертөлө экен. Оозунда кароолдо турган адам бардай. Абыт артына кайра кирди да Үсөнканды ээрчитип чаркардын тешигинен арт жака чыгышты. Жертөлөнүн алдындагы үргүлөп олтурган басмачы кандайдыр шектенгендей ордунан туруп жөтөлүп кайра келип ордуна олтурду. Арадан бир аз убакыт өткөндөн кийин жертөлөгө жакын барышып басмачынын алкымынан карыштыра кармап муунтушту. Жертөлөдө корбашынын ак боз аты бар экен. Ага экөө учкашып алып караңгылыкты жиреп чаап баратышты.

- Эми кайсы жакка баралы?

- Папангабы же Кичик-Алайгабы?

- Шайтан көөпүрөгө келип калдык...

- Артыбызда куугунчу жокпу?

- Азырынча билинбейт... Артыбызга карай кеттик. Көк-Белге түн жамынып кирип барсак отрядга жеткенибиз...

Алар алкынган ак боз аттын оозун бош коюп Көк-Белге бет алышты. Таң агарган маалда отряд турган корпуска жете барышты. Ал жерден кайра эле тез жолго чыгышты. Капчыгайдын орто ченинде атчан киши жолукту.

- Абытсыңбы?

- Сиз кимсиз?

- Полотмун. Кечээ силерди колго түшүптүр деп укканбыз. Мал каттоого баргандар басмачылардын артынан кетишкен эле.

- Кайсы жакка?

- Адамдардын айтуусуна караганда таңга маал Жолондун айлын басмай болушуп жергиликтүү адамдардан кошо алып кетишиптир. А силер быякта жүрөсүңөр го...

- Биз да басмачылардын артынан баратабыз, Полот аке.

Күндүн мурду чокудан чыга бергенде Байдамталга жетишти. «Шайтан көпүрө» тараптан аттуу адамдар көрүндү.

- Басмачылар беим? Даярдангыла!



- Жо, токтогула! Тиги сары тору ат Осмонов го.

- Биздикилер экен.

Аздан кийин кечээ Абыттарды алып кирген чалдыбардын жанынан эки тарап бетме-бет келишти. Сегиз басмачынын колу артына байланып туткунга алыныптыр. Корбашы жана аны менен кошо бир тобу Гүлчөнү көздөй качып кутулушуптур. Кечээ Осмоновдор алдыда кеткенде басмачылар дүрбү салып обочодо экен. Алардын куралынан тайсалдашкан. Эртеге Алай багытына ашып барып кол курап кайра Кичик-Алайга келишмек болушуптур. Ошондуктан куралчандарды өткөрүп жиберип Абыттарды колго түшүрүшкөн экен.

Бирок, Осмоновдор жергиликтүү адамдар аркылуу Абыттардын колго түшкөнүн билип, басмачылардын артынан куушкан. Жолондун тамында таңга маал атышуу болгон. Капысынан келген кызылдардан үркүп корбашы бел ашкан. Туткунга алынгандар Абыттардын качып кеткенин айтышкан.

Абыт аттан түшүп өзүнүн кайыш тонун кийип турган басмачыны көздөй басты.

- Кыйнабай өлтүр, комсомол – деди ал.

- Жок, мен өлтүрбөйм... Сен өкмөт алдында жооп бересиң... Кана, тонду бер эми – деп колун чечип кайыш тонун сыйрып алды.

- Чын эле бизди мууздайсыңарбы, акалар – деди жаш бирөө.

- Биз, силерчилеп адамды койдой мууздаганды билбейбиз... Силер башка жаза аласыңар – деди Осмонов.

- Ажибекти өлтүргөн киминер? Ушул чалдыбарда сойгонсуңарбы? – деди Үсөнкан кабагын бүркөп.

- Ал корбашы менен кетти. Биз карап турганбыз.

- Корбашыңардын аты ким.

- Айтмарек.

Туткундагылар Ноокатка жиберилди. Отряд менен бирге кечээки топ мал каттоо ишин улантууга кайра жолго чыгышты.

# 4. Кызыл жоолук баяны



Кеч күз эле…

Саламаткан эже менен телефондо сүйлөштүк. Болжолдошкон убакытта эки кабат мектептин короосуна жетип келдим. Сабак аяктап калгандыгын белгилеген акыркы коңгуроо кагылды. Мотурандап чыгып бара жаткан жаштардын артынан чачтарын буурул баскан арык чырай аял кошо көрүндү. Аны жазбай тааныдым.

- Саламаткан эже, сиз менен телефондо сүйлөштүк эле.

- И, сүйлөшкөнбүз го. Келип калдыңызбы?

- Мен сизди көрүп жүргөн экенмин. Тааныш турбайсызбы.

- Ооба, тааныш элебиз.

Ал жайдарылана күлүп кол алышты. Ош шаарынын көчөлөрү күздүн салкын абасында өзүнүн кучагына бүт кыймылды тартып турган маал эле. Көчө бойлоп тротуарда Саламаткан эже менен аңгемелешип келаттык. Нукура күлкү менен шаттыка жүздөрүн чайкагансыган жаштар ары-бери өтүшөт. Аларга көз сала Саламаткан эженин кыйма-чийме бырыш баскан өңү бирде албырып, бирде кандайдыр тынсызданууну сездирет. Ал бүгүнкү жаңы замандын эң сонун жыргалына, тынчтыгына бөлөнгөн жаштарга ичинен ыраазыдай.

Ушул көчө менен Саламаткан эже эрте күздүн кечки салкындарында, жаздын жыпар жыты аңкыган күндөрүндө, кыштын кычыраган чилдесинде эчен ирет басты болду экен? Азыр анын бардыгын кайталап эсине салып баратабы? Ал же бир кездерде ушул жолдун мурдагы таштак тоому менен басмачылардан качып крепосту көздөй жыланайлак тамaнына таш өтүп жүгүргөнүн эстедиби? Мен тынымга үндөбөй калган мугалим Саламаткан чыныгы тарбиячы, мээримдүү эне жөнүндө кыялдандым.

Жолдо келе жатып Саламаткан эжеге ыксыз көп суроолорду жаадырып, анын тынчын алгым келбеди. Анткени, анын сиңдиси өзү менен бирге эже жолун уланткан Караматкан бизди күтүп жатат эмеспи. Мына ошол түгөйлөш эже сиңди экөөнүн олтурушкан жеринде аңгеме курганы баратабыз.



Ош шаарынын Комсомол көчөсүндөгү имараттын короосу жемиш жыттанып турат. Анда шагы ийилген шабдаалы, сөрүгө көтөрүлгөн жүзүмдөр мөлтүрөп токчулукка магдыраган күз байлыгын элестетет. Биздин аңгемелешүү мына ушул Түштүктүн жемиши төгүлгөн, ырыскылуу үй-бүлөнүн короосунда башталды.

- Мына бул биздин энебиздин жоолугу – деп Караматкан эже сандыгынан эскирип калган кызыл жолукту алып чыкты. Ал жоолук көп жылдар бою этияттaлып катылып жаткандыктан кара кочкул тартып бырышып, бүктөмөлөрү жыртылганы турат. Караматкан бизге жоолукту жазып көрсөтүп жатып кандайдыр жашып кетти да энеси жөнүндө эскерип минтип айтты:

- Анда биз эселек кыз болучубуз. Бирок, азыр да күнү бүгүнкүдөй көз алдыма тартылат. Апам кайраттуу, жаштыгы толуп турган кези эле. Мына ушул жоолукту башына салынып Ош шаарынын төмөнкү бөлүгүнө кедей-кембагал аялдарын чогултуп, алардын башынан паранжыларды тайманбай ыргыттырып, бардыгына кызыл жоолук салындырган эле. Ошондо көчөдө кызыл жоолукчан аялдар улам көбөйүп, паранжилерин ортодогу аянтчага үстөккө-босток ыргытып жатышты. Бир маалда үйүлгөн паранжилерге от коюлду. Ортодо алоолонгон жалын асманга көтөрүлдү.

- Ошол жалын – деп сөзгө аралышты Саламат эже, - Оштогу революциянын алгачкы жалынынан болду. Жаңы замандын, эркиндиктин, кедей кембагалга берилген теңдиктин алоолонгон жалыны болду. Совет бийлиги үчүн күрөштүн өчпөс оту болду…

… 1925-жыл. Мурдагы С. М. Киров, азыркы Бабур атындагы Өзбек музыкалуу драмтеатрынын алдындагы аянтчада ошол жылы зор окуя болгон. Орус революционерлеринин колдоосу астында Зайнап Касымова демилге көтөрүп, аялдардын баштарынан паранжилерин ыргытышып бардыгына кызыл жоолук салынууга үндөшкөн. Жаңы замандын жарчылары болгон өзбек, кыргыз жана башка жергиликтүү улуттардагы аялдар бүт бойдон сүрүлүшүп көчөлөргө куралып чыгып жатышкан. Ал аялдар эркиндигинин жарчыларынын бири болгон Саламаткан менен Караматкандын энеси Зайнап Касымовага тилектештер эле.

Мына, эненин жолун жолдоп эркиндик, адилеттик, чындык үчүн күрөшкө катышкан Саламаткан менен Караматкан олтурушат. Бул экөө тең тарбиячылар… Эчен жүздөгөн жаштарга билим суусун жуткурушуп, өздөрү өңдүү каарапайымдыкка, жөнөкөйлүккө, күрөшкө үндөгөндөр.

Күн улам кечтеп баратты. Ильичтин шамы жаркырап короо ичин нурга бөлөдү. Караматкандын кенже кызы Касымова Мавлюда мектептен кайтып келди.

- Мына ушул кызыбыз азыр 9-класста окуп жатат. Булар бактылу! Кээде, жыргал турмушту, ушул көрүнүштөрдү оп-оңой эле жаралып калгандай сезишет… А биз жаңы турмушту курууда жалындуу күндөрдү башыбыздан өткөрдүк – дейт Караматкан кызынын бардык сабактарынан эң жакшы окуп жаткандыгына сыймыктанып.

Ырас, 1920-22-жылдарда Ошто дагы эле болсо жаңы заманга куралдуу аттанышкан Калкожо жана Мадаминбектер баштаган басмачылардын шайкалары элдин тынчын алып, түн жамынышып каракчылык кылып турушкан.

Оштун жогорку бөлүгүндөгү – жаңы шаарында ыктыярдуу аскерлердин крепостуна гана алар даалап баралышчу эмес. Басмачылар жаңы замандын жарчылары, үгүтчүлөрү катары эскиликтен суурулуп чыгышкан кедей-кембагалдардын жазыксыз кандары менен көчөлөрдү боёшкон. Ошол коркунучтуу учурга карабастан биринчи болуп аялдар арасында башынан паранжисин ыргыткан Зайнап Касымова болучу.

- Эй адамдар, бул жерден Зайнап деген каапыр аял чыкты. Аны тирүүлөй дубалдын астына бастырып өлтүрүү керек. Өзүн да балдарын да таш бараң кылгыла. Бул каапырлардын динине киргендерди тирүүлөй өрттөгүлө! Урук-тукумун куруткула – деген молдо Жумакары.

Бирок, алар өрттөшө албады. Дубалга да бастырууга шайы келишкен жок. Саламаткан, Караматкан жана Шарапаткан деген үч кызын ээрчитип алып Зайнап эне кечке маал крепосту көздөй качар эле. Ыктыярдуу отряддын командири Сердюков көп жолу Зайнап эненин кыздарына нан берип, кийим берип, аларды эркелетип окууга, күрөшкө шыктандырган.

Зайнап кедейдин кызы. Ал азыркы Токтогул багын карап ага суу коюп, кароолдук аткарып жүргөн кембагал Абылкасым деген кыргыз жигитине баш кошкон. Абылкасым Тянь-Шянь тоолорунун арасынан Ошко жаңыдан келген күндөн тартып эле орустар менен достошуп, орус тилин билип алган. А Зайнап болсо орус тилин ошол жолдошунан үйрөнгөн. Ошентип, Зайнап менен Абылкасым экөө биринчилерден болушуп эски заманга, бай манапка каршы күрөшкө каршы аттанышкан. Зайнап айрыкча басмачылар менен көрүшүүдө зор эмгек жумшаган. Анткени, ал жер-жерлердеги кедей-кембагал аялдары менен байланышып,



аларды шаардын чет-жакаларына тымызын жиберип басмачылардын кайсы жактарда жашырынып жүргөндүктөрү жөнүндө отрядга кабар берип турган.

Эненин акыл-насааты боюнча кыздардын чонунан болгондуктан Саламаткан Оштун жаңы шаарындагы Мазаревич деген орустукуна малайлыкта жүрдү. Ал эртеден кечке кир жууп, суу ташып, отун алып, от жагып күн өткөрчү, айрыкча орус тилин үйрөнүүгө тырышты. Мазаревич болсо жыланаяк малай кызга боорукердик менен мамиле кылды. Ал да ыктыярдуу отряддын крепостунда иштөөчү. Кийинчерээк Саламат шаарда ачылган жергиликтүү улут кыздарын окутуучу мектепке кирди. Ал биринчи катты Фатима Якубова деген татар мугалиминен үйрөнгөн.

Саламаткан 1925-жылы комсомолдун катарына өттү. Ошол күндөн тартып ал энесинин активдүү жардамчысы болуп калды. Анын эжеси Шарапаткан 1920-жылы партиянын катарына өтүп, кийинчерээк жер реформа убагында каза болгон. Ооба, жер реформасы жүрүп жаткан мезгилде ага аялдарды кеңири тартуу үчүн ал Оштон атайын Ноокатка жиберилген. Касымова Шарапат кайра ал жактан ишти уюштуруп араба менен Ошко келе жатканда алдыдан басмачылар чыгып ороп калат. Арабакеч арабага чегилген атын чыгарып качып кетүүгө үлгүрөт. Ошол жерде Шарапатканга мылтыктын огу жаңылып сулк жыгылат. Аны өлдү деп эсептеген басмачылар кайра жолдоруна түшүшөт. Айлана караңгы. Жарааты оор Шарапаткан онтоп башын көтөрсө эч ким жок. Жанында атсыз араба турат. Айлана коркунучтуу. Ал үнүнүн бардыгынча кыйкырат. Бир оокумда жолдон алыс жерде сугатта жүргөн Мырзакарим деген киши келип аны үйүнө эптеп жеткирет. Бирок, басмачылардын огунан ал айыгып кете албайт. Ошол жараат менен 1928-жылы көз жумат.

Эжесинин өлүмү Саламаткан менен Караматканды бир жагы кайгы-капага салса, экинчиден аларды басмачыларга каршы күрөшкө эрктерин курчутат. Кызыл жоолук байланышып көчөлөргө чыгышат. Аларды көргөндөр «Кызыл жоолукчан Касымовалар» деп аташчу.

- Кийинчерээк энебиз Дыйкан-Кыштак селолук Советине председатель болуп калды. Кызык, анда мен жаш элем. Апамдын кичинекей тапанчасы болучу. Көп убакытта ал эркектерче кийинип тапанчасын чөнтөгүнө салып түн жамынып чыгып кетүүчү. Көрсө, апамдын күндүзү да, түнү да жаңы замандын душмандары менен күрөшүп жаткан учуру экен, - дейт

Караматкан, - мына бул Саламаткан эжем да иш үстүндө болучу. Мага үйдө жалгыз калуу коркунучтуу эле. Ошондуктан балдар үйүнө өттүм. 1928-жылы.Самаркандагы педтехникумга кирип аны 1933-жылы бүтүп чыктым. Окуп жүргөн жылдарда техникумда комсомолдук комитеттин секретары болуп иштеп жаштарды, айрыкча кыз-келиндерди революциялык духта эски заманга каршы чыгууга уюштурганбыз. Кызыл жоолук салынганбыз…

Ооба, Саламаткан менен Караматкан эне жолун жолдоп кызыл жоолукчан активдер аталды. 1933-жылы Караматкан Оштогу Комсомол мектебине келип мугалим болуп иштеди. 1938-жылы шаардык эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1939-жылы областтык эл агартуу бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп да кызмат аткарды. Ошол жылдары Караматкан Касымова Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланды. Кыргызстандын комсомолунун съездерине делегат болду. 1940-жылы партиянын катарына өттү. Ошол күндөн тартып Караматкан партиялык кызматтарда иштеп келди.

Саламаткандын окутуучуулук кесиби 1930-жылы башталган. Ал өзү өндүү кедей-кембагалдардын кат таанып, жаңы замандын саясатын түшүнсө деген ынтызарлыгын ишке ашырууга умтулган.

1930-жылы Араван-Буура районунда али басмачылардын изи суую элек болучу. Зайнап болсо күрөштүн үстүндө жүргөн.

- Мына булар апамдын документтери – деп үч бөлөк сакталган эски китепчелерди, справкаларды, күбөлүк каттарды көрсөттү. Зайнап Касымова Кыргызстан Коммунисттик партиясынын төрт съездине (I – II – III – IV) чечүүчү жана кеңеш берүүчү добуш берүү укугу менен делегат болуптур. Күбөлүк каттардын, делегаттык мандаттардын ардакталып ушул күнгө чейин сакталып турганына ыраазы болосуң.

Зайнап Касымова 1924-жылы көптөгөн жергиликтүү улуттагы аялдардын катарында Туркестан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитенинин Ташкент шаарындагы ачылган аялдарды уюштуруучулардын курсуна барып окуп келген экен. Анын кыздары Саламаткан менен Караматкан азыр алдынкы аялдардын отрядында. Саламаткан 36 жыл бою Эл агартуу ишинде, анын колунан окуп чыккан жүздөгөн жаштар элибиздин ар кайсы жерлеринде өздөрү каалаган кесиптерге ээ болушкан. Кечээ эле Саламаткандан «А» деген тамганы алгачкы үйрөнгөн Хаким Кадыров азыр коомдук тартипти сактоо органында, Жоро Карабаев областтык мелиорация бөлүмүндө, Санамкан Шакирова, Султанкан Абдыкаримова, Монус Мусаева,



Караматкан Сулайманова жана Тургунбай Мурзакаримовдор окутуучулук кесиптерде иштешкен.

- Турмуш улам жаңырып жатат. Биздин басып өткөн жолубуз татаал. Анын кыйма-чийме өтмөлөрү көп. Баарын айтып отуруу, баарын эске салуу кыйын. Энебизди эстейбиз. Ал эл бактысы үчүн күрөшкөн, бизди тарбиялаган. Биз адамдардын, жаштардын келечеги үчүн өмүрүбүздүн аягына чейин күрөшөбүз. Ооба, күрөшүп да келгенбиз. Аны биз милдет кылбайбыз. Ага биз сыймыктанабыз – дешет Саламаткан менен Караматкан.

… Электр жарыгы жүзүм сөрүсүнө төгүлүп турду. Дасторкон четинде турган кызыл жоолукту колуна алып Караматкан этияттык менен кайрадан жайды. Жоолук жалын болуп сезилди мага. Анын ичинен Ош шаарынын төмөнкү бөлүгүндөгү кызыл жолукчан аялдарды, алардын ортосунда алоолонуп күйүп жаткан паранжилерди көрдүм. Кимдир бирөөнүн «өз укугуңарды колуңарга алгыла, аялдар! Совет бийлиги үчүн алга» деген үнү кулагыма угулду. Мүмкүн ал революционер энебиз Зайнап Касымованын үнүдүр!

## 5. Эркиндик күрөшү

### I



1916-жылы Мамажунус саркардын чайрекери Сарым-сак алган карызынан кутула албай мууну бошоп жалдырап калган эле. Уулу Эргеш да ата-сына жардамдашып жүргөн. Бирок, али жашы он бешке толбогон бала майышып оор иштердин өөдөсүнөн чыгалбай калчу. Сарымсак уулуна үнсүз тиктеп уккан жаңылыкты айтар-айтпасын билбей олтурду.

Бир маалда гана:

- Балам, кандай кеп-сөздөрдү угуп жүрөсүң?-деди.
- Эмне жөнүндө, ата?
- Ал кетменин сүйөнө атасына үңүлдү.
- Жаңы кабарды айтам.
- Жаңы кабар? Ал кандай дегениңиз?

- Заман оңолот экен-деди ачкалыктан өңү азган жана карызынан кутуулунун амалын таппай алсыраган Сарымсак жүзү саал жадырагансып – ошол заманды көрө алабызбы?

- Ата, ал кандай заман?

- Ээ балам, элдин айтканына караганда биздин заманыбыз болот дейт.

- Биздинби ата?

- Биздей кембагалдардын… Ал заман келсе Мамажунус саркар жоголот экен уулум…

- Оо, анда! – деп сүйүнүп кетти Эргеш – ушу саркар жоголсо эле тынчыйт элек.

- Ушу саркар-деди Сарымсак уулунун жаштыгына башын чайкап Мамажунус саркар жоголсо эле заманыбыз оңолбойт уулум. Анын ордуна дагы бир саркар келет. Азыр Мамажунустар өтө көп. Алардын колдорунда экөөбүзгө окшогон кембагалдар да көп. Ошолордун баары менен күрөшүү керек.

- Кантип ата? Күрөшөбүзбү?

- Бизди күрөшкө чакырып жатпайбы?

-Ким?

- Жаңы замандын өкүлдөрү. Ленин деген. Ал киши бүткүл кембагалдардын таламын талашып жатыптыр.

Ушул учурда ат ойноткон Мамажан сарык чыга түштү. Ал Сарымсакты гана чакырып жатканын айтып алдына салып айдап алды. Атасын ээрчип Эргеш да жөнөдү. Айбаттуу адамдарга даай албай Эргеш обочолонуп турду. Мамажан сарык атасын жаактан ары коюп жыгытканын көрдү. Аны дагы тепкилеп жатканда Эргеш жүгүрүп жетип Мамажан сарыкка асыла кетти.

А, сенсиңби иттин баласы – деп Мамажан Сарымсакка кошо баласын тепкиледи.

- Балага тийбе наалаты! – деди Сарымсак кан аккан чекесин алаканы менен басып-, - Саркардын күчүгү.

- Мына сага күчүк!

Эргеш андан аркысын көңүлүнө тутуп кала албады.

Бир оокумда көзүн ачса атасы экөө колу-буту байлануу үйлөрүнүн короосунда жатышыптыр. Апасы, үкалари чыркырап үстүлөрүнө түшө калышканын көрдү. Үй буюмдан эч нерсе калбаптыр.



- Үкөмдүн бешигин да алып кетишти-деп карындашын көтөрүп иниси ыйлап турат.

- Булар ушундай наалатылар. Баланын бешигин да қойбоптур ач көздөр – деп Сарымсак таңууда карышкан кол буттарын жазып олтуруп калды. – Мына уулум! Булар менен күрөшүү керек бекен?

## II

Эргеш Ташкенге келип Ящук байдын пахта заводунда иштеп калды. Он алты жашка чыгып калганы менен бою бастек, арык сары өспүрүм эле. Аны көргөндөр али жаш дечү. Сүйлөгөн сөзүнөн, кылган ишинен гана жетилгенин баалашчу. Большевик аттуу кишини издеп келген Эргеш заводундагылардын аттарын билүүгө кызыгат. Бирок, биринин аты Зуннун экинчиси Эрмат, үчүнчүсү дагы башкалар. Күндөрдүн биринде «Большевик» деген ысымды кулагы чалып калды.

- Ошол большевик имиш-деди жумушчулардын бири заводдун короосунда ары карап бирөө менен сүйлөшүп турган кишини көрсөтүп. Эргеш токтоно албады. Жүгүрүп кетти.

- Салоом алейкум, атыңыз ким? – деп шашылды.

- Сага менин атымдын кереги тийип калдыбы?-деди күлүмсүрөгөн кара сакал киши бет мандайында энтигип турган баланын бой-башына көз жүгүртүп-атым Маткул.

Эргеш көңүлсүз боло түштү. Артына кайрылып баратып:

- Сизди большевик дешти эле го-деди.

- Токто иним!-деп Маткул аны ээрчий басты, эмне? Эгер большевик болсомчу? Жумушуң барбы?

- Бар аке!

- Өзүң кимсиң? Кайдан келдиң?

Эргеш бардыгын айтып берди. Атасынын сөзүн төкпөй-чачпай сүйлөдү. Мамажунус саркардын, газынын, Мамажан сарыктын кылыктарын акырында үйлөрүн тоноп, бөбөгүнүн бешигине чейин алып кетишкенин айтты.

- Көрдүңбү?-деди Маткул – сен өзүң большевик болуп калган турбайсыңбы? Сен алар менен күрөшкө чыкканы, алардан өч алып, өз жериңди, өз элиңди алардын ээзүүсүнөн бошоткону келипсиң да. Сезимиң ойгонуптур. Мына, мен сыяктуу эле сен дагы большевиксиң. Биз сөзсүз күрөшөбүз. Күч курайбыз.

«Сен өзүң большевик турбайсыңбы?» деген сөз Эргештин жүрөгүнө дагы бир жүрөк кошкондой кубаттуу күчкө ээ кылды. Ойго батып калды. Маткулдун сөзү аны жаңы жолго делгиртти. Адамдарга көз карашын өзгөрттү. Ленин жөнүндө ойлонтту. «Маткулдун айтканындай ал ушунчалык жөнөкөй киши болсо, анын адамдардыкындай эле башына чексиз акыл батса, деги кандай адам болду экен?» – деп кыялданды.

Ошол жылы декабрдын суук күндөрүнүн биринде Маткул келип Эргешти Ташкен темир жол станциясына ээрчитип барды. Ал жерде кембагалдардын тобунан ыктыярдуу кызыл армия түзүлүп жаткан экен. Эргеш алардын катарына кошулду. Бул Эргеш үчүн чоң бакыт болду. Анын көзү ачылды. Атасы айткандай Мамажунус саркарлар көп экен. Алардын бардыгын талкалоо керек. Мына өзү менен бирге болушкан Кызыл-Армия сабындагы кембагалдарды карачы? Бири орус, бири өзбек, экинчиси казак, үчүнчүсү кыргыз. Айтор, ар бир улуттан бар экен да.

Ошентип Эргештин ой-сезими ойгонду. Ал биринчи жолу Лениндин сүрөтүн көрдү. Аны көкүрөгүнө сактап, ар убак колуна алып көсөм менен тиктеше кыялга батып жүрдү. Бара-бара эрки курчуду. Орус достору, казак достору көбөйдү. Орто-Азия элдеринин бактысын ачкан революция шаңын укту. Ат жалын тартып минип Кызыл-Туу астында Дениниккиндин жана Колчактын армиясына каршы чабуулга кошулду.

Ташкенттен Кушкага, Кушкадан Маврга, андан ары Оренбургга созулду кызыл армиянын баскан жолу. Эленкиден Чарджоуга барышты. Чарджоу – Байрамалы аралыгындагы 17 станцияларды бошотуп алышты. Эленк түрмөсүндөгү миңдеген туткундар эркиндикке чыкты. Бардык жерде ураан: бардык жерде сүрөөн! «Жоголсун падыша!, «Жоголсун эзүүчүлөр»!, «Кедейлерге эркиндик»!. Деникин жана Колчак армиялары менен кандайча күрөшкөнүн жана күрөштүн өтө маанилүү экендигин түшүндүрүүчүлөрдүн бири болуп калды.

Кийинчерээк Үч-Коргондук, Сууканалык, Кызыл-Кыялык кедей-кембагалдардын тынчын кетирген басмачыларды жоюуда Эргеш Сарымсаковдун партизандык, байланышчылык иштери өз натыйжасын берди. 1921-жылга барып корбашы, миңбаштардын үшү кетти. Анда-санда гана из жашырып жүрүп калышты. 1926-



жылы жер төңкөрүшү башталды. Маргалан уездинен уюшулган айыл чарба кредиттик өндүрүшү боюнча жолдоштук уюмдун мүчөсү катарында Эргеш Сарымсаков Үч-Коргондогу жер төңкөрүшүн өткөрүүгө активдүү катышты. Анын катышуусу менен «1-Май» артели уюшулду. Ал келечектеги Калинин атындагы ирилешкен чарба болду.

### III

Кулагына жеткен ак мурутун алаканынын оту менен жанып өзүнүн басып өткөн татаал жана ардактуу жолуна дагы бир сыйра көз жүгүрткөн Эргеш Сарымсаков, эл айткандай «партизан Сарымсаков» өзүнүн чүкөдөй боюн тыкан кармап, менин бет-мандайымда олтурду. Жемиш багынын коюу бутактарынын арасынан булбул сайрап жатты. Мен бүгүн эл бактысы үчүн, эл эркиндиги үчүн күрөшкөн адамдын – чүкөдөй арык карыянын бет мандайында олтурам. Ушундай жөнөкөй, ушундай ыймандуу адамдар бизге даңгыр жол чаап беришкенине ичим жылыйт.

Өзүнүн карылыгы жеткен мезгилде да иштебей тура албады. Колхоз багын өстүрдү. Анын мөмөсүн элге берди. Же болбосо суу бойлоп мураптык кылды. Кыргыз пахтасынын түшүмүн жогорулатууга салымын кошту. Үй-бүлөдө балдарын тарбиялады. Аларды мектептерге жөнөттү. Мына бүгүн беш уул-кыздын атасы. Бакма уулу Миталип Акматжанов тиш врачы. Уулу Толкун Сарымсаков орто маалыматка ээ болуп Үч-Коргон мөмө-жемиш совхозунда бухгалтерияда иштейт. Экинчи уулу Үсөн Маргаландагы политехникалык институтту бүттү. Кызы Мукадас, уулу Азамат жогорку окуу жайларында. Күмүш Сарымсакова Эргештин жубайы 31 жылдан бери Пушкин атындагы орто мектепте мугалим болду. Ошентип, Эргеш Сарымсаковдун үй-бүлөсү өзү өстүргөн колхоздун мөмөлүү багындай бактап-шактап кетти.

Үч-Коргонду теңге жарып өткөн Исфайрам дарыясынын эпкини салкын таратып бак ичи ого бетер серүүндөдү. Бүт өмүрүн адамдардын жакшы иштери үчүн жумшап келе жаткан жөнөкөй адам өзүнүн чүкөдөй боюн тыкан кармап биз менен коштошту. Ал дүпүйгөн бак четинде калды. Булбулдун үнү басылган жок. Ким билсин, ал жаныбар адам бактысын ачкандардын күрөшүн күүгө кошуп жаткандыр?..

## 6. Өрөөндөгү өрттүү күндөр



... Күүгүм чен эле. Жар-Башынын жогору жагындагы Мазар-Тектир тараптан уюлгуган чаң кароолдо тургандарга дароо көрүндү. Замбиректер менен автоматтардын стволдору ошол жакка карай дүрмөттөлдү. Шыңга теректердин арасында турган бул эки кабат үй Папан өрөөнүндөгү жалгыз гана көркөм имараттардын бири болучу. Басмачылардын Ноокат тараптан айылды карап келе жаткандыгын уккан жергиликтүү калк өздөрүнө жардамга келген ыктыярдуу отряддын мүчөлөрүнө ишенишип мурдагыдай дүрбөлөң түшүшпөй үй-үйлөрүндө сак турушкан.

Ажыбектин бул эки кабат имаратынын үстүнкү кабатында төрт пулемет бар эле. Алар күн мурунтан туш-туш жакка мээлеп коюлган, куралданышкан орус, өзбек, кыргыз жигиттери ар кайсы жерде бугуп жатышты. Ыктыярдуу отряддын командири Морозов бир аз мурда мындай деген:

- Бул жерден Жар-Башынын жана Мазар-Тектирдин кырларынан башка эч нерсе көрүнбөйт экен. Андан ары дүрбү салсаң Тоголой тоолору бет алдыга тартылат. Тигил жактан келүүчү басмачыларды алдын-ала билүү үчүн Мазар-Тектирге кароол коюу керек. Алар бүгүн эле жете келишпейт. Түндүн бир оокумунда же болбосо таң ата өтүшөт. Лаглан тарапка өткөрө койбой ушул жерден тосуп, адебин колго беребиз.

Ошентип, Мазар-Тектирге кароолчулукка жергиликтүү адамдардан жана ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү бөлүнгөнүнө аз гана болгон. Аралдан чакыртып келинген аксакал киши менен жердин картасын толук үйрөнүү үчүн эми олтурайын дегенде Морозовго кабар жетти. Ал балаканага көтөрүлдү. Мазар-Тектирдин үстү уюлгуп күүгүм ченде ошол тараптан басмачылар келатышты.



- Жигиттер, даярдангыла!

Морозов мына ушундайча буйрукту берди да өзү пулеметтор орнотулган жака чыкты. Басмачылар сайга түшө келип дүрбөп туруп калышты. Алардын алдын тосо чыккан адамдар мечит алдында олтурушкан болучу. Узун бойлуу чап жаак киши ак чепкенинин этегин жая ылдам басып тосуп алды.

- Жолуңуз болсун, Бегим! Кызматыңыздабыз!

Кара тору келген мойнуна шапалактай кайыш патрон салгыч аркы-терки тартылган кабагы калың киши жигиттердин колдоосу менен атынан түштү.

- Орустарың кайда?

Бек бул суроону тиги селдечемди карабай туруп бурк этип айтты колундагы күмүш сап камчысын сүйрөй жол четиндеги чоң ташка бут койду.

- Ажыбек балчайбегиңдин үйүндөбү? Азыр аларыңдын ичегисин тирүүлөй сууруп аламын. Орустарыңдын, ага жардам кылган кара тамандарыңдын чачтарын жулдурамын. Айт, кабар бер, куралдарын таштап бизге келип таазим этишсин.

Ак селдечен өңүнөн каны качып колундагы тасписи жерге түшүп кете жаздады.

- Бегим, алар кудайдын казабына калышсын. Биз силер жакпыз. Сиздин амириңиздебиз. Бирок ... Бирок... бегим, азиз бегим, орустарга барсак эле кайта келбейбиз. Аларды курал менен талкалоо керек. Биз сиздин амириңиздебиз.

Мадаминбек ак селдечендин айткандарын туура тапкандай үнсүз бир азга туруп анан башын чукул көтөрүп жанында турган жигиттерге камчысы менен жаңсады. Алар дароо түшүндү. Ошол замат ары жактагыларга буйрук берди. Заматтын ортосунда дүргүп турган басмачылар аттарын алкынтып туш-тушка бөлүнө баштышты. Алардын бир тобу корбашыны тегеректеп туруп калышты. Аңгыча болбой ак селдечендин ымдоосу менен килем, кийиз, жууркан көтөрүлүп келинди.

Басмачылар эки кабат имараттын туш-туш жагынан чабуул коюшту. Атышуу башталды. Ок жаңылып ээсиз калган аттары айыл аралап үйдөн-үйгө өтүп баратты. Көк-Дөбөдөгү адамдарга басмачы жөнүндө кабар бериш керек эле. Антпесе, ал жердеги жайыттын малын сүрүп үй-мүлктү кошо чаап кетишмекчи. Ошондуктан Ажыбектин иниси Турдубек Көк-Дөбөгө кабар берүүгө буйрук алды. Ал боз атын жетелей теректердин далдоосуна жашынып өтүп чоң арыктын астындагы жол менен жогору карай чаап жөнөдү. Мечиттин алдынан калың өскөн

жүгөрүлөрдүн далдоосунан өтүп баратканда ак селдечен аны көрүп калды.
- Бегим, Ажыбек капырдын иниси качып баратат. Ал мүмкүн орустарга жардам сурап бараткандыр-деди Мадаминбекке жүгүнүп:
- Тирүүлөй кармагыла!

Сакал-муруту өскөн албеттүү жигит өзүнө басмачыларга жаңыдан гана кошулган Алибек деген жаш жигитти кошуп алып боз атчандын алдынан торой чаап жөнөштү. Ак-теректин көпүрөсүнө жете берген жерде Турдубекти кармап алышты. Күн күркүрөп тоо башындагы кара булуттардын арасынан чагылган жаркылдады. Жогортон шамал жүрүп жүгөрүлөрдү жапырып жатты. Ак-Буура дарыясынын агымы ого бетер күчөгөнсүп кандайдыр сүрдүү угулат. Эки колу артына байланган Турдубек басмачылардын коштоосунда бара жатты. Мадаминбек маңдайындагы колго түшкөн Турдубекти олурая карап.

- Сен кимсиң? – деди.
- Турдубекмин.
- А-аа, Ажыбек каапырың кайда? Туруктан кайта элекпи?
- Билбейм.
- Анын да сага окшоп колу артына байлангандыр. Канча орустар келишти? Аттары канча?

Турдубек унчукпады. Айыл жакта атышуулар болуп жатты. Эки кабат имаратка орношкон куралдардын стволунан жалын бүркүп басмачыларга карай коргошун жаап жатты. Аттардын кишенегени, адамдардын кыйкырыктары угулат. Бул учурда өрөөн бүт коогага толгон эле.

- Октор аздап баратат-деп бирөө жетип келди.

Бул кабарды укканда Мадаминбектин калың кашы серпилди. Дабырап жаап келген жамгырдан корголоп мечиттин жанындагы айбандуу имарат алдында турган. Чагылган чартылдап жатты. Шамал жүрдү. Ушул учурда жигиттердин дагы бирөө келип Мадаминбектин кабагына карап даай албай кетенчиктеп туруп калды.
- Коош- деди Мадаминбек ага.
- Алар бизди жолоткудай эмес, шайыбыз кетти-деди ал.
- Өрттөө керек!-деди Мадаминбек. – Мына бул Ажыбектин иниси. Өзүнүн агасынын үйүн ушул өзү өрттөсүн. Алып барып өрттөткүлө.

Түн. Жамгырлуу коюу түн. Сакалчан басмачы менен жаш жигит экөө Турдубекти айдап үчкан октон жашынышып арык



асты менен теректерге курчалган атканага жете келишти. Атсананын бурчундагы чөптүн үстүнөн да тамчы куюлуп жатты. Ошол жердеги дубалдын жыртыгынан эки кабат үйдүн туш-тушунан жалын бүркүп ок жаап жатат. Жамгыр менен аралаш коргошун да жаап жатат. Узун бойлуу басмачы чакмак ташты Турдубекке сунду.

- Чак, өрттө!


Суу болгон бою калтырап Турдубек чакмакты колуна алды. Анын көз алдында кызыл жылдыздуу шөкүлө кийген боз шинелчен Морозов, колдорун чекесине тийгизе честь берип дайыма даяр турган ыктыярдуу отряддын жоокерлери тартылды. Ал өзүнүн бир тууган агасынын үйүн кантип өрттөйт? Элге эркиндикти алып келе жаткан Улуу Октябрдын жан күйөр өкүлдөрү Морозовдорду кантип өрттөйт? Бирок, артында кылычын жалаңдатып эки басмачы такай турат. Турдубек же үйдү өрттөө керек, же болбосо кылычтын муздак мизине мойнун тосуу керек. Экөөнүн кайсынысы оңой? Жок, экөө тең кымбат! Карачы табийгат нөшөрүн куюп Турдубекке да жардам кылгансыйт. Чакмактан тап-такыр от чыкпады. Артындагы басмачылар демитип шаштырып турушат. Убакыт өтүп жатты. Турдубек убакыттын өткөнүнө ичинен жым дейт. Басмачылардын огу түгөнүп баратканын уккан.

- Чакмагыңардан от чыкпай атат-деди ал артына бурулуп.
- Өзүм чагам, от чыгарам-деп сакалчан мылтыгын жөлөй коюп эңкейе калды. Чакмактан учкундар чыкканын көрдү Турдубек. Эмне кылуу керек? Азыр өрт чыгат. Ал артына жыла берип мылтыкты шап колуна алды. Бүткөн бою суу болуп шөмтүрөп турган жаш басмачы үлгүрөгөнчө Турдубек сакалчанды желке талаштыра мылтыктын кундагы менен коюп калды. Анан дароо жаш басмачыга куралын кезеди.
- Ташта мылтыгыңды-деди үнүн каардуу чыгарып ал. Бирок, басмачы да куралын кеземек болгондо тарс эте түшүп ал ичин кош колдоп жерге кулап түштү.

Турдубек чоң арыктагы сууга боюн урду. Арыктын чукурлугу бир топ бар эле. Суу анын көкүрөгүнө чейин көтөрүлдү. Жай аккан суунун бетине эрте күздүн жамгыры шатыратып жаап жатат. Арыктын эки жагында тең ок атылып ары-бери басмачылар чапкылап жүрүштү. Турдубек көкүрөгүнөн келген суну жиреп мылтыкты кош колдоп башынан жогору көтөрүп баратты. Суу муздак. Түн муздак. Ал эми Турдубектин денеси бүтүндөй муз болуп калгандай сезилди. Атсананын жанындагы

атышуулар барган сайын алыстап жатты. Бир чакырымга созулган бул арыктын ичиндеги сууну жирип Турдубек арадан канча убакыт өткөндүгүн билбейт. Бир маалда көпүрөнүн башындагы жанаша өскөн эки чоң тал караңгылыкта көзүнө урунду. Коркунучтан чарчаганын да сезбеди. Атышуулар улам сээлдеп жаткансыды. Турдубек суу кийимдерин дароо чечинип сыгып кайрадан кийинип чыкты. Эми анын жолу суу ичинде эмес Көк-Дөбөнү көздөй кеткен таштуу кыя жол эле. Таң агара баштаганда жамгыр да токтоду. Ак-Терек кыясынын башына чыга берип, карагандарды далдоолонуп олтура кетти. Ал түнкү согуш өткөн жакка көз жиберди. Даана эч нерсе көрө албады.

«Биздикилер жеңгендир, баарын колго түшүргөндүр»-деди Турдубек өзүнө-өзү шер байлап.





# ЭСКЕРТМЕЛЕР

# ЭСКЕРТМЕЛЕР



# МАЗМУНУ

## Публицистикалар

Оштун тузу.................................................................. 5
Тарых барактарынан.................................................... 18
Оомат келди.................................................................. 39
Жүзү жарык жүз күн..................................................... 45
Дөөлөткө шериктеш жыл.............................................. 56
Тагдырың таштан беле?................................................ 68
Жапалак Жатпасов......................................................... 77
Нан кадыры.................................................................... 85
Дыйкандар жөнүндө сөз................................................ 99
Баео эне, Баатыр аял..................................................... 115

## Эскерүүлөр

Эки чоң жазуучунун алгачкы
чыгармаларыма берген баалары.................................... 130
Мидиндин кол тамгасы.................................................. 141
Асыл касиеттери бар эле.............................................. 159
Жакшынын жарыгы........................................................ 170
Чынчыл, чыгаан жан эле................................................ 177
Күрөш күндөрүнөн........................................................ 181

Таш Мияшев

ОШТУН ТУЗУ
(Даректүү адабий көркөм китеп)

Редактору: Улукбек Мамытов
Техредактору: Парпи Раимбердиева
Компьютердик жасалгасы: Гүлшайыр Караева
Корректору: Улкан Эрмекбаева

Архивден алынган жана Пазыл Сарыбаев менен
Манас Жакыповдун фотолору пайдаланды.

Терүүгө 06. 01. 2002 ж. берилди. Басууга 04. 03. 2002 ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60Х84 1/16. Нускасы 1000. Буюртма № 728.

Ош областтык басмаканасында офсеттик ыкма менен басылды
Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү-209



100



Suluuluka baj Sulajman toosu!

taş Mijaşov
Oştun tuzu
(darektyy adabij kөrkөm kitep)
Oş
2002-çıl.